Алар ушерден секиртишти деп ойлойсузбу? – деп сурады Кольхаун. – Буерден секиртип өтүү мүмкүн эмес! Аткан октой секиртип өтүшүптүр. Аңдын наркы өйүзүнөн алардын аттарынын изин көрбөй турасызбы. Секирткенде да мисс Пойндекстер биринчи секириптир. Иосафат! Бу эмне деген кыз! Айгырды атып өлтүрүүдөн мурун, экөө тең секиртип өтүүгө тийиш, — антишпесе, секиртип өтө алышпайт эле. Ушерден гана секиртүүгө мүмкүн эле. Азамат мустангер айгырды дал секире бererде сулаткан экен [4. 70].

Мисалда көрүнүп тургандай бул жерде “*иосафат”* сөзү кудай сөзүнүн ордуна колдонулган жана англис тилинен кыргыз тилине транскрипция ыкмасы менен которулган.

Негизинен жазуучу чыгарманы жазып жаткан учурда бөлөк тилдүү окурмандары үчүн чыгармадагы айрым бир түшүнүксүз сөздөрдү же сөз айкаштарын кошумча түшүндүрмө маалыматтар менен белгилеп кетет. А бирок, бул чыгармадан *“иосафат”* сөзүнүн бир нече ирет колдонулусуна карабай, ал жөнүндө эч кандай түшүндүрмөнү кезиктирүүгө болбойт. Эгерде бул сөз тууралуу эч кандай маалымат берилбесе, демек, бул жөн гана кызматчы сөз, тактап айтканда сырдык сөз. Адатта сырдык сөздөр адамдын ички туюмун жана реалдуулукка болгон эмоционалдык абалын билдирип, кызматчы сөз катары сүйлөмдө колдонулат. Биз жогоруда билгилеп кеткен 2-типтеги “*иосафат”* сөзүнүн чыгармада сырдык сөз катары берилишин кийинки мисалдар менен тастыктайбыз:

“*Sartin sure,” continues Zeb, pressing the point in favour of an adjournment of the trial, “thur’s been Injuns hyur, or some thin’ durned like – Geesus Geehosofat! Whar’s she comin’ from?” The clattering of hoofs, borne down from the bluff, salutes the ear of everybody at the same instant of time [6. 344].*

Албетте, ошондой – деп, Зеб соттун текшерүүсүн калтыратуруу керек экендигине катышкандарды ынандыргысы келип, сүрөп кетти. Биерд еиндеецтер же ошолорго окшош шайтандар болгону ырас... Иосафат! Тетиги аял каяктан чапкылап келатат [4:213]?

Бул мисалда “*иосафат”* чочулоо, таңыркоо сезимдерин билдирип турат жана англис тилинен кыргызтилине транскрипция ыкмасы менен которулган.

“*An’ then thur’s the mowstanger mixed in wi’ it, an that shindy ’beout which she tolt me herself; an the sham Injuns, an the Mexikin shemale wi’ the har upon her lip; an the hossman ’ithout a head, an hell knows what beside! Geesus Geehosofat! it ’ud puzzle the brain pan o’ a Looeyville lawyer [6. 378]!*

А биерде эмне мустангер катышып, анан Луиза мага айткан жаңжал болуп жалган индеецтер менен мексикалык кыз, башы жок чабендес, деги капкайдагыисын бары аралашып кетти! Иосафат! Мунун бары барып турган эсепчини да акылынан адаштырар... [4. 231].

Ал эми бул мисалда “*иосафат”* сөзү чатышкандык же башаламандык абалды билдирип, түп нуска тилден котормо

тилине транскрипция ыкмасы менен которулган.

Негизинен чыгармада «*иосафат»* сөзү ондон ашык ирет колдонулган. Мисалы: эки ирет Иегова сөзүнүн эвфемизми катары, сегиз ирет сырдык сөз катары жана бир нече жолу энчилүү ат катары. Ал эми чыгарманын кыргыз тилиндеги котормосунда беш ирет сырдык сөз катары, бир ирет кудай сөзүнүн синоними катары транскрипция ыкмасы менен которулган. Калган учурларда котормочу бул сөздү которбой калтырып кеткен.

Жогоруда берилген анализден келип чыгып төмөнкүдөй жыйынтыкка келебиз:

- Котормочу *«иосафат»* сөзүн англис тилинен кыргыз тилине которууда көбүнчөсү транскрипция ыкмасын колдонгон;
- Котормочуга эки элдин диний өзгөчөлүктөрү маалым болгондуктан уламбы, айтор, котормочу «*иосафат»* сөзүн түп нускада кандай болсо ошондой маани менен бергенге умтулган, тагырагы, котормо тилинин эквиваленттери менен бул сөздү берген эмес;
- Кээ бир мисалдарда «*иосафат»* сөзү таптакыр которулган эмес кыргыз тилине. Мындай учурду котормочулар кайталанма которуу котормонун сапатына доо келтирүүсү менен түшүндүрүшөт.

Жалпылап айтканда, кудай сөзүн которууда котормочу түпнуска тилдин жана котормо тилинин лингвокульту–рологиялык өзгөчөлүктөрүн гана эмес диний өзгөчөлүктөрүн да эске алуусу керек. Дин тармагы негизинен эле талаш-тартышты жаратып келе жаткан маселе болгондуктан, котормочу бул маселеге абдан кылдаттык жана тактык менен мамиле кылуусу шарт. Биз анализ кылган «*иосафат»* сөзүн которууда кыргыз котормочуларынын абдан кылдат мамилеси байкалып турат. Алар бул сөздүн кыргыз тилиндеги бир канча эквиваленттери бардыгына карабастан, тупнуска тилдеги абалы менен эле котормо тилинде беришкен.

Адабияттар:

1. Ахманова О.С. Словарь лингвистических терминов. – М. «СЭ». 1966. – С. 605.
2. Библейская энциклопедия архимандрита Никифора. – М. 1891-1892.
3. Лев Константинович Латышев. Технология перевода: – М. Издательский центр «Академия». 2005. – С. 320.
4. Томас Майн Рид. Башы жок чабендес: Которгон Сүйүнтбек Б. – Бишкек. 1987.
5. James M.A., D.D. "Entry for 'JEHOSHAPHAT (2)'". "International Standard Bible Encyclopedia". 1915.
6. Thomas Mayne Reid. The headless horseman. – USA. 1865.

A.A. Almazbekova, student of Master's degree,
D.B. Surkeeva, docent, OshSU

“The ways of translation words related to the word “God” from English into Kyrgyz. (Based on the word “*Geehosofat*” in the novel “The Headless Horseman” by Mayne Reid)”

The article is devoted to study of the peculiarities of the translation of free phrases with the word “God” from English to Kyrgyz. The article covers the semantics of the English word "Geehosofat" and gives illustrative examples, and one of the ways of lexical transformation – transliteration is used.

Key words: *transcription, god, Geehosofat, translation, interjection, analysis, language, euphemism, method, religion.*

УДК: 81'413.161

Алмазбекова А.А., магистрант, ОшМУ

Майн Риддин «Башы жок чабандес» чыгармасындагы «иосафат» сөзүнүн англис-орус жана кыргыз тилдеринде берилиши

Макалада англис тилиндеги «иосафат» сөзүнүн орус жана кыргыз тилине которуудагы салыштырма анализи келтирилген. Котормонун түрлөрү жана ыкмалары каралат. Китеп жана Иосафат сөзү боюнча кыскача маалымат берилет. Салыштыруу анализи "Башы жок чабандес" чыгармасындагы мисалдар менен көргөзүлөт.

Ачкыч сөздөр: *текст, котормо, ыкма, салыштыруу, Библия, транскрипция, грамматикалык трансформация, калтырып кетүү.*

В статье рассматривается сравнительный анализ английскую слову «иосафат» при переводе на русский и кыргызский язык. Также рассматриваются пути перевода. Автор приводит некоторые факты о самой книге и слове «иосафат». Приводятся примеры на трех языках, взятые из книги Майн Рида "Всадник без головы".

Ключевые слова: *текст, перевод, способ, сравнение, Библия, транскрипция, грамматическая трансформация, опущение.*

Биз анализ кыла турган «иосафат» сөзү эң алгач Майн Риддин «The Headless Horseman» аттуу чыгармасында колдонулган. Бул роман англис тилинде 1865-жылы жарык көрүп, башка тилдерге да которулган. Алсак, орус тилинде 1868-жылы «Всадник без головы», ал эми кыргыз тилинде алгач 1959-жылы «Башы жок чабандес» деген котормосу чыгарылып, бирок кийинчерээк котормо айрым тактоолору менен 1987-жылы кайрадан басылып чыккан.

"Аталган романда өткөн кылым–дын орто чениндеги Америка Кошмо Штаттарындагы Техастын чыныгы турмушу баяндалат. Буржуазиялык Американын адамкерчиликсиз салт-санаалары айыпталып, ак ниет, күч-күбаттүү адамдар – мустангер Морис Жеральд менен Зеб Стумптун адилетсиздиктерге каршы күрөшү кеңири берилет." – деп жазат Б. Сүйүнтбек [3. 5]

Чыгармада бир нече ирет колдонулган «иосафат» сөзүнүн которуудагы салыштырма анализи менен бирге анын этимологиясын дагы карап көрө турган болсо, «Иосафат» бул сөз эмес, адамдын ысымы экени анык болот. Тагыраак айтканда, Иосафат – *иврит* (еврей) тилинде Иегошафат – «кудай калыс» дегенди билдирет [1. 82].

Иосафат ысымы эң алгач Библияда берилген. Иосафат Иудиянын – ханы Асанын уулу болгон. Ал тактыга 35 жашында отуруп, аны 25 жыл ээлеп турган. Ал өзүнө үлгү катары көргөн Давидтин жолун жолдоого аракет кылган. Иосафат башкарган учурда Иудия хандыгы гүлдөп-жайнаган. Алгач ал өнүктүрүүнү мамлекеттин чек арасын бекемдөөдөн баштап, бутка сыйынуу–чулукту (чөгөлөөнүү) токтотуу үчүн талыкпай күрөшкөн. Кийинчерээк өзүнүн акылдаштарына жана попторуна Иудия элин кудайга сыйынууга үйрөтүүнү буюрган. Иосафат хандардын арасынан кудайга эң ишенген хан болгон. Бирок, анын кетирген эң чоң катасы, ал өзүнүн ишенчээктигинен улам Израилдин ханы Ахав менен туугандашуусу болгон. Анткени, Ахав эң бир адилетсиз хандардын биринен эле. Иосафаттын Ахав менен туугандашуусунан кийин кудай ага пайгамбарлардын биринен аларды бир кырсык күтүп тураарын эскертет. Үч хандык: маовитяндар, аммонитяндар жана маотиндик кээ бир өлкөлөр Иудия менен Израиль өлкөлөрүн басып алуу үчүн согуш жарыялашат. Ошондо Иосафат Иудия жана Израиль эли менен бирге чиркөөдө кудайдан минтип жардам сурайт: «Эгер өзүң сактай турган болсоң, сактарыңа, ал эми менден тактылыкты алып коюну чечсен сага эч ким каршы чыга албасына ишенем» Ал эми кудай анын чыныгы ишенимин, чыныгы

сыйынуусун жана үч өлкөгө туруштук бере албасын сезип, төмөнкүдөй жооп кайтарат: «Иудия жана Ирозалим эли силер эч коркпогула, бул силердин эмес, кудайдын согушу» Иосафат бул сөздөргө чын дилинен ишенип, эртеси күнү эли менен согушка аттанат. Ошол күнү үч өлкөнүн куралчан аскерлери жакындап келе баштаганда, Иосафат куралчандарга каршы ырчыларын сап алдында тургузат жана алар кудай ырын ырдап баштар замат, душмандары жеңилүүгө тагыраагы өлүмгө учурашат. Алардан калган баардык жерлерге жана байлыка Иудия жана Израилдиктер ээлик кылышат. Ошондон тарта Иосафаттын кудайга болгон ишеними артып, ал эми элдин Иосафатка жана кудайга болгон ишенимдери күч алат деп айтылат [5. 113].

Жалпысынан алганда Иосафаттын айрым жеке сапаттары: өз элинин тынчтыгы үчүн каршылашы менен ынтымакка келүүсүнө, улуулардын кенештерине кулак салуусуна, ишенчээктигине жана сабырдуулугуна карап кыргыз эл баатыры Манасты салыштырса болчудай. А бирок, котормодо Иосафатты кыргыз тилине Манас деп которуу тилдик жана маданий өзгөчөлүктөрдөн улам ишке ашпайт. Демек, иосафатты жөнөкөй сөз же сырдык сөз катары карайбыз.

Жогоруда берилген маалыматка таянып, Иосафат ысымын сөз катары караса, анда кантип которуу керек деген суроо пайда болот. Ал үчүн котормо теориясына кайрылуу керек.

Которуу деп түпнуска тилиндеги келтирилген маалыматты котормо тилинде берүүнү айтабыз. Тилдерден грамматикалык жана лексикалык түзүлүшүндөгү айырмачылыктарды эске ала турган болсок, анда так которууга дээрлик болбойт. Андан сырткары которуу жолуна жана анын натыйжасына каршы келген тилдин өз ара маданий өзгөчөлүктөрү да бар.

Котормодо текстин стандарттык эмес бирдиктерин которууда котормо трансформацияларын колдонобуз. Котор–мо трансформацияларына: лексикалык, грамматикалык жана стилистикалык трансформациялар кирет.

Лексикалык ыкмаларга: транс–крипция, транслитерация, калькалоо, семантикалык модификация, экспли–кация, комментарий, параллель которуу.

Грамматикалык ыкмалар булар: грамматикалык алмаштыруу, сүйлөмдөр–дү бириктирүү, сүйлөмдөрдү жиктешти–рүү, калтырып кетүү жана антонимдик котормо

Ал эми стилистикалык ыкмалар болсо: сөз курамын алмаштыруу, образдарды алмаштыруу, тропту алмаштыруу, өтмө маанини алып таштоо, сөзмө-сөз которуу чечмелеп же чечмелебестен [2. 27].

Демек, котормо теориясынын эрежелерине таянып “иосафат” сөзүн анлис тилинен орус жана кыргыз тилдериндеги котормосун төмөнкү келтирилген мисалдардан салыштырып жана анализдеп көрөбүз:

1. -“Does that look anything like the mustang you’ve been speaking of?” “Dog-gone my cats, ef ’taint the eyedenticul same! Grupped already! Two hunderd dollars, easy as slidin’ down a barked saplin’! Young fellur, yur in luck: two hunderd, slick sure! - and durn me, ef the anymal ain’t worth every cent o’ the money! **Geehosofat!** What a putty beest it air! Won’t Miss Peintdexter be pleezed! It’ll turn that young critter ’most crazy!” [6. 41].

-Похожа эта лошадь на того мустанга, о котором вы говорили, мистер Стумп? - Провались я на месте, если это не он! Уже пойман! Тебе повезло, парень,-двести долларов как с неба свалились. Черт побери, ведь она стоит каждого цента этих денег! Ну и красивая же скотина! Вот будет радость для мисс Пойндекстер [4. 56]!

-Жанагы сиз айткан мустангга ушул ат окшош бекен, – мистер Стумп?

Дал ошол мустангдын өзү болбосо, турган жеримде мүрт кетейин! Бүттү, кармалган экен? Эки жүз доллар сиздики болду? Шайтандыкы**,** бул ат ошол акчага татыйт! Мындай кооз жаныбар болорбу! Мисс Пойндекстер үчүн ашкан кубаныч болот экен! Кубанганынан кыз жинди болуп кетпесе эле болгону [3. 28]!

Берилген мисалда Geehosofat сөзү грамматикалык ыкма – калтырып кетүү жолу менен которулду. Контекстте “иософат” сөзүнө синоним катары «черт побери» жана «шайтандыкы» деген сөздөр айтылып тургандай эле кептин бүткүл тулкусуна экспрессивдик, эмоционалдык түс берип, анын көркөмдүүлүгүн күчөтүп, ага кандайдыр бир жандуулукту киргизип, каармандын реалдуулука карата болгон эмоционалдык ички сезимин, таң калуусун жана кубануусун билдирип турат ошондуктан бул мисалда иосафат сөзү которулбай калтырылып кеткен.

2. “Lord o’ marcy, Miss Lewaze!” he at length gasped forth, “I thort when I used to see you on the Massissippi, ye war the puttiest critter on the airth; but now, I think ye the puttiest thing eyther on airth or in hewing. **Geehosofat!**” The old hunter’s praise was scarce exaggerated [6:64].

Боже милостивый, мисс Луиза! - наконец выговорил он. – Когда я видел вас на Миссисипи, я думал, что вы самое прекрасное создание на земле. А теперь я уверен, что вы самое прелестное создание не только на земле, но и в небесах! **Иосафат!** Старый охотник не преувеличивал [4. 88].

Кудуретиңден айланайын кудай, мисс Луиза! – деди ал акырында. – Миссисипиде көргөнүмдө, сизди бу дүйнөдөгү эң сонун адам го деп ойлодум эле. Эми сиз бу дүйнөнүн гана эмес, тиги дүйнөнүн да керемети экениңизге көзүм жетти [3. 43].

Бул жерде кыргыз тилине которууда грамматикалык калтырып кетүү ыкмасы колдонулган. Анткени “иосафат” сөзү менен «кудуретиңден айланайын кудай» деген сөздөр маанилик жактан окшош, ошондуктан кайталоонун зарыл–чылыгы жок. Ал эми орус тилине транскрипция ыкмасы менен которулган. Контекстте иосафат сөзү суктануу сезимин билдирип турат

3. “You don’t suppose they leaped it?” said Calhoun. “Impossible.” “Leaped it clur as the crack o’ a rifle. Don’t ye see thur toe-marks, both on this side an the t’other? An’ Miss Peintdexter fust, too! By the **jumpin’ Geehosofat,** what a gurl she air sure enuf [6. 104]!

Вы же не думаете, что они перескочили? – спросил Колхаун. – Это невозможно! – Перескочили, как пить дать. Разве вы не видите следов их лошадей не только здесь, но и по ту сторону? И мисс Пойндекстер первая. **Иосафат!** Что за девушка! Они оба должны были перескочить, прежде чем застрелили жеребца, иначе им это не удалось бы. Только здесь и можно было перескочить. Молодчина мустангер! Уложил жеребца как раз у самого узкого места [4. 146].

* Алар ушерден секиртишти деп ойлойсузбу? – деп сурады Кольхаун. – Буерден секиртип өтүү мүмкүн эмес! Аткан октой секиртип өтүшүптүр. Аңдын наркы өйүзүнөн алардын аттарынын изин көрбөй турасызбы. Секирткенде да мисс Пойндекстер биринчи секириптир. **Иосафат!** Бу эмне деген кыз [3. 70]!

Ал эми бул мисалда “иосафат” сөзү лексикалык транскрипция ыкмасы менен которулган. Маанилик жактан таң калууну жана сыймыктанууну билдирип турат.

5. His reflection is false. She goes farther, but not over the precipice. With another quick pull upon the rein she has changed her course, and rides along the edge of it – so close as to attract the attention of the “Tejanos” below, and elicit from Zeb Stump that quaint exclamation – only heard upon extraordinary occasions – **“Geesus Geehosofat!**” As if in answer to the exclamation of the old hunter – or rather to the interrogatory with which he has followed it up – comes the cry of the strange equestrian who has shown herself on the cliff. “Los Indios! Los Indios!” [6. 350].

Но он ошибается: Исидора не срывается в пропасть. Она снова резко дергает поводья, делает еще один быстрый поворот и вот уже мчится вдоль обрыва настолько близко к самому краю, что привлекает внимание техасцев; тогда-то Зеб и восклицает в волнении: "**Иосафат!**" И, словно в ответ на это восклицание старого охотника или, вернее, на следующий за ним вопрос, до них доносится крик смелой всадницы: - Индейцы! Индейцы [4. 477]!

Бирок ал жаңылган экен. Исидора жардан кулап түшпөй эле, улам илгерилеп

чаба берди. Дагы ылдам бурулуп, жарды бойлой катуу чапты да, техастыктар аны көрө коюп, айран-таң калган Зеб: «**Иосафат**!» деп кыйкырып жиберди. Бул сөз мергенчинин оозунан өтө кыйын учурларда гана чыга турган. Ага жооп кайтаргансып, атчан кыздын кыйкырыгы, угулду: – Los jndios! Los jndios [3:216]! Транскрипция ыкмасы менен которулуп, коркууну билдирип турат.

6. “An’ then thur’s the mowstanger mixed in wi’ it, an that shindy ’beout which she tolt me herself; an the sham Injuns, an the Mexikin shemale wi’ the har upon her lip; an the hossman ’ithout a head, an hell knows what beside! **Geesus Geehosofat**! it ’ud puzzle the brain pan o’ a Looeyville lawyer! [6. 378]

А тут еще замешался мустангер, потом ссора, о которой Луиза мне сказала, фальшивые индейцы, эта мексиканская девица, всадник без головы и черт знает что еще! **Иосафат**! Это может запутать мозги самому лучшему адвокату Техаса [4. 483].

А биерде эмне мустангер катышып, анан Луиза мага айткан жаңжал болуп жалган индеецтер менен мексикалык кыз, башы жок чабендес, деги капкайдагыиын баары аралашып кетти! **Иосафат!** Мунун баары барып турган эсепчини да акылынан адаштырар... Ошондой болсо да асыл убактыны текке кетирүүгө болбойт. Мына бу сынык така колумда турганда мүмкүн ушул кандуу окуянын жандырмагын таба алармын [3. 231].

Кыжырдануу же болбосо жинденүүнү билдирип, транскрипция жолу менен которулган.

Иосафат сөзүнүн англис тилинен орус жана кыргыз тилинде которулуусун анализдеп көрүп, бул сөздү негизинен транскрипция жолу менен же эгерде сүйлөмдө ага синоним сөздөр колдонулса, анда аны калтырып кетүү ыкмасы менен которсо болот деген тыянак чыгарууга болот. Бирок, албетте алгач сөздү чечмелеп, андан соң жогорудагы ыкмалар менен которуу керек.

Адабияттар:

1. Библейская энциклопедия архимандрита Никифора. – М. 1891-1892.
2. Таалай Абдиев. Котормо таануу илимине киришүү. – Бишкек. 2008.
3. Томас Майн Рид. Башы жок чабендес: Которгон Сүйүнтбек Б. – Бишкек. 1987.
4. Томас Майн Рид. Всадник без головы: Роман. – М. 1868.
5. Albright W.F. The Judicial Reform of Jehoshaphat // Alexander Marx Jubilee Volume. Ed. S. Lieberman. New York. 1950. P. 61-82.
6. Thomas Mayne Reid. The headless horseman. – USA. 1865.

A.A. Almazbekova, student of Master’s degree, OshSU

The English word “Geehosofat” in the Russian and Kyrgyz languages by the Thomas Mayne Reid's novel “The Headless horseman”

The article deals with the comparative analysis of the English word “Geehosofat” in the Russian and Kyrgyz languages. The ways of translation are also given in the examples taken from the book “The headless horseman”. The author gives some facts about the book and the word itself.

Key words: *text, transcription, method, comparison, Bible, transliteration, grammatical transformation, omitting.*

УДК: 894.341

Арапбай кызы А., магистрант,
Жамгырчиева Г.Т., профессор, ОшМУ

Кыргыз фольклорундагы айбанаттар тууралуу жөө жомоктордун мифтик башаттары

Илимий макаланын максаты кыргыз фольклорундагы айбанаттар тууралуу жөө жомоктордун келип чыгыш тарыхындагы мифтик башаттарын, алардын көркөмдүк өзгөчөлүгүн ачып берүү жана тийиштүү теориялык жыйынтыктарды чыгаруу болуп саналат.

Илимий макаланын практикалык маниси орто мектептерде кыргыз эл оозеки чыгармачылыгын өтүүдө айбанаттар тууралуу жөө жомоктордун табиятын түшүндүрүү, ага байланыштуу адам менен жаратылыштын гармониясын көрсөткөн тарбиялык ролу менен аныкталат.

Ачкыч сөздөр: *мифология, фольклор, жөө жомок жанры, мифтик башаттары, идеялык-мазмундук өзгөчөлүгү, көркөм сөз каражаттары.*

Основной целью статьи является раскрыть мифическое начало кумулятивных сказок в кыргызском фольклоре, определять их идейно-содержательную особенность, сделать теоретические выводы.

Практическая значимость заключается в восприятии учащихся средних школ особенностей жанра, природы сказок в занятиях по фольклору и связанное с ним воспитательное значение, понять гармонию человека с природой.

Ключевые слова: *мифология, фольклор, жанр сказок, мифическое начало, идейно-содержательная особенность, художественные средства.*

Ар бир эл маданий өнүгүү жолунда мифтик чыгармачылыкты жараткандыгы маалым. Кийинчерээк ал башка фольклордук жанрлардын келип чыгышына башат болгон. Кыргыз фольклорунун жөө жомок жанры да башка көптөгөн жанрлардай эле мифтен өзөк алган десек болот. Жөө жомоктордун ичинен айбанаттар тууралуу жөө жомоктор жаралыш тарыхы баюнча эң байыркысы болуп саналат.

Жаныбарларды адамча сүйлөтүү аркылуу алардын өзгөчөлүктөрү, мүнөздөрү, жашоо шарттары жөнүндө кабар берген окуялары жөнөкөй түзүлүп, элдин карапайым, элестүү тили менен сүрөттөлгөн, көлөмү чакан, кара сөз түрүндөгү чыгармалар айбанаттар тууралуу жөө жомоктор деп аталат. Алар жөө жомок жанрынын көрүнүктүүсү жана жаралыш тарыхы жагынан алгачкыларынан болуп саналат. Бул жомоктун өсүп-өнүгүү тарыхы коомдогу адамдардын турмушу, аң-сезими менен байланыштуу каралат. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор өздөрүнөн чыгышы жагынан эң эзелки жомоктордун түрүнөн болуп эсептелет. Аларда башка элдердин жомокторундай эле элибиздин нечен кылымдарды ичине алган тарыхы, экономикалык абалы, баатырдык күрөштөрү, ой-санаасы, түшүнүгү кеңири берилген. Ошондуктан, биз айбандар жөнүндөгү жөө жомоктордун өсүшү, өнүгүш тарыхын коомдогу адамдардын турмушу, аң-сезими, эмгеги менен байланыштуу карасак түшүнүктүү болот. Айбандар жөнүндөгү жомоктордун келип чыгышына алгачкы коомдогу адамдардын аңчылык кесиби көп таасирин тийгизген. Аңчылык менен күн өткөрүүнүн натыйжасында алар көп айбандар менен жолугууга, алардын мүнөзүн, кыймыл-аракетин байкоого туура келген. Тотемдик көз караш менен тиги же бул айбандардын тобунун чыгышын, ал гана турсун адамдардын пайда болушун да белгилүү айбан же ошол мүнөздөгү жашырын көч менен байланыш–тырышкан, аны өздөрүнүн түпкү ата-бабасы катары кабыл алышкан. Азыр да тотемдик көз караштын изин кыргыз элинин арасында айтылып жүргөн уламалардан, жомоктордон көп кездештирүүгө болот. Мисалы, төөнүн сактоочусу Ойсул ата, иттики Кумайык. Ушул эле сыяктуу уй, кой, эчки,

жылкынын да өзүнчө ар биринин колдоочусу, сактоочусу бар.

Өздөрүнүн чыгышын белгилүү айбан же ошонун тобу менен байланыштуу адамдардын арасында да учурайт. Мисалы, кыргыз элиндеги бугу тотеми байбиче менен байланыштырылып айтылып жүргөндүгү баарыбызга белгилүү. Ал эми тотем катары кабыл алынган айбан же жандык ошол жаныбарларды, элди ар түрдүү кырсыктардан, коркунучтан сактоочусу, калкалоочусу деп каралган, алар ыйык болгон. Алгачкы коомдогу адамдарга, ошондой эле жаратылыш-тын анимисттик көз караш менен түшүндүрүү мүнөздүү болгон. Алар өздөрүн курчап турган чөйрөнү, жан-жаныбарларды жандуу, адамга мүнөздүү касиетке ээ деп карашкан. Ушул себептүү жөө жомоктордогу айбандар да адам сыяктуу сүйлөөгө, бирин-бири жакшы түшүнүүгө, окуялардын алдын алып билүүгө жөндөмдүү жандык катары сүрөттөлөт. Коомдун өсүшү, адамдардын турмуш тажрыйбасынын кеңиши, таптардын пайда болушу менен айбандар жөнүндөгү жөө жомоктордун алгачкы мүнөзү да, мааниси да өзгөрүлөт. Алар өздөрүнүн баштапкы мазмунундай айбандардын ортосундагы кадыресе мамилени, жашоо үчүн болгон күрөштө, жүрүм-турумун көрсөтүү менен гана чектелбестен ошондой эле ал аркылуу адамдардын турмушун, мамилесин, көз карашын каймана мааниде сүрөттөөгө өтөт, айбандардын айрым бир образдары аллегориялык маниге ээ боло баштайт. Жомоктордо антагонисттик мамилелер, күчтүүсү күчсүзүн, айы жардысын басып жеген социалдык эзүүгө басым көбүрөөк коюшат. Бул өзгөрүү жалаң кыргыз элинин жомокторуна гана эмес, башка элдердин ушул темадагы жомокторуна да мүнөздүү [1. 56]. Кыргыз оозеки адабий казнасынан көрүнүктүү орунду алган айбандар жөнүндөгү жомоктор бизге белгилүү азыркы варианттарында эки түрдүү мазмунда жолугат: бири айбандардын төз маанисинде мүнөздөлөшү. Кыргыз эли эзелтен бери эле айбанаттар менен көп аралашып, алардын күчтүү жана көчсөз, жакшы жана жаман жактарын өтө жакшы билишкен. Кыргыз элинин айбандар темасындагы жомоктордо коркок, энөө, куу, жырткыч, күчтүү, кытмыр, же болбосо эч кимге зыяны жок өз күнүн өзү көргөн момун айбандардын, канаттуулардын, өй жаныбарларынын реалдуу образын тарткан чыгармалар да арбын. Өзгөчө түлкү, аюу, карышкыр, арстан, жолборс өңдүү жырткыч айбандарынын, эшек, мышык, козу сыяктуу үй жаныбарлардын, кыргый, үкү, каркыра», торгой өңдүү куштардын жүрүм-турумдары жөнүндөгү жомоктор айбандар темасынан кеңири кездешет. Түлкүнүн куулугу, ашкан шумдугу, бирөөнүн эмгеги менен жашоого кылган аракети «Түлкү менен карышкыр», «Түлкү абышка менен карышкырды кантип алдады», «Абышка менен түлкүнүн аңчылыгы», «Чокчолой баатыр» өңдүү жомоктордо өтө жакшы берилген. Кыргыз элинин жөө жомокторунда өзүмчүл жырткыч моралга карама-каршы коюлган зор социалдык мораль жөнүндө да баяндаган айбандар жөнүндөгү жомоктордо да кездешет. Бул мүнөздөгү чыгармалардан алсыз, зыянсыз айбандардын, көбүнчө үй жаныбарларынын биригип алып, зордукчул, ачкөз жырткыч айбандарга каршы жүргүзгөн күрөшүн көрөбүз [5]. Бул жөө жомоктордо жаныбарлар, канаттуулар жана адам коомунун тиричилиги тууралуу сөз болуп, алар көбүнчө акыл-насыят берүүчү дидактикалык жана социалдык аллегориялык мазмунда болушат. Алсак, жөө жомоктордо акмакчылыкка мисал кылынып, көбүнчө карышкыр менен түлкүнүн образы алынып жүрөт, алардын каардуу, ач көз, жалкоолук сапаттары сүрөттөлөт. Маселен “Коён менен түлкү” жомогунда экөө дос болуп, бирин-бири коноктойт, бирок биринин даярдаган тамагын бири жебейт, натыйжада достук мамилеси токтойт.

Айбанаттар жөнүндөгү жомоктор–до катышкан каармандардын кээ бири күчтүү болуп берилет, маселен аюу, түлкү. Ал эми экинчиси эмгекчил, бечара болуп ага алсак, коён, чабалекей ж.б. келтирилет. Бул жөн жерден эмес, себеби, алсыз тарап эмгекчил, кеңпейил, жамандыгы жок, ынтымактуу. Айбанаттар жөнүндөгү

жомоктордо миф, фантазия кыйыр мааниде колдонулуп, ошол мазмундуу түшүнүктөрдү угуучуларга жеткирүүгө пайдаланылат. Жомокто берилүүчү ойду ачууда белгилүү өлчөмдө кыялдуу фантазияга, да орун берилип мифтик башаттар байкалыа турат. Фольклорист В.Е. Гусев жөө жомоктун социалдык турмуштук мазмунун жана андагы фантастикалык ойдон чыгаруусун анын жанрдык формасын аныктоочу белги катары эсептейт [3. 124].

Айбанаттар жөнүндөгү жомокту балдарга окутуу аркылуу жаныбарлар дүйнөсү менен таныштырабыз жана түркүн турмуштук тажрыйбаларга үйрөтөбүз. Айбанаттар жөнүндөгү жомоктордун каармандары жаныбарлар, канаттуулар ж.б. болуп кээде эгин эгүүнү, чөп чабууну ж.б. кесип кылган адамдар да катышат. Кыргыз фольклорундагы айбанаттар тууралуу жөө жомоктордун негизги өзгөчөлүгү катары алардын сюжети тез өнүгөт айбанаттар жөнүндөгү жомоктордун каармандары бири-бири менен жолугушуу мотивинде куралып, диалог формасында түзүлөт алардын композициялык түзүлүшү жеңил келип, түшүнүүгө оңоюраак болот эсептөөгө болот [2. 81]. Аталган жөө жомоктордо көбүнчө коомдо кездешүүчү түркүн окуялар, кагышуулар баяндалат же күндөлүк турмушта учурап жүрүүчү зордук-зомбулук менен адилетсиздик, ач көздүк менен митаамдык жана наадандык оңдогон коомго жат көрүнүштөр айбанаттардын же канаттуулардын образдары аркылуу чагылдырылат.

Жыйынтыктап айтканда, кыргыз элинин айбанаттар жөнүндөгү жөө жомокторуна мүнөздүү өзгөчөлүк жогоруда белгиленгендей, алардын элдик мифтерден башат алган байыркылыгы жана жаратылыштан адам өзүн бөлүп карабаган доорго таандык экендиги болуп саналат. Алгач алардын дүйнө таануучулук тарабы маниге ээ болсо, кийинки жанрдык өнүгүүсүндө жөө жомоктор социалдык контекстке ээ боло баштайт. Аларда ар дайым алсыз, кичине айбан акылы, айлакерлиги, жөндөмдүүлүгү менен жеңишке ээ болот. Элдин жактыруусу ар дайым ыза көрүп, жапа чеккендер жакта. Ошондуктан, биз алсыздардын ар дайым акыл, башка жеке сапаттары жагынан да жогору турганын көрөбүз, алар эмгекти сүйгөн, акниет, туруктуу болуп сыпатталат. Ал эми алардын душмандары жырткыч жаныбарлар эмгектен качкан, бирөөнүн оокаты менен жан баккан куу, алдамчы, зулум кейпинде кабыл алынат жана ушул идеясы менен жаш муундардын сүймөнчүгүнө ээ болгон.

Адабияттар:

1. Аникин В.П. Русская народная сказка. – М. Просвещение. 1985.
2. Балдар фольклору. “Эл адабияты” сериясы. – Б. 1998.
3. Гусев В.Е. Эстетика фольклора. – М. 1987.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-т. – Б., 2004.
5. Кыргыз эл жомоктору. – Б., 1998.

Arapbai kyzy A., student of Master's degree,
G.T. Zhamgyrchieva, professor, OshSU

The mythical beginning of cumulative tales in the Kyrgyz folklore

The main purpose of the article is to reveal the mythical beginning of cumulative fairy tales in Kyrgyz folklore, to determine their ideological and substantive peculiarity, to draw theoretical conclusions.

The practical significance lies in the perception of secondary school students of the characteristics of the genre, the nature of fairy tales in folklore classes and the educational value associated with it, to understand the harmony of man with nature.

Key words: *mythology, folklore, the genre of fairy tales, the mythical beginning, the ideological and substantive feature, artistic means.*

УДК: 81. 373

Женишбек кызы Б., магистрант,
Мурадымова Е.Н., доцент, ОшГУ

Этноментальная специфика терминов родства в паремийных текстах и их использование в учебном процессе

Макалада орус жана кыргыз макал-лакаптардындагы санат сөздөрүндөгү этноменталдык өзгөчөлүктөрү изилденет жана алар аркылуу студенттерди кыргыз жана орус тилдерине жакшы мамиледе тарбиялоо үчүн окуу жүрүшүндө колдонушунун жолдору каралат.

***Ачкыч сөздөр**: этноменталитет, өзгөчүлөкүү, туганчылык лексикасы, паремия, провербиалдык мейкиндиги, кыргыз, орус тилдери.*

В статье рассматривается этноментальная специфика некоторых терминов родства в русских и киргизских пословично-поговорочных изречениях и характеризуются основные способы презентации соответствующего материала в учебных целях текстах и пути использования их в целях воспитания у студентов любви к родному и русскому языку; результаты исследования используются в учебно-воспитательном процессе.

***Ключевые слова:** этноменталитет, специфика, лексика родства, паремии, провербиальное пространство, кыргызский, русский языки.*

В XX-XX1 веках активизировался интерес к исследованию проблем взаимодействия языка и национальной культуры [1-2-4-8]. Языковеды Кыргызстана (З. Дербишева, С. Мусаев, К. Зулпукаров, М. Тагаев, Т. Маразыков и др.) активно изучают проблемы диалога языков, национального языка с позиций антрополингвистического и лингво–культурологического векторов. Успешно внедряются методы и приемы когнитивной лингвистики, нацеливающей исследователей на изучение таких явлений как *языковой менталитет, языковая личность, языковое сознание, национально-культурный концепт, картина мира, языковое пространство, провербиальное пространство* и др. Перспективны идеи о феномене менталитета в трудах В.В. Колесова (1999), О.А. Корнилова (2003), Т.К. Койчуева (2007), К.З. Зулпукарова (2010) и др. Традиционно понятие менталитета рассматривали как совокупность мнений и представлений, свойственных той или иной социальной группе – сословию, классу, этносу [3, 7]. Менталитет также определяют, как миросозерцание в категориях родного языка, соединяющее интеллектуально-психические, культурно эстетические и морально-волевые качества национального характера в его типичных проявлениях (В.В. Колесов, К.З. Зулпукаров).

В данной работе будет рассмотрен вопрос лингвоэтноментальной специфики лексики родства /ЛР, ТР/ в паремийных текстах и некоторые способы презентации этого материала в учебных целях. Лексика родства в пословично-поговорочных изречениях помогают формировать у обучающихся интерес к лучшим образцам народной мудрости, к слову и языку.

На занятиях по русскому языку опытные словесники знакомят обучаю–щихся с текстами о диалоге государствен–ного и официального языков, уделяют внимание формированию навыков выявления особенностей языковой картины мира, языкового сознания. Акцентируется мысль о понятиях *паремия* (это малые жанры фольклора: пословицы, поговорки, притчи, афоризмы, пожелания, загадки и др.), *этноменталитет* (склад ума, мышления, мировосприятия народа, общественной группы, личности), *лексика родства*, т.е. терминов родственных отношений и др. Полезна информация о методах семантико-когнитивного анализа языка, особенно при изучении темы **семьи, биографии** и др.

Например, студентам-физикам и математикам, интересно узнать, что в свое время русский ученый Ю.И. Левин ввел

понятие *провербиальное пространство* [6. 483-503], которое сейчас активно используется и языковедами республики. Изучение когнитивно-лингвистического содержания терминов родства в провербиальном пространстве русской и кыргызской языковых картинах мира – важная задача филологической науки и дидактики. В них закреплены память и история народа, его опыт познавательной деятельности, мировоззрение и психология. Этнический опыт, по мнению ряда ученых (Ю.И. Левин, З.К. Тарланов, А. Абдулатов, С. Эргешова и др.) наиболее полно представлен в провербиальном пространстве языка [1-3- 6-7]. Понятие *провербиальный* обычно трактуется в значении *древность, культурная значимость, ценность, общеизвестность, универсальность, эмоциональность*, которые передаются в содержании фразеологизмов, пословиц, поговорок, примет, проклятий, благожеланий и других паремийных изречений [3]. На занятиях можно использовать книги паремийных текстов, то есть пословиц, поговорок, крылатых выражений и др. (В.И. Даль, И.М. Снегирев, Н.С. Ашукин, В.П. Аникин, В.П. Жуков, К.К. Юдахин, Ж.М. Мукамбаев, К. Нускаев, Т. Самудинов и др.) в купе с терминами родства. Эти тексты выражают вековую мудрость народа о жизни, семейно-родственной иерархии, труде, одним словом, о человеке. В наши дни человековедческая функция языка – стала знаком времени (К.З. Зулпукаров).

Проблема функционирования и текстовой реализации русских и кыргызских терминов родства и свойства (ТРиС) в пословицах и поговорках, как значимых форм паремийного наследия народов – малоизученная проблема [2-5-7]. Как известно, ТР и С играют важную роль в создании «картины мира», в онтолингвистике, в дидактиколингвис–тике [5-7]. Они представлены во многих текстах паремийного наследия любого народа. Термины родственной лексики в народных сентенцияхзначимы тем, что являются как бы этическими ориентирамив стремительно меняющемся мире. Вековой опыт народа, выраженный в мудрых изречениях, помогает органично существовать в. современном мире, соответствовать новым стандартам жизни. Человеку необходимо проявлять активность, трудолюбие, силу воли, решительность, а эти качества формируются семьей, школой. Русские и кыргызские паремии особое значение придают труду, ладу в семье, семейному воспитанию [1-2-5-7]. В процессе формирования личности значима роль отца, матери, старших братьев и сестер. Студентка М. в эссе «Наша семья» пишет об отце, матери, двух братьях: «*Наша семья дружная и очень-очень крепкая! Я люблю и всегда горжусь своей семьей*!» Подобное признание не случайно: девушка, выросшая в благополучной семье, где отношения построены на взаимном уважении, долге, имеет четкие жизненные цели («хочу стать экономистом-программистом»), семьей она приучена к активному образу жизни, к лидерству.

На занятиях, посвященных теме *семьи*, обучающиеся из книг «Пословицы русского народа» В.И. Даля (далее ПРН, 1984), «Киргизско-русские пословицы и поговорки и изречения» (сост. С. Шамбаев, 1979; далее КРП) подбирают тексты о семье, о родителях, детях. Особый интерес вызывают пословицы: «*Где мир да лад, там и божья благодать; На что клад, коли в семье лад; Любовь да совет – так и горя нет; Вся семья вместе, так и душа на месте* [ПРН, 1984]. Все эти примеры, естественно, нуждаются в современном комментировании, толковании, так как они передают особенности менталитета русского народа. В языковой картине мира русских важную роль играют концепты *семья, родство, мир, лад, благодать, клад, любовь, совет, кум, свояк* и др. По ходу занятия дается историко-культурный комментарий этих слов. В ПРН мы находим суждения о розни, неприязни, отчужденности среди родичей, оформленных с негативной коннотацией. Например: *Родных много, а пообедать не у кого; В семье не без урода;*

Есть родня, есть и возня; Хоть и сват, да горбат и др.

Термины *өмүр, турмуш* (жизнь), *семья* /үй-бүлө/, как и лексика родства *родня, родичи* /тугандар/, *отец* /ата/, *мать* /эне/, *сын*/ уул/, *дочь* /кыз/ и др., по словам З.К. Дербишевой, составляют самые значимые жизненные ценности кыргызского народа [2. 37-40]. В них актуализируется позитивный взгляд на жизнь, труд, семью, учебу, любовь и др.

Обращаем внимание аудитории на то, что в кыргызской системе родственных отношений концепт *семья* имеет несколько иное содержание, чем в европейской традиции [2. 167]. Учащиеся подтверждают правоту мысли примерами из своих семейных родословий, когда в процессе беседы выясняется, что в традициях кыргызского народа была большая семья (чоң *үй*) и малая (кичи *үй*). Действительно, большая семья (чоң *үй*) – это целый клан. Многодетная семья – показатель менталитета народа. Вспомним: *үйүндө көптү талаада урбайт* / у кого семья большая, тех в поле никто не обидит/. В такой семье значимым был помимо роли отца, как главы семейства, и статус матери. Народное речение: *ата жакшы – уул жакшы, эне жакшы – кыз жакшы* / у хорошего отца сын хорош, у хорошей матери дочь хороша/ подтверждаются убедительными примерами многих известных кыргызских семей. В процессе работы с паремиями кыргызского народа / они предлагаются и в русских переводах с акцентом на деталях кыргызского менталитета/ аудитория сама предлагает основные постулаты: уважительное отношение к старшим, почитание родителей, доброжелательность, заботливость, трудолюбие, любовь к родному дому, языку, традициям, земле и др. И в этом велика была роль умудренных аксакалов, бабушек, отца-матери.

В социальной структуре кыргызской семьи женщина играла весьма важную роль, что отмечали уже первые европейские путешественники (Ф. Ефремов, Ч. Валиханов, В. Радлов, П. Семенов-Тян-Шанский и др.). «Главное место в семье, – пишет исследователь, – занимает мать, на которой лежит забота обо всех» [2. 167]. Студенты приводят такие паремии, как*: үйдун көркү аялда* /красота юрты в жене/, *эненин көркү балада* /красота матери в детях/; *энеге баланын алалыгы жок* /для матери все дети равны / и др. Русские пословицы столь же образны, кратки, значимы: *матернее сердце в детках; при солнце тепло, а при матери добро; отцов много, а мать од*на [ПРН, т.1, с.300-302].

Паремийные образцы с терминами родства кыргызского и русского народов немало места уделяют оценке позитивных и негативных явлений в жизни семьи, родственных отношений, проблемы родители и дети и др. С древнейших времен кыргызы говорили: *ата-эненди сыйласан, өз баландан жакшылык көрөсүн*. Находим однотипную пословицу из ПРН В.И. Даля: *кто родителей почитает, тот век счастливым живет*. В книге С. Шамбаева больше всего паремий со словом *жаман,* что зримо говорит о нетерпимости народа к тем, кто нарушает законы общежития, не соблюдает каноны этикета народа. Русское выражение *заставь дурака богу молиться, он и лобрасшибет*, кыргызский народ выразил не менее иронично и емко: *жаманды жасоол койсо, жалгыз* ***уулунун*** *көзүн чыгара чабат /если дурного поставить исполнителем, он единственному сыну глаз выбьет/*. О плохом человеке, который не признает родичей, степняки говорят*: жаман – тайын тааныбайт.*

Не менее справедлива и такая сентенция кыргызского народа: *Жаман туугандан жакшы коншу артык* /лучше хороший сосед, чем плохая родня/. О сложных отношениях в семье русские коротко говорят: *муж в дверь, а жена* в Тверь / русский город за Москвой/. Кыргызский народ об этом выразился так: *«жаман эркек тууганчыл, жаман катын төркүнчүл»*. В этой фразе: плохой муж тянет к своей родне, нерадивая жена тянет к своей родне, выразилась негативная оценка кыргызами такого явления, как *төркүнчүл* (чрезмерная тяга молодухи к родне по родительской линии).

Весомое место в провербиальном пространстве занимают паремии с терминами *сын-дочь* [2. 170-189], передающие самые различные жизненные ситуации в оппозиции родители-дети. Как уже отмечалось, в больших кыргызских семьях сыновья и после женитьбы жили с родителями или поблизости от них (там же, 170). Дочери до замужества оставались в семье, а после замужества над ними уже довлел кодекс*төркүнчүл.* Некоторые паремии передают стереотипы прежней жизни, но они имеют тенденцию к возрождению. Пословицы народа утверждают приоритет отцовского авторитета, говорят о необходимости слушаться отца, подчиняться ему: *Аталуу уул – кожолуу кул* (сын при отце, что раб при господине; русский вариант: матернин сын – отцов пасынок); *атанды көргөнден акыл сура* / совет проси у того, кто твоего отца видел/; *атанын каргышы – балага ок* / проклятие отца – для сына стрела/ (русск. вариант: родительское слово мимо не молвится); *атанын сөзүн капта сакта* / храни слова отца в мешке, то есть помни их всегда/. Особенности менталитета кыргызского народа передают такие одобрительные выражения: *«Мен ыраазы, уул экенсин*!» /Я доволен, молодец! (в смысле, ты настоящий сын!). В этой сентенции народа выражал надежду каждого *отца-матери* (ата-энеси), что сын будет преемником и наследником их дела, добра /имущества/. Вот почему в кыргызском языке *уул бала* (сын) – атасынын ордун басуучу, жолун жолдоочу, то есть он наследник всего. В синтагаматике слова *сын* и *уул* обнаруживаем различные культурно-смысловые употребления, отражающие особенности социального-культурного устройства семьи и общества.

Образцы народной мудрости передают сентенции о положении девушки в социальной структуре общества: *кыз конок* – дочь-гость, отрезанный ломоть; *кызды сураганга бер, кымызды ичкенге бер* /дочь отдай тому, кто просит, кумыз дай тому, кто пьет/. Понятие *кыздуу* обозначало человека, имеющего дочь, дочерей, говорили: *кыздуу киши кыр ашат*, т.е. человек, имеющий дочь, хребет перевалит (в счет калыма отец невесты получал и коней, а потому мог легко переезжать через горы). Семью, в которой были дочь или дочери, называли *кыздуу үй.* Отсюда, паремические суждения типа: *кыздуу үйдө кыныр сүйлөбө, уулду үйдө – узун сүйлөбө* (в присутствии девушки плохое не говори, в присутствии юноши долго не говори); *кыздын кырк чачыулуу* / у девушки сорок косичек почитаются старше/; *кыздын сырын төркүн билет* / секреты девушки знает ее родня/; *кыз кылыгы менен жакшы, ийне учугу менен жакшы* / девушка учтивостью хороша, иголка с ниткой хороша [КРП]. В молодежной аудитории эти сентенции, естественно, вызывают споры: не все готовы согласиться с ними. Следует даватьтолкования природы стереотипов таких суждений.

Термины *брат-сестра* в паремиях даны не столь представительно, как *отец-мать, сын-дочь*, но и они значимы для постижения этноменталитета двух народов. Как известно, в тюркских языках понятие «брат» и «сестра» отсутствуют, они разбиваются на два понятия меньшего объема, а основанием для такого разбиения служит атрибуты «младший» и «старший» (*ага, байке* и *ини, апа, эже, сиңди).* Эти термины имеют свои региональные особенности. Слова *ага* и *ини* имеют нейтральную семантику и употребляются повсеместно. Слово *байке* представлено в основном на севере, на юге употребляется для подчеркивания северного происхождения называемого лица. Южане в общении с северянами используют его для этикетных целей, для лучшего взаимопонимания, для демонстрации своей симпатии к называемому лицу, Лексема *ага* нейтральна, одинаково употребляется в речи кыргызов разных регионов, слово *аке* встречается в речи представителей «средней полосы», а также в речи северных кыргызов. В Иссык-Кульской долине *аке* имеет значения «мудрец», «предводитель племени, народа», «советник» (напр., Мойт аке, Тилекмат аке [7. 95-96]. Работа и с этими понятиями родства проходит интересно, с

использованием имеющихся паремийных текстов.

Весьма часто ТР в структуре паремиологических суждений употреб–ляются не только в прямом, но и в переносном смысле. Коннотативность – важная особенность прямых номинаций родства. В них находим сочетание экспрессивности и оценочности. Напр. *Злая жена – та жезмея* [ПРН, т.1, с.294]; *Мать праведна – ограда камена* [ПРН, 1, 302]. Пословицы с использованием ТР зримо показывают роль родительского дома, семьи в формировании человеческой личности. Семы *род, семья, отец, мать, бабушка, дед, брат, сестра* и др. – опорные слова в основной массе пословиц русского народа, а *уруу, үй-бүлө, ата, эне, чоң ата, чоң эне, аке, эже* и др. в кыргызских паремиях. «Все одного *отца* дети, все Адамовы детки» (ПРН, 1, 162); «Мы у *матушки России детки*, она наша *матка*»; «В своей *семье* сам большой» (2,87). Лексемы *родители, отец, батюшка, мать, матушка, матка,* как правило, используются в прямом и переносном значении. Напр., Родимый мой *батюшка,* прошу ни злата, ни серебра, а прошу твоего *родительского* благословения; *Батюшка Покров***,** покрой *мать* сыру землю и меня молоду (перен.). Паремии затрагивают проблему преемственности отцов и детей, их взаимоотношения: «На что *отец*, коли сам молодец» (1,301); «По *матери дочка*» (2, 186); «Каков *род,* таков и приплод» (2, 186); «В большой *семье* не без урода» (2, 189); «Валяй дети: отец в ответе» (1, 298); «Детки хороши – *отцу, матери* венец, худы – *отцу, матери* конец» (ПРН,1, 300). Обсуждение данных речений приводит нас к выводу, что они не потеряли своей значимости и в наши дни.

Менталитету двух народов присуще не только уважительное отношение к *семье, браку*, но и порицание тех, кто представляет угрозу этому социальному институту. Пословицы осуждают разврат, пьянство, лень, безалаберность, драчливость, непослушание, игнорирование заповедей древних. З.К. Дербишева приводит весомый перечень предосудительных недостатков в поведении кыргызской женщины (вздорность характера, жеманство, кокетство, грубость, сварливость, бесцеремонность, бесхозяйственность, властолюбие, чревоугодие, капризность и др. [2. 278-280]. В менталитете русских эти качества также предосудительны.

В русском языке находим пословицы, осуждающие *бобылей*, не желающих заводить семью: «*Не женат – не человек*» [ПРН, 2, 213], «*Ни роду, ниплемени: бобыль бобылем*» [ПРН, 1, 281]; «Что гусь без воды, то и мужик без жены» (там же, 1, 294). В старину девушек, которым чуть перевалило за двадцать уже называли *перестарками* (на кыргызском языке таких называли *кара далы*, *салбар*, о них говорили *атасынын төрүндө картайды* [2. 275]. Чаяния *перестарков* иметь семью нашли выражение в русских пословицах: «*Матушка Параскевья, пошли женишка поскорее; Много женихов, да нет суженого; В девках сижено – горе мыкано и др.* [ПРН].

Опыт показывает, что работа с пословично-поговорочными изречениями на материале лексики родства двух народов пробуждает в юный интерес к родной и иной культуре, к языковым контактам, параллелям. Демонстрация лексических возможностей двух языков при работе над темами *моя семья, моя биография, мой дом* активизирует желание молодых работать со словарями, сборниками пословиц и поговорок, глубже разбираться в концептах *свой – чужой.* Концепты *отец-ата, мать-эне, апа, сын-уул, дочь-кыз,* как и другие ТР и С, диалектически вмещают в себе множество потенциальных смыслов, значение и образов, нашедших отражение в паремийных текстах и выражающих особенности этнолингвоменталитета кыргызского и русского народов. Они передают специфику картины мира в провербиальном пространстве языков.

Итак, несмотря на различия менталитета двух народов, есть немало общего в оценке их образа жизни, традиций, нравов. Работа с названным лексическим корпусом способствует диалогу языков и культур, она формирует

в будущих специалистах понятия толерантности, открытости к освоению своей и иной культуры. Богатство и мудрость пословично-поговорочных изречений с использованием ТР открывает большие возможности словеснику при работе в аудитории для раскрытия не только лингвоэтноментальной специфики терминологии родства, но и для формирования в молодых людях понятий о семье, о браке. Работа с терминами родства помогает обогащению лексического багажа и духовного мира у будущего специалиста.

Литературы:

1. Абдулатов А. Кыргыз паремияларын когнитивдик-лингвистикалык өнүттө сыпаттоонун айрым проблемалары. КДА. / А. Абдулатов. – Бишкек. 2008.
2. Дербишева З.К. Кыргызский этнос в зеркале языка. – Бишкек. 2012. – С. 403.
3. Зулпукаров К.З., Калмуратова А., Сейитбекова С. Отражение этнического менталитета в теологических концептах языка //Сборник научных трудов. Вып. 2. – Ош. 2010. – С. 7-30.
4. Корнилов О.А. Языковые картины мира как производные национальных менталитетов. – М. 2003.
5. Левин Ю.И. Об описании системы терминов родства // Советская этнография, 1970, № 4. – С. 18-30. – Его же: О формальном анализе систем терминов родства // Slavica Hierosolymitanavol 2. 1978.
6. Левин Ю.И. Избранные труды. Поэтика. Семиотика. – М. 1998.
7. Мурадымова Е.Н. Терминология родства в лингвокультурологическом и сопоставительно-типологическом освещении. – Ош. 2014. – С. 170.
8. Тагаев М.Дж. Диалог языков и культур (на материале функционирования и взаимодействия культурно-языковых пространств киргизского и русского языков). – Бишкек: изд-во КРСУ. 2015. – С. 240.

Zhenishbek kyzy B., student of Master's degree,
E.N. Muradymova., docent, OshSU

Ethnographic specificity of the kinship vocabulary in paroimic texts and Their usage in educational process

The article deals with the semantic-cognitive analysis of the language, the ethnographic specificity of some terms of kinship (e.g. father-ata, mother-ene, son-uul, daughter-kyz, brother-ake, sister-edge) in both Russian and Kyrgyz proverbs and sayings. The main ways of presenting of the appropriate material at classes are characterized with the aim of students'love for the native and Russian language. The results of the research are used in educational process.

Бул форма дагы сырдык сөздөр англис жана орус тилдеринде эки компоненттен (бир эле сөздүн эки жол кайталанышы) туруп редупликациялык ыкма менен берилди. Бул сырдык сөздүк маани аркылуу башына күч келген адамдын кудайга ишеними, андан колдоо суроосу көрсөтүлөт. Кыргыз элинде “Башы оорубагандын кудай менен иши жок” деген макал бар. Анын сыңарындай, *кудай, кудай* сөздөрү бекер айтылган жок, Таш чайнар менен Акбара жөн жеринен кудайга кайрылып жатпайт, алардын айла кеткендеги учурлары, бул сырдык сөздүк маани аркылуу алардын ички сезими, туңгуюк учурга капталгындыгы, айлаларынын алты кеткендиги, өз жашоолорун жана бөлтүрүктөрүн сактап калуу үчүн асманды карап улуп-уңшуп “ыйлап жаткандыгы” көзгө даана, элестүү жана көркөм көрүнөт. Сырдык сөздөрдүн жана сырдык сөз маанисиндеги сөздөрдүн маани-маңызы да дал ушунда.

4. Англис тилинде алты компоненттүү (Noun+Prep.+Noun+Prep.+Article+Adjective

Superl form) сүйлөм сырдык сөздүн функциясын аткарат, орус тилинде эки компоненттүү (Noun+Subst Adjective) кыргыз тилинде да эки компоненттүү (Noun+Adjective) сөз менен которулган.

"- ***Glory to God in the highest!***" [7].

"- ***Слава всевышнему!***" [3].

"- ***Кудай улук!***" [4].

Бул мисалдарда деле сырдык сөз катары кудайга тиешелүү сөздөр келтирилди. Кудай ар кандай тилдерде бир нече аталыштар менен аталат жана даңкталат. Мисалы, орус тилинде *бог, господь, всевышний* ж.б. Кыргыз тилинде *кудай, алла, жараткан, теңир, эгем* ж.б. Адам баласы кудайга жайынча эле кайрыла бербейт, аны жөн гана оозуна албайт, ал ар кандай күчтүү эмоционалдык жагдайларда колдонулат, мына ошондуктан да биз келтирген мисалдарда кудайга байланыштуу сөздөр жана сөз айкаштары арбын болду.

Ч. Айтматовдун жана башка жазуучулардын чыгармаларынан *"My God*" сөздү тандап алуу ыкмасы менен таап, үч тилдеги бир компоненттүү, эки компоненттүү, төрт компоненттүү, беш компоненттүү мисалды тандап, аларга структуралык талдоо жүргүзүү менен бирге алардын котормосунда түз эквиваленттин, синонимдик варианттын же сырдык сөздүн маанисинин таптакыр түшүү колдонуу методдору колдонулганын билдик. Маниге ээ сөздөр сырдык сөздөргө же тескерисинче, сырдык сөздөр башка сөздөргө өтүп кетүүсү сөздөрдүн семантикалык жактан бири-бири менен болгон байланышын көрсөтөт. Демек, Ф. Энгельстин баарлашуу жана тилдин негизинде буюмдар пайда болгон деген сөзү чындыкка жакын.

Адабияттар:

1. Ж. Лондон Ак-Азуу. Англисчеден кыргызчага которулду. – Б. Мара. 2011. – 165 б.
2. Дж. Лондон Белый клык. 1990. – С. 261.
3. Ч. Айтматов. И дольше века длится день. – Б. 1991. – С. 510.
4. Ч. Айтматов Кылым карытар бир күн. – Ф. Кыргызстан. 1983. – 427 б.
5. Ч. Айтматов Кыямат. – Ф. 1988. – 221 б.
6. Ч. Айтматов Плаха. 1989. – С. 327.
7. Ch. Aitmatov. The day lasts more than a hundred years. Translated by John French. 2000. 352 p.
8. Ch. Aitmatov The place of the skull, translation of Natasha Ward. – Boston. MA: The International Academy of Sciences. Industry. Education & Arts. 2000. 310 p.
9. J. London White Fang. 1976. 244
10. Webster's Third New International Dictionary. 1993. 981.
11. Wikipedia online dictionary.

N. Ergasheva, student of Master's degree, OshSU
nuraiymergaweva@gmail.com

"My God" word component structural analysis

In this article the author investigates the structural-componential analysis of the word"My God"in the English, Kyrgyz and Russian languages, based on the material of Ch. Aitmatov's and J.London' works.

Key words: *componential analysis, one-two-three-five componential words, model, structural, adequate translation.*

УДК:654.197

Эргешова С.Б., доцент, Осмонали к. М., магистрант, ОшМУ

Телевидениенин социалдык функциялары

Макалада телевидениенин социалдык функциялары, алардын аткарган кызматы жөнүндө сөз болот. Журналист өз жумушун аныктап алуу үчүн телевидениенин функцияларын өздөштүрүүсү зарыл экендиги белгиленет.

Ачкыч сөздөр: *телевидение, теле көрсөтүү, журналист, ММК,социалдык функциялар.*

В этой статье рассказывается о социальных функциях и роли телевидения в нашей жизни. Также подчеркивается, что эти знания необходимы журналисту для определения своей собственной функции в вещании.

Ключевые слова: *телевидение, телешоу, журналист, СМИ, социальные функции.*

Телевидениенин негизги максаты – коомдогу түрдүү социалдык процесстерге, ар түрдүү формада таасир этүү. Теле көрсөтүү – социалдык институт катары, белгилүү бир социалдык күч аркылуу башкарылат жана социалдык башкаруу функциясын аткарып, коомду башкаруучулардан турган социалдык топтордун саясий, экономикалык, социалдык кызыкчылыктары үчүн кызмат кылат.

Телеберүү өзүнө гана таандык болгон бир канча касиеттерге ээ жана бир топ функцияларды аткарат. Биз төмөндө ар бир функцияга токтолуп, алардын айырмачылыгын ачып берүүнү максат кылдык:

1. Маалыматтык функция (жарандарды өлкөдө жана дүйнөдө болуп жаткан урунттуу окуялар менен камсыз кылат);
2. Маданий-агартуучулук функция (коомдун сабаттуулугун жогорулатуу, билимди популяризациялоо жана маданиятты жайылтуу);
3. Рекрециялык функция (эс-алууну камсыздоо, эмоционалдык чарчоону таратуу жана көңүл ачуучу);
4. Тарбиялык функция (жарандарды атуулдук сезимге тарбиялоо);
5. Социалдык интеграция жана саясий мобилизациялык функция (коомду бирдиктүүлүккө үндөө жана мамлекеттик маселелерди чечүүдө жарандарды мобилдештирүү) [1].

Маалыматтык функция заманбап медиа ресурстарын колдонгон бир нече комплекстүү милдеттерге ээ. Тагыраагы ал – коомчулукка мааалымат таратуучу негизги система. Массалык маалымат каражаттарын изилдөөчү көптөгөн окумуштуулар ММКнын негизги милдети маалыматты чогултуу, тандоо жана таратуу деп эсептейт. Бирок, маалымат билдирүүлөрдү берүүгө гана эмес, алардын маанисине да милдеттүү. Бул жагдай редакциялык бөлүмдүн жетекчилери, журналисттер тарабынан аныкталат жана ар түрдүү себептерден көз каранды болот. Маселен окурман, көрөрмандарга берилүүчү кабар, окуялар бир нече баскычтан өтөт. Алсак, алгач убакыт сааты, актуалдуулугу жана маани-маңызы терең изилденет. Бул учурда редакциялык бөлүмдүн юридикалык саясатын, кызыкчылыктарын көздөгөн окуялар редактор тарабынан текшерилет. Андан соң маалыматты башка атааңдаш ММКлардан биринчилерден болуп берүүгө аракеттенет.

Ошондой эле изилдөөчүлөр, массалык маалымат каражаттар коомдогу баардык структураларга өз таасирин тийгизет деп эсептешет. Анткени маалымат аркылуу эл менен бийликтин ортосунда жакындык жана ишенбөөчүлүк пайда болот. Буга байланыштуу журналисттик милдет өтө татаал. Ал ар дайым маалымат берүүдө чындыкты баса белгилөөгө милдетүү. Андан сырткары, маалыматты түрдүүчө жазууга укугу бар. Мисалы, дүйнөлүк ири маалымат менен камсыздоочу СММ менен АКШнын Fox News компанияларынын телеберүүлөрүндөгү медиа тексттерде чыныгы ачык, так маалыматты гана табууга болот. Мында алар көбүнчө ар

кандай лексикалык жана стилдик каражаттарды, сөз айкаштарын колдонуу жана адамдык бүт сезимдерди четке кагуу менен текст жазышат. Бул учурда редактор тарабынан кандайдыр бир кысым көрсөтүлбөйт.

Коомдук илимдер менен айкалышкан теленин иши, артыкчылыктарына максат-милдеттерине карап, үч негизги моделге бөлүнөт: мамлекеттик, коммерциялык жана коомдук. Ошондуктан, коомчулуктун бир бөлүгү катары ТВнын бөлүнүш максатына карай маалыматты берүү ыкмасы да түрдүүчө болот. Мисалы, Мамлекеттик теле каналдын негизги максаты өлкө бийлигинин жана өкмөттүн саясатын жүргүзүү. Мында информация бийлик тарабынан жайылтылып жаткан идеология пропагандалат. Ага ылайык коомчулукка мамлеккеттик саясаттын жалаң гана жетишкендиктери, артыкчылыктары чагылдырылат. Бул ыкма совет учурда көп конлдонулган.

Коммерциялык маанайдагы маалыматтарды берүүчү теленин модели АКШда жакшы өнүккөн. Мында коммерциялык ТВлар көңүл ачууга, эс алууга багытталган кызыктуу берүүлөрдү даярдашкан. Бул менен көрүүчүлөрдүн саны өсүп, жыйынтыгында жарнама берүүчүлөрдөн буюртма көп бериле баштаган. Изилдөөчүлөр ТВнын бул модели жарандарды керектүү маалыматтар менен камсыздайт деп эсептешкен. Бүгүнкү күнгө чейин, орус ММК системасында информациялык теле көрсөтүүлөрдү иштеп чыгууда жарнама рыногу үстөмдүк кылууда деген түшүнүк жашап келет.

Азыркы шарттарда массалык маалымат каражаттарынын таасири коомчулукта көбүрөөк мааниге ээ болуп жаткандыгы көрүнүп турат. Анткени кандай гана маалымат болбосун, аны жарандар массалык маалымат каражаттарынан алып жатышат. Буга байланыштуу, ар бир маалымат таратуучу журналист маалматтын актуалдуулугуна гана эмес анын сапатына, тагыраагы маани-манызына карап анализдеп анан гана коомчулукка таратууга милдетүү деп эсептешет медиа серепчилер.

Маданий агартуучулук функциясы кайсыл көрсөтүү болбосун кандайдыр бир денгээлде көрүүчүнүн маданий түшүнүгүн кеңейтет. Жада калса маалыматтык берүүлөрдө да катышуучулардын сырткы келбети, алардын байланыш манералары, сабаттуулугунун денгээли, көрүүчүгө таасир этет. Информациондук жана башка көрсөтүүлөрдүн алып баруучулары коомдун эталону катары кабыл алынат. Анткени айрым журналисттер “Биз төртүнчү бийликпиз, ошондуктан биз кенен сүйлөй берсек болот” – деп маектешинин сөз эркиндигин шылтоо кылып, жөнөкөй эле моралдык этиканы билбеген журналисттер көп. Бактыга жараша, көрүүчүлөрдүн критикасы өтө күчтүү болгондуктан телекомпаниялар өздөрүнүн жумушчуларынан кичипейилдүүлүктүн элементардык нормаларын сактоону, маектешүүдө сөздөрдү туура пайдалануну талап кыла баштады.

Теле көрсөтүүлөр, кандайдыр бир спектаклди түз алып берүү аркылуу, же атайын даярдалган тасманы коюп, көрүүчүлөрдү маданий баалуулуктарды сактоого үндөйт. Ошону менен бирге эле, экрандын образдык мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу менен жалпы журналистикадагы, маданий агартуучулуктун өзгөчөлүгүндө жана анын багытында, профессионалдуулуктун чоң белгиси бар.

Теле көрсөтүү аркылуу көрүүчүлөрдү каалаган жерге алып баруу мүмкүнчүлүгүн, маданий агартуучулук багытта 13-сериялуу BBC каналы аркылуу тартылган “Адамдын саякаты” көрсөтүүсүнүн алып баруучулары жакшы пайдаланышкан. Бул көрсөтүүнүн материалдарынын негизинде китеп чыгарылып, тасманын көрүүчүлөрүнүн саны өскөн. Анткени бул программа маалымат берип гана тим болбостон, адамдарды табият менен татуу мамиледе болууга үндөгөн.

Чоң тарыхтын күбөсү болгон дубал таштарын кармап сезгенде, журналисттин

оюна такыр эле өзгөчө ойлор келет, адамдын рухий жан дүйнө байлыгы толукталат. Бул нерселерге телевидениянын павильонунан чыкпай отуруп жетүү мүмкүн эмес. Маданий агартуучулук багытындагы көрсөтүүлөрдө адамды тарбиялуулукка жана туура жүрүм-турумга үндөөчү элементтер бар. Журналист буларды таңуулоо түрүндө эмес, деликаттуу деңгээлде көрүүчүгө жеткизиши керек [3].

Интегративдүүлүк функциясы бардык массалык маалымат каражаттары, ошондой эле, биринчилерден болуп теле көрсөтүү, өзүнүн таасири тие турган кооомдук функциясын бир калыпта кармап турууга жөндөмдүү. Мында журналисттик иликтөөчүлүк материалынын ар түрдүү көрөрмандар тарабынан кабыл алынуу фактысы, журналист жасаган материалдын жалпы коомго, шаарга, жалпы улутка, өлкөгө жалпы аудиторияга тийиштүү экендигин далилдеп турат. Мына ошондуктан журналист материалды бир тараптуу жасабастан калктын баардык катмарына тийиштүү жасашы керек. Муну, албетте, **интегративдүүлүк функциясы** ишке ашырат.

Канчалык деңгээлде аудитория кенен жана көп түрдүү болсо, көрсөтүүлөр эч бир аудитория дискриминацияга учурабай тургандай жасалуусу кажет. Бул учурда журналист улуттук жана диний белгилерге карата, социалдык, социалдык-психологиялык, адамдардын жаш өзгөчөлүгүнө маани бериши керек. Теле-көрсөтүүлөр, жалпы дүйнөлүк коомчулуктун, же белгилүү бир топтун кызыкчылыктарына көңүл бөлгөндөй эле, ар бир көрүүчүнүн муктаждыгын канааттандырат. Ар бир жаранды коомго тийиштүү катары идентификациялайт.

Интегративдүү (бириктирүүчү, консолидирлөөчү) телевидениенин функциясы, анын маалымдоосунун ар бир бөлүктөрү. Мисалы, публицистикалык, исскуство, спорт, көңүл ачуучу бөлүктөрү аркылуу аныкталат. Алар маалыматтык, маданий агартуучулук, уюштуруучулук, билим берүүчүлүк жана башка функциялары менен дал келет жана кошулуп кетет. Телекөрсөтүүлөрдүн интегративдүү функциясын реализациялоочу журналист үчүн, биринчи артыкчылыгы катары, жалпы коомдун муктаждыгын, телевизор астында олтурган адамдын көйгөйлөрү менен бириктире алуусу. Цивилизациялык ой жүгүртүүгө багытталган, телемост 1986-1987 жылдары Россияда, АКШ, Улуу Британияда, Япония өлкөлөрүнүн жарандарынын катышуусунда ишке ашкан. Телемостко алар бири-бирине “биз”, “алар” деген сөздөр аркылуу алар бири-бирине диалогдо партнер катары жана планетада кошуна катары сезишкен.

Уюштуруучулук функциясы мамлекет тарабынан же кандайдыр бир администрациялык структуралар тарабынан жарандардын ой-пикирлеринин формулировкаланышы, кандайдыр бир жумуштарды аткарууга үгүттөө сыяктуу регулярдуу иш аракеттер. Коомго мындай таасир тийгизүү аркылуу кээде теле жамааты да, жалпы адамдардын тобу менен кандайдыр бир коомдук акция уюштуруу аркылуу инциатор болуп калат.

Мындай жагдайдагы алгачкы, курьездүү, трагмикомедиялык, уюштуруучулар үчүн да күтүлбөгөн окуя Москва мамлекеттик университетинин маданият үйүнүн сахнасында, “ВВВ” (Көңүлдүү суроолор кечи) конкурсу трансляцияланып жаткан учурда болгон. Аябай көп адамдардын валенкаларда жана кышкы кийимдерде сахнага чыгышкан. Алып баруучу кимде ким кышкы кийим менен көрсөтүүгө чыкса белек убада кылган. Жыйынтыгында ызы-чуу чыккан. Мындай телекөрсөтүүлөр аркылуу коомго суроо коюп аларды кыймылга чакырган учурлар аз эмес.

Рекративдүү функциясы адамдын күчүнүн эс алуу аркылуу кайра толукталуусу. Рекреация түшүнүгү латын тилинен которгондо “recreation” – кайра жаралуу деген түшүнүктү берет. Рекрециялык телепрограммалардын көпчүлүгү, түпкү маңызында, журналистиканын сыртында жатат. Бирок ошондой болсо да, документалдуу тасма менен көңүл ачуучу көрсөтүүнүн, ортосунда чек бар. Атайын даярдалган теле сериалдар, аудиториянын жашоонун

түрдүү катмарындагы, адамдардын күнүмдүк маселелерин чагылдырат. Чыныгы көңүл ачуучу көрсөтүү (видеоклиптер, комедиялык тасмалар, мисалы конкурстар “Биринчи көз караштан сүйүп калуу” ж.б. эреже катары атайын телекомпаниялардын сунушу менен ишке ашат. Журналисттер мындай көрсөтүүлөрдө көбүнчө алып баруучу жана редактор иретинде кызмат аткарышат. Эгерде концерт алып баруучу жана катышуучулар менен кошо тартылып, жыздыздардын жеке жашоосунан репортаж көрсөтүлө турган болсо, анда журналист көңүл ачуучу көрсөтүүнүн толук кандуу жаратуучусуна айланат [2].

Телекөрсөтүүнүн коомдук функцияларын, потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн билүү журналист үчүн зарыл. Анткени журналист качан гана телевидениенин социалдык функцияларын толук өздөштүргөндө теленин универсалдуу журналисти болот алат.Бул илимий макалада телевидениенин социалдык функциялары жөнүндө кенен маалымат камтылды.Маселен буга чейин интегративдүүлүк, уюштуруучулук жана рекративдүү функциялары боюнча дээрлик маалымат жок болгон.Ага ылайык, макалада аталган функциялар жөнүндө жетишерлик баяндоого аракеттендик.

Адабияттар:

1. Смирнов В.В. Формы вещания. – М. 2002.
2. Ворошилов В.В. Журналистика. – М. 2004.
3. Арстанбеков М. Телевизиондук журналистиканын алиппеси. – Б. 2005.

C.B. Ergeshova, docent,
Osmonali k. M., student of Master’s degree, OshSU

Social functions of television

This article is about social functions and the role of television in our lives. It also emphasizes that this knowledge is necessary for a journalist to determine his own function in broadcasting.

Key words: *TV, TV show, journalist, mass media, social functions.*

УДК: 002.6:37.016

Абдилла у. Т., Рысаалы к. А., магистранттар, ОшМУ

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын билим берүүдөгү ролу

Бүгүнкү күндө биздин өлкөдөгү билим берүү системасы жаңыча максаттары жана жаңы баалуулуктары менен мүнөздөлгөн фундаменталдык өзгөрүү этабында турат. Билим берүү системасынын маани-маңызын жаңылаган бул өзгөрүү жаңы технологияларды колдонуу менен үзгүлтүксүз билим алууга болгон башкача концептуалдык мамилени талап кылат. Заманбап коом билим берүү системасынын алдына улам өзүнүн жаңы талаптарын, маселелерин коюуда. Ошол талаптын бири – бул маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын бүгүнкү жаңыча билими берүүдөгү маани-маңызы болуп саналат.

Ачкыч сөздөр: *маалыматтык-коммуникациялык технология, электрондук окуу материал, компьютердик технология, окутуунун электрондук каражаттары.*

На сегодняшний день, система образования нашего государства стоит на этапе фундаментальных перемен характеризующимися новыми целями и ценностями. Эти перемены системы образования с применением новых технологий требуют других концептуальных подходов. Современное общество ставит снова и снова, новые требования и задачи перед системой образования. Одним из этих требований и является новое содержание современного обучения с применением информационно-коммуникационных технологий.

Ключевые слова: *информационно-коммуникационная технология, электронный учебный материал, компьютерная технология, электронные средства обучения.*

Бүгүнкү өнүккөн компьютердик технология шарттаган азыркы учурдун талабы жалпы билим берүү системасын компьютерлештирүү жана маалымат–таштыруу концепциясынын негизинде, окутуунун жаңы технологиясын иштеп чыгуу болуп саналат. Билим берүүдө жаңы маалыматтык технологияларды колдонууну, информатиканын негиз–дерин окуучулар жана студенттер үчүн жөн гана адаптация кылып колдонуу катары карабай, окучуунун окуу чөйрөсүн комплекстүү өзгөртүп түзүп, анын активдүү чыгармачыл ишмердүүлүгүн өнүктүрүү үчүн жаңы каражаттарды иштеп чыгуу катары караш керек. Башкача айтканда окутууда компьютерди колдонуу, өнүктүрүүчү чөйрөдө байытуучу жана өзгөртүүчү элемент болуп калышы керек. Анткени, компьютердик технологиянын жарда–мында түрдүү окуу-материалдарын колдонуу аркылуу окуп үйрөнүүчүнүн окуу стилдерине ылайык окутууну уюштуруу менен жогорку ой-жүгүртүүгө ээ, жаңы билимдерге чыгармачыл мамиле жасай алган жогорку интелектуалдык дараметке ээ инсандарды калыптандырууга болот. Чыгармачылык–ты өнүктүрүүгө көмөк көрсөткөн маалыматтык технологияларды колдонуу ыкмалары көп, тактап айтканда компьютердик моделдештирүүдөн жана виртуалдык эксперименттерди коюудан баштап, жаңы терминологияларды өздөштүрүүгө чейин. Маалыматтык коммуникативдик технологиянын педа–гогикада колдонулушунун өнүгүшү, компьютердик жана маалыматтык технологияларды окутууда колдонуунун, ой жүгүртүүгө, акыл-эске, көңүл бурууга, элестетүүгө, окуучунун өзүн өзү баалоосуна, өзүнүн иш аракеттерин пландоого, окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациялык компонентине багыттуу таасир этүү мүмкүнчүлүктөрүн колдонот. Азыркы маалыматтык технологияларды мектепте колдонуунун ар кандай аспектилерин талдоонун негизинде төмөндөгүдөй бөлүүгө болот [1]:

- биринчи аспект, компьютер – окуп үйрөнүүнүн объектиси. Бул мектепте «Информатиканын жана эсептөө техникасынын негиздери» курсун окутууда мүнөздүү;
- экинчи аспект, компьютер – окутуунун каражаты. Компьютер–ди бул учурда «Информатиканын жана эсептөө техникасынын негиздери» курсун окутууда колдонуу менен эле бирге, башка сабактарды окутууда да колдо–нулат (электрондук окуу куралдары, окутуу програм–малары, тренажерлор, тесттер, мултимедиялык энциклопе–диялар ж.б.у.с.);
- үчүнчү аспект, компьютер – окуу маселелерин моделдештирүү, бул же тигил предметтик областы изилдөө инструменти катары каралып жана ошону менен бирге эле окуу процессин чыгармачыл нукка салат.

Азыркы балдардын көз карашы боюнча мектептин окуу жана окуудан сырткары ишмердүүлүгүндө компьютер–ди колдонуу табигый нерсе болуп калды. Анткени, окутуу процессинде маалымат–тык технологияларды колдонуу, окуу процессин интенсивдештирүүгө, окуучуларга индивидуалдуу жана дифференциалдуу мамиле кылууга, билимди өз алдынча алуунун ыкмаларын өздөштүрүүгө, маалыматтык коомдун шарттарына окуучуну даярдоого көмөк көрсөтөт. Окутуу процессинде колдонулган компьютердик программалар, окутуучу программалар, виртуалдык лабораториялар окуу процессин уюштуруучу калыптанган каражаттарга караганда кээ бир көрсөткүчтөр боюнча педагогикалык мүмкүнчүлүктөрү алда канча жогору экендигин көпчүлүк эксперттер өз иштеринде белгилешет [3].

Өзүнүн максатына жараша окутууда колдонулган колдонмо программалар ар түрдүү [2]:

- башкаруучу;
- диагноздоочу;
- демонстрациялык;
- текшерүүчү;

- моделдештирүүчү ж.б.у.с.

Маалыматтык-коммуникативдик технологиялардын билим берүүдө колдонулган дагы бир өнүккөн актуалдуу тармагы бул дистанттык билим берүү. Информациялык технологиялардын өнүгүшү сабак өтүүнүн жаңы, уникалдуу мүмкүнчүлүгүн – дистанттык окуу формасын сунуштады. Ал биринчиден, окуу убактысын жана сабак өтүүчү жайын студент өзү тандоосуна мүмкүнчүлүк берет, экинчиден, кандайдыр бир себептерден улам адаттагыдай билим алууга шарты жокторго окууга мүмкүнчүлүк берет, үчүнчүдөн, окуу процессинде жаңы технологияларды колдонууга, төртүнчүдөн, окууга кеткен чыгашаларды анык бир деңгээлде кыскартат. Башка бир жагынан караганда дистанциондук билим берүү окуу процессин индивидуалдаштыруу мүмкүнчүлүгүн күчөтөт.

Окуунун лекция-семинардык формасы өзүнүн таасирдүүлүгүн жоготконуна көп убакыт болду, мындай окууга арналган убакыттын 50 %ы бекерге коротулушун практика далилдеди. Чет өлкөлүк тажрыйбалардан үйрөнүп, төмөнкү негизги аспектини белгилеп айтууга болот: Мугалим информацияны таратуучу (адаттагыдай) катары эмес, концультанттын, кеңешчинин ролунда болууга тийиш. Бул бир канча жакшы жыйынтыктарды берет: окуу процессине студенттер активдүү катышат, өз алдынча ой жүгүртүүгө үйрөнөт, өзүнүн көз карашын калыптандыра алат, үйрөнгөн теорияны чыныгы абалда моделдештире алат.

Окутуунун компьютердик каражаттарынын жалпылап айтканда электрондук окуу материалдарынын технологиялык жетишкендиктери болуп төмөнкүлөр эсептелет.

- Мындай окуу материалдарын иштеп чыгуунун оперативдүүлүгү жогорулайт;
- Маалыматтарды кеңейтүүнүн жана жаңылануунун жөнөкөйлүгү;
- Тираждоонун жөнөкөйлүгү;
- Жеңил таркатуу (Internet тармагын колдонгон убакта);
- Маалыматтардын көп өлчөмдөгү массивдерин сактоонун компакттуулугу. Электрондук окуу материалдарды жана башка электрондук чыгарылыштарды дисктерде сактоого болот. Бир гана 650 Мб көлөмдүү CD-ROM дискте 4000 томго жакын китеп батат, демек бул бир үйдөгү чоң библиотекага барабар.
- Өзгөртүү ыңгайы. Эгерде мугалимдин өзүнүн предмети боюнча электрондук китепчеси болсо, ал өтө тез убакытта ага толуктоо жана өзгөртүү киргизе алат.
- Кирүүгө мүмкүнчүлүк. Мугалим каалаган убакта өзүнүн бардык китептерин же өзгөртүүлөрүн веб – баракчасына же окуу жайдын окуу порталына жайгаштыра алат. Ал баракчагакирүүгөбардыкстуденттердин, окуучулардынмүмкүнчүлүгү болот.
- Интерактивдүүлүк. Студенттер жана окуучулар өз учурунда мындай электрондук окуу материалын өздөрүнүн маалыматы менен толуктай алат.
- Электрондук окуу материалдарын–дагы каалаган маалыматты колдонуучу–лар издөө системасынын жардамы менен көз ирмемде таба алат, андан ары иштете алат.
- Арзандуулук. Электрондук окуу материалдарын түзүүдө атайын чыгашалар каралбайт (аны түзүү учурундагы компьютерди эсепке албаганда).
- Түбөлүктүүлүк. Сандык формат–тагы электрондук окуу материалдарында эскирүү, жыртылуу коркунучу жок.
- Мобилдүүлүк. Электрондук окуу материалындагы маалыматтарды элек–трондук почта аркылуу оперативдүү жөнөтүүгө болот.

Маалымат технологияларын жана ачык тармактык ресурстарды колдонуу менен акыркы жылдарда билим берүүнүн формасын гана эмес анын өнүгүү темпи жана келечеги да өзгөрүүдө. Интернет ресурстарын колдонуучулар акыркы жылдары өтө көбөйдү, ошондуктан веб технологиялардын негизинде курулган маалымат системасын билим берүү тармагы да эффективдүү колдоно

баштады. Демек бул системалар бүгүнкү билим берүүдө керектүү роль ойнойт.

Адабияттар:

1. Сияев Т.М., Ажыбаев Д.М., Өмүралиев М.Y. Маалыматтык технологиялардын башталгыч класстын мугалимдерин даярдоодогу орду. http://arch.kyrlibnet.kg/uploads/NSU_SIYAEV_2.pdf.
2. Положение об электронном учебно-методическом комплексе по дисциплине для высших учебных заведений: 2008. www.edubelarus.info/uploads/base/Pologenie_EUMK.pdf. – Дата доступа: 18.10.2014.
3. Шваркова, Г.Г. Современная трактовка электронного учебника. Типология, необходимые структурные элементы / Г.Г. Шваркова, В.М. Галынский. http://elib.bsu.by/bitstream/123456789/36494/1/93.pdf. – Дата доступа: 24.10.2014.

Abdilla u. T., Rysaaly k. A., students of Master's degree, OshSU

The role of information and communication technologies in education

To date, the education system of our state stands at the stage of fundamental changes characterized by new goals and values. These changes in the education system with the use of new technologies require other conceptual approaches. Modern society puts again and again, new demands and challenges for the education system. One of these requirements is the new content of modern education using information and communication technologies.

Key words: *information and communication technology, electronic educational material, computer technology, electronic teaching aids.*

УДК: 371.3(51)

Аттокурова А.Дж., доцент,
Немат к. А., магистрант, ОшМУ

Келечектеги математика мугалиминин кесиптиккомпетенцияларынын профилдик өзгөчөлүгү

Макалада педагогикалык билим берүү багыты боюнча физика-математикалык билим берүүнүн (бакалавриат) "Математика" профилин даярдоодо келечектеги математика мугалиминин кесиптик компетенцияларынын профилдик өзгөчөлүгүн аныктоо маселеси коюлган. Бул маселенин чечилиши салыштырмалуу анализ методу аркылуу ишке ашырылып жыйынтыгы атайын таблицада көрсөтүлдү.

Ачкыч сөздөр: *профилдик өзгөчөлүк, кесиптик компетенциялар, бакалавр, кесиптик-профилдик компетенциялар, "Математика" билим берүү чөйрөсү*

В данной статье поставлена задача определения профильной особенности профессиональных компетенций будущих учителей математикипо профилю подготовки "Математика" направления педагогическое образование, направленность "Физико-математическое образование". Данная задача решена методом сравнительного анализа, результаты которой показаны в специальной таблице.

Ключевые слова: *профильная особенность,профессиональные компетенции, бакалавр, профессионально-профильные компетенции, образовательная область "Математика".*

Учурда жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттары компетенттүүлүк негизде иштелип чыгып бүтүрүүчүлөрдө универсалдык жана кесиптик компетенцияларды калыптандыруу маселесин койду.

"Компетенция" жана "компетенттүүлүк" боюнча академиялык чөйрөдө көптөгөн ой-пикирлер жана

талаш-тартышты туудурган суроолор талкууланып жатат. Азырынча компетенттүүлүк теориясы толук түзүлүп бүтө элек жана бир катар изилдөөчүлөрдүн изилдөө объектиси бойдон калууда. 1978-жылы СССР Министрлер Советинин токтому менен кесиптик ишмердүүлүктү моделдештирүү максатында адистин квалификациялык мүнөздөмөсү иштелип чыккан. Ал эми он жылдан кийин жогорку билимдүү адистерге квалификациялык мүнөздөмө–лөрдүн жаңы мууну иштелип чыгып комплекстүү квалификациялык тапшырмалардын фонду түзүлгөн.

Компетенттүүлүк негизде кесиптик билим берүүдө адистин квалификациялык мүнөздөмөсү толукталып аны коомдун суроо-талаптарына шайкеш келтирүү максаты коюлат. Биз компетенцияны бүтүрүүчүнүн социалдык аракетке, алган билим, билгичтик жана көндүмдөрүн болочоктогу кесиптик ишмердүүлүгүндө ийгиликтүү пайдалануага, айкын эмес шарттарда түрдүү проблемаларды аң сезимдүү жана жоопкерчиликтүү чечүү, жашоодо зарыл билимдерди өздөштүрүүгө даярдыгы жана адистиги боюнча инсандык оң сапаттарга ээ болушу катары мүнөздөйбүз. Педагогдун компетентүүлүгү – бул окуу, таанып билүү, тарбиялоо жана башка ишмердүүлүк процессинде окуучулар менен бирдикте педагогикалык маселелерди квалификациялуу чечүүгө кесипкөй жана инсан катары даярдыгы жана жөндөмдүүлүгү болуп саналат.

Мугалим өзүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндө эң башкы эки милдетти («Эмнени окутуу керек?» жана «Кантип окутуу керек?») ишке ашырат. Мында биринчи суроонун жообу мугалимге коюлган предметтик талаптар болуп саналат. Педагогика, психология жана предметти окутуунун методикасын окуп үйрөнүү менен предметти окутуу боюнча билимдерге ээ болот. Бирок, азыркы мезгилде жогорудагы эки суроого карата даярдыктар «Мугалим» деген сыймыктуу наамга толук ээ болууга жетишсиздик кылат жана аларга келечектеги мугалимге коюлган социалдык талаптар кошумчаланышы керек. Ошентип келечектеги мугалимдин кесиптик ишмердүүлүккө толук даярдыгы предметтик, педагогикалык жана социалдык компетенттүүлүктөргө ээ болушу менен аныкталат.

Кесиптик билим берүүнүн негизги максаты – даярдоо багытынын деңгээли жана профили боюнча квалификациялуу, эмгек рыногундагы конкуренцияга туруштук берүүчү, компетенттүү, тынымсыз кесиптик өнүгүүгө ынтызар адисти даярдоо болуп саналат. “Педагогикалык билим берүү” (академиялык даражасы – бакалавр) даярдоо багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында (ЖКББ МББС) бул максат бакалаврдык программаны өздөштүрүүнүн натыйжаларына коюлган талаптар, б.а., универсалдык жана кесиптик компетенциялар аркылуу конкреттештирилген. “Физика-математи–калык билим берүүнүн” бакалаврынын кесиптик компетенцияларынын анализ–дөөнүн натыйжасы алардын баяндалышында профилдик өзгөчөлүктүн (спецификанын) ажыратылбагандыгын көрсөттү. Бакалаврдын – келечектеги предметтик мугалимдин бул спецификасы предметтин өзгөчөлүктөрү, учурдагы билим берүүдөгү орду жана ролу менен байланыштуу. Предметник мугалимдин предметтик жана методикалык (профилдик) компетенттүүлүгүн аныктабай туруп анын кесиптик компетенттүүлүгүн баалоого мүмкүн эмес. Ушуга байланыштуу келечектеги математика мугалиминин кесиптик компетенцияларынын профилдик түзүүчүсүн кесиптик-профилдик компетенциялар деп атоону кабыл алдык. Учурда келечектеги предметник-мугалимдин кесиптик-профилдик компетенцияларынын дидактикалык жана методикалык аспектилерин изилдөө актуалдуу болуп саналат.

Алдын-ала студенттердин – келечектеги математика мугалимдеринин кесиптик-профилдик компетенцияларынын системасын жана мазмунун айкындоо ыкмасын аныктап алууга тийишпиз. Атап айтканда, кесиптик-профилдик компетенцияларды жана алардын

системасын ЖКББ МББСнын кесиптик компетенциялары–нын тизмесинде “Математика” билим берүү чөйрөсүнүн мазмундук өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныктоо зарыл [2].

Ал үчүн ЖКББ МББСда бакалаврдын кесиптик компетенцияларынын (КК) курамына анализ жүргүзүү менен “Математика” билим берүү чөйрөсүн эске алып тактоо аркылуу тиешелүү компетенциялар боюнча келечектеги математика мугалиминин кесиптик-профилдик компетенцияларын аныктайбыз жана алынган жыйынтыкты таблица түрүндө көрсөтөбүз (1-таблица).

1-таблица

ЖКББ МББСна ылайык келечектеги математика мугалиминин кесиптик-профилдик компетенциялары

ЖКББ МББС боюнча (“Педагогикалык билим берүү”) кесиптик компетенциялар (КК) [1]	**Бүтүрүүчү - келечектеги математика мугалиминин кесиптик-профилдик компетенциялары (КПК)**
1	2
Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимдерди колдонууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү (КК-1)	Кесиптик маселелерди чечүүдө психологиялык-педагогикалык билимдерди колдонууга даяр жана кесиптик ишмердүүлүктө педагогикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын колдонууга жөндөмдүү (КПК-1)
Методикалык проблемаларды (окутуунун моделдери, методдору, технологиялары жана ыкмалары) чечүүнүн ыкмаларына ээ жана окутуунун сапатын баалоо технологиясын колдонууга жөндөмдүү (КК-2)	Методикалык проблемаларды (математика–ны окутуунун моделдери, методдору, технологиялары жана ыкмалары) чечүүнүн ыкмаларына ээ жана математиканы окутуунун сапатын баалоо технологиясын колдонууга жөндөмдүү (КПК-2)
Билим берүү процесси үчүн инсанга багытталган окутуунун принциптерине жана туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүгө (сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо, жаратылыш ресурстарын жана энергияны үнөмдүү колдонуу, маданий көп түрдүүлүк, инклюзия ж.б.) ылайык оптималдуу шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (КК-3)	Математикалык билим берүү процесси үчүн инсанга багытталган окутуунун принциптерине жана туруктуу өнүгүү үчүн билим берүүгө (сергек жашоо образы, жаратылышты коргоо, жаратылыш ресурстарын жана энергияны үнөмдүү колдонуу, маданий көп түрдүүлүк, инклюзия ж.б.) ылайык оптималдуу шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (КПК-3)
Окуучуларды социалдаштыруунун жолдо–руна, техникасына, методикасына жана ыкмаларына ээ жана окуучулардын болочоктогу кесибин аныктоосуна шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (КК-4)	Окуучуларды социалдаштыруунун жолдоруна, техникасына, методикасына жана ыкмаларына ээ жана окуучуларды математикага даярдоо процессинде болочоктогу кесибин аныктоосуна шарттарды түзүүгө жөндөмдүү (КПК-4)
Билим берүү программаларын өз алдынча аныктай билет, аларга дидактикалык материалдарды тандай билет жана аларды педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине ыңгайлаштырып колдоно билет (КК-5)	Билим берүү программаларын өз алдынча аныктай билет, аларга дидактикалык материалдарды тандай билет жана аларды педагогикалык рефлексиянын негизинде окуу процессине ыңгайлаштырып колдоно билет (КПК-5)
Предмет (предметтер боюнча) сабактарды программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуу планына ылайык пландаштыра алат (КК-6)	Математика боюнча сабактарды программанын темаларынын жана бөлүмдөрүнүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуу планына ылайык пландаштыра алат (КПК-6)
Кесиптик рефлексия жүргүзүү аркылуу өзүн өнүктүрүү боюнча милдеттерди кое билет (КК-7)	Кесиптик рефлексия жүргүзүү аркылуу өзүн өнүктүрүү боюнча милдеттерди кое билет (КПК-7)

Окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуу менен педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү (КК- 8)	Математиканы окутуунун интерактивдүү формаларын жана методдорун колдонуу менен педагогикалык ишмердүүлүктү жүргүзүүгө жөндөмдүү (КПК- 8)
Окуучулардын түрдүү аймактардагы (акылы, социалдык, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин диагноздоону жана түрдүү терс таасирлерге (зордук-зомбулук, наркотиктер, алкоголь ж.б.) бөгөт коюуну билет (КК-9)	Окуучулардын түрдүү аймактардагы (акылы, социалдык, моралдык ж.б.) өнүгүү деңгээлин диагноздоону жана математика предметинин каражаттары аркылуу түрдүү терс таасирлерге (зордук-зомбулук, наркотиктер, алкоголь ж.б.) бөгөт коюуну билет (КПК-9)
Физика-математикалык билим берүүнү өнүктүрүү проблемалары боюнча изилдөөлөргө катышууга жөндөмдүү (КК-10)	Математикалык билим берүүнү өнүктүрүү проблемалары боюнча изилдөөлөргө катышууга жөндөмдүү (КПК-10)
Физика-математикалык билим берүү тармагынын кайсы бир проблемалуу багыты боюнча илимий изилдөөлөрдүн негизги методдоруна ээ (КК-11)	Математикалык билим берүү тармагында илимий изилдөөлөрдүн негизги методдоруна ээ (КПК-11)
Учурдагы маалыматтык билим берүү технологияларын пайдалануу менен жаңы билимдерге ээ болууну билет (КК-12)	Учурдагы маалыматтык билим берүү технологияларын пайдалануу менен жаңы билимдерге ээ болууну билет (КПК-12)
Билим берүү процессинде келип чыккан типтүү тарбиялык маселелерди чечүүгө жөндөмдүү (КК-13)	Математиканы окутуу процессинде келип чыккан типтүү тарбиялык маселелерди чечүүгө жөндөмдүү (КПК-13)
“Физика-математикалык билим берүү” багытынын профилдик дисциплиналарынын бири боюнча окутуу процессин конструкциялоонун жана ишке ашыруунун негиздерине ээ (КК-14)	Математика боюнча окутуу процессин конструкциялоонун жана ишке ашыруунун негиздерине ээ (КПК-14)
“Физика-математикалык билим берүү” багытынын профилдик предметинин мазмунунун базасында окуучулар менен түзөтүүчү же өнүктүрүүчү мүнөздө жекече иш алып барууга даяр (КК-15)	Математика предметинин мазмунунун базасында окуучулар менен түзөтүүчү же өнүктүрүүчү мүнөздө жекече иш алып барууга даяр (КПК-15)
Кесиптик-билим берүү тармагында маданий агартуучулук мүнөздө билим берүүнүн милдеттерин ишке ашырууга жөндөмдүү (КК-16)	Кесиптик-билим берүү тармагында маданий агартуучулук мүнөздө математикалык билим берүүнүн милдеттерин ишке ашырууга жөндөмдүү (КПК-16)

Дүйнөлүк практикада колдонулуп келе жаткан квалификациялардын Улуттук системасы биздин өлкөдө калыптануу этабында турат. Квалификациялардын Улуттук системасы – бул эмгек рыногунун эмгекчилердин квалификациясына болгон суроо-талаптарын, билим берүү системасынын жана окутуунун квалификацияларды сунуштоосун укуктук жана институционалдык жөнгө салуу механизмдеринин жыйындысы болуп төмөнкү документтерден түзүлөт:

1. Квалификациялардын улуттук алкагы;
2. Кесиптик стандарттар;
3. Квалификациялардын тармактык алкагы;
4. Улуттук жана эл аралык деңгээлдерде квалификацияларды таануу үчүн сертификациялоо системасы.

Учурда Кыргыз Республикасында квалификациялардын Улуттук алкагы иштелип чыкты жана бекитилди. Квалификациялардын Улуттук алкагы – белгилүү критерийлердин топтому менен аныкталган квалификациялардын, билим берүүчүлүк-квалификациялык деңгээлдердин түзүмдөштүрүлүп баяндалышы [3].

КРдин квалификациялык Улуттук алкагы бирдиктүү методологиялык негизде

кесиптик жана билим берүү стандарттарын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берет [3].

Бул документте бакалавр даражасына ээ болгон адис билим берүүнүн төмөнкүдөй натыйжасына ээ болушу керектиги көрсөтүлгөн:

1. Билүү жана түшүнүү: кесиптик ишмердүүлүктүн областында эмгек функцияларын аткарууга жана квалификациянын кийинки деңгээлдерине жетүүгө жетиштүү болгон теориялык негиздерди жана фундаменталдык принциптерди билүү жана түшүнүү;
2. Билгичтиктер жана көндүмдөр: инновациялык ишмердүүлүктү жүргүзүү, айкын эмес шартта татаал маселелерди чечүү билгичтиктери жана көндүмдөрү. Өз ишине кесипкөй мамиле жасоо;
3. Инсандык компетенциялар: мекеменин же уюмдун деңгээлинде максатты коюуда жана чечим кабыл алууда жоопкерчиликти ала билүү. Өз алдынча окууга жана кол астындагыларды окутууга жөндөмдүүлүк.

Адистер Бакалавр адистигине коюлган мындай талаптар кесиптик жана билим берүү стандарттарында чагылдырылышы зарыл деп эсептешет.

Заманбап ЖОЖдун негизги максаты болуп бүтүрүүчүлөрдү ЖКББ МББСда аныкталган компетенттүүлүк моделине ылайык даярдоо болуп саналат. Мындан ары педагогикалык багыттагы билим берүү программалары педагогдун кесиптик стандартында көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарды эске алышы керек болот, анткени бүтүрүүчүлөрдү эмгекке жайгаштырууда иш берүүчүлөр кесиптик стандартка таянышат. Азырынча Кыргыз Республикасында математика мугалиминин квалификациясына коюлган талаптарды аныктаган педагогдун кесиптик стандартынын долбоору даярдалып жатат. Кийинки иш-аракеттер бүтүрүүчү – келечектеги математика мугалиминин кесиптик-профилдик компетенциялары боюнча предметтик жана методикалык компетенцияларын аныктоодо турат.

Адабияттар:

1. Государственный образовательный стандарт высшего профессионального образования по направлению «Педагогическое образование». Бакалавриат и магистратура. – Бишкек. 2015. – С. 350.
2. Методика выявления и оценивания уровня сформированности профессиональных компетенций студентов – будущих учителей математики: учебное пособие. – Красноярск: РИО КГПУ им. В.П. Астафьева. 2015. – С. 264.
3. Таштообаева Б.Э. Национальная система и рамка квалификаций в Кыргызской Республике [Текст]/Б.Э. Таштообаева. – Бишкек. 2015. – С. 130.

A.Zh. Attokurova, docent,
Nemat k. A., student of Master's degree, OshSU

Profile feature of professional competencies of future teachers of mathematics

In this article, the task is to determine the profile features of the professional competencies of future teachers of mathematics in terms of the "Mathematics" training profile in the pedagogical education direction, "Physics and Mathematics Education". This problem issolved by the method of comparative analysis, the results of which are shown in a special table.

Key words: *profile feature, professional competence, bachelor, professional profile competences, educational field "Mathematics".*

УДК: 91:37.016

Жумаева К., магистранттар,
Курманалиев К., ОшМУ

Мектепте география сабагын өтүүдө “сынчыл ойломду өнүктүрүү” стратегияларын пайдалануу

Макалада география сабагында географиялык билимдин натыйжалуулугун жана сапатын жакшыртуу максатында “сынчыл ойломду өнүктүрүү” стратегиялары пайдаланылган бир сабактын иштелмеси сунушталды.

Ачкыч сөздөр: *окутуунун технологиясы, проблемалуу окутуу, сынчыл ой жүгүртүү, дарыя, суунун сарпталышы, жылдык орточо агым, экологиялык ко*
ому, дарыя экологиясы.

В статье предложена разработка одного урока по использованию стратегий развития критического мышления в целях повышения эффективности географического образования и улучшения его качества.

Ключевые слова: *технология обучения, проблемы обучения, критическое мышление, река, использование воды, среднегодовой поток, экологическое сообщество и речная экология.*

Чыгармачыл, руханий жактан бай, ар тараптан өнүккөн жаңы адамды тарбиялоо – бул мугалимдин башкы милдети дегендей, учурдун талабына ылайык мектепте билим берүүнүн мазмунун жаңылоо негизги маселе.

Азыркы жылдарда билим берүү орчундуу трансформацияланып, рефор–малардын негиздеринде көп кырдуу билим берүү менен инновациялык мектептер пайда болду. Ошол мектептеги предметтик сабактар, сабак өтүү системасы учур сабактарына коюлуучу талаптар да өзгөчө жаңылануугa милдеттүү.

Сынчыл ой жүгүртүүдө окуучу болжолдойт, изилдеп кортундулап өз оюн жеткирет, негизин ачат, талкуулайт, сын көз менен карайт, пикирин далилдейт, пикирин алмашат, орток пикирге келет, максатка жетет, өзүн-өзү башкарат, топ менен жумуш аткарууга үйрөнөт, жан дүйнөсүн өзгөртөт, ойлоону өнүктүрөт, кызыгуусун арттырат, туш келегн сабакты өздөштүрөт, окуучу өзүн-өзү тарбиялайт [1].

Окуучунун жан дуйнөсүнө бүлүк салган, түбү жок ойго кептелдирип, толгонто алган сабактарды өтүү үчүн мугалимден көп эмгек талап кылынат.

«Мугалим тынымсыз окуп турбаса, ал мугалимдиктен калат» деп айтылгандай, биз сабагыбызда эски салттуу сабактарды гана пайдаланбай, өз билимибизди өркүндөтүп, тынымсыз изденип, ар бир сабагыбызда жаңылык жаратып заманбап сабактарды өтүүгө аракет кылуубуз керек [2].

Билим берүүгө жана тарбиялоого жаңылыктарды киргизүү өтө татаал, узак убакытты талап кылуучу процесс жана ага көп факторлор таасир тийгизет. Эң негизги фактор – мугалим. Ошондуктан, анын ишмердүүлүгүнө, билим деңгээлин жогорулатуусуна, жаңылыктарга болгон мамилелерине чоң көңүл бурулат. Жаңылыктарды киргизүү педагогдун иштиктүү аракеттерине байланыштуу.

Мисалы:

Сабактын темасы: Ак-Буура бүгүн жана эртең.

Сабактын максаты:

1. Ак-Буура дарыясынын география–лык, экологиялык бүгүнкү жана эртеңки абалы боюнча маалымат берүү.
2. Жаратылышты сактоо тууралуу айтылган акылман ойлор, эпостор жаратылыштагы шедевр ырлар аркылуу жетиштүү.
3. Окуучулардын акыл эмгегине, өз алдынча ой жүгүртүүсүнө, мекен үчүн кызмат кылууга тарбиялоо.

Сабактын жабдылышы: таблицалар, буклеттер, баракчалар, телевизор, видео магнитафон.

Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу.

А) Сабакка эмне менен келдиң?

Б) Сабактан эмнени алып кетесиң? Мугалим жогорудагы суроолор менен окуучуларга кайрылат.

В) Алтын эрежелерди окуучулар менен биргеликте кабыл алуу.

Г) Окуучуларды төрт группага бөлүү.

***Чакыруу*:** Ак-Буура дарыясынын учурдагы проблемасы туурасындагы видео тасманы көрсөтүү.

Түшүнүү:.

Көрсөтүлгөн видео тасманы, адегенде өз алдынча, эки-экиден болуп сүйлөшүшүп, талкуулашат (иштөөнүн кадамдарын, ыкмаларын, чакыруу баскычында, мугалим тааныштырат).

Ойлонуу.

Ар бир группа өздөрүнүн өкүлдөрүн даярдашат

1-группа: Географтар

2-группа: Биологдор

3-группа: Экологдор

4-группа: врачтар-эпидемиологдор

Даярдануу убактысы: 10 минута берилет. Көрүлгөн видео тасма боюнча ар бир топ өз алдынча белгилүү убакыт ичинде талкуу жүргүзүшөт да, өз ойлорун ортого салышат.

Географтар:

- “Ак-Буура” дарыясынын Кичи-Алай кырка тоолорунан агып түшүп, Папан суу сактагычына топтолуп, Ак-Буура өрөөнү аркылуу өтүп, Кара-Дарыяга барып куят;
- Ак-Буура дарыясынын суу чогултуу аянты 2540 км^2;
- Суу чогултуучу аянтынын орточо бийиктиги 3110 м;
- Жылдык орточо чыгымы 21,1 м/сек.
- Агымдын молдугу 9,12 л/сек.км

Ак-Буура дарыясы Ош шаарын толук суу менен камсыз кылат жана дыйканчылыкта, сугат иштерине кеңири пайдаланылат.

Биологдор:

Азыркы учурда Ак-Буура дарыясынын жээктери өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүнө жарды. Себеби, адам баласынын турмуш-тиричилик аракеттеринин таасиринде көптөгөн түрлөр азайып, башка жерлерге көчүүгө мажбур болгон. Учурда дарыянын жээктеринде негизинен сай тал, долоно, чычырканак, жийде, жаңгак жана башка бадал жана жарым бадалга кирген өсүмдүктөр өсөт. Жаныбарлардан кемирүүчүлөр классынын 6 түрү (уй, токой чычканы, түркестан келемиши, кадимки момолой, токой барак куйругу жана сокур момолою), жырткычтардан – түлкү, арс чычкан, канаттуулардан жапайы өрдөк, сагызган, карга, фазан, үкү, балыктардан форель, маринка, сом ж.б. кездешет.

Врач-эпидемиологдор:

16.07.2017-жыл Як-Калык жана Увам каналынын жээгинде жашоочу элдерде түрдүү таштандылардан чыккан эль-тор жана огава микробдору пайда болуп, адамдарда ичеги-көндөй ооруларын пайда кылган.

Июль 20.07.17-ж. Як-Калык жана Увам арыгында ичеги-көндөй оорусу бар экендиги аныкталган. Биз ооруну сууну пайдалануу аркылуу жугузабыз. Азыркы мезгилде Ак-Буура суусуна абдан көптөгөн таштанды, акыр-чикир, кир сууларга кошулуп суунун булганышына алып келип жатат. Кир сууда ичеги-карын ооруларынын микробдору жакшы көбөйүп, өрчүйт, суу аркылуу брюшной тиф, дизентерия, холера, гепатит А, Е жана башка ичеги-карын оорулары жугат. 2011-2017 жылдар шаарыбызда брюшной тифтин эпидемиясы болуп өттү.

Экологдор:

Бүгүнкү күндө социалдык керектөө коому менен жаратылышты керектөөсүнүн ортосунда эң чоң карама-каршылык келип чыкты, башкача айтканда, суу объектисин комплекстүү пайдалануу маселеси пайда болду. Азыркы мезгилде сууну коргоодо илимий-техникалык жетишкендиктерди пайдалануу жокко эсе. Көптөгөн айыл-чарбада, өнөр-жайларда иштетилген жана булганган суулар Ак-Буура дарыясынын эң негизги булгоочу булактары болуп саналат. Дарыянын суусун түрдүү булганычтардан сактоодо өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ролу жогору.

Мисалы: “Табият-Ош” экология–лык коому, “Ак-Буура” экоклубу, Айлана-чөйрөнү коргоо башкармасы, мектептеги “Жаш эколог” кружоктору учурда дарыянын тазалыгын сактоодо,

өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсүн коргоо жана көбөйтүү багытында белгилүү иштер алып барылууда.

Жыйынтыктоо.

Ар бир чакан топтор өтө кызыктуу иш алып бардыңар. Келгиле, баарыбыз чогуу айтылган ой-пикирлерге таянып, Ош шаарынын жашоочуларын Ак-Буура дарыясынын бүгүнкү жана эртеңки абалы боюнча кайрылуу иштеп чыгалы:

- Ак-Буура дарыясынын түрдүү таштандылардан сактайлы;
- Дарыянын жээктерин көрктөндүрүү максатында бак-дарактарды отургузалы;
- Дарыянын тазалыгын сактоо үчүн атайын рейддерди уюштуралы;
- Дарыянын жээктеринин көркүн ачкан өсүмдүк жана жаныбарларды коргойлу.

Кыргыз жери – жерлердин чүрөгүбү,
Сулайман тоо Ошумдун жүрөгүбү.
Далайларды тамшантып, таңдардырган
Ак-Буура сууларын мүрөгүбү.

Балдар, Ош шаарыбыз Ак-Буура дарыясы менен суктанып, Сулайман тоосу менен сыймыктанса жарашат.

Ак-Буура дарыясы

жылдар	*Жоготуулар, м³*	*Суунун алынышы, м³*
2012	85,6	420,9
2014	93,9	428,2
2015	61,6	409,8
2016	67,8	404,8
2017	90,6	417,9

Системалардан алынган суулардын пайдалануудагы жоготуулары (2012-2017) ж.

Сабакты баалоо.

Жыйынтыктап айтканда, мектепте география сабагын өтүүдө “сынчыл ойломду өнүктүрүү” стратегияларын пайдалануу менен сабак өтүү жаш мугалимдердин кесиптик чеберчиликтерин өстүрүүгө чоң көмөк көрсөтөт.

«Мугалим тынымсыз окуп турбаса, ал мугалимдиктен калат» деп айтылгандай, биз сабагыбызда эски салттуу сабактарды гана пайдаланбай, өз билимибизди өркүндөтүп, тынымсыз изденип, ар бир сабагыбызда жаңылык жаратып заманбап сабактарды өтүүгө аракет кылуубуз керек.

Адабияттар:

1. Муратов А., Акматов К. Окутуунун жаңы технологиялары. – Бишкек. 2017.
2. Бекбоев И.Б. Проблемалуу окутуу//Эл агартуу. 1977. №8.
3. Максимов Н.А. Физикалык география. 6 класс. – Москва.1989.

K. Zhumaeva, Kurmanaliev K., student of Master’s degree, OshSU

Using strategies for developing critical thinking in teaching geography in schools

The article proposes the development of one lesson on the use of strategies for the development of critical thinking in order to improve the effectiveness of geographical education and improve its quality.

Key words: *learning technology, learning problems, critical thinking, river, water use, average annual flow, ecological community and river ecology.*

УДК: 91:37.016

Жумаева К., Маматкулова А., магистранттар, ОшМУ

География сабагында окутуунун жаңы технологияларын колдонуу – учурдун талабы

Макалада азыркы мезгилде мектепте географияны окутууда жаңы технологияларды колдонуунун эффективдүүлүгү каралды. Географиялык билимдин натыйжалуулугун жана сапатын жакшыртуу боюнча бир сабактын иштелмеси сунушталды.

Ачкыч сөздөр: *окутуунун технологиясы, инновация, проблемалуу окутуу, атмосфералык жаан-чачын, жамгыр детектору.*

В статье рассмотрена эффективность использования новых технологий в обучении географии в школах. Предложена разработка одного урока по повышению эффективности географического образования и улучшению его качества.

Ключевые слова: *технология обучения, инновация, проблемное обучение, атмосферные осадки, детектор дождя.*

Азыркы учурда окутуунун технологиясына көңүл бурулуп, азыркы педагогика окуу китептеринде, технология түшүнүгүнө арналган атайы эмгектерде, «География в школе», «Педагогика» журналдарында жарыялан–ган макалаларда тиги же бул деңгээлде түшүнүк берилген.

Технология термини эки латын сөзүнөн түзүлгөн: «техне» – искусство, чеберчилик, өнөр; «логос» – илим. Эң алгач бул термин өндүрүшкө жаңылыктарды киргизүүнүн жыйынты–гын түшүндүргөн. Акыркы мезгилге чейин интеллектуалдык өндүрүштө, анын ичинде тарбия иштеринде технология түшүнүгү орун ээлеген эмес эле. Мына эми бүгүнкү күнү И.П. Подласый айткандай, педагогикалык теорияда технологиялык мамиле бышып жетилип, анын максаттуулугуна жана рационалдуулугуна баа берилип, эске алына баштады. Анын себеби эмнеде? Кайсы иш-аракетти албайлы, ал же технология, же искусство болууга тийиш (В.П. Беспалько). Искусство интуицияга, технология илимге негизделет. Эгерде технология иштелип чыга элек болсо, интуициялары күчтүү, ийкемдүү адамдар жакшы жыйынтыкка жете алышат, башкача айтканда, жекече чеберчилик, өнөр алдыга чагат» [1].

И. Бекбоев макаласынын атын түз эле «Инновациялык билим берүүчү технологияларды колдонуу – мугалимдин педагогикалык технологиясынын негизи» деп атайт да, анда азыркы сабактагы инновациялык технологиялардын колдонулуш абалын анализге алуу менен аларды жаңылоонун зарылдыгын көрсөтөт.

Курбаналиев М.Б., ага окутуучу,
Канатбек к. К., Исламова Г., магистранттар, ОшМУ

Окуучулардын окуу ишмердүүлүк түшүнүгү психологиялык-педагогикалык адабияттарда

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгү түшүнүгүнүн психологиялык-педагогикалык адабияттардагы колдонулуштары каралып, анын мазмуну конкреттештирилди.

Ачкыч сөздөр: *окуу ишмердүүлүгү, психология, педагогика, обьект.*

Рассметрены применения понятия учебная деятельность учащихся в психолого-педагогической литературе и конкретиреровано её содержание.

Ключевое слова: *учебная деятельность, психология, педагогика, обьект.*

Окутуунун ишмердүүлүк теориясы 1950-жылдарда П.Я. Гальперин тарабынан түзүлө баштап, анын шакирттери (Н.Ф. Талызина, Ю.В. Карпов, Л.И. Божович, Т.В. Морозкина ж.б.) тарабынан өркүндөтүлүп келе жатат. Бул теория адамдын психикасы анын ишмердүүлүгү менен үзгүлтүксүз, тыгыз байланышта деп эсептейт. Н.Ф. Талызинанын ою боюнча ишмердүүлүк – бул адамдын сырткы дүйнө менен өз ара аракеттенишүү процесси, маанилүү турмуштук маселелерди чечүү процесси. Психика, бул дүйнөнүн картасы, образдардын системасы гана эмес, аракеттердин да системасы болуп саналат.

Окутуунун ишмердүүлүк теориясына ылайык окутуу жана тарбиялоо процесстерин ишмердүүлүк катары кароо керек. Демек, окуучунун тигил же бул билимдерди өздөштүрүү деңгээли анын өзүнүн ишмердүүлүгүнө жана бул

ишмердүүлүктү мугалим канчалык даражада уюштуруп, калыптандыра алганына жараша болот.

Бирок, психологиялык жана педагогикалык адабияттарда окуу ишмердүүлүгү түшүнүгү кеңейтилген мааниде колдонулуп жүрөт. Мисалы, Ю.К. Бабанский “окуу”, “окуу ишмердүүлүгү”, “окуу эмгеги” түшүнүктөрүн синонимдик түшүнүктөр катары пайдаланат [2]. Бул түшүнүктөр кайсы бир даражада жалпылыкка ээ болушканы менен, спецификалык айырмачылыктарга да ээ түшүнүктөр.

Г.И. Щукина өз эмгектеринде окуучунун ишмердүүлүгүн да, мугалимдин ишмердүүлүгүн да окуу ишмердүүлүгү деп атай берет, окуу ишмердүүлүгү түшүнүгүн окуу түшүнүгүнө караганда кеңири түшүнүк деп эсептейт [4].

С.А. Шапоринский илимий таанып-билүүнүн жана окутуунун предметтерин салыштыруу менен “окуу ишмердүүлүгүнүн негизги мазмунун илимий билимдерди пайдалануу түзөт [3. 32] деген жыйынтыкка келет.

Д.Б. Эльконин эксперименталдык класстарда психологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү тажрыйбасына таянып, окутууну окуучулардын билимдерди өздөштүрүү процесси эле эмес, алардын окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруучу процесс катары да кароого боло тургандыгын белгилейт [5].

Л.М. Фридман туура белгилегендей, 1960-жылдардан баштап, психология илиминде окуу ишмердүүлүгүн принципиалдуу түрдө мурдагыдан башкача түшүнүү кабыл алынды [6]. Аны **ар бир окуучуда калыптандыруу керек болгон өзгөчө ишмердүүлүк** катары карашат. Окуу ишмердүүлүгү деп, окуучунун ишмердүүлүгүн түшүнүү керек. “Окутуунун жана тарбиялоонун максаттарын окуучу өзүнүн жеке максаты катары кабылдап, ага жетүүгө багытталган ишмердүүлүктү окуучунун окуу ишмердүүлүгү деп санашат”. Бул теорияда иштелип чыккан окуу ишмердүүлүгү түшүнүгүнүн башкалардан болгон өзгөчөлүктөрүн бөлүп көрсөтүү үчүн С.Л. Рубинштейн тарабынан айтылган төмөнкү ойго көңүл буралы: «Окуунун, тагыраак айтканда окутуп-үйрөтүүнүн жана ишмердүүлүктүн эки түрү бар, булардын натыйжасында адам жаңы билимдерге жана билгичтиктерге ээ болот. Алардын бири ушул билимдерге жана билгичтиктерге ээ болууга атайылап багытталган. Экинчиси болсо, ушул билимдерге жана билгичтиктерге башка максатты ишке ашыруу менен жетет. Бул учурда аны (окууну) өз алдынча ишмердүүлүк дешке болбойт, ал ишмердүүлүктүн натыйжасында ишке ашырылган процесс».

Бул ойго комментарий берели. Айталы, 7-класстын окуучусу «пружинаны градуирлөө жана күчтү динамометр менен өлчөө» деген лабораториялык ишти аткарып жатат. Бул учурда анын максаты эмне? Белгилүү бир приборду – динамометрди жасоо жана анын жардамында күчтү өлчөө. Ошол эле окуучу маселе чыгарып жатат дейли. Анын максаты – ушул маселени чыгаруу. Эки учурда тең окуучу белгилүү бир билимдерге жана билгичтиктерге ээ болот.

Окуучу ошол эле лабораториялык ишти аткарып, ошол эле маселени чыгарып жаткан башка бир учурду элестетели. Бирок, бул учурда ал өзүнүн алдына ушундай лабораториялык иштерди аткарууга, ушундай маселелерди чыгарууга үйрөнүү максатын койсун. Албетте, бул учурда окуучунун окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы биринчи учурдагыга салыштырмалуу жогору болот. Себеби, “... адам өзү кабыл алгандын баарын эле актуалдуу аңдап түшүнө бербейт. Адам өзүнүн аракетинин максатын жана предметин гана актуалдуу аңдап түшүнө алат” [7. 11]. Ошентип, биринчи мисалда окуучунун өз алдынча ишмердүүлүгү жөнүндө сөз жүрсө, экинчи мисалда окуучунун ишмердүүлүгүнүн натыйжасында ишке ашкан процесс жөнүндө, башкача айтканда ишмердүүлүктүн өзү эмес, ишмердүүлүктүн жыйынтыгы жөнүндө сөз кылууга болот.

Жогоруда айтылгандарды жыйынтыктап, окуунун эки түрүн бөлүп көрсөтүүгө болот: 1) окуучунун

ишмердүүлүгү конкреттүү билимдерге жана билгичтиктерге ээ болууга түздөн-түз багытталган окуу; 2) окуучунун ишмердүүлүгү башка бир максатка багытталып, ал эми конкреттүү билимдерге жана билгичтиктерге ээ болуу ушул ишмердүүлүктүн кошумча продуктысы катары келип чыккан окуу.

Окуу ишмердүүлүгүнүн дагы бир өзгөчөлүгү, окуу материалын өздүштүрүү теориялык жалпылоо принцибине ылайык жүргүзүлөт, башкача айтканда, окуу ишмердүүлүгү илимий-теориялык ишмердүүлүк катары калыптануусу керек. Бул өзгөчөлүк В.В. Давыдовдун жетекчилигинде математика жана орус тилин окутуу боюнча жүргүзүлгөн теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы экендигин унутпоо керек. Ал эми физикада теориялык жалпылоолор менен катар эмпирикалык жалпылоолор да бар.

Ошондуктан, окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн калыптандыруу проблемасын анализдөөдө эмпирикалык жалпылоо унутта калбоосу зарыл. Жогоруда айтылгандардын негизинде физикага окутуунун методикасынын алдында төмөнкү проблемаларды тактоонун зарылчылыгы келип чыгат:

- физиканын мектеп курсунда теориялык жана эмпирикалык жалпылоолордун орду;
- эмпирикалык жана теориялык жалпылоолордун өз ара катышы;
- түшүнүктөрдүн ортосундагы байланыштарды калыптандыруу, билимдердин системалуулугу;
- окуучулардын окуу ишмердүүлүгү, окуучулардын физикалык маселелерди чыгаруу ишмердүүлүгүнүн структурасы жана мындай ишмердүүлүктү калыптандыруу–нун жолдору.

Физика боюча окуучулардын окуу ишмердүүлүгү деп, биз объективдүү түрдө (мугалим тарабынан) гана эмес, субъективдүү түрдө да (окуучулардын өз каалоосу боюнча) билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ болууга, физикалык түшүнүктөрдү киргизүүдө түшүнүктөрдүн ортосундагы маанилүү байланыштарды, закон ченемдүүлүктөр–дү, закондорду жана теорияларды окуп-үйрөнүүдө колдонулуучу жалпы жана спецификалык ыкмаларды, аракеттердин схемасын өздөштүрүүгө багытталган окуучунун ишмердүүлүгүн түшүнөбүз. Мында окуу материалын өздөштүрүү теориялык жана эмпирикалык жалпылоолорду өз ара айкалыштыруу, таанып-билүүнүн теориялык жана эмпирикалык деңгээлдеринин өз ара катышын, окуучулардын теориялык ойлоосунун өсүүсүнүн закон ченемдүүлүктөрүн эске алуу менен жүргүзүлүүсү керек. Окуу маселелерин чечүү окуу аракети аркылуу ишке ашат. Мурда белгиленгендей, окуучу өз аракетинин түздөн-түз максаты болгон мазмунду гана таанып-билүүгө умтулат. Ошондуктан **мугалим уюштурган ишмердүүлүк ишмердүүлүктүн объекти (окуу маселеси) талап кылгандай ишмердүүлүккө адекваттуу болушу зарыл.**

Адабияттар:

1. Айсмонтас Б.Б. Педагогическая психология: Схемы и тесты [Текст] / Б.Б. Айсмонтас. – М. Изд-во Владос-Пресс. 2002. – 208 б.
2. Бабанский Ю.К. Избранные педагогические труды [Текст] /Ю.К. Бабанский. Сост. М.Ю.Бабанский. – М. Педагогика. 1989. – 560 б.
3. Курбаналиев М.Б. Психология решения физических задач [Текст]/М.Б. Курбаналиев, М. Калбекова//Вестник ОшГУ. 2004. №6. – 95-99 бб.
4. Курбаналиев М.Б. Деятельностный подход к обучению, как необходимое условие формирования учебной деятельности учащихся [Текст]/М.Б Курбаналиев //Известия ВУЗов. 2012. №3. – 271-274 бб.
5. Курбаналиев М.Б. Организация учебной деятельности учащихся [Текст]/М.Б. Курбаналиев//Вестник ОшГУ. 2012. №2. 118-122 бб.

6. Формирование учебной деятельности школьников / [В.В. Давыдов, И. Ломпшер, А.К. Маркова и др.]. – М. Педагогика. 1982. – 216 б.
7. Щукина Г.И. Роль деятельности в учебном процессе [Текст] / Г.И. Щукина. – М. Просвещение. 1986. –144 б.

M.B. Kurbanaliev, senior teacher,
Kanatbek k. K., G. Islamova, student of Master's degree, OshSU

The notion of "training of students" in psycho-pedagogical literature

The use of the concept of educational activity of students in the psycho-pedagogical literature is examined and its content is specified.

***Key words**: learning activities, psychology, pedagogy, an object.*

УДК: 371.3:53

Курбаналиев М.Б., ага окутуучу,
Канатбек к. К., Исламова Г., магистранттар, ОшМУ

Чыгарылышы менен берилген маселелерди пайдалануунун усулдугу

Окуучуларды маселе чыгарууга үйрөтүүдө чыгарылышы менен берилген аракетке багыттоочу негиз (АБН) катарында пайдалануунун усулдук негиздери баяндалды.

***Ачкыч сөздөр:** окуу ишмердүүлүгү, маселе чыгаруу ишмердүүлүгү, аракетке багыттоочу негиз.*

Изложены методические основы использования задач с готовыми решениями как орентировочную основу действий (ООД) при обечении учащихся к решению задач.

***Ключевое слова:** учебная деятельность, решение проблемы деятельности, орентировочную основу действий.*

Маселе иштөө физикага окутуунун ажырагыс бөлүгү. Ошондуктан окуу китептеринде көп сандагы маселелер берилүүдө. Көптөгөн маселелер жыйнактары чыгып аларда айрым маселелердин чыгарылыштары кошо берилүүдө. Мындай жыйнактардын окуучулардын маселе чыгаруу ишмердүүлүгүн калыптандыруудагы ролун ачып көрсөтөлү.

Окуучуга конкреттүү бир маселе берилсин дейли. №1. маселе түз сызыктуу жол боюнча эки автомобиль бири-бирин көздөй келе жатышат. Алардын ылдамдыктары 54км/саат жана 36км/саат. Алар кездешкен моменттен баштап, 10 минута өткөндөн кийин автомобилдер бири-биринен канчалык аралыкка алысташат?

Маселенин шартын окуп, түшүнүп-элестеткен соң окуучуга "маселени чечүү үчүн түз сызыктуу бир калыптагы кыймылдын ылдамдыгынын формуласын пайдалануу керек " деген ой келет. Бирок, ал формуланы кандайча пайдалануу керектиги али белгисиз. Бул учурда чыгарылышы кошо берилген маселелердин ичинен ушул маселеге окшош маселени издеп таап алса, анда окуучу берилген маселени ошого окшоштуруп чыгара алышы мүмкүн. Демек, керектүү маселени чыгаруу үчүн чыгарылышы менен берилген ошого окшош экинчи бир маселе АБН катарында кызмат кылды. Эми окуучу ушул типтеги башка маселени чыгарууда калган окуучуларга караганда белгилүү бир артыкчылыкка ээ болду десек болот [1. 96-97].

Мындан көрүнүп тургандай чыгарылышы кошо берилген маселелер окуучулардын маселе чечүү ишмердүүлүгүнө багыт берүүчү негиз болуп кызмат кыла алат. Бирок окуучулар мындай китептерди издөө менен биринчиден көп убакыт кетиришет.

Экинчиден, эгерде таппай калса, окуучунун маселе иштөөгө болгон кызыгуусу начарлайт. Үчүнчүдөн, мындай китептердин көбү орус тилинде. Акырында айта кете турган нерсе, окуу китептеринде дагы ар бир главанын аягында бир нече маселе чыгарылышы, түшүндүрмөсү менен берилет. Бирок көнүгүү үчүн берилген маселелерди чыгарууда аларды АБН катарында пайдалануу көп учурда мүмкүн эмес. Себеби, чыгарылышы менен берилген маселелер көнүгүү үчүн берилген маселелер менен бир типтүү эмес.

Жогорудагылардын негизинде төмөнкүдөй ойду сунуш кылабыз. Ар бир тема, глава үчүн маселелерди атайылап тандап алуу керек. Тандап алынган маселелердин системасы жогоруда көрсөтүлгөн төрт кемчиликти жоюу максатын көздөөсү керек.

Дагы бир маселе берилсин: “Түз сызыктуу жол боюнча эки автомобилист бири-бирин көздөй келе жатышат: бирөөсүнүн ылдамдыгы 36км/саат, экинчисиники 54км/саат. Алар кезиккенде токтошпойт, мурдагысындай эле кыймылдарын улантып кете беришет. Ушул кездешкен учурдан баштап 10 минута өткөндөн кийин автомобилисттер бири-биринен канчалык аралыкка алысташат?”

Маселенин шартын окуп биз төмөндөгүлөрдү көз алдыбызга келтиребиз: автомобилисттердин экөө тең түз сызыктуу бир калыпта кыймылдашат, алардын ылдамдыктары бири-бирине карама-каршы багытталган.

Ушул моментте бизге “Маселени чечүү үчүн түз сызыктуу бир калыптагы кыймылдын ылдамдыгынын формуласын колдонуу керек” деген ой келсин дейли. Бирок, ал формуланы түздөн-түз пайдаланып, маселени чыгара албайбыз. Маселени чечүү үчүн дагы эмне кылсак деп ойлонобуз.

Айталы, биздин оюбузга маселени чечүүнүн башка планы келбей койсун. Мындай шартта биз эмне кылабыз? Көбүнчө чыгарылышы менен берилген маселе китептерден ушул маселеге окшош маселени издей баштайбыз. Эгер ушундай маселени таба алсак, анда бизге өзүбүздүн маселени ошого окшоштуруп чыгаруу жөнүндөгү ой пайда болот. Демек, чыгарылышы менен берилген окшош маселелер биздин маселе чечүү иш-аракетибизге багыт берет. Айталы, биз чыгарылышы менен берилген төмөнкү маселени көрүп калдык.

Автобус 10м/с, мотоциклист 20м/с ылдамдык менен бири-бирин көздөй келе жатышат. Байкоо башталган моменттеги алардын арасындагы аралык 600м. Автобустун ошол $t=0$ кезиндеги абалы эсептөөнүн башталышына, ал эми 0Х огунун багыты автобустун кыймылынын багытына туура келет деп эсептеп, автобус менен мотоциклистин кыймылынын теңдемесин жазгыла. Убакыттын кайсы моментинде жана кайсы жерде алардын кезигише тургандыгын, эсептөө башталгандан 50с өткөн моментте алар бири-биринен канчалык аралыкка алыстаарын аныктагыла [2. 41-маселе].

Чыгаруу.

Маселенин шартында айтылгандай эсептөө системасын тандап алабыз жана ага салыштырмалуу автобустун жана мотоциклисттин кыймыл теңдемелерин жалпы түрдө жазабыз. Бул учурда автобустун координатасын x_1, мотоциклисттин координатасын x_2 деп белгилейбиз.

$$x_1 = 10t \qquad (3.1)$$

$$x_2 = 600 - 20t \qquad (3.2)$$

Бул теңдемелерден пайдаланып, автобус менен мотоциклист убакыттын кайсы моментинде жана кайсы жерде кезигише турганын табабыз. Бул моментте автобус менен мотоциклисттин координаталары барабар болушу керек. Ошондуктан

$$10t = 600 - 20t$$

$$t = 20c$$

Бул убакыт моментиндеги автобус менен мотоциклистин координаталары 200м болот. Демек, алар эсептөө башталышынан 200м аралыкта кездешишет.

4. Эсептөө башталгандан 50с өткөн моментте автобус менен мотоциклист бири-биринен канча аралыкта болот деген суроого жооп беребиз. Бул максатта

убакыттын бул маанисин тиешелүү теңдемелерге коюп, аталган телолордун ошол моменттеги координаталарын аныктай алабыз: $x_1 = 500$ м, $x_2 = 400$м. Бул абалдарды талдап (силер аны чиймеде көрсөткүлө), коюлган суроого жооп айтабыз.

$$S = 900 \text{ м}$$

Демек, автобус менен мотоциклист эсептөө башталгандан 20с өткөндөн кийин, эсептөө системасынын башталышынан (автобустун баштапкы абалынан) 200м аралыкта кездешишет. 50с убакыт өткөн учурда алар бири-биринен 900м аралыкта болушат.

Бул маселенин чыгарылышы менен таанышкандан кийин жогоруда берилген маселени чыгаруу жөнүндө бизде төмөнкүдөй ой пайда болот: маселени чечүү үчүн эсептөө системасын тандап алуу керек. Анын башталышы үчүн автомобилисттердин кезигишкен чекитин алып, координата огун биринчи автомобилдин ылдамдыгынын багыты боюнча багыттоого болот. Ушундан кийин автомобилдердин тандап алган эсептөө системасына салыштырмалуу кыймылдарынын теңдемесин жазып, анан маселенин чечилишин табабыз. Ага чейин бардык чоңдуктарды СИ системасына келтиребиз.

Эми ушул ойду (планды) ишке ашырабыз (маселе чечүү ишмердигинин үчүнчү этабы).Бул үчүн кыймыл теңдемелерин маселенин шартын эске алуу менен жазабыз.

Акырында жооптун тууралыгын баалайбыз (маселе чечүү ишмердигинин төртүнчү этабы).

Дагы ушундай эки-үч маселени өз алдыбызча чечип, ушул типтеги маселелерди чыгарууга үйрөнгөнүбүздөн кийин бизге төмөнкү маселе сунуш кылынсын: “Түз жолдо 10м/с ылдамдык менен бараткан мотоциклистти 20м/с ылдамдык менен кыймылга келген мотоциклист кууп баратат. Качан жана кайсы жерде экинчи мотоциклист биринчисин кууп жете турганын, эсептөө башталгандан 1минута өткөндөн кийин алар бири-биринен канчалык алыстыкта болоорун аныктагыла”.

Бул маселени чечүү үчүн окуучу эми мурдагыдай чыгарылышы менен берилген маселелерди издебейт. Маселени окуганда эле окуучуда аны чыгаруу жөнүндөгү ой пайда болот жана аны ишке ашырууга киришет. Өзүнө өзү отчёт берет.

Окуучу бул типтеги маселе менен биринчи кездешкенге караганда азыр кандай артыкчылыкка ээ болду? Мындай маселени чыгарууну мурда билбейт эле. Эми ага үйрөндү. Эгер жогорудагы маселелерди окуучу өзү чыгарбай башкалардан көчүрүп алган же алардын чыгарылыштарын окуп эле жүргөн болсо, анда ушул даражага жетээр беле? Жок, эч качан жетмек эмес.

Ошентип, маселе чыгаруу иш-аракетинин биринчи этабынын талабына жараша иштерди аткара алыш үчүн биз берилген маселеге тиешелүү физикалык түшүнүктөрдү, кубулуштарды, закондорду түшүнүп эске тутуубуз, билишибиз керек. Ал эми калган 3 этапка ылайык иштерди жүргүзө алуу үчүн ошол типтеги маселелерди өзүбүзчө чыгарып үйрөнүшүбүз зарыл. Бул өз кезегинде математика боюнча белгилүү даярдыкты талап кылат.

Жыйынтыктап айтканда, маселе чыгаруу иш-аракетиндеги төрт этапты билүү, башкача айтканда:

1. маселени талдоо;
2. маселени кантип чыгарса боло тургандыгын ойлонуу, башкача айтканда, маселени чыгаруунун ой жүзүндөгү планын түзүү ;
3. бул планды ишке ашыруу, башкача айтканда , маселени чыгаруу ;
4. маселенин чечимин текшерүү, баалоо.

Булардын ичинен өзгөчө маанини экинчи этапка берүү керек. Маселени чыгаруунун планын аныктоо этабы – эң жооптуу этап. Себеби, ансыз маселе чыгаруу иш-аракети башталбайт. Окуучулардын маселе иштөө аракетине багыт берүү зарыл, башкача айтканда, аларды маселе чыгарууга багыт берүүчү негиздер менен камсыз кылуу керек. Маселенин планын түзүүгө окуучуну максаттуу түрдө үйрөтүү зарыл.

Адабияттар:

1. Курбаналиев М.Б. Окуучулардын физикалык маселелерди чыгаруу ишмердүүлүгү [Текст] : М.Б. Курбаналиев // Наука и новые технологии. 2013. №5. – 95-97-бб.
2. Рымкеевич А.П. Сборник задач по физике [Текст] /А.П. Рымкевич. – М. Просвещение. 1992. – С. 224.

M.B. Kurbanaliev, senior teacher,
Kanatbek k. K., G. Islamova, student of Master's degree, OshSU

Methodical bases of using tasks with ready solutions

The methodological foundations of the use of tasks with ready-made solutions are provided as an orientation basis for actions (OOD) when teaching students to solve problems.

Key words: *educational activity, problem-solving activities, rendering base of action.*

УДК: 37.014.254

Мусаканова М., улук окутуучу, ОГПИ

Педагогдордун компетенттүү иш аракеттери – ЖОЖдордун туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө

Макалада ЖОЖдордун туруктуу өнүгүүсүнө эң негизги күч катары факультеттердеги педагогдордун компетенттүү иш аракеттеринин жүргүзүлүшү көрсөтүлдү.

Ачкыч сөздөр*: Компетенттүүлүк, билимдер, билгичтиктер, компетенция, туруктуу өнүгүү.*

В статье педагоги и их компетентные действия указаны как основные силы факультетов в устойчивом разитии высших учебных заведений.

Ключевые слова: *Компетентность, устойчивое развитие, компетенция, знания, умения.*

Коомго ар тараптан өнүккөн компетенттүү адистерди даярдоо билим берүү мекемелеринин негизги маселеси болуп жаткандыгы, баарыбызга белгилүү. Компетенттүү адистерди даярдоодо педагогдордун иш аракеттери талапка жооп берүүсү абзел. Жогорку окуу жайларындагы факультеттерде жүргүзү–лүүчү иш аракеттерге окуу жараяны, тарбиялоо, илимий-изилдөө жана маданий-массалык иштер кирет.

Коомдун өзгөрүлүшү менен тарбияланууучулардын кулк-мүнөзү, көз карашы, дүйнө таанымы бир нукка карата багытталбагандай көрүнөт. Ошол себептен ЖОЖдордо жүргүзүлүүчү иш аракеттер компетенттүүлүктү талап кылууда. Канаттуунун эки канаты болгон окутуу жана тарбиялоо процесси ЖОЖдордо бирдей жүргүзүлүшү үчүн окутуучу – кураторлор тарабынан түзүлгөн иш пландары, жумушчу пландары, «компетенцияны» эске алуу менен жеткиликтүү түзүлүшү зарыл экендигин убакыт көрсөтүп жатат.

Адегенде «компетенттүү» деген түшүнүктү чечмелесек, ал личностун кандайдыр – бир предмет боюнча эң жакшы кабардар болушу; личностун иш аракетине берилген так мүнөздөмөсү, тактап айтканда, аткарылып жаткан жумуштардын маани-маңызын түшүнүүсү жана ал учурда пайда болгон проблемаларды өз убагында жаңылбастан чече билүүсү; аткарылып жаткан иш аракетке негизги каражаттарды жана жолдорду туура тандай алуусу; убакытты туура пайдаланып жумуштун жыйынтыгына жоопкерчиликтүү мамиле жасоосу; кетирилген катачылыкты өз убагында оңдоп максатка жетүүнүн жолдорун ойлоп табуусу болуп саналат, -

деп белгилөө менен компетенттүүлүктү аныктоочу критерийлер катары төмөндөгүлөрдү көрсөтүүгө болот:

- Билимдердин жана билгичтиктер–дин деңгээли;
- Билимдердин жана билгичтиктер–дин кенендиги;
- Атайын берилген тапшырманы аткаруучу жөндөмдүүлүгү;
- Берилген тапшырмаларды рационалдуу уюштуруу жана тандоо жөндөмдүүлүгү;
- Стандарттуу эмес жагдайларда алынган билимдердин ыктуу пайдалануу жөндөмдүүлүк десек болот.

Демек, жыйынтыктап айтканда, компетенттүүлүк – ар кандай берилген тапшырмаларды актуалдуу аткаруу жөндөмдүүлүк деп белгилесек ынанымдуу болот [1;82-83].

Ал эми «компетенция» түшүнүгү инсандын компетенттүүлүгүн практикада ыктуу пайдалана алуучу жөндөмдүүлүгүн түзүп, анын негизин билим, билгичтиктер аныктайт[2;98].

ЖОЖдордун туруктуу өнүгүүсүндө төмөндөгүдөй маселелер бар:

- Алардын туруктуу өнүгүүсүнүн принциптерин жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн аныктоо;
- Адистикке карата билим берүүдөгү сапат түшүнүгүн аныктоо;
- ЖОЖдордо даярдалып жаткан адистер үчүн мамлекеттик стандарттарды иштеп чыгууну жана аларды өркүндөтүүнү, оптималдаштырууну студенттердин билимдеринин сапатын жогорулатуунун базасы катарында көрсөтүү;
- Окуу жараянда студенттердин иш аракеттерин эффективдүү контролдоо жана диагноздоо үчүн көп деңгээлдүү мониторингдердин теориялык моделин түзүү;
- ЖОЖдорду бүтүрүүчүлөрүн эки денгээлдүү окуу системасына(магистратура, аспирантура, (докторантура)) даярдоо жолдорун аныктоо.

Туруктуу өнүгүү – бир нече денгээлден турган, көп кырдуу, көп аспектүү жана көп ченемдүү категория. Ошондуктан ЖОЖдордун туруктуу өнүгүү системасын түзүүдө төмөндөгүдөй оорчундуу маселелерди чечүү талап кылынат:

- Туруктуу өнүгүүнүн миссиясын, максатын жана маселелерин аныктоо;
- Адистештирилген факультеттердин туруктуу өнүгүүсүнүн методологиялык аспектилерин аныктоо;
- Туруктуу өнүгүү системасын түзүүдөгү мыйзам-ченемдүүлүктөрдү, баалуулуктарды, принциптерди, критерийлерди иштеп чыгуу;
- Туруктуу өнүгүүдөгү башкарууну биринчи жактан динамикалык жана статистикалык түзүлүшүн иштеп чыгуу, экинчи жактан педагогикалык байланыштарды күчөтүү, үчүнчү жактан эки тараптуу байланыштарды жолго коюу;
- Туруктуу өнүгүүнүн жакынкы жана перспективдүү иш аракеттерин пландаштырууга шарт түзүү жана багыт берүү;
- Билим берүү мейкиндигинде туруктуу өнүгүүнүн технологиясын, моделин, алгоритмин иштеп чыгуу;
- Туруктуу өнүгүүнүн бааланууусу жана түзөтүлүшүн камсыз кылуу;
- Учурдагы жана келечектеги күтүлүүчү жыйынтыктарды аныктоо.

ЖОЖдордогу факультеттердин туруктуу өнүгүүсү анын социалдык коомчулук менен болгон байланышын күчөтөт, башкаруу системасын иретине келтирет, билим берүүнүн мазмунун илимий жактан далилдөөсүнө шарт түзүлөт, жеке студенттин талабын эске алуу менен окутуунун теориялык жана практикалык жараянындагы методдорду, формаларды жана мазмунун оптималдуу теңдештиги каралат.

Факультеттердин иш аракеттерин жүргүзүүдө педагогикалык компетент–түүлүк анын туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

ЖОЖдордогу факультеттердин активдүү өнүгүү этабында төмөндөгү маселелерди чечүү талап кылынат: туруктуу өнүгүүгө таандык болгон факультеттин маданияттуулугун жана уюштуруучулук түзүлүшүн

калыптандыруу; сапаттуу заманбап адистерди даярдоодогу билим берүүчүлүк мейкиндигин өркүндөтүү; студенттердин жана окутуучулардын чыгармачыл группасынын мобилдүүлүгүн камсыз кылуу; факультеттин ар бир структурасынын өнүгүү программасын түзүү жана иш жүзүнө ашыруу; факультеттин туруктуу өнүгүүсүндө педагогикалык жамааттын жана администрациянын иш аракеттеринин компетенттүүлүгүн баалоонун методикасын иштеп чыгуу.

Факультеттеги жүргүзүлгөн иш аракеттерди жалпылап педагогикалык иш аракеттер деп атоого болот жана эң негизгиси болуп окутуу-тарбиялоо процесси эсептелинет. Окутуу-тарбиялоо процессинин компетенттүү уюштурулушу факультеттин туруктуу өнүгүүсүнүн эң манилүү компененти.

Чындыгында, заманбап билим берүүдө окутуучу менен студенттин, студент менен студенттин ортосундагы өз ара байланышуунун жаңы формаларын, усулдарын колдонуу аркылуу коюлган проблеманы чечүү мүмкүн экендиги илимий-теориялык эмгектерде байма-бай белгиленүүдө. Бирок канткен менен азыркы мезгилде факультеттин окутуучуларынын, методисттердин жана тарбия иштери боюнча жооптуу педагогдордун иш аракеттерин факультеттин туруктуу өнүгүүсүнө өбөлгө боло тургандай компетенттүү уюштуруу мүмкүн? деген суроого так жооп берүү актуалдуу. Ал үчүн ар бир кызматкер өз ишине сабаттуулук менен мамиле жасап инновациялык усулдарды, заманбап каражаттарды ыктуу пайдалануу аркылуу коомго керектүү, ийкемдүү, чыныгы адистерди даярдоодо компетенттүүлүгүн көрсөтүүсү абзел.

Окутуу-тарбиялоо процессинде салттуу усулдарды пайдалануда күтүлүүчү натыйжаларды алуу мүмкүн эмес экендигине практик - окутуучулар ынанышууда.

Салттуу эмес окутуунун усулдарын, формаларын пайдаланганда студенттердин өз алдынчалуулук жөндөмдүүлүгү жогорулайт жана берилген маалыматтардын маани-маңызын терең түшүнө алышат.

Окутуунун формасын өзгөртүү аркылуу студенттин тиги же бул предметке болгон кызыгуусун арттырууну активдештирилген борборлор (математикалык, тилдер, адабий окуу, искусство ж.у.с.) аркылуу жүргүзүүдө педагогдордун компетенттүүлүгүн талап кылат.

Азыркы учурда үч тилдүүлүк (кыргыз, орус, англис тилдери) окутуу процессинде актуалдуу маселе болуп жаткандыктан, окутуу процессин борборлоштуруп окутуу өтө оптималдуу жана эффективдүү натыйжаларды берет («Алга кадам таштап» программасынын стратегиясы) [4]

Окутуунун инновациялык методу болгон интерактивдүү окутуу өзүнүн күчүн жоготкон жок. Тескерисинче компетенттүү иш аракеттерди жүргүзүүдө анын орду зор.

Интерактивдүү окутуу – студенттин окууга болгон кызыгуусун арттырууга жана берилген материалдарды тез өздөштүрүп алуусуна, алган билимдеринин сапаттуулугуна, алардын кээ бир өрчүбөй калган жөндөмдүүлүктөрүнүн өсүшүнө алып келгендиги менен салттуу окутуудан өзгөчөлөнгөн өз ара пикирлешүү, өз ара кызматташууга арналган процесс деп белгилөөгө болот.

Студенттердин чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатууда, өз алдынча ой пикирин жыйынтыктоодо, алган билим, билгичтиктеринин тереңдигине жетишүүдө окутуунун интерактивдүү технологиясынын үч формасын колдонуу аркылуу иш жүзүнө ашырууга боло тургандыгын белгилейли. Аларга:

- Студенттин жеке өзү аркылуу;
- Өнөктөшү менен биргеликте;
- Тайпада иш алып баруу аркылуу жетишүүгө мүмкүн

Бул жагдайда студенттердин активдүүлүгүн студенттердин активдүүлүгүн жогорулатуунун бирден-бир жолу: педагогикалык технологияларды окутуучунун орундуу пайдаланышы жана алдынкы планга чыгуусунун зарылдыгы.

Интерактивдүү окутуу – бул таанып-билүү иш аракетти активдүү уюштуруу формасы болгондуктан, коюлган максатты студенттерге алдын-ала прогноздоп так жеткирет. Ошол эле учурда коюлуучу максаттардын бири катары студенттерге жана алардын билим алуусуна жагымдуу шарттарды түзүп берүү менен ийгиликтерге жетишке өбөлгө болот. Окуу процессин уюштуруудагы интерактивдүү окутуунун дагы бир негизги маани-маңызы студенттерди окуу процессине толук аралаштыргандыгы жана өздөрүнүн ой пикирлерин тартынбай айтып түшүндүрүп берүүсүнө жетиштиргендиги окуу материалды өздөштүрүү учурунда эркин баарлашууга, идеяларын тартынбай айтууга шарт түзгөндүгү, бир учурда бир нече маселелерди чечкендиги, башкача айтканда:

- Комуникативдүү ык, машыгуулар–ды өнүктүрөт жана студенттердин эмоционалдык байланыштарын жөнгө салат;
- Студенттердин бирдиктүү иш аракетин жөнгө салуудагы маалыматты камтыган маселелерди иретке салат;
- Окуудагы жалпы ык жана машыгууларды өнүктүрөт (анализдөө, синтездөө, максаттардын коюлушу ж.у.с);
- Командада иштөөгө, жолдошторунун ой пикирлерин угуу менен тарбиялоо маселеси камсыздалат;
- Студенттердин эске тутумунун калыбына келишине, көңүлсүздүктү жоюуга, көңүл бурууну жакшыртууга, биринчи бир иш аракеттин экинчи бир иш аракетке өтүүсүнө («Алга кадам таштап» программасындагы активдүүлүк борборлордогу иш аракеттер) өбөлгө болгондугу менен айырмаланат. Ал усулдарга :Жуп-жуп менен иштөө; үчтүк алмашуу; Карусель; тайпаларда иштөө;Аквариум; Кемтик сүйлөм; Мээге таасир этүү; Дискуссия; Дебаттар; Чечимдердин дарагы; Позицияңды сакта ж.у.с. кирет;
- Өзгөчө белгилүү болгон методдор: тегерек туруу, аквариум, мээге чабуул, дебат ж.б. атоого болот.

ЖОЖдордо уюштурулган педагогикалык иш аракеттердин максаты жана санынын сапаты так аныкталса гана окуу-тарбия процессинин мазмунуна ылайыктуу студенттердин иш аракеттерин талапка ылайыктуу уюштуруу – компетенттүү окутуучулар жамаатына гана тиешелүү болот. ЖОЖдогу окуу-тарбиялоо процесси авторитардык мүнөздө болсо, студенттер менен окутуучулардын ортосунда өз ара түшүнүүчүлүк жагдай түзүлбөй калышы ыктымал, кээ бир студент педагогдун айтканына көңүлдөнбөй баш ийсе, кээ бири конфликтүү жагдайды түзүшү мүмкүн. Мында түзүлгөн жагдайларды сурамжылоо, текшерүү жана конфликтерди жоюуга өтө көп көңүл бөлүнүп, түзүлгөн жагымсыз жагдайларды педагогикалык компетент–түүлүктүн негизинде жоюуга болот.

Баарыбызга белгилүү болгондой, каалаган педагогикалык кубулуш функционалдык маани-маңыздуу анык бир жагдайды түзөт. В.И.Словодчиков жана Н.А. Исаевдердин көз караштары боюнча иш аракеттер негизги төрт функцияны аткарат: Эрктүү күч жумшоо; жыйынтыкка алып келүүчүлүк; өз алдынча өнүгүүчүлүккө жана личностун жашоо турмушка ыңгайлануушусуна баа берүүчүлүккө [3;122]

- «Эрктүү күч жумшоо» студенттин окуу иш аракеттерине ар дайым даяр болуусун билүүсүндөгү түпкү компоненти.
- Жыйынтыкка алып келүүчү функция студенттин окуу иш аракеттерде алынган билимдерин ыктуу пайдалануусуна көмөкчү болуудагы окутуучунун студентке болгон компетенттүү, жемиштүү таасири. ЖОЖдордо бул аспект өтө маанилүү, анткени студенттерди аттестациялоодогу проблемалар чечилет. Аттестациялоодо төмөнкү өзгөчөлүктөр аныкталды: ачыктык, гумандуулук жана кесипке карата багыт берүүчүлүк.
- Окутуучунун каалаган компетенттүү иш аракеттери студенттердин өнүгүп өсүүсүнө алып келет.
- Личностун жашоо турмушка ыңгайланышуусу жана окууда өзүн-өзү көрсөтүүсү педагогдун адекваттуу баа

жеткис мамиленин негизинде алдына койгон жетишүүсү.

Студенттердин компетенттүү педагогикалык иш аракеттерде калыптаныш зарылчылыгы деп интеллектуалдык-чыгармачылык жагдайда тандап алган адистигиндеги жеке өнүгүүсүнө багыт берүүдөгү окутуучу менен студенттин өз ара мамилешүүсүн түшүнөбүз.

Демек педагогдун компетенттүү иш аракеттеринин натыйжасында төмөндөгү жыйынтыктарга ээ болобуз. Аларга:

- Студенттин өз алдынчалуулугу күчөйт жана чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрү жогорулайт;
- Турмушта кездешүүчү татаал жагдайларга студенттер ийкемдүү мамиле жасашып жаңылбастан тура чечим кабыл алууга жетише алышат;
- Студенттер теориялык алган билимдерин практика менен айкалыштырышат;
- ЖОЖдо болгон инновациялык билимдерин өздөрүнүн адистигине оңой-олтоң колдонушат;
- Студенттердин мобилдүүлүгү күчөйт;
- Коомдогу болуп жаткан өзгөрүүлөргө өз убагында реакция беришет жана кесиптик билимдерин андан-ары тереңдетүүгө аракеттенишет.

Жогоруда көрсөтүлгөн компетенттүү иш аракеттердин жүргүзүлүшү ЖОЖдордун өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт деген ойдобуз.

Адабияттар:

1. Акматова Т., Мусаканова М. ЖОЖдордо окуу процессинде студенттердин компетенттүүлүктөрүн өркүндөтүүдө интерактивдүү технологияларды колдонуунун мааниси// Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары, №2 (34) – Бишкек, 2015.
2. Ушаков Д.Н. Толковый словарь. – М., 1987
3. Слободчиков В.И., Исаев Е.И. Основы психологической антропологии. Психология человека: Введение в психологию субъективности. Учебное пособие для студентов ВУЗов. – М.,1995. – 384с
4. «Алга кадам таштап» программасынын материалдарынан.

M. Musakanova, senior teacher, OHPI

Actions of competent teachers - to promote the sustainable development of the university

In this article, teachers and their competent actions are specified as the main forces of Faculties sustainable development of higher educational institutions.

Key words: *competence, knowledge, sustainable development, ability, competition.*

УДК: 373(575.2)

Раева Ш.С., магистрант, ОшМУ

Баланы мектепке даярдоодо билим берүүнүн заманбап технологияларын колдонуу учурдун актуалдуу проблемасы

Макалада баланы мектепке даярдоодо билим берүүнүн заманбап технологияларын колдонуунун эффективдүүлүгү жөнүндө сөз болот.

Ачкыч сөздөр: *Баланы мектепке даярдоо, окутуунун каражаттары, окутуунун технологиялары, окуу процесси, окутуунун натыйжалары.*

В статье освещены эффективность использования новых современных средств обучения в процессе подготовка детей к школе.

Ключевые слова: *Подготовка детей к школе, средства обучения, технологии обучения, учебный процесс, результаты обучения.*

Билим берүү бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү коомдук өнүгүүнүн эң маанилүү багыттарынын бири болууда. Адамдык капиталды түзүү жана адамдык потенциалды инсандын жана коомдун пайдасына жумшоо натыйжаларга жетүүгө жана XXI кылымдагы коомдун таламдарын канааттандырууга багытталган билим берүү системасын курууда мамлекеттин жоопкерчилиги өзгөчө экендигин көрсөтүп турат.

Кыргыз Республикасы Ата Мекендик билим берүүнүн мыкты салттарына жана эл аралык тажрыйбага таянып, ийкемдүү, ачык, заманбап талаптарга ылайык, улуттук билим берүү системасын түзүүдө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 27-августундагы №244 «Кыргыз Республикасындагы Мамлекеттик билим берүү доктринасы жөнүндө» Жарлыгы менен кабыл алынган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик билим берүү доктринасы жана ушул концепция билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн негиз болуп саналат, баалуулуктарды жана артыкчылыктарды бекемдейт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин эске алуу менен билим берүү системасын өнүктүрүүнүн конкреттүү кадамдары үчүн база түзөт.

2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясында “Мектепке чейинки билим берүү баскычында бала өзүнүн жакын чөйрөсүндө өзүн алып жүрүүгө үйрөнөт жана мектепке окууну баштаганга даярданат” – деп көрсөтүлгөн [6. 45].

Концепция жашоонун башка чөйрөлөрүнө салыштырмалуу билим берүүнү ыкчамдап өнүктүрүү максатын көздөйт, анткени билим берүү гана өлкөдөгү адамдык потенциалды өнүктүрүү менен байланышта жана башка чөйрөдө реформаларды камсыз кылуу үчүн лидерлерди жана адистерди даярдайт.

Мектепке даярдоо – бул окуганды жана санаганды эле билүү эмес, бул баланын өз алдынча ой жүгүртө алгандыгы, жаңы билимдерге ээ болууга даяр экендиги, ар нерсени билүүгө дилгирлиги жана байкагычтыгы. Табият менен таанышуу, оюндар, эмгек балага мектепке толук даярдык менен келүүгө жардам берет. Өзүнүн табияты боюнча кичинекей бала кыйла ышкыбоз жана өжөр болот. Чоң кишилер балдардын оюндарын уюштурууда жана өнүктүрүүдө, алардын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайык алардын күчтүү жактарын, кызыкчылыктарын, окутуу–дагы прогрессин баалоодо өзөктүү роль ойнойт. Дал ошондуктан окутуунун темалары бала үчүн маанилүү болууга жана практикалык мааниге ээ болууга тийиш. Жекече мамиле кылуу менен, балдарды канчалык кызыктыра жана даярдай ала тургандыгы көбүнчө чоң кишиге байланыштуу. Айланадагы чоң кишилер менен өз ара мамилелер туура болгон учурда бала жигердүү окуйт жана окуунун алдыга коюлган милдеттерине жетишет.

Натыйжада баланы мектепке даярдоо аларда мобилдүүлүк, динамизм, иштиктүүлүк сыяктуу сапаттарды өнүктүрүүгө тийиш. Мындай даярдоо айрым сандагы билимдерди өздөштүрүүнүн эсебинен камсыз кылынышы мүмкүн эмес. Азыркы этапта башкасы: тандоо жасоо, ресурстарды натыйжалуу пайдалануу, теорияны практика менен салыштыруу жөндөмдөрүн иштеп чыгуу жана тез өзгөрүп жаткан коомдо жашоо үчүн зарыл болгон көптөгөн башка жөндөмдөр талап кылынат.

Билим берүү системасын реформалоо, алдыга жаңы максаттарды коюу, заманбап башталгыч билим берүүнүн баалуулуктарын аныктоо «натыйжага багыт алган билим берүү» принциптерин зарыл кылат, бул окууну бүтүп жатканда билимдин натыйжаларын контролдоону болжолдойт.

Азыркы этапта педагогдун милдети – жаңы педагогикалык технологияларды колдонуу менен мектеп окуучуларын окууга үйрөтүү. Анткени азыркы турмуш адамды өтө өзгөрүлмөлүү шарттарга дуушарлантат, андан улам жаңы милдеттерди чечүүнү талап кылат. Бул милдеттерди көйгөйгө карата ыкмаларды

издөө, кырдаалды акыл калчап ойлонуу, тигил же бул аракеттердин натыйжаларын болжолдоо, натыйжаларды талдоону жүргүзүү, жаңы ыкмаларды издөө жана башкалар боюнча иштин айрым тажрыйбасы болмоюнча чечүү мүмкүн эмес. Албетте, бул тажрыйбага али башталгыч мектепте ээ болуу керек.

Ушуга байланыштуу, башталгыч билим берүүнүн колдонуудагы системасы болочок окуучуларга өзгөрүлүп жаткан дүйнөдө багыт табууга жана анда ийгиликтүү болууга жардам бере турган өбөлгөлөрдүн топтомун камсыз кылууга тийиш.

Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын, билим берүүнүн компетенттүү натыйжаларына багыттал–ган жаңы предметтик стандарттарды, окуу планын, жана ОМКны киргизүү Кыргызстандын билим берүү системасын жаңы принциптерге которуу жолдорунун бири болуп саналат.

Билим берүүнүн маңызын өзгөртүүнүн максаты болуп башталгыч мектептин окуучулары өтө жигердүүлүк (чыгармачыл мамиленин жардамы менен ар кандай татаал кырдаалдан чыга, өзүн жана курчап турган чөйрөнү өзгөртө билүү), көп маданияттуулук, сабырдуулук, атуулдук, бийик этикалык деңгээл, эмгекти сүйүү, өз алдынча чечим кабыл алууга жөндөм, алынган билимдерди турмушта колдоно билүү, коммуникативдүүлүк, демилгелүүлүк, өмүр бою окууга жана өзүн-өзү өркүндөтүүгө ниети жана аларды билиши сыяктуу сапаттарды калыптандырууну камсыз кылуучу компетенттүүлүккө ээ болушу саналат.

Бул ыкма окуучулардын маалымдар болушун эмес, практикалык иште келип чыккан көйгөйлөрдү чече билишин жана иштин ыкмаларына ээ болушун биринчи орунга койгондугу компетенттүү мамиленин өзгөчөлүгү болуп саналат.

- башталгыч мектеп үчүн билим берүүнүн заманбап технологияларынын негизинде тапшырмаларды түзүү жөнүндө маалыматты башталгыч мектептин ар бир педагогуна жеткирүү зарыл;
- педагогдорду жаңыча иштөөгө үйрөтүү керек;
- компетенттүү негизде сабактарды иштеп чыгуу жана өткөрүү боюнча мугалимдердин тажрыйбасын бекемдөө зарыл;
- мугалимдер окуучулар үчүн ар кандай деңгээлдеги тапшырмаларды түзүүдө, интерактивдүү окутуучу чөйрөнү уюштурууда жана сабактарда формативдик баа берүүнү пайдалануда кыйналып жатат.

Кыргыз эл мугалими, профессор И. Бекбоев “Азыркы мезгилде билим берүү системасында окутуунун активдүү технологиясы абдан кеңири колдонулууда. Алардын негизги түрлөрү төмөнкүлөр: дискуссия, оюндар, тегерек стол, акыл чабуулу ж.б. оюнсуз үйрүнүү жок. Окутуу процессинде оюнга артыкчылыктуу маани берүү керек, ансыз окутуу супсак болот. Ал гана эмес жаттап алганга караганда ойноо процессинде өздөштүрүлгөн нерсе бекемирээк сактала тургандыгы белгилүү,” [3. 45] – деп, оюндарга чоң маани берген.

Баланы мектепке даярдоодо билим берүүнүн заманбап технологияларын колдонуу окуу процессинин натыйжалуу жүрүшүндө эң зарыл болгон билим мазмуну менен бирдикте маалыматтык элементтердин жыйындысы болуп саналат. Мектепке даярдоодо жаңы заманбап технологиянын каражаттарын окуу процессинде колдонуу менен билим берүүнүн деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Улуу педагог К.Д. Ушинский айткандай «Көрсөтмөлүүлүк сабактын инструменти же каражаты», «Балдар табияты көрсөтмөлүүлүктү талап кылат», [7.16] – дегендей азыркы күндө баланы мектепке даярдоодо окутуунун каражаты схема, таблица, түрдүү сүрөттөр, карта, окуу китептери гана эмес тиешелүү болгон инструктивдүү заманбап технологиялык каражаттар балдардын окууга болгон кызыгуусуна, ой-жүгүртүүсүнүн өсүшүнө, билим деңгээлинин жогорулашына, балдардын ортосундагы мамилелеодин жакшырышына шарт түзөт. Балага мектепке чейинки куракта өзгөчө гумандуу мамиле жасоо керектигин “Тарбиячы

өкүмдар же төрө эмес, ат таптаган саяпкер, куш таптаган мүнүшкөр” [4.16] – деп жазат педагогика илимдеринин доктору, профессор И.Б. Бекбоев.

Баланы мектепке даярдоодо окутуунун жаңы заманбап технологияларынын каражаттарын пайдалануу бала менен мугалимдин ортосундагы байланышты күчөтүп, үйрөтүп жаткан процессти тереңдетип үйрөтүүчү каражат катары колдонулат.

Мындай каражаттарга слайддарды видеопрезентацияларды кошууга болот Баланы мектепке даярдоодо окутуунун каражаттарын негизги мүнөздөмөлөрү боюнча төмөнкүдөй түрлөргө ажыратууга болот.

а) Жөнөкөй чийме карта аудио видио системасы

б) Татаал компьютердик технология роликтер, диафильмдер, сьемкалар, түзүлүшүнүн өзгөчөлүгү боюнча тегиздиктеги чейме, схема макеттер, мейкиндиктеги виртуалдуу мультимедиялык программалар, ар түрдүү версиялар таасир этүү өзгөчөлүктөрү боюнча визуалдуу (чиймелер, диаграммалар, демонстрациялык) үлгүлөр жана аудиовизуалдуу телевидения, маалыматтык булактар, кагаз жүзүндөгү китептер, чиймелер, филимьдер ж.б. болуп эсептелет.

Баланы мектепке даярдоодо жаңы инновациялык технологияларды пайдалануучу каражат компьютер – бул мугалимдин ишин жеңилдетүүчү жардамчы каражат болсун үчүн адегенде баланын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен бирдиктүү дидактикалык принципте түрдүү деңгээлдеги дидактикалык материалды иштеп чыгуу зарыл. Ошондуктан, баланы мектепке даярдоодо окутуунун жаңы заманбап каражаттарын сабакта комплекстүү пайдалануу окуучулардын билимин өркүндөтөт ой-жүгүртүүсүн күчөтөт. Окуу процессиндеги билим берүүнүн деңгээлин жогорулатууда жаңы инновациялык окуу каражаттары окуучулардын ишмердүүлүгүн күчөтөт**.** Окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатат. Мугалимдин ишин жеңилдетүүгө өбөлгө түзөт. Билимин өркүндөтөт, жаңы идеаларга багыттайт. Дүйнөгө болгон көз карашын калыптандырат.

Баланы мектепке даярдоо каражаты төмөндөгүдөй экиге бөлүнөт:

1. Окутуунун негизги каражаттары болуп баланы мектепке даярдоо боюнча программа, окуу китептери, ал эми кошумча каражаттары болуп окуу материалдары, ар кандай типтеги көрсөтмө-куралдар эсептелет. Ошондой эле баланы мектепке даярдоодо мугалимдердинкабинетти жеткиликтүү колдонуусу, окутуу каражаттарын пайдалана билүүсү окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатат. Мындан**,** окутуунун негизги каражаттарын комплекстүү пайдалануу зарылчылыгы келип чыгат. Билим берүүдө окуу кабинеттерин туура пайдалануда жана жабдууда окуу матриалдарын балдардын жардамында өткөрүүгө да болот.Алсак,алар тарткан, боегон сүрөттөр. Пластилинден, түстүү кагаздардан, кездемелерден, жаратылыш материалдарынан жасаган иштери ж.б. Улуу окумуштуу Ш.А. Амоношвили: “Баланы мектепке даярдоодогу негизги ишмердүүлүк болуп: оюн, сүрөт тартуу, чаптоо, конструкциялоо эсептелет” – деп айткан [1. 67].

Жыйынтыктап айтканда, баланы мектепке даярдоодо окутуунун жаңы заманбап технологияларынын каражат–тарын пайдалануу сизге ачуулануунга, кыйкырууга, баланы жазалоого жол бербейт. Андай жол менен сиз ийгиликке жетише албайсыз. Болгону баланы коркутасыз, капа кыласыз, өзүңүздү балага жек көрсөтүп аласыз. “Баланын шагын сындыргандан өткөн наадан адам жок” [5. 167] – деп айткан этнопедагог Г.П. Волков.

Адабияттар:

1. Амонашвили Ш.А. В школу с шести лет. – М. 1984.
2. Байгазиев С. Педагогикалык руханият. – Бишкек. 2007.

3. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек. Педагогика века. 2004.
4. Бекбоев И.Б. Таалим-тарбиянын сегиз ачкычы //Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. – Бишкек. 2008. – №2.
5. Волков Г.П.Созвездия земли. – Чебоксары. 1979.
6. Кыргыз Республикасынын Билим берүү реформасын өткөрүү концепциясы// Кут билим. – 2009. – №21.
7. Ушинский К.Д. Человек как предмет воспитания: Опыт педагогической антропологии //Избр.педагогические сочинения в 2-х томах. – М. 1976. – Т.1.

Raeva Sh.S., Student of Master's degree, OshSU

The implementation of new technologies education in preparing children for school is an urgent problem of our time

The article highlights the efficiency of using new modern teaching aids in the process of preparing children for school

***Key words**: Preparation of children for school, teaching aids, teaching technologies, educational process, learning outcomes.*

УДК: 371.302.2.378.14

Таалайбек к. З., магистрант, ОшМУ

Окутуу процессинде атуулдукка тарбиялоонун негизги көйгөйлөрү

Илимий макалада атуулдук тарбиялоонун көйгөйлөрү каралган. Ошондой эле кыргыздардын улуттук идеологиясы боюнча талдоо жүргүзүлгөн.

***Ачкыч сөздөр:** атуулдук тарбия, традициялык педагогика, патриоттуулук сезим, тарыхый булактар, жаштар.*

В данной научной статье были рассмотрены множество проблем по патриотическому воспитанию. А также было проанализировано национальная идеология кыргызов.

***Ключевые слова:** патриотическое воспитание, традиционная педагогика, патриотические чувства, исторические источники, молодежь.*

Бүгүнкү күндө өзгөчө жаңыдан калыптанып келе жаткан жаштарды мектеп окуучуларын ата-бабалары басып өткөн тарыхына шыктандырып үйрөтүүгө, тарбиялоого аргасыздандырган тармактардын бири – патриоттуулукка тарбиялоо. Бул маселенин көнүлдүн борборун ээлей турган себеби бар. Ал адам акылынын улуу бийиктиги менен эч кандай кан төгүүлөрсүз колго тийген эгемендүүлүк. Эгерде тарыхый даректерди карасак канчалаган мамлекеттер, элдер өздөрүнүн эгемендүүлүгү үчүн көптөгөн жылдар бою чоң жоготууга учураган кыйынчылыктарды башынан өткөрүп, ээ болгондору бар. Ошондой эле канчалаган кыйынчылыктарга дуушар болуп, акыры ийгилигин бербеген учурлар деле тарыхтан көп кездешет. Тарыхтын мындай барактарын көз алдыга келтиргенде өлкөнүн эгемендүүлүгүн сактоо милдетинен ашкан зор милдет жоктой көрүнөт. Ошондуктан бул ар бир атуулдун сезиминде орун алган өз каалоосу да, мамлекеттик саясаттын бир тармагы да болууга тийиш.

Ырас, традициялык педагогиканын үлгүсүндө турган бардык окуу жайлардын окутуу жана тарбиялоо аракеттеринде окуучуларга патриоттук тарбия берүүнүн усулдук формалары мурдагыдай эле бардык предметтик сабактардын негизинде колдонуулууда. Бирок Совет

мезгилиндегидей тереңдетилген билим берүүлөр болбой жатат. Өлкө ичинде жүрүп жаткан кризистик абал-мурдагы коллективге негизделген моралдык жана нравалык критерийлерди таануу жеке кызыкчылыкты жалпы элдик, мамлекеттик кызыкчылыктан жогору чыгаруу, күндөлүк турмуштагыдай эле бардык маселени өзүнүн жеке кызыкчылыгы менен кароо сыяктуу көрүнүштөр жаштарды патриоттуу–лукка тарбиялоонун мазмунун жана маанисин кайрадан карап чыгуу маселесин күн тартибине койду. Жеке кызыкчылык башкы орунга чыккандан кийин, жаштар лидерликти патриоттуулукту көрсөтүү сезиминен эмес, бардык нерсени өзүнө ыйгаруу принцибинен кароо менен аныктоого карата иш чаралар жүрүп жатат [2. 10].

Эгемендүү Кыргыз Республикасы өзүнө таандык официалдуу бөлүнгөн территория–сын, чек арасын коргоп, анын ичинде жашаган көп улуттуу элинин коопсуз жашоосу үчүн кам көрүп, бул багыттагы иш - чараларды учур талабына ылайык өркүндөтүү талабын коюуда.

Жашы жетилген ар бир атуул мамлекеттин чек арасын кайтаруусу үчүн мамлекет бул тармакка абдан зор маани коюп, жаштардын аскер өнөрүн үйрөнүүгө, жоокерлердин кылымдар–дан бери калыптанган ата-бабаларынын баштагы баатырдык салттарын окуп-үйрөнүүсүнө басым коюу керектигин аныктады. Бирок Кыргыз Республикасы эгемендүүлүгүн коргоочуларды тарбиялоодо бул тармакка анча маани бербей жаткандай көрүнөт. Тагыраак айтканда, мурда Советтер Союзунун учурунда жаштарды патриоттуулукка тарбия–лоодо мектепте бир жумада эки саат баштапкы аскердик даярдык сабагы кирчү. Азыр ал сабак көптөгөн мектептерде кыскарып, көбүнесе өркүндөтүлгөн предметтерге оодарылып же бар болсо да таптакыр кереги жоктой мамиле кылган учурлар ачык байкалууда. Буга карама-каршы Кыргыз Республикасы да Союздан бөлүнүп чыккан башка республикалар сыяктуу эле Мекен сакчылыгында тура турган жаштардын патриоттук сезимдерин ойготуу, өлкөнүн эркиндигин коргоодо алар дайыма кайраттуулугун, күжүрмөндүүлүгүн көрсөтүүсүн көздөп, айрым иш-аракеттерди жүргүзүү зарылдыгы айкындалууда. Өзгөчө мында атайын аскердик окуу жайларында, орто мектептин жогорку класстарында атайын патриоттуулукка тарбиялоо сабактарын өтүү жана алар боюнча учур талабы туура келген окуу программаларын, окуу китептерин жазуу жана ошол багытта комплекстүү иш жүргүзүү милдеттери айкын байкалууда [1. 74].

Бул республикада жаштарды патриоттуулукка тарбиялоо багытында таптакыр иш жүргүзүлбөй жатат дегендик эмес. Тарбиялоонун ал тармагы тикелей көздөгөн предмет болбогону менен педагогика да патриоттук тарбиялоонун мындай кемчиликтерин толтуруп, баатырдык салттарга жаштарды шыктандырып келе жаткан сабактар – адабият, тарых сыяктуу предметтер бар экендигин эстен чыгарууга болбойт. Азыркы учурда патриоттуулукка тарбиялоонун ар түркүн кемчиликтерин толтуруп, жаштарды эли-жерин коргоого шыктандырып, патриотизмге үндөп, адабий- эстетикалык көркөм дүйнөсүн жетилтүү менен Мекен алдында инсандык жоопкерчилигин арттырууга көмөктөшкөн адабият сабагынын же, Манас таануу сабагынын негизинде болмокчу.

Ар бир окуучунун патриоттук сезиминин ойгонушу үчүн адам каны төгүлгөн согуш гана керек эмес. Аны терең түшүнүү, баалоо үчүн акыл калчап, элдин өткөн тарыхына көз жүгүртүү менен аңдап билсе болот. Мындай учурда элдин башынан өткөргөн, эгемендүүлүк үчүн күрөшкөн тарыхый даректерге адабий чыгармаларга кайрылуу өтө зор натыйжасын берет. «Жомок,- дейт орус педагогу В.А. Сухомлинский, – Мекенди сүйүүгө тарбиялоонун асыл жана эч нерсе менен алмаштыргыс булагы. Жомоктун патриоттук идеясы анын мазмунунун тереңдигинде, миндеген жылдар бою жашап келе жаткан жомоктун кейипкерлери баланын жүрөгүнө жана акылына эмгекчи элдин кубаттуу

чыгармачыл рухун, анын турмушка болгон көз караштарын, идеяларына умтулууларын жеткирет. Жомок, өз жерин сүйүүгө тарбиялайт, анткени аны эл жараткан» [5.147].

Демек, жөнөкөй эле жөө жомок ушундай касиетке ээ болуп жаткандан кийин, кыргыз элинин улуттук сыймыгы, көп кылымдап жыйналып- топтолгон тарых-санжырасы, адабий мурасы, деги эле бардык тарабынан караганда энциклопедиясы – «Манас» эпосунун мисалында патриотизм идеяларын түшүндүрүү кыйла жеткиликтүү болуп санаалары бышык. «Манас» эпосу жана андан калыптанып чыккан Манас таануу сабагын жаштарга патриоттук тарбия берүүнүн негизги булагы экендигин эпостун үчилтигинин сюжети, эпосто берилген тарыхый даректер толук ырастайт.

«Манас» эпосуна карата азыркы коомдук-социалдык, илимий-теориялык аспектидеги ой жүгүртүүлөргө таянсак, анда ал көркөм чыгарманын гана сюжети эмес, анын мазмуну кыйла терең экендигин аныктоого карата ачык байкалууда. Ырас, андай аракеттер, анын алгачкы саамалыктары экендиги талашсыз [4. 6]. Ал саамалыктар биринчи кезекте «Манас» эпосун коомдук өнүгүш менен түздөн-түз байланышты кароого аракеттенген философиялык эмгектерде даана көрүнөт. Тактап айтканда, кыргыздын белгилүү философтору А. Салиевдин, А. Какеевдин, А. Табалдиевдин, А. Брудныйдын, Ж. Бөкөшевдин, Б. Аманалиевдин, Р. Ачылованын, А. Бекбоевдин, Т. Аскаровдун, Ш. Акмолдоеванын, Ч. Өмүралиевдин ар түрдүү эмгектеринде кичинекей макаладан тартып фундаменталдуу монографияларына чейин «Манас» адабий-көркөм туунду, эпос гана эмес, кыргыздардын рухий дүйнөсүнүн жетектөөчү күчү катары өзүн-өзү баалоосунун негизги акыл-эстик критерийи, байыркы мезгилден тарта келген кыргыздардын дүйнө модели, адамзат урматтаган жана баалап келген не бир залкар ой-идеялардын таза керөңгөсү, ар кандай эпикалык-эстетикалык асыл нарктын, бийик идеалдардын, адеп-ахлактык, руханий туундулардын башаты экендиги далилденип келүүдө. Аталган авторлордун эмгектеринде айтылган ойдун ар бири тең эле сыдыргыга салгандай ордунан чыга бербесе да алардын арасында талаш-тартышты туудурган кырдаал-жагдайлар болуп сакталса да эгемендүүлүктөн кийин Улуттук руханий дүйнөнүн көрөңгөсу дал ушул «Манас» эпосунда экендигин бир ооздон белгилеп жатышы, демек, «Манаста» деле ачылбай жаткан тереңдик дагы бардыгын туюндуруу менен бирге эпостун идеяларын мамлекеттик саясатта өзгөчө кийинки муунду өз Мекенин сүйүүгө тарбияланган патриоттуулук үчүн колдонуу керектигин айкындап турат.

Ушундай эле көрүнүштү «Манас» эпосун улуттук баамдап-туюу жана ошол туундуларды эле жеткирүү аракеттерин тил илими, адабият таануу илимдеринен да баамдоого болот. Бул багыттагы иш-аракеттер башка илимдерге салыштырмалуу илимий негиздүү экендиги талашсыз. Тил илими менен адабият таануу илимдериндеги мындай аракеттерди аталган илимдер боюнча маанилүү жылыштар деп эсептесек да ал эмнегедир өлкөнүн ичиндеги коомдук өнүгүшкө терең сыйбай, сырткары болбосо да, алыс калып жаткандай туюлат. Оң менен терстин түбөлүк күрөшүндөй, карама-каршылыктын диалектикалык биримдигинде жашап жаткан бул экөөнүн бирөөнү тандоо ар кимдин кол алдында экендиги талашсыз. Бирок «күрөш» тең салмакта эмес. Бир тарабы руханий дүйнөнү башка орунга койсо, экинчи тарабы бухгалтердик эсепти пир тутуп, ар бир аракетинен материалдык пайда, коммерциялык кызыкчылык табууга умтулуп, өз ийгилигин дүнүйөкорлуктан көрүп, аң-сезиминде жылаңач прагматик болуп башка элдерден, бөлөк мамлекеттерден жакырланган маданиятты «ташып келүүгө» жетишип отурат.

Руханий бийиктикке жетиш үчүн ар бир атуулдун аң сезими илим билимдүүлүк багытында бир нече баскычтарды басып өтүүгө тийиш. Ал

башкасын айтпаганда да психологиялык-педагогикалык илимдердин ири жетишкендиктерин пайдалануу менен ар тараптуу өнүгүү аракети менен алга жылуучу процесс «Манас» эпосундагы өзөк идеялардын чегинде иш жүргүзүү, Улуттук идеологияны калыптандыруу багытындагы педагогикалык аракеттер, башка илимдерге салыштырмалуу жайыраак болсо да негизинен жүрүп жатат.

Улуттук кайра жаралуу идеяларынын чегинде иш жүргүзүүдө Эл аралык көптөгөн кайрымдуулук фондусунун жүргүзгөн иштери маанилүү орунду ээлейт. Тактап айтканда, андай иш аракеттер «Дүйнө балдарына «Манасты таанытуу», «Мурас», «Таланттуу жаштарды жана балдарды колдоо» сыяктуу программалардын негизинде ишке ашырылууда. Мындан тышкары К. Жусуповдун проза түрүндөгү балдар үчүн жазылган «Манас» китеби, «Манас» балдардын көзү менен аттуу иллюстративдүү альбомдун жарык көрүшү жыл сайын Ысык-Көлдүн жээгинде «Манас мектеби» мастер класстарынын иштеши, ар бир жылы болуп келген областтык, республикалык «Жаш манасчы жана дастанчы» конкурстарынын өткөрүлүшү, ошондой эле Бишкек шаарында ар жылы болуп жаткан шаардык жана республикалык деңгээлдеги «Манас жана экология темасы» атгуу мектеп окуучуларынын конференциясынын жүрүшү белгилүү өлчөмдө бул иштер жүрүп жатканын ырастайт. Ал эми «Манас мектебинин» типтүү программасынын иштелип чыгышы бул багытта системдүү иш-аракеттер башталганын көрсөтөт. Негизинен булак көзүн ачты, «Манас» эпосундагы акыл-эстин чегиндеги улуу эксперимент катары баалоого тийиш [3. 9].

Ошол себептен, ар жагын эсепке албаганда да XXI кылым Улуттук аң сезимде топтолуп, уюма алтындай кылымдан-кылымга көронгөлөнүп келе жаткан көөнөрбөс идеялар, жети осуятында сомосунан айтылган ойлор менен жана аны жетекчиликке алган «Манас мектебинин» программасы менен чектелип калбайт. Себеп дегенде, Кыргызстандагы коомдук өнүгүш өлкөнүн Президентин толгонтуп «Манаска» кайрылууга аргасыз кылгандай эле, саясий маанисин мындай койгондо да социалдык аспектиде ар бир инсанды башкалар менен биримдикте, ынтымакта жашап, ошондой эле руханий чөйрөсүндө интеллектуалдык жактан бөлөктөрдөн кем болбогон руханий байлыктын ээси болууда «таяныч чекитин» издөөгө аргасыз кылып жатат. Ал жалпы адамзаттын прогрессинде «кыргыз цивилизациясын» табууда зарыл болуп турат.

Адабияттар

1. Алымбеков А. Мектептен тышкары таалим-тарбия. Мугалимдик кесипке киришүү. – Б. 2002.
2. Концепция воспитания школьников Кыргызской Республики. Кут билим. 2002.
3. Мамыров М. “Манас” – кыргыз элинин баатырдык улуу эпосу. Ала-Тоо. 1962 №1.
4. Мусаев С. Элдик эпосунун туура бааланышы зарыл. Кызыл Кыргызстан. 1952.
5. Сухомлинский В.А. Мугалимге жүз насаат. – Ф. 1983.

Taalaybek k. Z., student of Master’s degree, OshSU
zamipa_44@mail.ru

Main problems of patriotic education in the training process

In this scientific article, many problems of patriotic upbringing have been considered. And also the national ideology of the Kyrgyz was analyzed.

Key words: *patriotic education, traditional pedagogy, patriotic feelings, historical sources, youths.*

УДК: 54/004.925

Тагаева Д. А., п.и.к., доцент,
Асанова Г. Б., магистрант, ОшМУ

Орто мектепте билим берүү процессинде инновациялык технологияларды пайдалануу

Макалада орто мектепте билим берүү процессинде окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүнүн айрым ыкмалары каралды. Учурда бардык тармактарда компьютердик технологиялар колдонулуп жаткан мезгил. Мезгилден артта калбастан, геометрияны окутуу мисалында окутуу процессинде компьютердик технологияларды колдонуу аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү менен бирге аларды геометрия предметине кызыктыруу максаты каралды.

Ачкыч сөздөр: *Презентация, анимация, традициялуу окутуу, окутуунун жаңы ыкмалары, диалог, өз алдынча окуу, эффективдүү, мультимедиялык программалар.*

В статье рассматриваются некоторые пути развития творческих способностей школьников в процессе обучения. Сегодня во всех отраслях народного хозяйства, культурно-просветительных учреждениях, и. т. пользуются компьютерной услугой. Не отходя от времени рассматривали примеры использования при обучении геометрии компьютерные услуги на развитие творческих способностей школьников, интерес к предмету через использования компьютерных услуг.

Ключевые слова: *Презентация, анимация, традиционные обучения, новые методы обучения, диалог, самостоятельные обучения, эффективный, программы мультимедия.*

Азыркы коомдогу компьютердик инновациялык технологиялардын, өнүгүү деңгээли көрсөтүп тургандай, учурда компьютердик технологиялардын замандын талабына жараша тез темпте өсүү процессинен пайдаланбаган тармак жокко эсе. Учурда коомубуздун бардык тармактарында, б.а. өндүрүштө, айыл чарбасында, маданият тармактарында, соода тармактарында, билим берүү тармагында ж.б. Ал эми билим берүү системасында бардык предметтерди окутуу процессинде окутуунун эң башкы каражаты катары колдонулуп келүүдө. Билим берүү тармагында бул каражатты башталгыч билим берүү системасынан баштап, жогорку окуу жайынын студенттерине чейин колдонулбаган бөлүгү жокко эсе, б.а. ар бир тармак компьютердик технологиялардын өнүгүү деңгээлин өз дараметтерине жараша ылайыкташтырып пайдаланып келишүү–дө [2].

Учурда компьютердик технологияларды окуу процессине киргизүү окутуу процессинин бөлүнгүс бир бөлүгү болуп саналат. Учурда маалымат технологияларын ар кайсы предметтерге колдонуу менен ал өзүнүн ордун таба алгандыгы баарыбызга эле маалым. Компьютердик технологиялар–ды геометрия сабагын окутуу процессинде колдонуу менен окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүүгө болооруна токтолобуз. Орто мектептин 8-класстын геометрия курсундагы “Фигуралардын аянттары” темасы боюнча төмөндөгүдөй маселенин анимациялык көрүнүшүнүн алгоритми төмөндөгүдөй тартипте болот.

Маселе. Тең капталдуу трапециянын негиздерин 6 см жана 8 см. Ал эми бийиктиги 7 см. Анын аянтын эсептегиле.

Берилди : ABCD трапециясы, AB=6 см, DC=8см, h=7см. S-?

Окуучулар маселенин чыгарылы–шын, чиймелерди өз алдынча сызып, компьютердин жардамында презентация жасашат. Ар бир жасаган кадамды компьютерде чагылдыруу менен трапециянын аянты $S = 49$ см^2 экендигин көрсөтүшөт.

Окуучунун берилген предметтик аймакта эффективдүү ишмердүүлүк жүргүзүүсү үчүн зарыл болгон билимдерге жана тажрыйбаларга ээ болушу жана компетенцияларынын жыйындысы компетенттүүлүк деп аталат. Компетенттүүлүк – өздөштүрүлгөн билимдерден айырмаланып, маселелерди

чыгарууда билимдерди жана билгичтиктерди колдонуу учурунда билинет [6]. Геометрия предметин окутууда компьютердик технологияларды пайдалануу учурунда окуучулар өз билимдерин жана билгичтиктерин көрсөтө алышат. Төмөнкү маселенин компьютердик чагылдырылышына токтололу.

Маселе: Радиусу 5 см, ал эми бийиктиги 8 см болгон цилиндрдин октук кесилишинин аянтын тапкыла.

Маселенин чыгарылышына карата анимациянын алгоритмин төмөндөгүдөй жайгаштырууга болот:



1-сүрөт

2-сүрөт

3-сүрөт

Мында 1-сүрөт цилиндрдин мейкиндиктеги сүрөттөлүшү, 2-сүрөт тегиздиктеги цилиндрдин чиймеси, октук кесилиш – бул цилиндрдин огу боюнча кесилиш – негиздеринин диаметри аркылуу өтүүчү тегиздик, б.а. тик бурчтуктун аянтын (3-сүрөт) табуу талап кылынып жатат.

Цилиндрдин радиусу 5 см, анда диаметри, б.а. тик бурчтуктун узуну 10 см, ал эми бийиктиги 8 см, б.а. тик бурчтуктун туурасы 8 см. Анда узуну 10 см, туурасы 8 см болгон тик бурчтуктун аянты $S = 80$ см^2 [3].

Окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү максатында мугалим геометрия сабагын окуучуларга кызыктуу, мүмкүн болушунча түшүнүктүү кылып өтүү үчүн сабак өтүүнүн усулун түрдүүчө тандап, чыгармачылык менен изденүүсү зарыл. Мугалим математиканын, анын ичинде геометриянын тажатма, татаал предмет эмес экендигине ынандырууга тийиш.

Замандын алдыга карай өнүгүүсү далилдеп тургандай, учурдун жаштары мурунку муундарга караганда маалыматтык технологияны тез кабылдап жаткандыгы баарыбызга айтпасак да белгилүү. Биздин жаштарга маалыматтык технологиянын өнүккөндүгүн, компьютердик технологияларды пайдаланып геометрия сабагын өтүү предметке болгон кызыгууну арттыраарына ынанууга болот [1].

Орто мектепте билим берүү процессинде компьютердик технологияларды колдонуу учурдагы жаңы стандарттын талабына туура келет. Геометрия предметин 7-9-класстарда окутуу процессинде компьютердик технологияларды жаңы теманы түшүндүрүүдө, сабакты бышыктоодо, үй тапшырмаларын аткарууда, маселелерди бир нече жол менен чыгарууда, практикалык мазмундагы маселелерди түзүүдө пайдалануу мүмкүндүгү жогору.

Математиканы окутуунун эффективдүүлүгү окутуунун формасын уюштуруудан, методду туура тандоодон жана окутуунун каражаттарын окуучулардын жөндөмдүүлүгүнө жана алардын математикалык даярдыгына, билим, билгичтик жана көндүмдөрүнүн деңгээлине жараша болот [4].

Кыргыз Республикасынын Эл мугалими, п.и.д., профессор И.Б. Бекбоев 85 жылдык юбилейине карата өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияда «Ааламдашуу шартында Кыргыз Республикасында улуттук билим берүү системаларынын проблемалары» аттуу докладында «… окуучу качан гана өз алдынча билим алып, өзү кармап, өзү чыгармачылык менен иштегенде гана ошол окуп жаткан билимдин даамын сезип, билимдин баркын биле алат…» деген оюн билдирди [2].

Чындыгында, бардык окуучуларга геометрияны жеткиликтүү түшүндүрүү

татаал процесс. Ошондуктан учурдагы заманбап технологиялардын бири болуп саналган компьютерди пайдаланып маселелердин чыгарылышын презентациялоо, геометриялык фигураларды сызуу, алардын касиеттерин окуу куралдарынан пайдаланып презентация үчүн анимация даярдоо, түрдүү слайд-шоуларды даярдоо – окуучулардын предметке кызыгуусун арттыруу менен билим сапатынын жакшыртылышына жана учур талабынын каражаттарынан пайдалануунун кадамдары болуп саналат. Геометриялык материал, тема боюнча маалымат окуучунун эсинде калышына шарт жаралуу менен чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүнүн өнүгүүсүнө өбөлгө түзүлөт.

Адабияттар:

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. 3-басылышы. – Б. Улуу тоолор. 2015. – 385 б.
2. Бекбоев И.Б. “Окуучу, мектеп, мугалим: улуттук педагогика контекстинде”, Түзүүчү С.К. Рысбаев, илимий-педагогикалык макалалардын жыйнагы, 2-китеп. – Бишкек. 2015. – 462 б.
3. Мадраимов С.М. «Решение задач различными способами». Тезисты докладов. 1989
4. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде 5-9-класстар үчүн “Математика” предмети боюнча стандарттын долбоору. 2015. – 41 б.
5. Тагаева Д.А. Геометрияны 7-9-класстарда окутуу процессинде окутуунун жаңы ыкмасын колдонуу аркылуу окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү. ОшМУнун Жарчысы, №4. 2015. – 97-101-бб.
6. Турдубаева К.Т. “Математика сабактарында компетенцияларды калыптандыруу, ОшМУнун Жарчысы, №4. 2015. – 108-112-бб.

Tagaeva D.A., candidate of pedagogical sciences, docent,
Asanova G.B., student of Master’s degree, OshSU
acanova@mail.ru

Application of computer technologies in the process of education of secondary school

This article discusses some of the ways of development of creative abilities of pupils in teaching geometry. Today, all sectors of the economy, cultural and educational institutions, and use of computer services. Without detracting from the time considered using examples when teaching geometry and computer services for the development of creative abilities of students, interest in the subject through the use of computer services.

Key words: *Presentation, animation, traditional educating, new methods of educating, dialogue, independent educating, effective, the programs are a multimedia.*

УДК 371.31.513

Тагаева Д.А., п.и.к., доцент,
Арыстанов Т.Т., магистрант, ОшМУ

8-класста алгебраны окутууда маалыматтык компетенцияларын калыптандыруунун ыкмалары

Макалада 8-класста алгебраны окутуу процессинде квадраттык функция жана анын графигин тургузууну айрым инновациялык методдор аркылуу үйрөтүү маселеси каралат. Окутуунун жаңы ыкмасын колдонуу менен алгебра сабагында маалыматтык компетенцияларды калыптандырууга болору көрсөтүлөт.

Ачкыч сөздөр: *окутуу, квадраттык теңдеме, маалыматтар, байкоо, стимул.*

В статье рассматриваются некоторые инновационные методы при изучении квадратных функций и построение их график на уроках алгебры в восьмом классе. С применением новых способов обучения алгебры рассматриваются задачи формирования информационных компетенций.

Ключевые слова: *обучение, квадратное уравнение, информация, наблюдение, стимул.*

Акыркы мезгилдерде билим берүү чөйрөсүндө окутуунун жаңы технологияларына, усулдарына көп көңүл бурулуп, аларды сабактарда активдүү колдонуу аракеттери жасалып жатат. Мында «инновация» деп жаңылыкты, окутуунун жаңы технологиясын түшүнсөк болот. Мыкты мугалим болуу үчүн сабакта түрдүү методикалык ыкмаларды колдонуу менен классты башкара билүү зарыл. Учурда окутуунун жаңы усулуна демократиялык коомдун талабындагы турмуштук көндүмдөрдү окуучуларда калыптоо жана өнүктүрүү зарылдыгынан улам көбүрөөк маани берилип жатат [2. 126].

Окуучулардын чакан топтордогу өз ара пикир алышуулары бир катар артыкчылыктарга ээ: өз сунуштарын класстын алдында айта албаган же мугалимге гана билдирүүчү окуучулар курбуларынын чакан тобунда өз идеялары менен бөлүшө алат; окуучу башкалар да өзүнүкүнөн айырмалуу болгон пикирлерге ээ боло тургандыктарын билет. Окуучулардын пикир алмашып, өз ойлорун ортого салышып, маселени чечүүдө кеңешип, бир чечимге келүүгө түрткү берип, ойлорун жыйынтыктоого үйрөнүшөт. Жеке ой жүгүртүүгө, ой корутундулоого жана оюн өз сөзү менен билдирүүгө убакытты үнөмдүү пайдаланууга аракеттенишет.

Окутуунун активдүү усулдарын пайдалануу окуучулардын таанып билүүгө кызыгууларын жана мотивациясын арттырат, өз алдынча билим алуу жөндөмүн өнүктүрөт.. Айрым изилдөөлөр көрсөткөндөй, лекция угууда окуу материалынын 20 % и, ал эми ишкер оюн сабагында 90 % ке чейинкиси өздөштүрүлөт. Жалпы билим берүүчү орто мектептерде 5-11-класстарда математиканы окутууда жаңы (2016-ж.) стандартты пайдаланып окутуу менен окутуунун талаптарына ылайык максат жана окутуудан күтүлүүчү натыйжаларды коюуга негизделет. 7-9-класстарда алгебраны окутуу процессинде “Функция жана алардын түрлөрү, графиктери” темасын окутууда максат: “функция түшүнүгүн билет, аныктаманы айта алышат, чоңдуктардын көз карандылыгын билет аларды пайдаланып тиешелүү функциялардын графиктерин тургуза алат”. Ал эми 5-9-класстарда математиканы окутуу программасында белгиленгендей: “функция, функциянын мааниси, аныкталуу областы, аргумет, график түшүнүктөрүнүн маңызын түшүнүү, тиешелүү терминдерди жана белгилерди туура колдонот” [5. 34].

Учурда табигый илимдерди окутууда окуучулардын чыгармачылык ишмердүүлүгүн өнүктүрүү, алардын окуу процессине активдүү катышуусун камсыз кылуу, фантазиясын өөрчүтүү максатында

немец окумуштуусу Юнген Шенхерр тарабынан окутуунун активдүү усулу – “Башталгыч эксперимент, SEA” ыкмасы иштелип чыгып, ал боюнча мектеп мугалимдери курстан өтүшүп, семинарлар уюштурулуп, жогорку окуу жайларына да бул курстардын жайылтылып жаткан учуру [3. 128].

“Башталгыч эксперимент, SEA” ыкмасы окуучуларды гипотезаларды түзүү жолу менен, текшерүү эксперименттерин иштеп чыгуусу, аларды өз алдынча өткөрүү менен өз алдынча иштөөгө, өз пикирин ачык-айкын айтуу менен коштолуп, башкалардын пикирине, идеяларына сый мамиле жасоого шыктандырат.

Аталган ыкманы колдонуу илимде изилдөө иштерин жүргүзгөн сыяктуу окуучулар өздөрү аракеттенишип, гипотеза түзүү менен аны изилдешип, эксперимент аркылуу текшеришип, изилденүүчү объекттин туура же туура эмес экендигин тажрыйба аркылуу текшерип, далилдешет жана жыйынтык чыгарышат. Бул ыкма бир нече кадамдардан турат: башталгыч эксперимент, байкоолор, тандалган байкоолор, суроолор, божомол, эмне изилденет, аныктоочу эксперимент, жаңы билим, колдонулушу.

Ар бир кадамга белгилүү убакыт бөлүнүп, сабак 90 минутаны талап кылат. Төмөндө 8-класстын алгебра окуу куралындагы “Квадраттык функциянын графиги” темасы боюнча өтүлгөн сабактын иштелмесин сунуштайбыз.

1. Старттык эксперимент



2. Байкоо. *. 0y, 0*x* координаталык окторун көрдүм.

*. Координата башталышы аркылуу өткөн параболаны көрдүм.

**. Параболаны 0y огу боюнча 4 бирдикке жогору жылдырылгандыгын көрдүм.

**. y=x^2 (0; 4) боюнча жылдырганын көрдүм.

**. 4 бирдик оу огу боюнча жылдырды.

***.Параболаны ох огу боюнча 3 бирдик жылдырганын көрдүм.

***. Ох огу боюнча 3 бирдик оңго жылдырганын көрдүм.

***.Параболаны ох огу боюнча (3; 0) жылдырды.

****. Параболаны ох огу боюнча 3 бирдик оңго, оу огу 4 бирдик жогору жылдырды.

2а. Текшерүүчү эксперимент: 2 окуучу доскага келип, бирөө байкоолорду окуду, бири экспериментти кайталап жүргүздү.

3. Тандалган байкоо: окуучулар жазган байкоолордон өзөктүү сөздөрдү тандап алдык.

4. Суроо. **1?** Параболаны оу огу боюнча 4 бирдик жогору жылдырганда функциянын формуласы кандай болот?

2? Параболаны ох огу боюнча 3 бирдик оңго жылдырганда функциянын формуласы кандай болот?

3? Параболаны ох огу боюнча 3 бирдик оңго, оу огу боюнча 4 бирдик жогору жылдырганда функциянын формуласы кандай болот?

5. Божомол. 1. y=x^2. 2. y = $(x-3)^2$. 3. y = $(x-3)^2+4$.

6. Эмне изилденет. 1). Параболаны оу огу боюнча 4 бирдик жогору жылдырганда функциянын формуласын аныктоо.

2). Параболаны оx огу боюнча 3 бирдик оңго жылдырганда функциянын формуласын аныктоо.

3). Параболаны оx огу боюнча 3 бирдик оңго, оу огу боюнча 4 бирдик жогору жылдырганда функциянын формуласын аныктоо.

7. Аныктоочу эксперимент: №1- группа; №2- группа; №3- группа; Ар бир группа презентация жасашат;

8. Жаңы түшүнүк. Функция, график, $y = x^2 +4$; $y = (x-3)^2$; $y = (x-3)^2+4$ функцияларынын графиктерин билдим.

Жыйынтыктоо. $y= x^2$; $y = x^2 +4$;

$y = (x-3)^2 =x^2 -6x+9$; $y = (x-3)^2+4 = x^2 -6x+9+4= x^2 -6x+13$;

Демек, $y=x^2 +n$; $y = (x-m)^2$. $y = (x-m)^2+n$.

Тема: Квадраттык функциянын графиги.

9. Колдонулушу. Курулуштарда, архитектурада, люстраларда, стулдардын буттарында, самолет, машина курууда [1].

Жалпы билим берүүчү мектептерде 5-9-класстарда математиканы окутуу процессинде окутуунун жаңы ыкмасы катары окуучуларга жаңы теманы өздөштүрүүдө “Башталгыч эксперимент, SEA” ыкмасын колдонуу жаңы стандарттын талабында белгиленгендей, окуучулар өздөрү теманы аныкташып, сабакка коюлуучу максатты өз алдынча топтордо иштөө менен аныкташат. Бул мугалим теманы айтып, максатты белгилеп берүүсүнө караганда бир кыйла түшүнүктүүрөк болуу менен сабакка кызыгууну арттырат. Окуучулар сабакта берилүүчү маалымаатты өздөрү аныктоо менен жаңылык жаратуучу болушат.

7-9-класстарда алгебра сабактарында бул ыкманы колдонуп сабак өтүү менен окуучулардын ар бир этаптагы өз алдынча аракеттери, ой жүгүртүүлөрү, өз алдынча жыйынтык чыгара билүүсү – чыгармачылык ишмердүүлүккө жана маалыматтарды өз алдынча калыптандыруусуна алуусуна өбөлгө болот деген жыйынтыкка келдик.

Адабияттар:

1. Байзаков А., ж.б. Алгебра 8-класс үчүн окуу куралы. – Б. Билим-компьютер. 2009.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери/ И.Б. Бекбоев . – Б. “Улуу тоолор”. 2015.
3. Касымов А. Интерактивдик методдор жана оюндар. – Бишкек. 2008.
4. Кларин М.В. Инновационные модели обучения в зарубежных педагогических поисках. – М. 1994.
5. КРнын жалпы билим берүүчү мектептеринде 5-9-класстарда математиканы окутуунун программасы. 2015.

D.A. Tagaeva, docent, T.T. Arystanov, student of Master’s degree, OshSU

Some ways of formation in information competencies teaching algebra in the eighth class

The article discusses some innovative methods in the study of square functions and the construction of their graph on the lessons of algebra in the eighth grade. With the use of new ways of teaching algebra, the problems of forming information competencies are considered.

Key words: *learning, quadratic equation, information, observation, stimulus.*

УДК:51.2-756

Эргешова Т., Сапарали уулу А., магистранттар,
Аттокурова А.Дж., доцент, ОшМУ

Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартынын өзгөчөлүктөрү

Макалада Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартына мазмундук жана жалпылоочу анализ жүргүзүлөт. Аталган стандарттын компетенттүүлүк негизде иштелип чыгышын тастыктоочу негизги компетенттүүлүктөр, алардын мазмуну, билим берүү тармактары, окутууну уюштуруу формалары, баалоо системасы баяндалат.

Ачкыч сөздөр: *жалпы орто билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, негизгикомпетенттүүлүктөр, компетенттүүлүк, предметтик стандарт, долбоор, баа берүү системасы, баа берүү, маалыматтык компетенттүүлүк, социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк, өзүн уюштуруу жана проблемаларды чечүү компетенттүүлүгү, билим берүү тармагы.*

В статье проводится содержательный и обобщающий анализ Государственному образовательному стандарту среднего общего образованияКыргызской Республики. Раскрываются ключевые компетентности, их содержание, образовательные области, формы организации обучения, система оценивания, подтверждающие компетентностно-ориентированность данногостандарта.

Ключевыеслова:*государственный образовательный стандартсреднего общего образования, ключевые компетентности, компетентность, предметный стандарт, проект, система оценивания, оценивание, информационная компетентность, социально-коммуникативная компетентность, компетентность самоорганизации и разрешения проблем, образовательная область.*

Республикасынын билим берүү системасын жөнгө салуу төмөнкү документтер берилет:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- мугалимдердин статусу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын балдар жөнүндө кодекси жөнүндө;
- Типтүү жободо кызмат түзүү.

30-апрелде, 2003-жылы Кыргыз Республикасынын "Билимберүүжөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынган. Бул жараян мыйзамында, билим берүү, мамлекеттик саясаттын, билим берүү мекемелери, ошондой эле билим берүүнү ишке ашыруу, аларды ишке ашыруу үчүн юридикалык негиз катары кызмат кылат. Кыргыз Республикасынын" 5-беренесине ылайык мамлекеттик билим берүү стандарттары түзүүнүн негиздерин, түзүлүшү, пайда болушу, студенттер окуу жүгү жана ар кандай шык баскычтарында даярдоого пара-максималдуу суммасы, алар компетенттүүлүк талаптарды аныктайт. Билим берүү боюнча мамлекеттик стандартты эске алуу менен билим берүүнүн сапатын баалоо үчүн негиз болуп саналат. Бардыгы үчүн билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын, менчиги түрүнө жана мекемелик уюмдардын сактоо талап кылынат" [1]. Дүйнөлүк практикада өлкөнү өнүктүрүү багытын мектеп максаттарын кайра карап чыгууну талап кылганын көрсөтүп турат. Жылдын 21-июлунда, Кыргыз Республикасында 2014-жыл №403 жарлыгы менен мамлекеттик билим берүү стандарттарына жалпы орто билим берүү бекитилген. Стандарттык мамлекеттик мазмуну стандарттары, окуу пландары жана окутуу программаларын иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат. Бул стандартты төмөн жакта көрсөтүлгөн:

- жалпы орто билим берүү максаттары жана милдеттери;
- негизги ыйгарым укуктары жана өнүгүү алардын тизмеси;
- мектеп, класс жана баа берүү жыйынтыгы боюнча негизги студентин билими;
- орто билим, уюштуруучулук жана методикалык өзгөртүү [2].
- орто билим берүүнүн ар дайым өзгөрүп, ким экенибизди жана коомдук жыргалчылыктардын камсыз кылуу, жарандык жана кесиптик даярдоо максаты.

Билим берүүнүн максаттары жана ишке ашыруунун төмөндөгү максаттары аныкталган:

- адамзаттын негизги илимий-практикалык жетишкендиктеринин негизинде окуучунун жаш курагына карата;
- жарандык маданият, толеранттуулукту өнүктүрүү, алардын укуктарын коргоо мүмкүнчүлүгү ийгиликтүү коом үчүн;
- баарлашкан компетенттүүлүк, байланышуу үчүн жөндөмдүүлүк, бир иштеп табуу үчүн маанилүү компромисс табуу;
- көз карандысыз окуучулар, түрткү берген жана турмуштук көндүмдөрд үдаярдоо үчүн жоопкерчиликти алуу мүмкүнчүлүгү;
- иштөө жөндөмүн өнүктүрүү үчүн өзүн-өзү багыталган билим берүү иш-чараларды өткөрүү тууралуу маалымат жана билим берүү мейкиндиги;
- коомдогу ар бир бала үчүн да, билим алууга бирдей укуктарды камсыз кылуу [2].

Жаңы нормаларды киргизүү, бул мектептин негизги өзгөчөлүгүн, компетенттик-өнүгүп жатканын баса белгилеген. Бул эки топтун жыйынтыгынын негизинде базалык билим берүү жана андан кийин объект бөлүнгөн. Ыйгарым укуктарынын негизги денгээли менен жаңы стандарттарга жана белгиленген демонстрациялануусу, студенттердин жетишкендиктеринин негизинде билим берүү жана окутуунун жыйынтыгы. Башка сөз менен айтканда, билим берүү, алардын окуудагы, окуучунун сапаты үчүн башкы критерийи эмес, коомдук иш-аракеттер жана билим илим жана пайдалануу, ошондой эле ачык-айкын шарттарды акылдуу жана жооптуу болгон ар кандай маселелер менен чечүү дегенди билдирет.

Азыркы учурда, "негизги ыйгарым" деген түшүнүк, адамдардын билим алуу кесиптик билимге, жөндөмгө жана көлөмгө, ошондой эле коомдун маданияты жана пайыздык чендердин өзгөрүүсүнө карата ашуун коомдук-экономикалык өзгөрүүлөрдүн өнүктүрүүнүн жалпы деңгээлин, дүйнөдө жашоонун жаңы шарттары каралат. Мисалга алсак, билим берүү системасы дүйнөнү өзгөртүү үчүн ар бир окуучуга багыталышы керек, жана ал куралдар топтому ийгиликтүү болуп бериши керек [3].

Улуттук стандарттын негизги түшүнүктөр төмөнкү терминдер:

- негизги компетенттүүлүк –коомдук, жарандык, кесиптик, өтүнмө академиялык сабактардын негизинде ишке ашырылат.
- тигил же бул жагдайда компетенттүүлүк – окуу, жеке жана кесиптик билим жакын жана комплекстүү өзүн-өзү адам мүмкүнчүлүктөрүнүн ар кандай элементтерин колдонуу жөндөмү;
- студенттер үчүн билим даражасын эске алуу менен, предмети ичинде өзгөртүүлөр жана ыкмаларынын натыйжалары аларга жетиштүү:
- билим берүү секторунун суммасы – билим берүү түрүндө берилген мазмун үчүн эске алуу, окутуу, илимий жана практикалык иш, белгилүү бир тажрыйба;
- натыйжага багытталган окуучулардын таанып-билүү билими талап кылынат, студенттер, көз карандысыз жана топтук иш, маанилүү практикалык же теориялык маселелерди жетишилген, ошондой эле бул уюмдун маанисин жана жүрүш-ишин камсыз уюмдун жүрүм-туруму, анын бул билим берүү технологиясы менен камсыз кылат;
- баалоо системасын окутуу, диагноз коюу, эки жактуу байланыш түзүү, студент, мугалим, ата-эне, мамлекеттик жана илим абалы жөнүндө мамлекеттик бийлик органдары маалымат боюнча

жетишкендиктерди жана көйгөйлөрдү баалоо, проблемалар жана жетишкендиктери;

- окуучулардын таанып-билүүчүлүк (билими) баа берүү, таасирдүү жана жүрүм-турумдук иш-наркы, мугалимдин, класстын, мектептин, иш мониторингин жүргүзүү натыйжаларынын билимин каттоо чечмелөө сапатын жакшыртуу үчүн маалыматты чогултуу [2].

Жеке жана кесиптик колдонуучулар чөйрөсүндө адам ресурстары төмөнкү негизги ыйгарымга ылайык ишке ашырылууга тийиш:

1. өз ишин пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым тууралуу маалымат, негизги корутунду даярдоо үчүн маалыматтарды колдонуу, башкача айтканда маалымат менен иштөө максатында жок маалыматтарды издөө үзүндүлөрдү салыштыруу жана талдоо.

2. коомдук-оозеки компетенттүүлүк – сый жана маданияттуу коргоо баалуулуктарга негизделген, башка адамдар жана коомдук билим биригип топторго, жана башка кызмат орундарына жана пикирлердин ар түрдүүлүгүн таануу. Оозеки жана жазуу жүзүндө байланыш үчүн даярдоо жана жеке, коомдук, кесиптик маселелер боюнча зарыл болгон бардык маалыматтар менен болгон маегинде маселени чечүү үчүн.

3. өзүн-өзү уюштуруу жана чечим кабыл алуу жана компетенттүүлүк – маалымат, билим жана турмуштук жагдайларда, карама-каршылыктарды издеп, өзүнөн-өзү, же башка адамдар менен өз ара мамиле ар кандай ыкмаларды колдонуу менен, ошондой эле андан аркы иш-аракеттер жөнүндө чечим кабыл алууга даяр болуусу зарыл.

Студенттердин негизги иш билгилиги калыптануу маселелерди чечүү менен иштин татаалдыгына көз карандысыздыгын, көлөмүн аныктоо үчүн даражасы жетиштүү ьолушу зарыл. Натыйжада, негизги ыйгарым укуктары пайда болушу, 3-бөлүп карайбыз:

1. Биринчи деңгээл (жыныстык) – алган моделин туурап;

2. Экинчи деңгээл (өндүрүштүк)– билими, алгоритми же башка жагдайларды колдоно билүү;

3. Үчүнчү кабат (жаратуучу) – татаал иш өз алдынча иштеп чыгуу жана түзүү аткарууга жөндөмдүүлүк.

Минималдуу талабы катары ыйгарым укуктарынын бардык окуучуларына окутуунун бардык этаптарында, анын стандартына карата болот.

Дүйнө жана тез өзгөрүп чакырыктар (глобалдык) маалыматтык коомду өнүктүрүү, маалыматтык жана техникалык ресурстары, экология жана энергия үнөмдөөчү технологияларды (энергетика, суу, ж.б.), маданий көптүрдүүлүк, экономикалык жана саясий системаны өзгөртүү керек, муктаждыката андаштыкка жөндөмдүүлүгүн жакшыртуу үчүн экономика, билим берүү системасында ой жүгүртүү жаңы технологияларды жана технологиялык иштеп чыгуу, партиялар институту коомдуктар типти өнүктүрүү муктаждыктарына жараша тийиштүү билим берүү чөйрөсүндө бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга муктажанын ичинде билим берүү, жашоо сапаты, ажыратууга негиз болгон: тил, коомдук, математика, илим, технология, көркөмөнөр, саламаттыкты сактоо, маданият.

Алардын психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн студенттердин окуу жүктөмүнүн чектери ар кандай, ошондой эле, коопсуздук түрлөрүн жана сабактарды эске алуу менен билим берүү материалдарды жана иш-чараларды иштеп чыгуу үчүн талап кылууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик компоненти негизги программасынын бир бөлүгү болуп саналат жана мектептеги билим берүү чөйрөсүндө бирдиктүү мейкиндикти камсыз кылат. Регионалдык көпчүлүк агартуу тармагында билим берүү мекемелеринде окуу программасына, жалпы билим берүү милдеттери аймактык муктаждыктарын жана уюмдун кызыкчылыктарын эске алуу менен окуучулардын муктаждыктарын канааттандыруу жана кызыкчылыктарын, алардын ата-энелери, жана өз алдынча

иштелип чыккан билим берүү уюму менен аныкталган. Студенттер эске алуу менен макулдашылган муктаждыктарын толук жана салмактуу окуу жөнгө салуу планы бөлүштүрүүнүн натыйжалуулугун үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүү үчүн окуу планын түзүү үзгүлтүксүз бөлүштүрүү түзүмүнүн натыйжалуулугуна мониторинг жүргүзүү жолу менен жүзөгө ашыруу болуп саналат.

Окуучулар жана студенттер – билим берүү жараянынын тобун түзүүгө аракет кылып жатабыз иштин ар кандай түрлөрүн колдонуу талап кылынып жатат. Окуучулардын жөндөмдүүлүктөрүн жана окутуунун технологияларын өнүктүрүү механизмдери каралат. Парадигмасын үйрөнүү, технологиялык ыкмага өтүүгө көмөктөшүү максатында усулдук мамиле жасоону үйрөнүү. Мындай жагдайларда, эреже катары, окутуучу катары окутуу максатын, билим жана күтүлүп жаткан натыйжаларын билүү үчүн баа берүү үчүн иштелип чыккан, негизги жана предметтик сыпаттамасы денгээл аркылуу түзүлөт.

Өзгөртүү керек компетенттүүлүккө негизденген стандарттарды ишке ашыруу үчүн окутуу түрлөрүн. Салттуу субъекттерине активдүү жана өз ара технологияларды колдонулууга тийиш. Мектеп тутумунун сапатына баа берүү стандарттарына ылайык төмөнкүлөрдөн турат:

1. окуучунун прогресстин илимий баа берүү;
2. мектеп мугалимдеринин же ишке, баа берүү жетишкендиктерин баалоо үчүн;
3. билим берүү системасына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү.

Билим берүү системасы жана акыркы күбөлүгүн орточо башталгыч жана орто билим берүү жана мониторинг жүргүзүү. Аймактарында мезгил-мезгили менен сыноо улуттук сурамжылоо аркылуу баштапкы жана башталгыч мектеп окуучуларынын билим жетишкендиктер менен билим берүү тутумун баалоо (өтөт). Мектеп системасын талдоо жана баа берүү, тышкы жана ички контролдун жана аудиттинар аралашмасынан турат. Мектепке чейинки билим берүүнүн сапаты, мониторинг жүргүзүүжана контролдоо түздөн-түз билим берүү мекемесине (өзүн-өзү баа берүү жана ички контролдук), же тышкы баалоого негизделет.

Окуучу жетишүү көбөйтүү, аныктоо, баа берүү жана акыркы үлгүдөгү пайда өлчөө үчүн.

Окуу жыл бою студент өсүшүн баалоо үчүн пайдаланылуучу диагностикалык баалоо, мугалимдердин карамагына студенттер башталгыч түзүү менен жетишилген натыйжаларды салыштыруу үчүн. Диагностикалы ксүрөттөөлөрдүн баа берүүнүн натыйжалары мугалим жана студенттер үчүн да жоопкерчилик менен изилдөө түрүндө синтезделе токуу жараяны өзгөрүүлөрдү жана жакшыртууларды алып окудум.

Ийгиликке жетүү үчүн сунуштарды иштеп чыгуу үчүн окуу материалдарын баалоо түрү, адамдын (программасына байланыштуу темага, ж.б.) аткаруу мүнөздөмөлөрүнүн темпи, ошондой эле студенттик өсүшүн аныктоо. мугалимдер, саба кпландоо, окуучулардын окутуу сапатын баалоо түзүү учурунда тууралоо билим берүү иш сапатын жакшыртуу үчүн колдонулат.

Окуучуларды окутуудагы акыркы баа ар бир баскычы пландаштырылган натыйжаларга жетишүү даражасын аныктоо жана учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу баа берүү үчүн колдонулат.

Албетте, айрым өзгөчөлүктөргө баа берүү үчүн билим берүү материалдарын, мугалим менен окуучунун жүрүм-изилдөө иштеп чыгуу. Жеке көрсөткүчтөрү учурдагы баа айырмаланып (туура чечимдердин саны, каталардын саны жасап, ж.б.), ошондой эле мугалим, же студенттер тарабынан иштелип чыккан баалоо критерийлерине ылайык ишке ашырылат.

Булактарынын түрлөрү боюнча эл аралык стандарттарды баалоо: жазуу жүзүндөгү маалыматтардын; оозеки берилет деп жооп берет; долбоорлоо жана куржунунун изилдөө жана окуялар (папка), ж.б. элементтердин ичинен бардык түрлөрүн баалоо мугалимдердин

пландаштыруу жана баалоо эске алынган критерийлердин негизинде баалоо керек.

Академиялык календарга акыркы баа берүү (чейректик, жарым жылдык, окуу жылы негизделген), жана баалоо стандарттары жана критерийлерге ылайык жазуу жүзүндө жүзөгө ашырылат. акыркы балл болгон иш-аракеттердин түрлөрүн жана алардын кесиптик стандарттардын үлүшү менен аныкталат. Мугалимдердин жана окуучулардын жеке жөндөмдөрүн эске алуу менен аныкталат.

Жыйынтык: стандарт жаңы түшүнүк болгондуктан мектепте көп мугалимдер стандартты ишке ашырууда кыйналып жатат. Ошондуктан ЖОЖдор менен мектеп мугалимдери тыгыз байланышта иш алып барса жемиштүү болмок.

Бүгүнкү күндө университетте физика-математикалык билим берүү жана билим берүү менеджменти боюнча окуп жаткан бүтүрүүчү бакалавр жана магистрдик студенттер стандартты ишке ашырууда кыйналышкан жок.

Себеби бүтүрүүчүлөр жана иш берүүчүлөрдүн муктаждыктарынын негизинде аталган багыттын студенттери үчүн окуу планындагы тандоо курстарына: ”Орто мектептердеги негизги документтер”, “Мамлекеттик стандарт аталышындагы тандоо курстары киргизилген”. Бүтүрүүчү бакалавр жана магистратура бөлүмүндөгү студенттер билим берүүнүн стандарттары боюнча теориялык билимдерди алышып аны практикада колдонгондуктан алар үчүн көрүнүш эле иш.

Ошондуктан ЖОЖдор менен мектеп мугалимдери тыгыз байланышта иш алып барса жемиштүү болмок.

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” Закону.
2. Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты **(**Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген).
3. Кыргыз Республикасында жалпы орто билим берүүнүн Алкактык улуттук куррикулуму. – Бишкек. 2010.

T. Ergeshova, Saparali uulu A., students of Master’s degree,
A.Zh. Attokurova, docent, OshSU

Features of the State Educational Standard of Secondary General Education of the Kyrgyz Republic

The article provides a comprehensive and summarizing analysis of the State Educational Standard of Secondary General Education of the Kyrgyz Republic. Key competencies, their content, educational areas, forms of organization of education, assessment system, confirming the competence-oriented nature of this standard are revealed.

Key words: *state educational standard of secondary general education, key competences, competence, subject standard, project, assessment system, assessment, information competence, socio-communicative competence, competence of self-organization and problem solving, educational field.*

УДК :51.2-756

Эргешова Т., магистрант,
Аттокурова А.Дж., доцент, ОшМУ

Кыргыз Республикасынын учурдагы билим берүү системасындагы жаңы тенденциялары жана аларга педагогикалык изилдөөлөр

Макалада Кыргыз Республикасынын учурдагы билим берүү системасындагы жаңы тенденциялары аныкталган жана бул багыттагы педагогикалык изилдөөлөр талдоого алынган.

***Ачкыч сөздөр**: билим берүү, билим берүү системасы, билим берүү мыйзамы, инновация, аккредитация, окутуу технологиясы, билим берүүнүн сапаты.*

В данной статье определены новые тенденци развития образовательной системы Кыргызской Республики и проанализированы педагогические исследовании в данном направлении.

***Ключевые слова**: образование, система образование, закон об образовании, инновация, аккредитация, технология обучения, качества образования.*

Учурдагы Кыргызстандагы билим системасындагы көрүнүштөр адамзат коомунун социалдык өнүгүүнүн бир баскычынан экинчи бир карама-каршы баскычына өтүү жолундагы экономикалык жагдайдан келип чыккан идеологиялык, адеп-ахлактык, психологиялык, социалдык кризистердин алкагындагы көрүнүштөрдөн пайда болгон кубулуштарды ичине камтыйт. 1991-жылы Совет доорунун кыйрашы Кыргыз Республикасын эгемендүүлүккө алып келди, коомдук турмушта анын ичинде билим берүү системасындагы өткөөл мезгилдин шарттарынан келип чыккан өзгөрүүлөр башталды. Жаңы социалдык экономикалык кырдаал билим берүүнүн структурасын, мазмунун принципиалдуу түрдө реформалоо талабын койду. Ошол эле мезгилде көз карандысыз Кыргыз Республикасы түзүлгөндөн кийин жалпы экономикалык кыйынчылыктарга жана билим тармагына бөлүнгөн каражаттын кыскаргандыгына карабас–тан, жогорку билим берүүчү мектептердин саны жыл сайын өсүүгө ээ болду. Кыргыз Республикасында дүйнөлүк билим берүү системасы менен айкалышкан билим берүүнүн артүрдүү формалары – мамлекеттик, жеке менчик мектептер,гимназиялар, лицейлер жана колледждердин саны барган сайын өсүүдө.

Кыргыз Республикасынын Президентинин буйругу менен 2000-жыл «Жаштар жана билим берүү жылы» деп жарыяланышы «Кыргызстандын жаштарын 2010-жылга чейин өнүктүрүү» боюнча» жалпы улуттук программасы жөнүндө» указы да билим берүү системасынандан ары өнүктүрүүгө жана жаштарды демократиялык коомду куруу процессине тартууга багытталган.

Дүйнөдө болуп жаткан зор өзгөрүүлөр жана анын ичинде Кыргызстандын коомдук-экономикалык өнүктүрүүсүнө эгемендүүлүк доорунун тийгизген таасир, элге билим берүүнүн өнүгүүсүнүн проблемаларына көп жагынан жаңыча кароого, көнүп калган стереотиптерден жана эски көз караштардан баш тартууга, өзгөргөн реалдуулук, жаңы кубулуштар жана тенденциялар менен эсептешүүгө алып келди десекболот. Анын натыйжасында жаңы социалдык-экономикалык жагдай,базар экономикасы элге билим берүү системасын кайра куруу зарылчылыгын пайда кылды. Билим берүүнүн эң башкы мааниси болуп – Кыргыз Республикасынын туруктуу өнүгүшүнүн камсыз кылуу экендиги аныкталды.

Учурдагы Кыргыз Республикасын–дагы билим берүү системасыэл аралык макулдашууларга жана дүйнөлүк билим мейкиндигинде гипринциптерге, ошондой эле адам укугунун жалпы декларациясына, улуттук жана дүйнөлүк маданияттын гумандуу дөөлөттөрүнө таянуу менен жүргүзүлүүдө.

Кыргыз Республикасынын билим системасы дүйнөлүкинтеграциялык билим берүү процессине кошулду. 2004-жылы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзамдын VII бөлүмү «Билим берүү тармагындагы эларалык кызматташтык жана сырткы экономикалык байланыш» деп аталып, ага байланыштуу билим берүүнү башкаруу органдары, билим берүү мекемелери, билим берүү системасына байланыштуу уюмдардын чет элдик жана эл аралык уюмдар менен түздөн-түз байланыш түзүүгө, мамлекеттер аралык жана эл аралык билим берүүгө, илимий жана илим изилдөө программаларын ишке ашырууга, мамлекеттер аралык коомдук билим берүү

бирикмелерине кирүүгө мыйзамдын чегинде укуктуу экендигин жарыялаган. Бул мыйзамга таянып, Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүүнүн негизги принциптери төмөнкүлөр[5]:

- Кыргыз Республикасынын бардык атуулдарынын билим алууга болгон тең укуктуулугу;
- Мамлекеттик окуу жайларда, мамлекеттик билим берүү стандартынын чегинде акысыз билим берүү, ошондой эле акы төлөнүүчү билим берүүнүн болушуна шарт түзүү;
- Билим берүүнүн гумандуулук мүнөзү, жалпы адамзаттык дөөлөттөрдүн артыкчылыгы;
- Билим берүүдө илимий жетишкендиктерге жана эл аралык стандарттарга багыт алуу;
- Билим берүүдөгү системалуулук жана үзгүлтүксүздүк;
- Билим берүүнүн саясий жана диний институтгардан көз карандысыздыгы;
- Билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүк багыты, билим мазмуну, менчиктик формасы боюнча көп түрдүүлүгү;
- Мамлекеттик мекемелердеги билим берүүнүн жарандуулук мүнөзү;
- Билимдин жалпыга жеткиликтүү–лүгү жана билим берүүнүн жарандуулук мүнөзү;
- Билимдин жалпыга жеткиликтү-үлүгү жана билим берүүнүнокуучулардын өнүгүү жана даярдык деңгелдерине жана жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша жүргүзүлүшү;
- Шыктуу окуучуларды тандоо жана алардын чыгармачылык өсүшүнө шарт түзүү;
- Альтернативдүү билим берүү мекемелеринин жана билим берүүнү мамлекеттик формаларынын болушу;
- мамлекет базар экономикасы жана коомдуктурмушту демократиялаштыруу шартына ылайык атуулдардын билим алуу укугун гарантиялоо.

Бүгүнкү күндө актуалдуу болгон Кыргызстандын билим берүү системасынын эң негизги бутагы катары жогорку окуу жайларындагы окутуу процессинин сапатын жогорулатууга байланыштуу жазылган эмгектер арбын. И.Б. Бекбоев “Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери” жана “Билим берүү мекемелерин башкаруудагы натыйжалуулуктун эң маанилүү фактору” [2-3], Э.М. Мамбетакунов “Педагогиканын негиздери” [6] аттуу эмгегинде педагогикалык технологиялар–дын маанисин, мазмунун жана анын түрлөрүн таасын ачыктаган.

Ушуга байланыштуу билим берүүнүн ушул деңгээлин өнүктүрүүдө негизги артыкчылык экономиканын заманбап талаптарын эске алуу менен ЖОЖдордо окуу сапатын жогорулатуу жана кесиптик даярдоо проблемаларына берилиши керек [1].

Бул үчүн төмөнкүлөр зарыл:

а) жогорку билим берүүнүн шарттарын өзгөртүү:

- Кыргыз Республикасында кадрларга болгон суроо-талаптарга ылайык ЖОЖдордун тармагын оптималдаштыруу;
- менчиктин ар түрдүү формасындагы жогорку окуу жайлардын иштеши үчүн шарт түзүү;
- ЖОЖдордун көпчүлүк бөлүгүн өзүн-өзү каржылоого өткөрүү, алардын автономиясын жана экономикалык чөйрөгө интеграцияланышын камсыз кылуу;
- жогорку окуу жайлар үчүн башкаруунун моделин эркин тандоо мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу;
- ЖОЖдор менен жумуш берүүчүлөрдүн ортосунда тыгыз байланышты орнотуу, жумуш берүүчүлөрдүн заказдары боюнча кадрларды даярдоого акырындык менен өтүү;
- мамлекеттин коопсуздугу жана коомдун туруктуулугу үчүн орчундуу мааниси бар адистиктер боюнча окутууну гранттык уюштурууну сактап калуу;

б) жогорку билим берүүнүн түзүмүн жана мазмунун өзгөртүү:

- билим берүүнү көп баскычтуу (бакалавр, магистр, PhD-доктордук

даража) система боюнча уюштурууну камсыз кылуу;

- бүтүрүүчүгө азыркы дүйнөдө атаандашууга жөндөмдүү болууга мүмкүндүк берген компетенттүүлүк моделине негизделген жаңы муундагы мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу жана киргизүү, бүтүрүүчүлөргө квалификациялуу талаптарды иштеп чыгууга жумуш берүүчүлөрдү тартуу [4];

в) окуу процессин уюштурууну кайра куруу жана билим берүү чөйрөсүн өзгөртүү:

- студенттердин ийкемдүү жана вариативдик жеке билим берүү траекториясын курууну камсыз кылуу, кредиттерди которуунун жана топтоонун Европалык системасын киргизүү жолу менен академиялык мобилдүүлүктү кеңейтүү;
- окутуунун инновациялык методдорун кеңири жайылтуу, анын ичинде маалымат технологияларын колдонуу;
- кесиптик окуу жайлардын материалдык-технологиялык базасын жакшыртуу, анын ичинде билим берүү процессин маалыматтык-коммуникациялык жактан колдоонун комплекстик системасын, жаңы муундагы электрондук билим берүү ресурстарын түзүү жана өнүктүрүү;

г) сапатты ички жана тышкы контролдоо механизмдерин өркүндөтүү:

- сапатты ички контролдоо механизмдерин жана окуу процессине мониторинг жүргүзүүнүн жана окутуунун жыйынтыгын контролдоонун заманбап методдору киргизүү жана бекитүү;
- лицензиялык ченемдер менен талаптарды жана белгиленген чектүү контингентти сактоо жана аткаруу;
- профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу жана окуу жайдын менеджмент системасын өркүндөтүү;
- сапатты баалоонун көз карандысыз (коомдук-кесиптик) борборлорун өнүктүрүүгө жардам берүү жана алардын негизинде ЖОЖдордун коомдук-кесиптик аккредитациялоонун көз карандысыз агенттигин түзүү;
- ЖОЖдорго лицензия берүү жана мамлекеттик аттестациялоо, аккредитациялоо жол-жобосун өркүндөтүү [7].

д) илимдин ролунун өзгөрүшү

- Жогорку билим берүүнү жана илимдиин теграциялоо артыкчылыктуу илимий багыттарга концентрациялоо, ЖОЖдордо окуу-илимий лаборатория–ларды, илимий борборлордо, технопарктарда, өндүрүштө кафедралардын филиалдарын түзүү аркылууишке ашат.

5) Кошумча билимберүүжана чоң кишилер үчүн билимберүү адамдын жашоо-турмушунун түрдүү этаптарында жеке керектөөлөрдү жана муктаждыктарды канааттандырууга багытталган; көндүмдөрдү өнүктүрүүгө жана кеңейтүүгө, квалификацияны жогорулатууга мүмкүндүк берет, ошондой эле бүтүндөй жашоо бою билим алуу мүмкүндүгүн берет.

Жогорудагы ойлорду жалпылоо менен биз төмөнкүлөрдү сунуштадык:

1. Өнүктүрүү жана окутуу программалары менен мектеп жашына чейинки балдардын көпчүлүгүн камтуу;
2. Курагына, жынысына, этностук, диндик белгилерине, жашаган жерине, акыл-эс жана дене бой өнүгүүсүнө, социалдык-экономикалык статусуна ж.б. карабастан, сапаттуу негизги жалпы жана жалпы орто билим алууга мүмкүнчүлүк берүү;
3. Орто мектептерде (10 жана 11-класстардын) профилдик жогорку баскычка өтүү жана негизги жалпы билим алган ар бир окуучуга адистикти тандоо мүмкүнчүлүгүн түзүү;
4. Эмгек рыногунун азыркы талаптарына жана жеке керектөөлөрдү жана кызыкчылыктарды канааттандыруу–да калктын суроо-талаптарына ылайык эмгек көндүмдөрүн өнүктүрүү;
5. Өмүр бою үзгүлтүксүз билим алуу үчүн шарттарды түзүү;
6. Билим берүү системасынын бардык деңгээлдеринде социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү жана билим

берүү процессине жумуш берүүчүлөрдүн активдүү катышуусу;

7. Билим алууга, күтүлбөгөн кырдаалдарда багыт алууга жана маалыматка талдоо

8. жүргүзүүнүн; коммуникациялык жөндөмдүүлүктүн; аналитикалык тажрыйбанын жана сынчыл ой жүгүртүүнүн негизинде чечим кабыл алууну калыптандырууга багытталган окутууга компетенттүү ыкманы киргизүү;

9. Кредиттик окутуу системасына өтүү, ал студенттердин ийкемдүү жана мобилдүү кылып, жогорку окуу жайында окуу менен катар иштөөгө мүмкүнчүлүк берет (Болон макулдашууларынын жоболоруна ылайык);

10. Көп тилдүү билим берүү чөйрөсүндө маданий жана тилдик көп түрдүүлүк менен сабырдуулукту сактоо;

11. Билим берүү секторун көп каналдуу каржылоону колдоо жана финансылык ресурстарды адилет бөлүштүрүү;

12. Билим берүү секторунда маалыматтарды топтоо жана талдоо жүргүзүү технологияларына негизделген, анын ичинде статистикалык маалымат–тардын негизинде, стратегиялык пландаштыруу жана башкаруу системасын түзүү;

13. Натыйжалуу кадрдык саясат.

14. Билим берүү системасын системалык түрдө жакшыртуу үчүн мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын киргизүү.

Жыйынтык: мектеп жашына чейинки тарбиялоо мекемелери, орто мектеп, атайын орто кесипчилик окуу жайлары, Жогорку окуу жайлары жана илим изилдөө институттары баары биригип билим берүү системасын түзүшөт. Бул аталган тармактардын ар бири үчүн жогорудагы билим берүү тенденциялары каралып өттү. Мисалы: Ош Мамлекеттик Университетинде билим берүүнүн заманбап тенденцияларына негизделип окуу жайдын миссиясы жана ректорубуздун **10+10+10+10 програм–масы** кабыл алынды .

Эгерде ушул сыяктуу,билим берүүнүн заманбап тенденцияларын ар бир тармак күндөлүк практикасында маанисине жетип колдонгондо анда билим берүү тармагында бир топ жылыштар болоор эле.

Адабияттар:

1. Абакирова Г.Б. Повышение эффективности управления учебным процессом в вузе. КНУ имени Ж. Баласагына. – Бишкек. 2011.
2. Бекбоев И.Б. Инсанга багытталган окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек. Педагогика. 2003. – 156 б.
3. Бекбоев И.Б. Совершенствование управления деятельностью образовательного учреждения – важнейший фактор обеспечения результативности. Высшее образование в Кыргызской Республике. 2014. – 4, 26, 7-14 б.
4. Беспалько В.П. Теория создания и применения: учебник. – Москва. Народное образование. 2008. – 192 б.
5. КРдин «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы. – Б.Мамлекеттиктилжана энциклопедия борбору. 2004. –808 б.
6. Мамбетакунов Э. жана Сияев Т. Педагогиканын негиздери: Жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн окуу куралы. – Бишкек. Педагогика. 2009. – 138 б.
7. Син Е. Научно-теоретические основы совершенствования учебного процесса в системе университетского образования. Ошский государственный университет. 2011.

T. Ergeshova, student of Master's degree,
A.Zh. Attokurova, docent, OshSU

New trends in the educational system of the Kyrgyz republic and their pedagogical research

This article identifies new trends in the development of the educational system of the Kyrgyz Republic and analyzes pedagogical research in this direction.

Key words: *education, education system, law on education, innovation, accreditation, technology of education, quality of education.*

УДК: 338.124.4(575.2)

Абдижармат кызы С., магистрант, ОшМУ

Дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын Кыргызстанга тийгизген таасири

Макалада Кыргызстандын Россияга болгон миграциясынын мамлекеттин социалдык-экономикалык кырдаалына тийгизген таасири жана көйгөйлөрү каралды.

Ачкыч сөздөр: *миграция, эмиграция, иммиграция, миграциянын жүйөсү, мүнөздүү багыттары.*

В статье рассмотрены миграции из Кыргызстан на России и его влияние на социально-экономическую ситуацию и проблемы.

Ключевые слова: *миграция, эмиграция,иммиграция, мотивы миграции, тенденция.*

Соңку жылдары өлкөнүн сыртына эмгек миграциясы кеңири масштабга ээ болду жана Кыргызстандагы калктын жашоо-турмушуна көп тараптан олуттуу таасирин тийгизе баштады. Анткени мамлекеттин экономикалык башкы секторун Россиядан жана башка чет өлкөлөрдөн келген которуулар түзгөндүгү баарыбызга маалым.

2003-2008-жылдарда өлкөдө үй чарбаларынын керектөөлөрүнүн өсүшү жана калктын кедейлигинин кыскарышы Кыргызстандагы үй-бүлөлөрүнө эмгек мигранттарынын акча которууларынын аркасында болгондугу барыбызга маалым. Кыргызстандык мигранттар үчүн Россия Федерациясы негизги эмгек рыногу болуп калды, ал жерде кээ бир баа берүүлөр боюнча бардык мигранттардын 80%дан ашыгы иштеп жатат жана ал жактан чет өлкөдө иштеп жаткан кыргызстандыктардын бардык акча которууларынын болжол менен бештен төрт бөлүгү келет. Демек, Россиянын экономикасындагы кырдаал жана Россия Федерациясынын эмгек мигранттарына карата мамлекеттик саясаты ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүнө [4. 21], кирешелердин деңгээлине, ал жерде иштеп жаткан Кыргызстандын жарандарынын социалдык абалына жана жыргалчылыгына олуттуу таасир тийгизди. Глобалдык экономикалык каатчылык Россияга катуу тийди, ал Кыргызстандан келген мигранттардын абалына таасир тийгизбей койгон жок.

Россиянын экономикасындагы басаңдоо жумушчу орундардын кыскарышына алып келди. Ушундай шартта Россиянын Өкмөтү россиялык жарандыгы жок адамдар үчүн ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн азайтууга багытталган (өзгөчө бейформал ишке орноштуруу) ички эмгек рыногун коргоо боюнча чараларды көрө баштады. Россиядагы экономикалык төмөндөө жана жөнгө салуу чөйрөсүнүн өзгөрүшү Кыргызстандык жарандарга Россияда иштөө иш ордун жана мурдагы айлык акысынын сактоо кыйынга туруп жатат, демек алардын үй-бүлөлөрүнө акча которушунун деңгээли да төмөндөдү. Мигранттардын бир бөлүгү үйүнө убактылуу же биротоло келүүгө чечим кабыл алганы менен бул жактагы жумушсуздук ишке ашырбай келүүдө. Бирок каатчылыктын эмгек мигранттарына жана алардын үй-бүлөлөрүнө таасир тийгизишинин негизги багыты түшүнүктүү болгону менен көйгөйдүн масштабы жөнүндө маалымат, анын пайда болушунун конкреттүү формалары жана мигранттардын ар кандай топторуна каатчылыктын тийгизген таасири жөнүндө маалымат жетиштүү эмесболгондугуна байланыштуу, каатчылыктын Кыргызстандагы социалдык-экономикалык кырдаал үчүн терс кесепеттерин кантип

азайтуу жөнүндө чечим кабыл алууну жана каатчылыктын шартында бул мигранттарга жана алардын үй-бүлөлөрүнө кандай колдоо көрсөтүү керектигин кыйындатат [5. 15].

Соңку он жылдын ичинде постсоветтик мейкиндикте тышкы эмгек миграция социалдык-экономикалык көрүнүш катары пайда болду жана орун очок алды. Дүйнөлүк тажрыйба далилдеп тургандай, бул көрүнүш миграция кабыл алуучу өлкөлөрдүн, ошондой эле жөнөтүүчү өлкөлөрдүн өнүгүшүнө өбөлгө болот. Кабыл алуучу өлкө катары Россия, жана жөнөтүүчү өлкө катары Кыргызстан бул процесстен сыртта калган жок. Миграция кыргыз мигранттарынын жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн жашоо-турмушунун сапатын жакшыртууга мүмкүнчүлүк берет, ал эми мигранттардын өздөрү Россиянын эмгек рыногунда жергиликтүү калк тарабынан талап кылынбаган же кадрлар өтө тартыш болгон жерди ээлешет.

Жакынкы мезгилге чейин тышкы миграциянын кесепеттерин талдоо төмөнкүдөй төрт негизги аспектиде каралды:

- акча которуунун эсебинен кедейликти кыскартуу жана мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн жашоо-турмушунун кыйла жогорку сапатын камсыз кылуу;
- кабыл алуучу өлкөлөрдө мигранттардын укуксуздугу;
- эмгек миграциянын социалдык терс таасирлери: үй-бүлөнүн ажы- рашуусу, де-факто толук эмес үй- бүлөлөрдүн калыптанышы, миграцияда жүргөн тирүү ата-энелери бар туруп балдарды туугандары тарбиялашы, Россияда калган аялдар менен балдарда эмгектин мүнөздүү болбогон түрүнүн пайда болушу;
- өлкөдөн күч-кубаттуу жана билимдүү кадрлардын кетип жатышы.
- Өзгөргөн экономикалык кырдаалда дүйнөлүк экономикалык каатчылыктын фонунда төмөнкүдөй башкача түрдөгү көйгөйлөр алдыңкы планга чыгат:
- реципиент-өлкөлөрдө кирешенин төмөндөшү, жумушчу орундардын кыскарышы, мыйзамдардын катуулашы, анын кесепети катары, мигрант- тардын абалынын начарлашы;
- мигранттардын кайтып келиши, мигранттардын материалдык абалынын жана үй-бүлөлөрүнүн жашоо-турмушунун сапатынын начарлашы;
- Кыргызстанда жумушсуздуктун өсүшү;
- социалдык жактан коргоо системасына кысымдын күчөшү, коомдун криминалдашуусу ж.б..

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү мигранттардын кайтып келишине, зарыл болгон учурда, өз ара байланыштуу бир катар маселелерди кечиктирбестен чечүүгө даяр болууга тийиш.

Мамлекеттин деңгээлинде чет өлкөлөрдөгү кыргыз диаспораларынын коомдук уюмдарына олуттуу социалдык жоопкерчилик жүктөлгөндүгүнүн фактысы өзгөчө кейитет, ошол эле учурда алардын жардамын жана коомдук ишин мигранттардын өздөрү өтө төмөн баалайт. Мигранттардын кайтып келишине үй-бүлөлөрдүн мамилеси. Белгилүү болгондой, үйдө калган үй-бүлө мүчөлөрү чет өлкөдө миграцияда жүргөн туугандары үчүн тынчсызданат жана аларды сагынат. Миграциянын социалдык-психологиялык көйгөйлөрү бар экендиги жана алардын бөлүнүп жүргөн үй-бүлөлөрдө келип чыккан натыйжалары жөнүндө тастыктаган бир катар иликтөөлөр бар.

Каатчылыктын учурунда тууган–дары мигранттардын үйгө кайтып келишин талап кылышы керек эле. Бирок пикир сурап-билүү буларды көрсөттү: респонденттердин 53%ы өздөрүнүн туугандарына каатчылыктан улам өлкөгө кайтып келүүсүнө макул деп кеңеш бербейт, 7%ы жооп бере алган эмес жана 40%ы мигранттарга жок дегенде каатчылык учурунда кайтып келүүнү сунуш кылган. Мында кайтып келүүнү сунуш кылгандардын ичинен 10%ы гана мигрант Россияда аткарган жумуш. Мекенде анын калктуу конушунда талап кылынат деп ишенет [3. 21].

Мигранттар кайтып келген учурда иштин түрү боюнча сунуштар адистиги боюнча бизнес 4% айыл 2% чарбасы 13% башкасы 1% 3% окууну улантуу билим

берүү чөйрөсү 1% тейлөө чөйрөсү 3% билбейм 73% Көрүнүп тургандай, туугандардын 73%ы мигранттар кайтып келген учурда өзүнүн калктуу конушунда алар үчүн реалдуу келечекти көрө албай жатат [2. 11]. Облустук борборлордон келген мигранттар салыштырмалуу алда канча пайдалуу абалда турат, анткени кыргыз мигранттары Россияда ишке орношкон негизги жерлер – булар ири шаарлар жана алар миграцияда жүргөндө ээ болгон жөндөмдөр мекенинде талап кылынышы мүмкүн. Ишке орношуу мүмкүнчүлүгү өтө төмөн болгон, ал эми иштин ар кандай түрлөрү көп учурда жана дегеле талап кылынбай турган чакан шаарларга жана айылдарга кайтып келүүгө аргасыз болгон мигранттар, кыязы, начар абалда калат. Кайтып келген тышкы мигранттардын зор бөлүгү Бишкек жана Ош шаарларында иш табууга умтулуп, ички мигрант болуп калат деп болжолдоого болот. Бүтүндөй алганда, респонденттердин айткандары боюнча, кайтып келген мигранттардын 10%ы миграцияда жүргөндө алган жөндөмдөрүнө ылайык иш таба алат; 56%ы – таба албайт жана респонденттердин 34%ы бул суроого жооп бере алган эмес [1, 4]. Россиянын миграциялык мыйзамдарын аткаруу пикири суралган респонденттердин төрттөн бири кыргыз мигранттары жарандыгын алмаштыруу менен олуттуу чечим кабыл алып, иштен жана миграцияда акча табуу мүмкүнчүлүгүнөн ажырап калууну минималдаштырды деп жооп беришкен.

РФнын жарандары 15%, РФнын жарандыгына арыз берген 2%, КРдын жарандыгын алмаштырууну пландаган жок 74%, РФнын жарандыгын алууга арыз берүүнү пландап жатат 9%. Карим, 34 жашта, Ноокат шаары, Ош облусу, өзбек маалеси Кыргызстанга эс алуу жана туугандары менен учурашуу үчүн келген, Иркутскийде 5,5 жылдан бери жашап жана иштеп жатат, ал жакта россиялык жарандыкты алган. Иркутскийде базарда дүкөнү бар, бир туугандары Якутияда Россия Федерациясынын жараны болуп калды, ал жерде иштешет. Жумуш жоктугунан улам Кыргызстанга кайтуу жөнүндө ойлоно элек [3. 17].

Россияда узак мөөнөттүү ишке орношуу үчүн Кыргыз Республикасынын жарандары каттоосун, ишке орношууга жана жылына бир жолу Россия Федерациясынын чек арасынан өтүүгө уруксаты дайыма жаңылап турууга тийиш. Ошондуктан Россия Федерациясынын жарандыгын алуу дурус. Бул андан аркы турмушту кыйла жеңилдетет. Орус тили да иштөө үчүн керек. Жалпылап алганда мигранттардын орточо эмгек акы 15-20 миң рублди түзөт. Россиянын жарандары менен жараны эместердин эмгек акыларынын ортосунда айырма бар. Негизинен эмгек мигранттары дүкөндөрдө жүк жүктөөчүл\к жана айдоочулук кызматтарды аркалашат.

Адабияттар:

1. Демоскоп-Weekly. Электронная версия бюллетеня “Население и общество”. №207-208. – М. 2005.
2. Исаев К. Глобальная демократия в Кыргызстане. //СОЦИС. №4 (240). – М. Наука. 2004. – 79 б.
3. Шустов А.В. Становление независимых государств центральной Азии. Этносоциалные проблемы (1991-2005) [Текст]: автореф. дис…. канд. ист. наук: / А.В. Шустов. – Ярославль. 2006. – С. 28.
4. Эргешбаев У.Ж. Миграционные процессы в кыргызстане и их социально-экономические последствия [Текст]: автореф. дис.... канд. экон. наук: 08.00.05 / У.Ж. Эргешбаев. – Бишкек. 2008. – С. 25.
5. Эмильбекова Э.Б. Кыргызская Республика в систем Евроазийского экономического сообщества [Текст]: автореф. дис.... канд. экон. наук: 08.00.05 / Э.Б. Эмильбекова. – СПб., 2007. – С. 25.

Abdijarmat kyzy S., student of Master's degree, OshSU

World economic crisis and its impact on migration in Kyrgyzstan

The article examines migrations from Kyrgyzstan to Russia and its impact on the socio-economic situation and problems

Key words: *migration, emigration, immigration, migrationmotives, the trend.*

УДК: 947.1/.9 (575.25)

Абдурасулова А.Дж., улук окутуучу, ОГПИ

Эгемендүүлүк жылдарындагы Кыргызстандагы орто жана чакан шаарлардын өнүгүүсү

Макалада чакан шаарлар жергиликтүү коомчулук катарында каралып, өнүктүрүү жараянында тапшырмаларды иштеп чугуу жана жергиликтүү деңгээлдеги кырдаалдарда жоопкерчиликтүүлүк артты. Бүгүнкү күндө анын актуалдуулугу жөнүндө бир топ таасирлерди жаратып жатат.

Ачкыч сөздөр*: концепция, Кыргызстан, шаар, кичи шаарлардын өнүгүүсү, шаар тибиндеги шаарчалар, калк.*

В статье рассмотрены малые города как местные сообщества, ответственные за ситуацию на местном уровне и задающие тон в процессах развития. Возникает впечатление о его актуальности и в наши дни.

Ключевые слова: *концепция; Кыргызстан; города; развитие малых городов; посёлков городского типа; население.*

Соңку мезгилде, өзгөчө мурдагы пландуу экономикадан рынокко өтүп жаткан доордо Кыргызстандын тарых илиминде "шаар таануу" маселелесине кызыгуу артып, аны изилдөө аракеттери жаңы илимий баскычтарга көтөрүлүп жатат. Бүгүнкү күндөгү Кыргызстандагы шаарлардын пайда болуусу жарым көчмөн маданиятта жашаган, чала сабаттуу кыргыздардын цивилизацияга жетишүүсүнүн көпүрөсү болуп калган. Шаарлардын курулуусу жана андагы коммуналдык тиричиликтин башталышы, буга чейин жарым көчмөн маданиятты башынан кечирип келген кыргыздар үчүн бир топ татаал процесс болгон.

Ошондуктан Жалал-Абад областындагы шаарлардын социалдык экономикалык абалын изилдөө колго аларлык иш. Себеби шаарлар ошол жердеги өндүрүштү өнүктүрүүгө арналып түзүлгөндүктөн, шаардын курулушулун терен изилдеп өзгөчө бир басым жасап көрсөтүү зарыл. Жалал-Абад областындагы Жалал-Абад, Майлуу-Суу, Кербен, Кочкор-Ата, Кара-Көл, Көк-Жаңгак шаарлары мамлекетибиз эгемендүүлүктү алгандан тарта өлкөдөгү башка шаарлардай эле социалдык экономикалык кризисти кучагында калды.

Өндүрүштүк-экономикалык кубаты бар, чакан шаарлардын бири болгон бул шаарлар да эгемендүүлүктүн жылдарында татаал чарбалык, өндүрүштүк, социалдык, демографиялык кризисти башынан өткөрүп келет. Арийне, мындай кырдаалда шаардын көп улуттуу калкы, шаар башкармалыгы, мамлекетибиз бул маселелерди ар тараптуу чечүү багытында иш-аракеттерди аткарышууда. Совет доорунда алган көмүр кенинин көлөмдүү өндүрүлүшү менен шаар катары калыптанган Көк-Жаңгак шаарынын абалы, уранды иштеткен Майлуу-Суу шаарынын кескин түрдө начарлаган.

Биз бул изилдөөбүздө жогорудагы шаарлардын бүгүнкү күндөгү социалдык экономикалык абалын терең изилдөөменен учурдагы көйгөйлүү маселелерден чыгуунун перспективаларына басым жасоого аракеттендик. Ар бир курулушуна да шаардын эмгек жана интеллектуалдык

базасы негизги ролду ойногон. 1991-жылдан кийин жаралган системалык кризис бул чакан шаарларды да өз кучагына алды. Шаарлардын экономикасынын негизи болуп эсептелген, калктын негизги бөлүгүн жумуш орду менен камсыз кылган көптөгөн мамлекеттик маанидеги ишканалар токтоду. Мындан сырткары, шаардагы башка өндүрүштөр, жамаатташ жайгашкан кендерди иштетүү өндүрүштүк бирикмеси суроо-талаптын жоктугунан өз ишин токтотууга аргасыз болгон.

Системалык кризис массалык жумушсуздукка, демографиялык кризистин тереңдөөсүнө алып келди. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы кичи шаарлар гана эмес өлкөбүздүн башынан кечирип жаткан маселе көйгөйлөрү бир топ. Канадалык Фрейзер институтунун изилдөөчүлөрү жүргүзгөн иликтөөлөргө ылайык, Кыргызстан тоо кен тармагынын инвестициялык ыңгайлуулугу боюнча 93 өлкөнүн ичинен аркасынан караганда 5 орунду ээлептир. Бизден кийинки орундарда Индонезия, Вьетнам, Венесуэла жана Конго экен [1. 4]. “Жаратылыш байлыктарыбыздын жалпы баасы 60триллион доолар (дүйнөнүн бир жылдык ички дүң продукциясы), ал эми тоокен тармагында 600 млрд. долларлык запастар бар” (алардын кандай сын ченемдерге негиздешкени белгисиз) деп айрымдар ашкере оптимисттик билдирүүлөрдү таркатышкан менен Кумтөрдөн башка кендердин үзүрлөрүн деле көрө элекпиз.

Ички тышкы инвестициянын жылдан жылга адыга жылдыруу шаардын уроосуна тоскоол болот деген ишеним чоң болгону менен аны жолго сала албай келебиз. Кыргызстандагы тоо кен тармагынын негизин көмүр кендери түзөт. Анын Таш-Көмүр, Көк-Жаңгак, Өзгөн, Сүлүктү, Кызыл-Кыя бассейндериндеги башка жерлердеги болжолдуу жалпы кору 3-4 млрд. тоннаны түзөт. Республика өзүн гана эмес, Борбордук Азияны 300-400 жылга көмүр менен камсыз кыла алат дегендин да негизи бар. Бирок көмүр өнөр жайынын кыймылдаткыч күчү катарында өткөн кылымдын ортосунда же нефти массалык түрдөөздөштүрүлө баштаганда эле өз маанисин жоготкон. Көмүр кендерин өзүбүз ички керектөөлөрүбүзгө эле пайдаланбасак анын экспорттук мааниси жокко эсе.Азыраак аймактык мааниси болсо, ал да жылдан жылга төмөндөп баратат. Анткени кошуналабызда да көмүр кендери жетишерлик. Жетишпегендери мындан ары ГЭСтерге (Тажикстан) АЭСтерге (Кытай, Казакстан) басым жасаганы жатышат. Мисалы Кытай келечекте 60ка жакын АЭСтерди ишке киргизүүнү пландаштырды. Казакстанда да бул багыттагы иштер башталды.Демек, өткөн кылымдын орто чениндеги “Орто Азиянын кочегары” дегендей имиджге кайрадан ээ боло албайбыз. Ошондуктан биздеги ар аймакта ашыгы менен кездешкен көмүр кендерине инвесторлор таптакыр кызыкпай калышты.

Азырынча Орусиялык инвесторлордун Кара-Кечеге ТЕЦ куруу тууралуу долбоору эле болбосо, Өзгөн, Сүлүктү, Кызыл-Кыя, Көк-Жаңгак, Таш-Көмүр сыяктуу сапаттуу корлору бар көмүр кендеринин бир бөлүгү өткөн кылымдын 20-30-жылдарындагыдай кустарлык мануфактуралык жол менен элдик керектөөлөрдүн бир бөлүгүн канааттандыруу үчүн өздөштүрүлүп атат. Ал эми ТЕЦтердин иштетүүгө Казакстандын көмүрлөрү импорттолот [3. 14]. Отундун ордосунда отуруп алып, отунду импорттогонубуз эле бизде тоо кен тармагынын оор абалга келип калгандыгын айгинелейт. Себеби бизде көз карандысыздыкка ээ болгондон тарта экономикада жаратман эмес, кыйратуучу саячат жүргүзүлдү. Ошондон улам инвестициялык кырдаалды жакшыртуу боюнча жакшы эле нормативдик актылар кабыл алынып, сандаган талкуулар өткөрүлгөнү менен “араба” алга жылбай рейтингибиз төмөндөгөндөн төмөндөп баратат. Айрым адистер айтып жүргөндөй бизде Менделеевдин таблицасындагы баардык кен байлыктар бар. Алтын кендерибизди чалгындап, болжолдуу корлору аныкталгандары 100гө жакын.Алтындан сырткары күмүш, коло, калай, темир, уран, вольфарм, молибден

сыяктуу ж.б. кендер да жетишерлик. Булардын ичинен түстүү жана сейрек кездешүүчү металлдардын кендери гана инвесторлордун кызыгууларын жаратат.

Кыргыз тарап инвесторлорго мынча акча бергиле, буларды бүтүргүлө же жерлерибизди ууландырбай кеткиле деген ойлор да бар. Чагымчы лоббистердин шыбырагандардын канчасы чын, качасы жалган экендиги тууралуу ойлоп да коюшпайт. Анын таасирдүүлөрдүн алдыларынан өтүп жүрүп лицензияларды араң алып, айрымдар атаандаштары менен соттошуп да жаткан инвесторлор анча мынча талаптарды канаттандырган менен баардыгынын талабынын аткарууга шайлар келбей калат. Эми ар кандай кендерди иштетүүдө зыяндуу заттар да чыгарылат, ал мыйзам ченемдүү көрүнүш [4. 33]. Көмүрдү иштеткендин да зыяндуу жактары болот. Бирок ал келечекте түшө турган пайдага салыштырганда алда канча аз экендиги, чындыгына келгенде белгилүү өлчөмдө зыяндуу да жагы бар эч кандай өндүрүш болбой тургандыгы, кендерди иштетүүдөн да эски автоунаалар жыш топтолгон жердин зыяндуулугу алда канча көп болоору, эгерде зыянды эсептеп отура берсе эч кандай иш бүтпөй тургандыгы, тоо кендерин иштедүүдө эң кеминде 3-4 жылдан кийин гана пайда түшөрү, ага чейин инвесторлор чыгымга гана иштешери тууралуу да ойлонуу зарыл. “Айттыкпы биз айткандай болушу керек болбосо кетишиңер керек” деп тура берүү эч кандай жыйынтык бербеси баарыбызга маалым эмеспи. Кыргызстандагы инвестициялык климатын начарлаткан дагы бир орчундуу жагдай мына ушунда болуп атат. Бул үчүн айрымдар кендерди иштеткени жаткан ишканалар алгач жергиликтүү элдин арасында кеңири түшүндүрүү жүргүзүп, анан алар менен кандай жардамдарды көрсөтө тургандыктары жөнүндө социалдык келишим түзүп, анан өздөштүрүү иштерине киришүүлөрү зарыл. Жергиликтүүлөр үчүн бул ыңгайлуу, пайдалуу вариант, бирок маселени толук чече албайт. Биринчиден ага инвесторлор макул болушабы? Алар эмне дебейли, биздин социалдык инфратүзүмдөрдү өнүктүрүү үчүн эмес, алык салыктардын арткан кирешелерин толук алып кетүү үчүн келишет да. Анан алгач өкмөт, андан кийин жергиликтүү эл менен келишим түзгөн шарт дүйнөлүк практикада барбы? Билишибизче жок. Экинчиден социалдык келишимди түзүүгө келгенде жергиликтүүлөр атаандаштардын лоббисттердин, кутумдарынан, тукуруулары менен акыл эске сыйбаган шарттарды койбошуна да эч ким кепилдик кыла албайт. Андан көрө тармактагы көп жылдардан бери чечилбей келаткан көйгөйлүү маселелерди өкмөт өзү тартипке салып, эл менен болгон меселелерди да өзү чечүүсү кажет. Ансыз да биздин тоо кен тармагыбызга абийирлүү инвесторлор жакынкы жылдары жакындабай калышы мүмкүн.

Мындагы айрым бир көрүнүштөрдү демилгелүү колго алсак шаардын ар тармактагы социалдык-экономикалык абалынын аз-аздан болсо да өнүгүү жолуна түшөрү айкын эле. Көк-Жаңгак, Кербен, Кара-Көл, Майлуу-Суу, Таш-Көмүр шаарлары келечекте өнүккөн курорттук шаар жана Кыргызстандагы эл аралык туризмдин борбору болуусу үчүн төмөндөгүдөй бир топ кемчиликтер бар. Шаардын өнүгүүсүндөгү суроолорду чечүүгө катышуу үчүн калкты активдештирүү жана граждандык коомду чыңдоо кредит алуу үчүн бизнес долбоорлорду түзүүнү билген жеке ишкерлерде маалыматтын жетишсизди–ги; шаардын жашоочулары үчүн негизги проблемалар шаардагы таштандылардын көбөйүшү, аны менен бирге иче турган таза суунун жетишсиздиги; шаардын унаа жолдорунун абалынын канааттандырар–лык эместиги; электр жабдуулары менен байланышкан мүчүлүштүктөрдүн болушу; шаардагы жылуулук жабдууларынын абалынын начардыгы; шаардагы телекоммуникациянын канааттандыраарлык эмес дэңгээлде болуусу; шаардагы канализациялык тармактардын начар иш аракетинен улам санитардык-экологиялык абалдын начардыгы; сел коркунучтары жана алады алдын алуу коопсуздугунун жоктугу;

Мындан сырткары социалдык-экономикалык көйгөй катарында Таш-Көмүр шаарындагы 1995-жылдан тарта ишмердүүлүгүн толук жүргүзө албай келе жаткан “Кристал” заводунда 70 тонна химиялык ууландыруучу заттар дагы деле сакталып тургандыгы, Майлуу-Суу шаарындагы жер көчкү коркунучу улам көбөйүп жатканына карабастан, жашоочуларды башка жактарга көчүрүү маселеси так чечилбегендиги, Көк-Жаңгак шаарындагы көмүр кенин кустардык негизде казуу аракеттеринин натыйжасында уулануу, өлүм көп катталып жатканыны карабастан маселе ачык бойдон калууда.

Айта кетчү нерсе булар менен бирге эле шаардын приоритеттерине чоң салымын кошо турган жогорку деңгээлдеги **мүмкүнчүлүктөр** да бар. Алар төмөнкүлөр: пайдаланылбаган бош жаткан мекеме, имарат, аянттардын бар болгондугу (Кербен, Майлуу-Суу, Жалал-Абад); жогорку квалификациялык кадрлардын бар болгондугу; шаардын жайгашуу орду (Кочкор-Ата, Кара-Көл, Көк-Жаңгак) башкача айтканда Бишкек-Ош трассасына жакын жана областтын борборуна жакын ийгиликтүү жайгашкандыгы; инициативалык топтун шаардын өнүгүүсүнө активдүү катышышы; айыл чарбасындагы айрым бир тармагына колдонулуучу жарактуу жерлерге түшүмдү көп берүүчү (пахта, картошка, пияз ж.б.у.с.) өсүмдүктөрдү өстүрүү жана жаныбарларды багып чоңойтуу (жылкы, уй, кой, эчки ж.б.у.с.); соода тармагы үчүн Өзбекстандын территориясына жакын жайгашкандыгы. Мына ушул мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу менен кичи жана орто шаарлардын өнүктүрүү жана социалдык экономикалык абалын жакшы көрсөткүчтөр менен сактап калууга бир топ шарт бар.

Литература:

1. Катаргин В. Угледобывающая промышленность Киргизии на грани полного исчезновения [Электронный ресурс]: Режим доступа.-www.dw.de/dw/article/0,2734843, 00.html. – Загл. с экрана.
2. Концепция развития малых городов и поселков городского типа [Электронный ресурс]: Режим доступа. - http://municipalkg.narod.ru/. – Загл.с экрана.
3. Такиуллин Р.У. Проблемы социального развития малых городов [Текст]: дис…. канд. филос. наук: 09.00.02 / Р.У. Такиуллин. – Л. 1984. – С. 187.
4. Тилек к. А. Проблемы становление и управление бизнес-инкубаторов в Кыргызской республике [Текст]: автореф. дис.... канд. экон. наук: 08.00.05 /А.к. Тилек. – Бишкек. 2007. – С. 28.
5. Файзуллин М.К. Совершенствование направлений социально-экономического развития малых городов и районов региона: (На примере Республики Татарстан) [Текст]: дис. ... канд. экон. наук: 08.00.05 / М. К Файзуллин. – Казань. 2005. – С. 181.

A.Zh. Abdurasulova, senior teacher, OHPI

In the first years of independence in Kyrgyzstan, the development of medium and small cities

In the article considered which viewed small cities as local community, responsibility to situation for local extent. Pitches and development process of the city

Key words: *conception, Kyrgyz Republic, cities, development, small cities, kind of village, population.*

УДК:21/29(575.2)

Азимбаев С.К., магистрант,
Шаанов Т.М. т.и.к., доцент, ОшМУ

Ислам – кыргызстандын коомдук жана үй-бүлөлүк турмушунда

Макалада ислам дүйнөлүк дин болуу менен Кыргызстандын коомунда жана үй-бүлөлүк турмушунда чоң рол ойногондугу жөнүндө каралат.

Ачкыч сөздөр: *ислам, мусульман, СССР, саясат, турмуш.*

В статье рассмотрены ислам всемирный религия и в Кыргызстане играет большой роль в обществе и семье.

Ключевые слова: *ислам, мусульман, засилье, низкопробной, медио-продукции.*

СССРдин кулашы XX кылымдын 90-жылдары ал Кыргыз Республикасындагы либералдык саясат, диний турмуштун тамырын тереңдетип жайылтууга шарт түздү, бул ислам дини үчүнда болучу. Жылдан-жылга Кыргызстанда ислам дининин турмушта жана коомдук өнүгүүдө таасири күчөп баратат, ал эми бул совет доорунда мүмкүн эмес болуп турган. Исламдын руханий дүйнөдө кайра жаралышы жана өсүүсү, анын баалуулуктарынын көбөйүшү, билим берүү системасынын пайда болуусу бул коомго дагы бир такты мусулман – деген пайда кылды.

Шарият – исламдын диний-мистикалык түшүнүгү менен тыгыз байланышкан, анын теологиясынын ажырагыс укуктук талаптары. Ислам укуктук талаптарды бирдиктүү ыйык мыйзамдын жана тартиптин бөлүкчөсү катары эсептейт. Ушул себептүү, шарияттын нормаларын түзгөн буйруктарга жана тыюуларга ыйык маани берилет.

Мусулмандык укук бирдиктүү: ал граждандык, кылмыш-жаза, диний деп бөлүнбөйт. Дин менен тыгыз байланышкан жана өзүнүн негизги принциптеринде каламдын кадыр-барктуу ишмерлери аныктаган бул укук – баарынан мурда адаттын нормаларын эске алган диний укук болуп эсептелет.

Шариаттын негизги тенденциясы – турмуштун түрдүү кырдаалдарына диний көз караштан баа берүү. Шариат мыйзамдары – мусулмандардын жүрүм-турумунун, алардын адамдардын, коомдун жана Алланын алдындагы милдеттеринин укуктук жактан системалаштырылуусу. Исламдын догматтык нормалары менен авторлоштурулган шариат кодекси үч негизги бөлүккө бөлүнөт: ибадат (диний сыйынууга тиешелүү милдеттер), муамалят (юридикалык гана нормалар) жана укубат (жазалоо системасы) [2. 23].

Шариаттын талаптары көп жана катаал. Алар адамдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу өз ара мамилелеринин нормаларын аныктайт, анын күндөлүк турмушун дээрлик бардык майда-чүйдөсүнө чейин жөнгө салат жана адат менен бирге милдеттүү талаптардын жыш тармагын түзүшөт, бул өзүнөн өзү эле мусулмандардын жүрүм-турумунун ыңгайлашуусн кепилдейт. Албетте, бардыгы эле эле жана дайымашариат нормаларын сактай бербейт. Мусулман дүйнөсүндө, башка жактардагыдай эле, кылмыштар жана эреже бузуулар болот. Бирок, кылмыш-жаза мыйзамынын, өзгөчө шариаттын жазалоолорунун катаалдыгы чочулатуу менен гана чектелбейт, ал бир топ тартипке келтирүүчү да таасир берет. Мисалы, башка бирөөнүн мүлкүн уурдоо, ал турсун майда уурулук үчүн да катаал жазалоолор, кылмыштуулуктун деңгээлин төмөндө–түүгө жана жеке менчиктин кол тийбестигине натыйжалуу көмөк берет. Адам өлтүргөндөргө колдонулуучу жаза анча катаал эмес – мында көп нерсе кан кууп өч алуунун салттуу институттары бар адат боюнча чечилген. (Куранда айтылгандай, мусулмандарга өч алууга уруксат берилет, бирок эквиваленттүү түрдө гана: эркин адам үчүн эркин адамды, кул үчүн кулду, аял үчүн аялды өлтүрүүгө болот). Өзүнө-өзү кол салуу чечкиндүү

түрдө айыпталат. Куранда, башка аяттардын катарында, жаңы төрөлгөн кыз балдарды өлтүрүүгө тыюу салынган атайын аят бар (Аравияда, исламга чейин болуп келген салт).

Шариат жарандык ич ара мамилелерди, мүлккө байланыштуу талаш-тартыштарды чечүү тартиптерин, диний талаптар, жүрүм-турум эрежелери, сыйынуунун, ритуалдын ж.б.у.с. нормалары бузулган учурдагы жаза-чараларын, айып төлөөнү жөнгө салат. Шариатка ылайык, адамдардын иш-аракети негизги беш категорияга бөлүнөт: сөзсүз милдеттүү болгон – аларды сактабаган учурда жазаланат; сунушталган – көңүлдөгүдөй, бирок милдеттүү эмес; уруксат берилген ; уяткарыла турган – айыпталат, бирок жазаланбайт; жана тыюу салынган, жазалана турган иш-аракеттер. Тигил же бул иш- аракетти баалоодо ал иш- аракет кандай ниетте жасалгандыгы аябай маанилүү: кээде жасаган иш-аракетти ишке ашкан фактыга жараша эмес. Ниетке жараша баалашат.

Шариат так конфессионалдык укук катары өнүккөн. Өзгөчө алгачкы учурларда шариат бүтүндөй жана анын жекече доктриналык-нормативдик бөлүгү (фикх) өзүнө укуктук талаптарды гана эмес, диний догматиканы жана моралды да камтыган. Натыйжада, шариат нормалары (эрежелер, талаптар) , бир жагынан коомдук мамилелерди жөнгө салган, ал эми экинчи тарабынан – мусулмандардын Алла менен болгон мамилесин аныктаган [5. 8].

Шариатта диний жазмышты таануу аргасыздык менен кошо мусулмандын ыктыярынын эркиндиги жана анын чектери жөнүндө маанилүү маселени пайда кылды. Бул маселе боюнча кагылышкан диний-философиялык мектептер ар түрдүү позицияларды ээлешти. Мисалы, мектептердин бири (джабариттер) адамдын ыктыярынын эркиндигин таптакыр жокко чыгарган.

Шариаттын нормаларынын өзгөчөлүгү алардын мусулмандарга жана мусулмандардын арасындагы мамилелерге карата гана колдонулгандыгы болуп эсептелет. Алгачкы учурдагы исламга жана шариатка майыптарга кам көрүүнүн, мээримдүүлүктүн, коллективизмдин элементтерин камтыган жамааттык түзүлүшкө таандык нормалар мүнөздүү. Бирок, шариатта адамдын кудай алдында алсыздыгы жөнүндө, жана ошого байланыштуу үстүртөн байкоо жана баш ийүү жөнүндөгү түшүнүктөр да чагылдырылган. Куранда мусулман үчүн сабырдуулукту жана моюн сунууну көрсөтүү зарылдыгы өзгөчө баса көрсөтүлгөн: “Сабырдуулук, анткени Алла сабырдуулар менен бирге” [7. 48]. Ушундай эле таризде шариатта мусулмандын халифке жана мамлекеттик бийликке баш ийүү милдети бекитилген: “Аллага баш ий жана араңардагы бийликтин ээлерине жана өкүлүнө баш ийгиле” [4. 62].

Орто кылымдагы мусулман укугунун мүнөздүү белгилеринин бири болуп анын бирдиктүүлүгү эсептелген. Жалгыз Кудай-Алла жөнүндөгү түшүнүктөр менен менен бирге универсалдуу тартипке ээ болгон бирдиктүү укуктук тартип идеясы бекитилген. Мусулман укугу биринчи планга аймактык эмес, конфессиялык принципти койгон. Мусулман кайсы өлкөдө болбосун, шариатты, исламга берилгендигин сактоого тийиш эле. Бара-бара исламдын жайылуусу жана анын дүйнөлүк негизги диндердин бирине айлануусу менен бирге шариат укуктун өзүнчө бир дүйнөлүк системасы болуп калды.

Убакыттын өтүшү менен шариат нормалары Жакынкы жана Ортоңку Чыгыштын чектеринен алыс чыгып, иш-аракеттерин Орто Азияда жана Закавказьенин бир бөлүгүнө, Түндүк, жарым-жартылай Чыгыш жана Батыш Африкага, Түштүк-Чыгыш Азиянын бир катар өлкөлөрүнө жайылтты. Бирок исламдын жана шариаттын мындай кенен дүркүрөп жайылышы анда жергиликтүү өзгөчөлүктөрдүн улам көбүрөөк көрүнүшүнө жана айрым укуктук институттардын чечмелөөсүнүн ар түрдүүлүгүнө алып келди. Мисалы, убакыттын өтүшү менен исламда эки негизги багыттын калыптанышынын натыйжасында шариатта да бөлүнүп-

жарылуу, ортодоксалдуу багыт (суннизм) менен катар башка бир багыт – шиизм пайда болду.

Шариат (“белгиленген”, “жазмыш”) жолу Куранга, Суннага, ижмага, кияска таянат.

Шариаттын эң маанилүү булагы болуп Куран эсептелет (араб. “ал-куран” – үн чыгарып окуу, “насыят”) – 610-632-жж. аралыгында Мухаммед айтып кеткен осуяттардан, дубалардан, үгүт-насыят аңгемелеринен турган мусулмандардын ыйык китеби.

Башында алдын-ала айтылган ачылыштар жамаатта эске сактап калуу менен оозеки берилип келген. Алардын кээ бирлерин мусулмандар өз демилгеси менен жазып жүрүшкөн болсо, Мединада Мухаммеддин көрсөтмөсү менен системалаштырылган түрдө жазыла баштаган. Курандын мазмунун канондоштуруу жана акыркы редакциясын түзүү халиф Омардын (644-656-жж.) тушунда болгон.

Куран арабдарга ислам орноткон эрежелердин пайдасына “ата салтынан” баш тартууга буйрат. Курандын өзүндө анын укуктук мааниси мындайча аныкталат: “Ошентип, биз аны араб мыйзамдар жыйнагы катары жөнөттүк [6. 124].

Куран мүнөзү жана көлөмү түрдүүчө болгон 114 баптан турат. Эгерде алардын биринчисин, көп кайталануучу өтө чоң эмес дубаны алып сала турган болсок, анын 113 сүрөөсүнүн бардыгы көлөмү тарабынан кемүү тартибинде жайгашкан, алардын эң акыркылары бир нече гана саптардан турат, ал эми алгачкылары жүздөгөн майда абзацтарга – аяттарга бөлүнгөн бүтүндөй трактаттарды түзөт.

Мүнөзү боюнча бул трактаттар өтө ар түрдүү. Мында библиялык окуяларды баяндоо менен катар ажырашуу тартиби жөнүндөгү ой жүгүртүүлөр, Мекке менен Мединанын тирешүү мезгилиндеги тарыхый окуяларды сүрөттөө менен катар – аалам жөнүндө, адамдын табияттан тышкары турган күчтөр менен өз ара мамилелери жөнүндө ой жүгүртүүлөр орун алат. Куранда мусулман укугунун негиздерине көп орун берилет, анда лирикалык-поэтикалык тексттер да, мифологиялык сюжеттер да жолугат. Бир сөз менен айтканда Куран – өзүнчө диний энциклопедия, “китептердин китеби”, билимдердин, осуяттардын жана жашоонун дээрлик бардык учурлары үчүн колдонмолордун жыйнагы.

Бүгүн коом алдында жаңы суроо пайда болду, көп жылдар бою аттеизмдин үстөмдүгүнөн кийин, үй-бүлөлүк баалуулуктардын, жеке инсандын калыптануусунда, өзгөчө рухий маданиятынын калыптануусунда, дүйнөгө көз карашынын калыптануусундагы орду кандай болуусу керек деген.

Үй-бүлө жана дин социалдык институт сыяктуу байланышта болот. Ооба бир гана бекем үй бүлө коомго позитивдүү таасир бере алат. Ал эми дин үй бүлөөгө жалпы адам заттын баалуулуктарына багыт берип, так ушул үй-бүлөдө адам инсаний калыптануусунун гүлдөгөн деңгээлине жетет, руханий жана дене тарбиясынын бактысына ээ болот. Бул үй-бүлөнүн мүчөсүнүн өлгөндөн кийин ыргытып жибербей жердеги байлык, такыр жоголуп кетпеген нерсеге айланаарын түзөт. Өлүм жана аны аркы дүйнөгө узатуу үй-бүлөдө диний ишенимге жарык ачат, чыныгы жашоо ошол жакта экендигине ишенип, адамдын руху өлбөстүгүнө ынанат.

Совет мезгили үй-бүлө маселесин чечүү жеңил болгон, себеби коом өзү үй-бүлөнүн бекемдиги үчүн күрөшкөн. Ата-эне жана балдар алдында жакшы нерселерди көргөн. Бакма сөздөрдө үй-бүлөлүк баалуулуктар көрсөтүлүп атайын программалар түзүлгөн [4. 4].

Бирок эгемендүүлүк мезгилде булардын баары өзгөрүүлөргө душар болду, биз айланабыздагы көргөндөр үй-бүлөлүк баалуулуктар өзгөрүлүп тескери таасири тийди. Анын коомдун мааниси бузулуп, жеке үй-бүлөлүк маселесине айланып калды. Бул көрүнүш ислам жана башка диндер өтө чоң потенциялы бар, аны нравалык тазалыкка жана өсүп келе жаткан жаштардын коопсуздугун түзүү бүгүнкү күндүн актуалдуу маселеси болууда.

Чынында коом үй-бүлөнү бекемдөө үстүнөн иштөөсү керек, ал жалпы адамдардын баалуулуктары менен бекемделиши керек, ошондой эле үй-бүлөлүк баалуулуктарга. Коом үй-бүлөлүк баалуулуктарды ар кандай нерселерден жогору көрүүсү керек. Үй-бүлөдө бала эркин коркунучсуш жашоосу керек, ал ата жана эненин мамилесинен болоору баарыбызга белгилүү. Өзгөчө исламда ата-эне балдарды чоңойтууда жоопкерчилигин баса белгилейт. Бул маселеде мусулман диний уюму, белгилүү диний кызматкерлер Кыргызстанда XX-к 90-жылдарында ар тараптуу диний агартуу иштерин жер-жерлерде жүргүзүүдө. Бул проблемалар чет өлкөлөргө миграцияга кеткен жаштардын арасында абдан көбөйдү.

Үй-бүлөнүн бузулушу араккерчилик чоң себеп болууда. Анын натыйжасы ташталган балдар, авто жана башка кырсыктар. Бүгүнкү күндө ар бир Кыргызстанга сегиз литр спирттик ичимдиктер туура келет. Бул араккерчиликке көнүү, бордун оорусу, жүрөк жана жүрөк кан тамырлары оорусу, панкриатит жана башка оорулар күндөп жана айлап көбөйүүдө. Бул республикадагы абдан чоң проблема болуп калды. Ал эми исламда түп тамырынан каршы арактарды ичүүгө. Ал эле эмес аны тараткандарды да айыптайт. Ошондуктан исламдын потенциялын пайдаланып коомдун жана анын уюткусу болгон үй-бүлөнү чыңдоо мүмкүнчүлүгү турат.

Балдардын өзүн алып жүрүүсү, бул улуттук баалуулукка жана үрп-адатка такыр туура келбейт. Ошондой эле телешоулордо кыздардын жарым жылаңач кийингендиги. Буларды көргөн балдар өзүбүздүн абдан бай маданиятыбызды унутта калтырууда. Мамлекет жана теле берүүлөрдү атайын өзүбүздүн динди үрп-адатты чагылдырган көрсөтүүлөрдү берүүсү керек. Жаштардын өнүгүүсүндө диний сабактарды киргизүү менен аларга туура багыт берилип үй-бүлөлүк баалуулукту жана коомдогу баалуулуктарды сыйлоого үйрөнүүбүз зарыл.

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек. 2003. – 107 б.
2. Кененсариев Т. Ислам дининин Кыргызстанда таралышы этаптары. – Ж.Абад 2004.
3. Крылов А. Религия в общественно-политической жизни Кыргызстана. – Б. 2006.
4. Максутов С. Ислам дини маданият, тазалык ыйман чокусу. Эркин Тоо 2006. №67.
5. Маликов К. Место Ислама. АКИpress, №1 январь 2008.
6. Осмонов О. Диний экстримизмге бөгөт койолу. Эркин Тоо, 2004. №99 3-декабрь.
7. Субанкул уулу А. Ислам адептүүлүккө үндөйт, Кыргыз Туусу, 1992. 20 февраль.

Azimbaev S.K., student of Master's degree, T.M. Shaanov, docent, OshSU

The Islam is play a great part of the society and family in Kyrgyzstan

Islam is the world religion and play a great part of the society and family in Kyrgyzstan.

Key words: *Islam, Muslim, politic, life, preponderance, low-grade.*

УДК:21/29(575.2)

Азимбаев С.К., магистрант,
Шаанов Т.М. т.и.к., доцент, ОшМУ

Ислам жана анын агымдары

Ислам жана анын агымдары дүйнөлүк дин болуу менен Кыргызстандын коомунда жана үй-бүлөлүк турмушунда чоң рол ойнойт.

Ачкыч сөздөр: *ислам, мусульман, СССР, саясат, турмуш.*

Ислам и еге течение всемирный религия и в Кыргызстане играет большой роль в обществе и семье.

Ключевые слова: *ислам, мусульман, засилье, низкопробной, медио-продукции.*

Адам коомунун тарыхы анын өнүгүшүндөгү диндин ордун жана ролун көрсөтүүдө: ал коомдун талаптарына жооп берип, тынчтыкты жана туруктуулукту, тартипти сактоочу бардык шарттарга кепил боло алат.

Дин көптөгөн элдер үчүн адеп-ахлак нормаларынын кодекси катары, системалаштырылган идеялык багыттардын жыйындысы катары кызмат аткарып, маданий мурастын бай казынасы болуп эсептелет, ошондуктан куугунтуктоо жана басынтуу жолу менен динди коомдун жашоосунан сүрүп чыгаруу мүмкүн эмес. Атеисттик идеологияны таңуулоо аракеттери коомдун моралдык жана маданий баалуулуктарынын жоголуусуна алып келет.

Азыркы учурда жер бетинде жашап жаткан чоң жана чакан калктардын арасында, балким, динге ишенбеген бир да адам жок чыгар. Адамдардын көпчүлүгү дүйнөлүк диндердин бирөөсүн тутунушат, калгандары жергиликтүү же улуттук диндердин өкүлдөрү болуп эсептелет.

Ислам – дүйнөлүк дин деп аталган, дээрлик бардык континенттерде жана дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө жолдоочулары бар эң ири үч диндин (буддизм жана христианчылык менен бир катарда) бири. Мусулмандар Азия жана Африканын көптөгөн өлкөлөрүнүн калкынын басымдуу бөлүгүн түзөт. Ислам эл аралык саясатка да чоң таасир берген идеологиялык система болуп эсептелет.

Исламдын негиздөөчүсү болуп Мухаммед пайгамбар эсептелет (Мухаммед же Магомет), анын жалпы адамзат тагдыры үчүн маанисин баалабай коюуга болбойт, ошондуктан бул тарыхый инсанга өзгөчө токтолуп кетүү зарыл [4. 4].

Мухаммед Меккеде – кубаттуу курейш уруусу отурукташкан Аравия жарым аралынын батыш бөлүгүндөгү шаарда туулган.

Исламга чейинки доордо, арабдар чыныгы Кудайды билбеген учурда, Меккеде ири соода жарманкелери уюштурулуп турган. Ыйык Каабада (“куб”) жана тыюу салынган аймакта (“харам”) урушууга, кан төгүүгө мүмкүн болгон эмес. Анткени бул ар бири өзүнүн кудайларына сыйынган, бирок баары биригип Каабаны ыйык туткан араб урууларынын диний сезимдерин кемсинтүүсү мүмкүн эле.

Бутпарастык Каабанын борборун–да Хубал турган: байыркы арабдар курейш уруусунун бул кудайын асмандын жана айдын эгедери, жаандын жана чагылгандын башкаруучусу катары ыйык тутушкан. Алтын колдуу адам түспөлүндөгү Хубалдын бедизи акак таштан жасалган. Каабада байыркы убактан бери сакталып келген кара таш (окумуштуулардын ою боюнча, метеориттен пайда болгон) Хубалдын керемет күчүн туюндурган.

Башкы кудайдын тегерегинде көп сандагы буттар – аравиялык башка кудайларды чагылдырган бетилдер орун алган.

Меккеде, иудейлер, христиандар жана ханифтер – турмуш жыргалынан безгендер, жалгыз кудайга гана ишенген такыба адамдар да жашаган.

Бутпарастык Меккенин пантео–нунда көптөгөн кудайлар бар эле, алардын бири Аллах деген атка ээ болгон [2. 49].

Мухаммеддин бай аялга үйлөнүшү ага дөөлөттүү жашоону берди, ага байланыштуу бош убактысы көп болгондуктан, диний изденүүлөргө узак жылдарды арнаган. Мухамедди жашоонун маңызы жана максаты, ааламдын негиздери жөнүндө ойлонууга түрткөн жан дүйнө чыңалуусу жыл өткөн сайын күчөп, акыр аягында, чыныгы Кудайды таануу жана уруулаштарына чыныгы ишенимди тартуулоо миссиясы дал өзүнө буюрганына ынанууга алып келген.

Ошентип, Мухаммед Ас-Сафа дөңчөсүнүн боорунан Меккенин жашоочуларына Кудай жиберген Сөздү

кабарлады. Ал буттарга сыйынуудан баш тартып, Аллага – жалгыз гана кудайга ишенүүгө үндөдү. Алла деген ысым Кудай көрсөткөн ысымдардын бири гана, ал эми анын чыныгы атын тирүүлөрдүн бирөө да билбейт. Мухаммед башка кудай жок деп жарыялады, ал эми башка кудайларга ишенгендер Алла тарабынан жазаланат. Дүйнөдө бардык нерсе Алланын эрки менен жасалат. Ал ишенгендик жана моюн сунгандык үчүн колдойт, ал эми кекирейгендик жана митайымдык үчүн жазалайт. Ар бир адам кылган иштери үчүн Алланын соту алдында жооп берет, ошондо ар бир адам өзүнө тиешелүүсүн алат.

Алла Мухаммедге жаңы аяндарды жиберүүнү уланта берди, ал аяндарда башка диндегилер менен кантип баарлашуу керектиги, Пайгамбарга карата өзүн кантип алып жүрүү керек экендиги, согуштук олжолорду жана мураска калтырылган мүлктү кантип бөлүштүрүү керектиги жөнүндө айтылат. Сүткорлукка, кумар оюндарына, алкоголь ичимдиктерине, тамакка чочко этин колдонууга тыюу салынган. Мухаммеддин айланасында чогулган адамдар туугандык жолу менен эмес, жалпы дин жолу, рух боордоштугу аркылуу биригишти. Уммага (жаңы жамаатка) кирүүгө исламды кабыл алган жана Мухаммедди диний жана светтик жол башчы катары тааныган адамдардын баарына мүмкүндүк берилген. Ошентип, мусулмандардын аң-сезиминде башынан эле дин менен саясат, диний жана светтик башкаруу, динге ишенүүчүлүк менен адеп-ахлактык талаптар бириккен [5. 79].

Салтка айланып калган Каабага сыйынуу жөрөлгөсүн жойбостон туруп, Мухаммед Кудайды урматтоону билдирген тулку бойдун бир катар абалын жана “Аллага даңк” , “Алла улук” деген көп жолу кайталануучу сөздөрдү камтыган сыйынуунун жаңы формасын орнoткон. Сыйынуу бүткөндөн соң, адам маңдайын жерге тийгизүүгө тийиш.

Мухамеддин көз карашында жана ал негиздеген динде адамдын кынтыксыз идеалы же адамдын Кудай менен кынтыксыз биригиши – чыныгы Кудай-Адам идеалы жок. Мусулманчылык динге ишенген адамдан чексиз өркүндөөнү эмес, Кудайга шартсыз берилүүнү талап кылат. Мухаммеддин дини жашоонун өзүнөн да алгачкы орунга чыныгы руханий жашоо шартын коёт. Ислам адамдарга: асмандагы Атаңардай кынтыксыз б.а. бардык нерседе кынтыксыз болгула дебейт; ал бир гана өзүн толугу менен Кудайга баш ийдирүүнү жана жашоосунда кудайдын осуяттары менен аныкталган чектен ашпоосун талап кылат. Дин адамдын жашоо турмушунун ички мазмуну, маңызы жана максаты эмес, анын өзгөргүс негизи жана чеги болуп кала берет.

630-жылы багынган Меккеде эски кудайлардын сөлөкөттөрү жок кылынгандан кийин ал жер мусулмандардын ыйык борбору болуп, жыл сайын зулхиджа айында (жылдын акыркы айы) адамдар зыярат кылууга барып турушат. Ятриб (Медина) бириккен өлкөнүн борбору болуп калган. Ошол эле 630-жылы Мухаммедке Аравиянын ички облустарынын көчмөндөрү жана Таиф шаары багынган. Араб ак сөөктөрү мол түшүмдүү Йеменди басып алуу жана Византия менен Ирандын облустарына согуштук кошуундарын киргизүү жолу менен бийлигин күчөтүүгө умтулушкан. 632-жылы аскерлер чабуулга даярдык көрүп жатканда, Мухаммед каза болгон [7. 3].

Мухамеддин эски шакирттеринин жана мединалык төрөлөрдүн ортосундагы бийлик талашуудан соң пайгамбардын орун басары - халиф болуп соодагер Абу Бакр – Мухаммеддин кайын атасы жана досу дайындалат. Андан соң ар бир араб башкаруучусу өзүн халиф деп жарыялап турган. Мухаммед пайгамбарга сыйынуу бекемделген, Куран иреттелген, анын негизги бөлүгү пайгамбардын тирүү кезинде жазылып калган. Пайгамбар ачылыш жасаган рамазан айы – мусулмандардын орозо айы болуп калган.

Белгилүү болгондой, ислам дин окуусунун негизинде Аллага – жалгыз Кудайга, Ааламдын жаратуучусуна жана башкаруучусуна, аркы дүйнөдөгү сотко жана жазалоого ишенүү жатат. Исламдык

доктрина мусулмандардын Кудайдын осуяттарына, динаят эрежелерине баш ийүүсүн талап кылат. Мусулмандар, динге ишенүүчүлөрдүн бардыгы тарабынан милдеттүү түрдө аткарылган, айныксыз чындык деп эсептелген негизги эрежеге баш ийишет, ал – Кудайга ишенүү. Исламдын негизги догматы – жалгыз кудайга ишенүүчүлүк, ал динди тутунуунун жөнөкөй формуласында айтылган: “Алладан башка Кудай жок жана Мухаммед – Алланын өкүлү” (Ля иляха илль Аллаху ва Мухаммадун расулло-л-лахи). Ал шахада же ташаххуд деп аталат, мааниси – “күбөлүк” [5. 11].

Баарынан күчтүү, катаал, бирок адилеттүү Аллага ишеним акыр заманга, өтө катаал сотко жана өлүмдөн кийинки жазалоого – жердеги жашоосундагы жүрүм-турумуна карап, аркы дүйнөдө бейишке же тозокко кирүү жөнүндө түшүнүккө байланыштуу.

Исламдын спецификасы болуп диний жана светтик башаттардын, саясий администрациянын жана диний бийликтин биригүүсү эсептелет. Христианчылыктан айырмаланып, ислам диний-саясий биргелештиктин шартында калыптанган, ал эми жол башчылары бир эле учурда саясий жана диний башчылар – пайгамбар, халифтер, эмирлер жана алардын жер-жерлердеги жардамчылары болгон.

Светтик жана диний башаттардын бир бүтүнгө биригүүсү бир жагынан диний авторитеттин абсолютташуусуна түрткү берген, экинчи жагынан административдик-бюрократиялык иерархиянын маанисинин төмөндөшүнө алып келген. Ар бир чиновник дайыма жана бардык маселелерде өзүнүн иш-аракеттерин Курандын жана шарияттын нормаларына ылайык келтирүүгө, мужтахиддер жана мутакаллимдерге кеңешүүгө, казылардын, молдолордун жана ал турсун суфийлердин шейхтеринин, секталардын жана ордендердин өкүлдөрүн камтыган кадыр барктуу динчилдердин пикирин эске алууга милдеттүү болгон. Бул нерселердин бардыгы административдик-аткаручу бийликти матап, анын мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, анын өзүм билемдигин так бир чектен ашырбай кармап турган. Бирок ар кайсы деңгээлдерде бул чектөөлөр ар түрдүүчө билинген. Эч ким эч качан жинденген түрк султанына өзүнүн букарасын эч кандай себепсиз жана түшүндүрмөсүз өлүм жазасына тартууга тоскоол кыла алган эмес. Бирок жергиликтүү төрөлөр (эмирлер, хакимдер) азыраак бийликке ээ болгон, жергиликтүү деңгээлдеги чиновниктерге динаятчылардын ролу менен, диндин күчү менен жана адат укугу менен көбүрөөк деңгээлде эсептешүүгө туура келген.

Диндин эң жогорку маниге ээ болуусунун шартында диний жана светтик башаттардын биригүүсү исламдын диний-маданий салттарынын көп тараптарына таасир берген. Ошентип, динсиздер менен ыйык согуштун идеясы (джихат,газават) исламда абсолюттук диний ыйык маниге ээ болгон. Кээде бүтүндөй мамлекеттердин жана калктардын саясаты бул идеяга кызмат кылууга коюлган. Түрдүү шейхтер жана эшендер бат-баттан билгичтик менен улуттук-диний ажырымды тутандырып турган. Бирок жихаддын идеясы улуттук боштондуктун адилеттүү максаттарында да, антиколониалдык согуштарда, ж.б. у.с. колдонулган. Жихаддын маанилүү жагы анын өтө берилген жана ачууланган мүнөздө болушу: ыйык согуштун туусунун астында мусулмандар кылчактабастан, жеңил эле алдыга жүрбөстөн, өмүрлөрүн кыюуга да даяр болушкан [3. 57].

Исламдын мусулмандардын жашоого болгон мамилесинин калыптануусунда маанилүү роль ойногон диний-маданий салттарынын дагы бир маанилүү белгиси – алдын ала белгилүү тагдыр жана ага байланыштуу пассивдүүлүк идеясы. Бул догматка суфийлер тарабынан көп көңүл бөлүнгөн, алар Алланын эркине толугу менен баш ийүүгө, активдүү жашоого умтулбоого, дене кумарын ооздуктоого, ошол аракеттен аркылуу кудайга жакындоого умтулууга ачык эле үгүттөшкөн. Бирок тагдырга баш ийүү идеясы исламда суфийлерсиз эле бир топ белгилүүлүккө жетишкен. Албетте, бул мусулмандар бардыгын Алланын эркине коюп, бир нерсеге умтулуудан баш тартып калышты дегенге жатпайт. Алар

өздөрүнүн жумуштарын жасашкан, аларга карата айтылган чакырыктарга назар салышкан, кээде керек болсо чечкиндүү аракеттерге барышкан. Ал динсиздер менен согуш же кайсы бир козголоңчул секталардын чакырыктарынын астында чыккан дыйкандардын көтөрүлүшү болушу мүмкүн эле. Бирок жекече энергия, инициатива, демилгелүүлүк, максатына жетүү үчүн өжөрлөнүү ислам тарабынан кубатталган эмес, себеби бул нерселер мусулмандын беш маал намазы жана башка милдеттери менен өтүүчү бир калыптагы жана жай турмушуна ылайык келген эмес.

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Бишкек. 2003. – 107 б.
2. Кененсариев Т. Ислам дининин Кыргызстанда таралышы этаптары. – Жалал-Абад 2004.
3. Крылов А. Религия в общественно-политической жизни Кыргызстана. – Б. 2006.
4. Максутов С. Ислам дини маданият, тазалык ыйман чокусу. Эркин Тоо 2006. №67.
5. Маликов К. Место ислама. АКИpress №1 январь 2008.
6. Осмонов О. Диний экстримизмге бөгөт койолу. Эркин Тоо, 2004. №99 3-декабрь.
7. Субанкул уулу А. Ислам адептүүлүккө үндөйт. Кыргыз Туусу. 1992. 20 февраль.

S.K. Shaanov, student of Master's degree,
T.M. Shaanov, docent, OshSU

Islam and its current

Islam is the world religion and play a great part of the society and family in Kyrgyzstan.
Key words: *islam, muslim, politic, life, preponderance, low-grade.*

УДК: 94 (575.2)

Акимова А.Ж., магистранты, ОшМУ

Алай районунун тарыхы

Макалада жергиликтүү коомчулук катары каралган Алай районунун тарыхы, жергиликтүү абалы жана өнүктүрүү процесинин жүрүшүндөгү берилген иштер, кырдаалга жоопкерчиликтүүлүк каралды. Бүгүнкү биздин күндө жер-жерлердин тарыхы актуалдуулукту жараткан таасирдүү маанилүү маселе.
Ачкыч сөздөр: *Кыргыз Республикасы, Алай, район, өнүгүү, калк, аймак, экономикалык потенциал, инфраструктура, экономика, категория.*

В статье рассмотрены которая рассматривала история Алайского района как местные сообщества, ответственные за ситуацию на местном уровне и задающие тон в процессах развития. Сегодня возникает впечатление о его актуальности и в наши дни.
Ключевые слова: *Кыргызской Республика, Алай, район, развития, население, территория, экономический потенциал, инфраструктура, экономика, категория.*

Кыргыз Республикасы эгемендүү–лүккө ээ болгондон тарта ар бир аймактын тарыхын изилдөөгө кенен жол ачылды. Биз ушул жаатка салым кошуу максатында 90-жылдык тарыхы бар Алай районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүн, келечектеги приоритетин илимий иликтөө зарыл экендигин баса белгилейбиз.

Аймактарды социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү иштери быйыл да уланып, токтобогондуктан, кийинки жылдары да элет жерин өнүктүрүү – мамлекеттик саясаттын артыкчылыктуу багыты бойдон кала берет. 2019-жыл аймактарды мындан ары өнүктүрүү жана коомдун күнүмдүк турмушуна жаңы

технологияларды киргизүү максатында «Региондорду өнүктүрүү жана өлкөнү санариптештирүү жылы» деп жарыяланды.

Алай району негизинен Алай тоо кыркалары курчап турган тоолуу аймак. Калкы негизинен мал чарбачылыгы жана айрым жерлерде гана дыйканчылык менен алектенишет. Климаты континенттик. Январдын орточо температурасы Гүлчө өрөөнүндө -7,5°С, Алай өрөөнүндө -14,4°...-17,5°С, июлдуку Гүлчөдө 18,9°С, Алайда 9-15,4°С. Жылдык жаан-чачыны 300-500 мм. Ири мөңгүлөрү: Корженевский, Ленин ж. б. суу тармактары жыш; ирилери: Гүлчө, Кызыл-Суу, Көк-Суу ж. б. Райондун түндүк чыгыш бөлүгүн жана орто бийиктиктеги тоолордун түндүк капталдарын карбонаттуу күрөң топурак ээлеп, буудайыктуу жана шалбаалуу талаа өсүмдүктөрү өсөт.

Биз бүгүн өнүккөн коомду түзүү үчүн эң биринчи ошол коомдун жашоочуларын мыкты шарттарды түзүп берүүбүз талапка ылайык болуп саналат. Географиялык жактан алып караганда өнүктүрүүгө ыңгайлуу жайгашкан Алай району тарыхый маалыматтарга бай.

Анын ичинде көрөңгөлүү улуу инсандай байырлап жашаган бул аймактагы келечек үчүн оңдоп түзөө иштерине зарыл болгон имараттарга кайрыла турган болсок, алардын бири театр десек жаңылышпайбыз. Алай районун социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү маселеси стратегиялык маселе катарын ар дайым мамлекеттин көңүл чордонунда турушу зарыл.

Кыргызстандагы элдик театрлардын бири болгон Алай элдик театры. Гүлчөнүн кыштак клубу 1946-жылы маданият үйүнө айланып, анда драмалык кружок уюштурулат да, К. Эшимбековдун “Кожокенин ийгилиги” деген бир көшөгөлүү пьесасы коюлат. 1960-жылдын 4-июнундагы Кыргыз ССР маданият министерствосунун коллегиясынын чечими боюнча Алай райондук маданият үйүнө “Алай элдик театры” деген наам берилет. Алгачкы режиссёру М. Жакыпов, сүрөтчүсү С.Тобоев болгон.

М. Тойбаевдин 1960-жылы “Шектенүү”, 1961-жылы М. Жакыповдун “Ак Мөлмөл” бир актылуу, кийин 1964-жылы Р.Шүкүрбековдун “Жакшынын шарапаты”, 1966-жылы К. Маликовдун “Айланган тоонун бүркүтү”, 1969-жылы К. Жантөшевдин “Каныбек” жана башка бир топ көп актылуу пьесалары, драмалары коюлган.

Ал эми Алай элдик театрында иштегендердин арасынан республикалык арасынан республикалык кароолордун сынактардын лауреаттары өсүп чыкан. Театрдын коллективи колхозчуларга жана алыскы жайыттардагы малчыларга оюн-зоок көрсөтүп, маданий жактан тейлеп турган. Бул театрдын бүгүнкү күндөгү абалы өтө оор.

Алай районунда 1976-жылы 15 орто мектеп, 26 сегиз жылдык орто мектеп, 8 башталгыч мектеп, айылдык кесиптик техникалык окуу жайы, 32 китепкана, 20 клуб, 4 оорукана, 4 поликлиника жана элдик турмуш тиричилик жагынан тейлөөчү комбинат, соода ишканаларынын түйүндөрү болгон. Айрым айылдарда суу жүргүч тармак курулган. 1966-жылдын 1988-жылга чейин “Күжүрмөн эмгек” газетасы чыгып келген. Тарыхый эстеликтерден Дараут-Коргондогу Кербен сарайдын урандысы сакталып калган. Бул жер жергиликтүү стилде курулган чеп.

Ал эми бүгүнкү күндө жалпы Алай району боюнча 35 орто мектеп, 36 тогуз жылдык орто мектеп, 8 башталгыч мектеп, 52 китепкана, 50 клуб, 4 оорукана, 14 поликлиника жана элдик турмуш тиричилик жагынан тейлөөчү майда жана чакан жеке дүкөнчөлөрдүн саны арбын. Ар бир айылда бирден же андан да ашык.

Өлкөнү санариптештирүү бүгүнкү күндүн талабы болуп жатат. Ал биздин жарандар үчүн мурда болуп көрбөгөн жаңы мүмкүнчүлүктөрдү ачат. Бирок мамлекеттик кызмат көрсөтүүдө адам фактору жоюлат. Бул коррупциялык элементтерди жок кылат деген кадам менен киргизилгени менен келечекте толук жетишкендигин же кемчилигин көрө алабыз.. Бул багытта да Алай районунда бир топ алгылыктуу иштер башталды.

Бул жана башка буга чейинки аймактарды өнүктүрүү, жеке ишкерлерге салым кошуу сыяктуу иш чаралар 2018-

жылы Алай районундагы 250дөн ашуун адамды жаңы жумуш орундары менен камсыздоого мүмкүнчүлүк берди, бардыгы болуп 20 дөн ашуун айыл-чарба продукциясын сактоо, таңгактоо жана кайра иштетүү, текстиль-тигүү тармагында, курулуш материалдарын чыгаруучу жаңы ишканалар иштей баштады.

Алай районунун тоолорунда сымап, туз кени, курулуш материалдары (чопо, кум, шагыл таш, бор) кендери бар экендиги маалым. Бирок запасынын аздыгына байланыштуу жана казып алуу шартынын ыңгайсыздыгынан улам, бул байлыктар пайдаланыла элек. Бүгүнкү күндө Мурдаш аймагында гана көмүр кени иштетилип жатканы менен ал толугу менен жолго коюла элек. Гүлчө кыштагына жакын жердеги жылуу булактын дарылык касиети бар "Жылуу Суу" эс алуу борбору бүгүнкү күндөгү аймактарды өнүктүрүүдө чоң салымын кошо алат.

Ушул эле бийиктиктеги тоо капталдарынын чыгыш экспозицияларын майда дүңгөлүү, бетегелүү жана бетеге-дүйүм чөптүү талаа ээлейт. Талаа жана шалбаалуу талаа алкактары бийиктеген сайын токой жана шалбаа алкактарына өтөт. Тоо капталдарынын түндүк жана чыгыш экспозицияларынын тескей беттеринде (күңүрт-коңур тоо-токой топурагында) арча жана сейрек токой өсөт. Тоо-талаа топурактуу субальп жана альп алкактарында субальп жана альп шалбаалуу талаа жана талаа өсүмдүктөрү басымдуу. Кууш капчыгайларда бадал, итмурун, табылгы, изирик, суу жайылмаларында чычырканак, тал, терек жана башкалар кездешет. Нивалдык алкакта рихтерия, мамыры чөп жана башкалар өсөт. Баалуу айбанаттарды коргоо жана көбөйтүү максатында Куршаб суусунун жайылмасында Гүлчө заказниги уюшулган.

Алай районунун борбору катарында Гүлчө айылы эсептелип калк жыш жайгашкан аймак. Негизги инфраструктура ушул аймакка өтө зарыл.

Учурда Гүлчө айыл өкмөтүндө 18 миң жашоочу бар. Элге билим берүү максатында 9 мектеп, 6 бала бакча, 1 аймактык оорукана жана 2 үй бүлөлүк дарыгерлер борбору кызмат кылат.

Алай районунда жайгашкан кыштактардын ичинен табиятынын кооздугу менен өзгөчө айырмаланган Корул жана Мурдаш айылдарын атоого болот. Азыр Корул айылында 2 миң, ал эми Мурдаш кыштагында 4 миң түтүн калк жашайт. Айыл калкы негизинен мал чарбасы, дыйканчылык менен алектенет. Корул айылында адыгене уруусунун, Мурдаш айылында мөөнөк жана башка уруулардын өкүлдөрү байырлайт. Корул айылынан чыгыш таануучу Таласбек Машрапов, жазуучу Кочкон Сактанов, акын Айтмамат Умөталиев жана башкалар чыккан.

Мурдаш кыштагынан белгилүү жеке ишкер Келдибек Туманов чыгып "Ала-Кут", "Келечек" ишканаларын жетектеп калктын социалдык-экономикалык абалын жакшыртууга барандуу салымын кошуп келет.

Бүгүнкү учурдагы рыноктук экономикада Алай районундагы жогоруда аталган айылдардан сырткары бардык аймактарды өнүктүрүүдө негизги багыт жеке ишкердикке, мал чарбачылыкка жана мигранттардан келген каражатка гана басым жасалган.

Алай районун өнүктүрүү үчүн атайын стратегиялык перспективалык план иштелип, каралып чыгуусу зарыл. Жакынкы күндө же келечекте ишке ашыруу үчүн райондун акими жана анын алдында түзүлгөн инвесторлорду тартуу бөлүмү, бардык инвесторлор, координациялык кеңеш, райондук кеңештин депутаттары, жогоруда аталган ишкана, мекемелер жана алардын кызматкерлери, райондогу ири жана майда акционердик кооомдор, жеке ишкерлер, жаштар жана албетте аймактын ар бир атуулу көмөк көрсөтсө өз жемишин берет.

Мамлекеттен жана шаардык бюджеттен, тартылган инвесторлордун эсебинен түшкөн акча каражатын туура бөлүштүрүп, аны иштетүү үчүн жетекчиликке алуучу жумушчу топ дайындап анын үстүнөн да күчтүү көзөмөлгө алуу керек. Бул жумушчу топ жергиликтүү экономикалык жана

инфраструктуралык өнүгүүнүн программасы менен биргеликте, топко мүчө кылып коомдук бирикмелердин өкүлдөрү, аймактык жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын мүчөлөрүн кошуп, аларга бул программаны максатка ылайык ишке ашыруусуна туура багыт берип туруу зарыл. Эгерде ушул иштелген программа туура багытта ишке ашса тогуз жолдун тоомунда жайгашкан Алай району 2020-2025-жж. Өнүгүү жогорку денгээлдеги өнүгүүгө жетип, бул аймактагы социалдык экономикалык мүмкүнчүлүктөр бир топ кеңеймек.

Алай районундагы бул ишкана мекемелердин баары өз ишин так алып баруу менен биргеликте мурунку мезгилдеги райондун мал чарбачылык жаатында кубаттуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө жетүүсү үчүн эмгектенүүсү зарыл. Алай районунун социалдык экономикалык абалын мындан да жакшыртуу үчүн Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2001-жылдагы Токтомунун негизинде жана аймактагы бүгүнкү күндөгү жогорудагы ишкана мекемелердин ишмердүүлүктөрүн эске алуу менен стратегиялык перспективалык планга көңүл буруу зарыл. Аймактык саясатты улантуу менен эле калктын жашоо деңгээлин багытталган максатта теңдештирүүнүн негизи экономикалык өнүгүүсү болуп саналат. Алай районунун жашоо шартын өнүктүрүүнүн негизги биринчи багыты өндүрүштүн көлөмүн мурдагы базалык өндүрүштүн көлөмүндө өстүрүү болуп саналат [2, 19]. Ал эми экинчи багыты маалымат жаратып аны таратуу.

Муну менен токтоп калбастан мектептердин, бала бакчалардын оңдоп түзөө иштерине, эмерек сатып алуу маселесине, китеп менен камсыз кылууга жергиликтүү жеке ишкерлер, шаардан чыккан атактуу инсандар да жеке эсептеринен көмөктөшүп турат. Алардын ичинен жогорку кеңештин депутаты Улан Примов акыркы мезгилдерде үзгүлтүксүз жардамдары менен аймактын өнүгүүсүнө салым кошуда. Дагы эске алуучу жагдай Алай району Ош-Эркештам жолунун базалык бөлүгү болгондуктан, кытай инфесторлорун тартуу да максатка ылайык.

Адабияттар:

1. “Кыргызстан”. Улуттук энциклопедия: 1-том. Башкы ред. Асанов Ү. А. – Б. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2006.
2. Кыргыз Республикасынын социалдык экономикалык абалы [Электронный ресурс]: Режим доступа. www.stat.kg/rus1/common.files/obzor9k.pdf. – Загл.с экрана.
3. Кыргыз Республикасы жана райондору (статистикалык бюллютень) [Электронный ресурс]: Режим доступа. www.eco-expertise.org/wp-content/.../06/book-aarhus-konvention1.pdf . – Загл.с экрана.
4. Кыргызстан цифраларда стат жыйнак. [Текст]. – Б.: 2007.
5. Кыргыз Советтик Социалистик республикасы [Текст]: энциклопедия / баш.ред. Б. Ө. Орузбаева. – Ф. Илим. 1983.
6. Карашев А.А. Организацинно-правовые основы местного самоуправление в Кыргызстане [Текст]/ А.А.Карашев, сост. О.С. Тарбинской. К.Б. Шадыбеков. – Бишкек. 2004. – С. 60.

Akimova A.J., student of Master’s degree, OshSU

History of Alai district

In the article considered wich viewed small cities as local community, responsibility to situation for local extent. Pitches and development piocess of the Alai district

Key words: *Kyrgyz Republic, Alai district, development, population, territory, economical potential, structura, economical, category.*

УДК: 94 (575.2)

Акимова А.Ж., магистрант, ОшМУ

Алай районунун өнүгүү тарыхы

Макалада жергиликтүү коомчулук катары каралган Алай районунун тарыхы, жергиликтүү абалы жана өнүктүрүү процессинин жүрүшүндөгү берилген иштер, кырдаалга жоопкерчиликтүүлүк каралды. Бүгүнкү биздин күндө жер-жерлердин тарыхы актуалдуулукту жараткан таасирдүү маанилүү маселе.

Ачкыч сөздөр: *Кыргыз Республикасы, Алай, район, өнүгүү, калк, аймак, экономикалык потенциал, инфраструктура, экономика, категория.*

В статье рассмотрены которая рассматривала история Алайского района как местные сообщества, ответственные за ситуацию на местном уровне и задающие тон в процессах развития. Сегодня возникает впечатление о его актуальности и в наши дни.

Ключевые слова: *Кыргызской Республика, Алай, район, развития, население, территория, экономический потенциал, инфраструктура, экономика, категория.*

Тарых илими кыргыз элин өзүн-өзү таанууга жол ачып, улуттук ар-намыс, эл биримдиги, мамлекеттик мүдөө деген түшүнүктү кастарлоону, улуттун ар тараптуу өнүгүшүнө негиз болот. Улуттук идеологиянын негизги өзөгүн да элдин өткөн тарыхы түзүш керек. Азыркы учурда, коомдук-саясий, экономикалык жана идеологиялык өзгөрүүлөрдүн, эгемендүүлүктүн натыйжасында, тарыхчыларга көз карандысыз Кыргызстандын тарыхын жазып, анын негизинде аймактардын тарыхына сересеп салуу менен өткөн мезгилге объективдүү баа берүү милдети жүктөлдү. Кыргыз республикасында 2018-жыл – Аймактарды өнүктүрүү жылы болгондугуна байланыштуу чөлкөмдөрдүн тарыхына сересеп салуу мезгилдин талабы десек жаңылышпайбыз.

Алай району Ош облусунун түштүгүндө жайгашып, чыгышынан Кытай Эл Республикасы, түндүгүнөн жана түндүк-чыгышынан Кара-Кулжа району жана Өзгөн району, батышынан жана түндүк-батышынан Кара-Суу району, Ноокат району жана Чоң Алай райондору, түштүгүнөн Тоолуу Бадакшан облусу (Тажикстан) менен чектешет. Аянты 7,6 миң км2. Калкы 70,1 миң (2003). Борбору Гүлчө кыштагы. Район 12 айыл өкмөтүнө бөлүнөт. Райондо 1 шаарча (Сарыташ), 57 кыштак бар [1. 235].

Алай району 1928-жылы алгач Алай-Гүлчө району болуп уюшулган. 1928-жылы 22-декабрда Бүткүл Россиялык борбордук аткаруу комитетинин жана СНК РСФСРдын токтомунун негизинде Алай району түзүлгөн [4. 5]. Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы М.Калининдин колу коюлган токтомдун негизинде 20-июль 1931-жылы Кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасынын Ош округунан Алай районунун борбору «Гүлчө-Гузар» деп аталган. Андан кийин Бүткүл Россиялык Борбордук аткаруу комитетинин 11-февраль 1935-жылкы чечиминин негизинде Алай-Гүлчө району болуп түзүлгөн.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиуму административдик аймактык бөлүнүшү жана калк жашаган пункттардын статусу жөнүндө бир катар указдарды кабыл алган. Натыйжада 1936-жылы 17-декабрдагы указ боюнча калк жашаган пункттар шаар жана айыл тибиндеги болуп 2 категорияга бөлүнгөн. Мындай кырдаалда 1936-жылы бул аймак Алай району жана Чоң Алай району болуп экиге бөлүнгөн.

Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун указы менен 1956-59-жылдары чарбалык жана маданий курулуштарды башкарууну жакшыртуу жана административдик башкаруу аппаратына жумшалуучу каражатты азайтуу максатында 4 область (Фрунзе. Талас, Ысык-Көл, Жалал- Абад), 12 район жоюлган; 16 район 8 районго

бириктирилип, алар республикага баш ийдирилген. Мунун жыйынтыгында Алай жана Чоң-Алай 1959-жылы 7-сентябрда кайра биригип, Алай району болгон [3. 15].

1992-жылы кайра эки районго – Алай жана Чоң Алай районуна бөлүнгөн. Бул аймактарда Алай районунан башка азыркы Кара-Кулжа районуна караштуу: Алайку, Кызыл-Жар, Ойтал, Капчыгай, Сары-Булак, Лайталаа, Чалма сельсоветтери жана Өзгөн районуна караштуу Секелек жана Кара-Кулжа сельсоветтери каралган.

Алай районунун аймагында көбүнэсе Адигиненин баргы, жору уулдарынан тараган уруулар жашайт. Баргынын балдары Сатыке, Сансыз, Сансыздан Ардай, Мөнөк, Кенжекул топтору Алай, Кара-Суу райондоруна чачырай жайгашкан. Сатыкеден тараган Мырзаке (Илеке) Кудайберди-Саматтан таркаган Сарыбаргы, Карабаргы, Тазбаргы топтору Алайкуу, Кара-Кулжа аймагын мекендешет. Мырзакенин балдары уулдары Бөкөй, Сабай, Тооке топтору Алай өрөөндөрүндө отурукташкан. Тоокенин уулдарынан тарагандардын айрым топтору Жошолунун, Будалык, Аскалы, Бүлөлүнүн баш тараптарын ээлешип, көбүнэсе Көк-Суу аймагына жайгашып ата бабадан калган салтты бекем тутуп жашап келишет.

Кыргызстандын аймагында 1936-жылга чейин РСФСРдин закондору менен кодекстери колдонулуп келген. Алай районунун совет мезгилиндеги башкаруу структурасы Алай районунда мамлекеттик бийликтин органдары болуп Эл депутаттарынын советтери эсептелген. Аларды тиешелүү областтын, райондун, посёлканын кыштактын калкы 2,5 жылдык мөөнөткө шайлаган. Жергиликтүү советтер жалпы мамлекеттик мудөөнү жана гражданддардын таламын эске алуу менен жергиликтүү маанидеги бардык маселелерди чечет, мамлекеттин жогорку органдардын чечимдерин турмушка ашырат, өзүнөн төмөнкү Советтердин ишине жетекчилик кылган. Жергиликтүү советтердин сессиялары алардын аткаруу комитеттери тарабынан жылына кеминде 4 жолу чакырылган. Жергиликтүү советтер өздөрүнүн кароосуна берилген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо үчүн өз депутаттарынан туруктуу комиссияларды шайлаган. Жергиликтүү советтердин аткаруучу жана тескөөчү органдары болуп депутаттардын ичинен шайланган аткаруу комитеттери эсептелет. аткаруу комитеттери председателден, апын орун басарынан, секретарынан жана аткаруу комитеттеринин мүчөлөрүнөн турган.

Кыргызстандагы социалисттик кайра куруулар Комунисттик партиянын лениндик саясаты өлкөнү индустриялаштырууну иш жүзүнө ашыруунун натыйжасында бул чөлкөмдө жарым көчмөн маданиятта жашаган калкты отурукташтыруу багытында бир катар иш чаралар жүрдү. Ага каршы жергиликтүү Ади паңсат сыяктуу басмачылар тобу каршылыктарды көргөзүп, отурукташтыруу оңой-олтоң жүрө койгон эмес.

Кыргыз АССР борбордук аткаруу комитети 1930-жылы 9-мартта “Туташ коллективдештирүү жүргүзүлгөн райондордо байлардын жана кулактардын чарбаларын жоюнун тартиптери жөнүндө” токтом кабыл алган.

Алай районундагы кулактар менен байлардын мүлкүн жана жана малын конфискациялоо республикалык комиссиянын өзгөчө өкүлдөрү тарабынан жергиликтүү аткаруу комитетинин колхоздордун, жарды жалчы топторунун өкүлдөрүнүн катышуулары менен жүргүзүлгөн [5. 25].

Совет мезгилинде Алай районунда элдин биримдиги жана достугун чыңдоодо коммунисттик партиянын да ролу чоң болгон. Адамдын, эмгектин, коомдук жайда да, мектепте, үй бүлөдө да катуу темирдей күчтүү тартип болгон. Бирок, Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин бул тартип жоголуп, идеологиянын таасири улам төмөндөп, жогорудагыдай көптөгөн ишканалардын өз ишин токтотуусу же жеке менчиктештирилүүсү көптөгөн мүчүлүштүктөрдү жаратканы менен акыркы жылдарда кайрадан бир аз калыбына келе жаткандай маанай жаратат.

Акыркы учурларда мамлекеттин инвестор тартуучу негизги тапшырмаларынын бири бологон туризм тармагында да жылыштар бар. Сары-Ой, жаратылышы кооз Ак-Кайың, Аюу-Тапан, Үч-Чат жайлоолорунда саамал менен дарылоочу шарттар түзүлүп, чет мамлекеттен келген туристтер да эс алуу мүмкүнчүлүктөрү түзүлдү.

Алай районундагы табигаттын кооздугун эске алуу менен туризмди жайылтууда мүмкүнчүлүгү бар маршурттардын маалымат базасын кеңейтип, туристтик агентствону ачып, рекламалык компанияны түзүү зарыл. Аң улоочу жана балык улоочу туризмди уюштуруп жана ал жөнүндө кыскача жарнамалык ролик даярдап аны таратуу керек. Бул багытты кеңейтүү максатында эс алуу зоналарын, пляждарды уюштуруп, жолдун жээгиндеги сервисти өнүктүрүү керек. Жол жээгиндеги сервиске обьектинин астындагы аянтка имарат курууга генералдык планды иштеп чыгып, конок үйүн, авто сервис, АЗС, ресторан, кафе, дүкөн жана башкаларды курулушунун астына конкурстук негизде жер участогун алып, имарат курууга проекти кабыл алуу бүгүнкү күндүн негизги талабы болуп эсептелет.

Райондун жер-жерлеринде чакан ишканаларды ачылган кээ бирлери эми ачылып, бир топ жарандар иш менен камсыз болуп жатышат. Алсак, Ленин айыл өкмөтүндө кичи тигүү цехинде, Корул айыл өкмөтүндөгү акиташ чыгаруучу ишканада, Гүлчө айыл өкмөтүндөгү спорт комплексте, кичи футбол аянтын иштетүүдө жарандар жумуш менен камсыздалышкан. Бүл өлүдө тоо дары чөптөрүн жыйноо, упаковкалоо боюнча менчик ишкана иштеп жатат. Сары-Могол айыл өкмөтүндө көмүр казуучу ишкана ачылып, техникалар арендага алынып, 16 жаран иш менен камсыздалган. Гүлчө айылында Арапбаев Мирбек топоз, уйдун, койдун этин кайра иштетүүчү кичи цех ачып, жабдуулары коюлуп, консерваларынын үлгүлөрү чыгарылып, иш жүрүүдө [4. 3].

Акыркы мезгилдерде райондун аймагында өнөр-жай продукцияларын өндүрүү жана кайра иштетүү боюнча жаңы жумуш орундары пайда болду. Мындан сырткары, мал чарбасын өнүктүрүүдө 10 адам, курулуш ишине 14 адам, соода, автомобиль, турмуш-тиричилик жана колдонуучу буюмдарды оңдоо боюнча 23 адам, транспорт жана байланыш боюнча 10 адам, билим берүүдө 8 адам иш менен камсыз болду. Ошондой эле ижара керектөөчүлөргө тейлөө көрсөтүү, саламаттыкты сактоо, коммуналдык тейлөө, кредит алып, мал өндүрүү багыттарында бир топ иш орундары ачылды.

Алай районундагы Орто жана чакан бизнести өнүктүрүүгө жардам берүү зарыл. Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн «О Государственной программе развития предпринимательст–ва в Кыргызской Республике на 2006-2008 годы», «О государственной поддержке малого предпринимательства» токтомдо–рун, “Программа развития предпринима–тельства в Кыргызской Республике на 2009-2011 годы” мамлекеттик долбоорлорун жетекчиликке алып, жеке ишкердикти, орто жана кичи бизнести өнүктүрүү. Кредит алуу үчүн бизнес долбоорлорду түзүүнү билген жеке ишкерлерге маалыматты жеткизип, пайдаланылбаган бош жаткан мекеме, имарат, аянттарды ишкерлерге арендага берүү же сатуу керек.

Адабияттар:

1. Кыргызстан. Улуттук энциклопедия: 1-том. Башкы ред. Асанов Y.А. – Б. Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. 2006.
2. Кыргыз Республикасынын социалдык экономикалык абалы [Электронный ресурс]: Режим доступа. www.stat.kg/rus1/common.files/obzor9k.pdf. – Загл.с экрана.
3. Кыргыз Республикасы жана райондору (статистикалык бюллютень) [Электронный ресурс]: Режим доступа. www.eco-expertise.org/wp-content/.../06/book-aarhus-konvention1.pdf . Загл.с экрана.

4. Кыргызстан цифраларда стат жыйнак. [Текст]. – Б. 2007.
5. Кыргыз Советтик Социалистик республикасы [Текст]: энциклопедия / баш.ред. – Б. Ө. Орузбаева. – Ф. Илим. 1983.
6. Карашев А.А. Организацинно-правовые основы местного самоуправление в Кыргызстане [Текст]/ А.А. Карашев, сост. О.С. Тарбинской. К.Б. Шадыбеков. – Бишкек. 2004. – С. 60.

A.J. Akimova, student of Master's degree, OshSU

History of Alai district

In the article considered wich viewed small cities as local community, responsibility to situation for local extent. Pitches and development piocess of the Alai district

Key words: *Kyrgyz Republic, Alai district, development, population, territory, economical potential, structura, economical, category.*

УДК: 2-75 (575.2)

Атаканова Н.Э., магистрант, ОшМУ

Ноокат районунун билим берүү тарыхы

Макалада Ноокат райондук билим берүү системасынын өнүгүү тарыхы каралды.

Ачкыч сөздөр: *Ноокат району, билим берүү, директор, окуучу, мектеп, коом, каана, тарбия, окутуу, кесип.*

В статье рассмотрены история развития системы образования Ноокатского района

Ключевые слова: *Ноокатский район, образование, директор, ученик, школа, общество, класс, воспитание, обучение, профессия.*

Кыргыздар дүйнөдөгү эң байыркы элдерден экендиги жөнүндө тарых бетинде баян этилет. Көчмөн турмуштун катаал шартында чоё тарыхый жазма эстелик же атайын кооз имарат калтырбаган менен кыргыздын башынан кечирген баян: кубаныч-шан, кайгы-муң, укумдан-тукумга мурас болуп калтырылган. Т. Сыдыкбеков айткандай: «Улуу мурас сууга жуулбайт, отко күйбөйт, алааматтарга кыйрабайт» – демек ата-бабалардан калган асыл баалуу руханий кенчти канчалык изилдеп үйрөнүп, баалап, барктап пайдаланса, ал өзүнүн купуя сырларын улам жанылап берет. Кылымдарды карытып, кырындыдан чогултткан кудурети күчтүү руханий дараметти ата-бабалар жаш муундарды тарбиялоодогу багытты көрсөтүүчү Алтын Казык жылдызындай ориентир берип даанышман элге айлантып келет. Демек, кыргыздын кайра жаратуу ишинин уюткусун элдик педагогика мугалимдерди, ата энелерди, кызматчыларды жолго салуучу зарыл илим экендигин айгинелейт. Балдар коом үчүн ата-энелерге жана мугалимдерге берилген аманат. Коом мектептин алдына эбегейсиз зор жана өтө татаал милдет коюп отурат. Ал милдет – билим, ык, машыгууларга ээ болуу жараянында окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү, өз алдынчалуулугун калыптандыруу жана алардагы ар тараптуу шык, жөндөм, таланттарга өбөлгө түзүү [1. 15]. Окутуу ишин дидактика илиминин бүгүнкү жетишкендиктерине негиздеп уюштура билген мугалим гана коомдун талабынын өтөсүнөн чыга алат.

Мугалим – жаш адамдын рухий дүйнөсүнүн зергери, коомдун ишенимдүү адамы, кыймылдаткыч күчү. Ал баланын тулку боюн жасаган архитектор, ички дүйнөсүн келиштирип чеккен скульптор, балдардын жан дүйнөсүнө бак дарак өстүргөн багбан экени талашсыз. Мектеп татаал организм. Анда кызмат кылган гана адам бул кесиптин түйшүгүн, ырахатын

сезет жана ошону менен бирге, баланы-келечектеги коомдун ээсин өстүрүп чыгат. Мен өз кесибимде, тажрыйбамда балдарга тапшырма берип, ал тапшырма аркылуу баланын жан дүйнөсүндө уктап жаткан жөндөмүн бир аз ойгото алдым окшойм деп ойлоймун.

Бир күнү «Кана балдар, ким жакынкы мектептердин тарыхы жөнүндө маалымат алып келип берет, силер жергиликтүү материалдардан кабар ала аласыңар жана коомго пайда келтире аласынар, келечекте журналисттик кесипке да багыт алып, тарыхты билүүгө далалат кыласынар», – деп окуучуларга тапшырма бердим.

Мектеп – (араб тилинен алынган «мактаб» деген сөздөн алынган) жаш муундарды окутуп-тарбиялоого чакы–рылган билим берүү мекемеси. Кыргыз эзелтен көчмөн калк болгондуктан кышында айылда, жайында жайлоодо мал чарбачылык, дыйканчылык менен кесиптенген. Ал мезгилде көпчүлүк ата-энелер билимге маани бербестен сабатсыз болгон. Улуу Октябрь революциясы болуп, Совет бийлиги орноп, андан кийин Кыргызстанда да жер-жерлерде билим очогу орной баштады. Эл билим алуу керек экенин түшүнүп, билим алуу тарай баштады. Бул убакта колунда бар байлар гана балдарын араб тамгасында медреселерде окутушкан. Колунда жок адамдардын балдары эч жерде окуган эмес.

Ноокат районунда билим алуу көпчүлүктүн айтуусунда Байыш айылында билим очогу болгон дешет. XIX к. Алике айылында бир мечитте анча-мынча арабча окуп турушкан. Кыдырбаев Абдымомун чоң атанын айтуусу боюнча миңбашынын мечити болгон дейт. Айылдын дилгир балдары болгондугун алар өз алдынча билими бар адамдардан суранышып, ошолордун үйүндө билим алышкан [АТД].

Андан соң Оморов Турсунбайдын үйүндө бир эки жыл окуп, согуш бүткөн сон, 1946-жылы Муса абанын жетекчилиги астында Ворошилов мектеби курулган. А. Кыдырбаев, К. Шерматов айтуусунда ал мезгилде айыл Ворошилов колхозу деп аталган. Колхоз өтө күчтүү жана кубаттуу болгон. Элибиз ынтымактуу, чечкиндүү, күчтүү болгон, ошондуктан биздин айылга 1946-жылы Ворошилов атындагы 7 жылдык мектепти тургузушкан. Биринчи директору Мамат Рысбаев болгон. Ал эми К. Шерматовдун айтуусу боюнча биринчи директор өз атасы Камалов Шермат дайындалган. Андан кийин 1953-жылы Ломоносов болуп өзгөргөн. Г. Ураимованын айтуусунда Ворошилов мектебине Папандан, Кыргыз-Атадан келип билим алышкан. Алыстан келгендер үчүн жатак-интернаты болуп, жатып окушкан. 1974-жылы сел каптап, ал мектептин билим алуу кооптуу болуп, айыл тургундары кулатып, башка мектеп курушкан. Бул мектеп кубаттуу, бышык түшкөндүгүнө күбө болушкан. Мурунку мектептин ордуна 8 каанадан турган, 8 жылдык Жусуп Турусбеков атындагы мектеп түзүлгөн. 1992-жылы Кожоке айылынын атына Кожоке атындагы орто мектеп деп аталып, айылдык кенештин депутаты Сыдыков Маматалинин жана башка адамдардын демилгеси менен 1998-99-жылдары жаны мектеп курулуп бүткөрүлгөн.

Кожоке мектеби кышын жайын кары кетпей ак селде чалынган тоо этегинен, эл ортосунда бак-дарактуу жерден орун алган. Абасы таза жана

салкын, шамал уруп турат. Бул билим очогу болгон алгачкы мектептен эн кадырлуу, элдин уулу болгон. Кыргызстандын тунгуч премьер министри Насирдин Исанов, техника илиминин доктору Мамасабыр Ураимов, экономика илиминин доктору Жусуп Тургунбаев, генерал майор Абибила Кудайбердиев, география илимдеринин кандидаты Зубайда Шербаева, жана башка көптөгөн белгилүү инсандар чыккан. Мындан ары да «Аккан арыктан суу агат» демекчи, бүгүнкү улуу мурасты улаган тажрыйбалуу эжей-агайларыбыз бар, алар бизге өз билимдери менен шам чырактай эмес кун нурундай, ай шооласындай жарык берип турса, коомдун эң активдүү бөлүгү болгон-кыргыздын келечектерин окутуп-тарбиялап чыгарат деп ишенип кетемин.

Ноокат районундагы А. Осмонов атындагы орто мектебинин тарыхы тууралуу айта турган болсок [АТД], мектептин ичине кирсен таза, ушундай

жагымдуу, учур талабына шайкеш келген жасалгасы өзгөчө мектепке кирип суктанасын. Бүгүнкү рынок экономикасынын шартында мезгилдин талабына жооп берет десек болот. А. Осмонов атындагы орто мектебинин башаты Чеч-Дөбө айылынын ортосундагы 2 бөлмөлүү башталгыч класстар окуган имарат. Ал ошол мезгилдеги Токтогул Сатылганов атындагы орто мектебинин филиалы болуп иштеп турган. Токтогул атындагы орто мектебинде 3 айлдан (Чеч-Дөбө, Жар-Коргон, Федоров) мектебинин окуучулары окуган. 1983-жылы Токтогул атындагы орто мектебинин директору Артыков Кайназардын демилгеси жана совхоз Сапиев Раимдин аракети менен 6 бөлмөлүү имарат ашар ыкмасы менен курулуп бүткөрүлгөн. 1984-жылы октябрь айында ошол мектептен 8 жылдык мектеп базасында бөлүнүп чыгып,з алкар акын А. Осмоновдун ысмы ыйгарылган. Мектептин алгачкы директору Бекмамат Маликов окуу бөлүмүнүн башчысы К. Султанбекова 23 мугалим түзгөн жамаат менен жаны окуу жылын жигердүү башташкан. Алардын 27си жогорку, 2 мугалим атайын орто билимдүү болгон. Окуучулардын саны 312 жеткен. Ал эми жаны окуу корпусу Б. Маликовдун аракети, айылдык кеңештин колдоосу, жалпы ата энелердин жардамы менен 1987-жылы башталып, 1989-1990-окуу жылында пайдаланууга берилген. 1995-1997-жылы А. Маткалыков директор болгон. 1997-2001-жылдары К. Маликова мектептин ички жасалгасына чоң салым кошкон. 2002-жылдан баштап Дубанаева Сабира жетектеп, мектептин материалдык базасын чындоодо, долбоор менен иштеп, окуу тарбия ишинде бир топ алгылыктуу иштерди аткарган жана мектепке чейинки билимди жандандырууда мектеп ичине балдар бакчасын курган. 2011-жылы Айткулова Канайым директор болуп, бүгүнкү күндө 40 мугалим эмгектенүүдө [4. 5]. Областтык жана республикалык денгээлде олимпиадалык көрсөткүчтөр бар. Райондук жана областык денгээлде семинарлар өтүлүп келет. Мугалимдер мамлекеттик стандарттын негизинде интерактивдүү, инновациялык усулдарды жаны технология менен сабакта колдонуп сабак өтүп келет.

М.В. Ломоносов атындагы орто мектеби 1974-жылы ишке кирген, учурда бардык шарты болгон, спорт зал, ашканасы менен курулган. Мектеп 1974-жылы курулган, директор Тайиров Жумабек Тельман айылынан келип иштеген. Ал мезгилде тартип аябай күчтүү болгон, сабактар өз убагында өтүлүп, бир топ мыкты бүтүрүүчүлөргү ээ. 1974-жылкы алгачкы эң алгачкы бүтүрүүчүлөрүнүн бири Маматсадыр Абдуллаев “Биз мектепке көп демөөрчүлүк кылганбыз. Алма, арча, тал, теректерин отургузуп, көрктөндүрүүгө чоң салым кошконбуз” – деп сөзүн жыйынтыктады.

Андан кийин Аттокурова Бүсайра эжекебизден сурасак, мектеп 1975-жылы түптөлгөнүн, Кубаныч Идирисов деген агай директор болгонун айтты. Ал алгач Токтогул деген мектепте 4-класска чейин окуп, 5-класста ушул мектепке келип, шартын көрүп суктанып, кызыгуу менен сабак окуганын айтты «Ал мезгилде биз агайлардын, эжейлердин алдынан туура чыккан эмеспиз, аябай сыйлап турар элек, мугалимдердин кадыры ушундай күчтүү болгон, кааналарга көчүп окуганбыз, узактан окугандар үчүн жатак-интернаты да болчу» – деп айтты [3.15].

Андан кийин М.В. Ломоносовдун окуучусу Мусабек кызы Эльнуранын айтуусу боюнча мектеп лабораторияда приборлордун көптүгүн, көрсөтмө куралдын жетишерлик экенин, ошол себептен сабактар сонун өтүлгөнүн, жаңы ажааткана курулуп, мектептин алды цементтелип жаңылануу жүргөнүн, бүгүнкү күндө да ысык суу чыгарылып, раковиналар орнотулуп, бир топ ийгиликтер коштолгонун айтты. Окуучулар да көптөгөн ийгиликтер ээси болуп олимпиада, сынактардан утуп жаткандыгы маалым.

Адабияттар:

1. Бекбалаев А. Билим берүү реформасы - Жаңылануу багытынын жаңы бийиктиги // Кыргыз туусу гезити. №34. 26. 06.2009. 15-бет

2. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек. 2011.
3. Жунушалиева. К. Учурдагы мектепти башкаруунун өзгөчөлүктөрү// «Шоокум». 2012. №11. 11-13 бб.
4. Методикалык сунуштар. Кут билим коомдук-саясий гезит. №24-25. 18.07.2008. 5-бет.
5. Абдуллаев Маматсабыр - Жаңы Базар айылынын тургуну, 61-жашта
6. Аттокурова Бүсайра - Жаңы Базар айылынын тургуну, 55 жашта

N.E. Atakanova, Student of Master's degree, OshSU

History of education of Nookat district

The article considers the history of the development of the education system of the Nookat district

Key words: *Nookat district, education, director, pupil, school, society, class, education, training, profession.*

УДК: 336.221.4(575.2)

Белеков Ж., доцент,
А. Ажимаматова, Д. Боронов, магистранттар, ОшМУ

Кыргызстандагы салык системасынын түзүлүшү жана өнүгүү этаптары

Макалада салыктын пайда болуу тарыхын изилдөө менен анын коомдо өтө чоң орду бар экендиги белгиленген.

Ачкыч сөздөр*: салык, салык тутуму, салык укугу, салык алуу, мамлекет, укуктук мамиле.*

В статье исследованы исторические аспекты становление налогов и отмечен его особое место в обществе.

Ключевые слова: *налог, налоговая система, налоговая право, налогообложение, государство, правовое отношение.*

Өнүккөн өлкөлөрдө салык жыйноо системасынын түзүлүшү миңдеген жылдардын аралыгында түрдүү социалдык экономикалык-саясий шарттардын таасиринин натыйжасында түптөлгөн. Ошондуктан бул тарыхый аткарылган иш чаралар ар бир өлкөнүн өзүнүн өнүгүү деңгээлине ылайык салыктык укуктук мамилелери, салык өлчөмдөрү, салык кызмат органдарынын кызматтык милдеттеринен айырмаланып турат. Ошондой болсо дагы бул өзгөчөлүктөргө карабастан бардык өлкөлөрдө салык жыйноо бирдей принципке ээ.

Кайсыл гана доор болбосун, адегенде мамлекет пайда болору менен ошол мамлекеттеги жашаган колунда жок жарды калкты жана аскерлерин багуу үчүн каражат издей баштаган. Убакыттын өтүшү менен мамлекеттин киреше бөлүгүнүн негизин салык төлөмдөрү түзүп, ар бир мамлекет саясий түзүлүшүнө жараша чогулган каражаттарды каалагандай сарпташкан.

Салык деген түшүнүктүн так маанисине анализ бергенибизде. Салык – бул экономикалык ишмердиктин кирешелеринен экономикалык өз ара келишимдеринен, кээ бир товарлардан жана жумуш аткаруу менен кызмат көрсөтүүлөрдөн алынат.

Салык түшүнүгү деп Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарына ылайык салык төлөөчүлөрдөн милдеттүү түрдө, жекече кайтарымсыз түрдө алынуучу акчалай төлөм [1. 27-б.].

Салык түзүлүшү өлкөнүн аймагында алынуучу салыктардын жыйыны жана салык алуу механизми, салыкты чогултуу жана түзүлүш принциптерин көрсөтөт. Б.з.ч. XII-XI кылымдарда салык төлөөнүн негизинде коомдо товар өндүрүү, товар

алмашуу өнүгүп, салык акчалай түрдө жыйнала баштаган. Бул доордо мамлекеттеги жыйналган салык өлкөнүн армиясын күчтөндүрүүгө мамлекеттин чек араларын бекемдөөгө, шаарларды өнүктүрүүгө, чиркөөлөрдү, суу түтүктөрүн, жолдорду курууга майрамдарды өткөрүүгө, кембагалдарды тамак-аш менен камсыз кылууга ж.б. коомдук иштерге жумшалган. Ушундай эле көрүнүш кыргыз элинин тарыхында да болгон. 1841-1920-жылдары салык төлөөчү кыргыз ажосунун кыштымдары бардык Азияга белгилүү болгон асыл тукумдуу аргымактары, болоттон жасалган куралдары менен даңкталган. Тарыхта белгилүү болгондой түрктөр кыргыз куралдарын өтө баалашкан. 940-1212-жылдары Караханид хандыгында салыкты жөнгө салууда “икта” салыгы киргизилген. Анын маңызында “иктадар” феодал, мамлекеттик кызматчы өзүнүн кызматы үчүн хандан анык чөлкөмдө же аймакка ээлик кылуу укугун алуу менен ошол аймактын төлөмдөрүн чогултткан. Бирок, иктадар салык төлөөчүлөрдүн мүлкүнө жана жашоосуна кийлигишүүгө укугу болгон эмес.

1129-1211-жылдары Кара-кытай мамлекетинин доорунда жаны Орто Азия салык төлөөчү калкы 14 граммдан турган теңге менен 40 мин динар төлөшкөн. Кыргызстандагы салык системаларынын өнүгүшү жана пайда болуусу Кокон хандыгынын мезгилинде өзгөчө орунду ээлеген. Кокон хандыгынын мезгилинде көчмөн кыргыз элине карата жайыттарга алынуучу салыктар, малга карата алынуучу салыктар сыяктуу салыктардын түрлөрү колдонулуп келген.

Профессор Б.И. Бөрүбашевдин ою боюнча: Кокон мамлекетинин бирден-бир негизги функцияларынын бири жумушчуларды эксплуатациялоо формасынын өзгөчөсү катары салык гнета түзүмүн уюштуруу болуп саналган. Себеби хандыктагы бардык жерлердин жогорку менчик ээси мамлекет эсептелинген, демек жер рентасы толугу менен мамлекетке жана мамлекеттик казынага түшүүсү керек.... Жер рентасынын борбордоштурулган формасы катары салык эсептелинет. Мына ошол салык укугу тутумдуу өлкөдөгү жумушчуларга карата үстөмдүк кылуу феодалдар үчүн күчтүү курал болгон [2. 14-б.].

Кокон хандыгынын мезгилинде салыкты 2 түргө бөлүп кароого болот.

Биринчиси: мамлекеттик түздөн-түз хандын казынасына түшүүчү салыктар – хасаги. Экинчи жергиликтүү салыктар ири феодалдык уруу башчылары көзөмөлдөгөн жергиликтүү казынага түшүүчү салыктар – бийлик деп аталган. Салыктар адегенде натуралай алынса, кийинчерээк XIX-кылымдын орто ченинен тартып акча рентасы катары кабыл алынган. Кокон хандыгынын мезгилинде салык тутуму анчалык басымдуулук кыла албаса дагы бара-бара бүтүндөй өрөөнгө жайылтылган. Кыргызстандагы салык алуунун негизин мамлекеттик бийликтин Кокон хандыгынын жерге болгон менчик укугу түзгөн.

Негизги жер салыгы эки түрдө жыйналган – хараж жана танап. Жер салыгынын биринчи түрү хараж салыгы эсептелет. Ошол учурдагы жер салыгы боюнча ченемдер мусулман укугу менен белгиленген.

Хараж салыгын эсептөө үчүн ар бир жерде атайын комиссия түзүлүп, мүчөлөрүнүн тизмеси бек тарабынан бекитилген.

Мына ушул комиссия үрөн себилген жер аянтын ченеп, болжол менен түшүмдүн көлөмүн белгилеп жана бул маалыматтын негизинде хараж салыгынын коюмун аныкташкан. Жердин ээси жана жерди пайдалануучу деп таанылган субьект, тактап айтканда дыйкандар ошондой эле жер менчигине ээлик кылган бай-манаптар хараж салыгын төлөөчү болуп эсептелет.

Жер салыгынын экинчи түрү бул – танап деп аталат. Мөмө-жемиш багы бар жана жашылча эккен дыйкандардан жер тилкесинен аянтына жараша натуралай же акча формасында алынган. Танап салыгынын ставкасын белгилөө үчүн атайын комиссия түзүлгөн, анын курамына айыл аксакалдары, муфтийлер жана бек тарабынан дайындалган кызмат адамдары кирген.

Танапты өлчөө (“танап” – аянтты өлчөө бирдиги) үч жылда бир жолу жүргүзүлүп, жыйынтыгы дефтердин тизмесине жазылып коюлган.

Ошондой эле Кокон хандыгынын бюджетин толтурууда бирден-бир негизги киреше булагы катары зекет салыгы болгон [3. 316-б.]. Зекет салыгы өз ич ара 2 түргө бөлүнгөн.

Соода зекети – бул салыкты негизинен мусулман соодагерлери үчүн 2,5% өлчөмдө саткан товарынын көлөмүнө жараша, ал эми мусулман эмес соодагерлерге салык коюму бир кыйла жогору болгон. Тактап айтканда, алар соода зекетин 10% коюмда төлөшкөн. Ал эми мал чарбачылыгына зекет салыгы базарда сатыкка чыгарылган малдан жана жайыт жерлерде жайгашкан малдан алынган. Эгерде XIX-кылымдын 30-жылдары 100 кой, эчкиден бир баш зекет алынса 50-жылдары 40 баш кой, эчкиден бирди, 40 жылкыдан бирди, 30 баш кара малдан (уй, топоз) бирди зекет салыгы катары төлөшкөн. Эгерде зекет төлөгөн адамдын жылкысы 40тан көп болсо, анда ар бир ашык баш жылкы үчүн 40 тыйын кошуп төлөгөн. Ал эми XIX-кылымдын 60-жылдары зекет салыгынын көлөмү кескин түрдө жогорулап 25 баш койдон бир баш зекет салыгы алынган [4.170-б.].

Кыргыз Республикасында салык системасын реформалоо эгемендүүлүктү алгандан кийин башталган. Салык кодекси мыйзамдар тарабынан жөнгө салынуучу Кыргыз Республикасынын аймагындагы бардык салыктар, аларды ишке ашыруу, салыкты төлөөчүлөрдүн укугу жана милдеттери боюнча мыйзам жоболорунун жыйындысы болуп саналат. Салык кодекси аймактагы ишке киргизилген салык түрлөрүн салыктык милдеттерди жаралуу шарттарынын жана алардын төлөө тартибин аныктайт, салык төлөөчүлөрдүн жана салык органдарынын укуктарын милдеттерин тастыктайт. Ошону менен бирге салык көзөмөлүнүн формаларын, салыктык мыйзам бузуудагы жоопкерчиликти, салык кызмат органдарынын иш аракеттерине арызданyу тартибин аныктайт. 1991-жылы Салык кызматы боюнча мыйзам кабыл алынып, бул мыйзамда салык кызматынын укуктары жана милдеттери аныкталган. 1996-жылдын 1-июлунан тартып жаны Салык кодекси иштей баштаган. Бул кодексте салык системасынын принциптери, салык эсептөөнүн методологиясы, мамлекеттик жана жергиликтүү салыктардын тизмеси камтылган.

Рынок экономикасына багытталган Салык кодекси шартка жараша улам өзгөрүлүп турган. Азыркы учурда колдонуп жаткан, тактап айтканда, 2008-жылдын 2-октябрында кабыл алынган Салык кодексине бүгүнкү күнгө чейин 70тен ашуун толуктоолор киргизилген.

Салык кодексиндеги жаны толуктоолор азыркы коомдун шарттарына толук өлчөмүнө шайкеш келет.

Кыргызстандын Салык кодексине ылайык жалпы мамлекеттин жана жергиликтүү салыктар ошондой эле атайын салык режимдери белгиленген.

Жалпы мамлекеттик салыктын түрлөрү:

1. Киреше салыгы
2. Пайда салыгы
3. Кошумча нарк салыгы
4. Акциз салыгы
5. Жер казынасынын пайдалануу салыгы
6. Сатуу салыгы

Жергиликтүү салыктын түрлөрү:

1. Жер салыгы
2. Мүлк салыгы

Атайын салык режимдери:

1. Милдетүү патенттин негизинде
2. Ыктыярдуу патенттин негизинде
3. Бирдиктүү салыктын негизинде салык салуунун жөнөкөйлөтүлгөн системасы
4. Салык келишиминин негизиндеги салыктар
5. Эркин экономикалык аймактардагы салык режимдери
6. Атайын салык каражаттары

Бул илимий макалада Кокон хандыгынын мезгилиндеги салык тутумдарына талдоолор жүргүзүлүп, анын натыйжасында азыркы шарттан рынок экономикасына багытталган Салык кодекси жана ага толуктоолорго жалпы мүнөздөмө берилди.

Адабияттар:

1. Налоговый кодекс КР. Издательство Академия. 2013. – С. 27.
2. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик Архивинин материалдары ф.1.оп 14д. 9а. л136.
3. Тулкева В.Т. Салык жана салык салуунун негиздери. Известия Вузов Кыргызстана. №5215. – С. 316.
4. Осмонов Ө.Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы (Эн байыркы доордон азыркы мезгилинге чейин) Жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Б. 2001. – 170-б.

Zh. Belekov, docent,
A. Ajimamatova, D. Boronov, students of Master's degree, OshSU

Stages of development and structure of the tax system in Kyrgyzstan

This article, along with historical research about the appearance of tax notes a not a greater role in society.

Key words: *Tax, taxation system, taxation law, taxation, state, legal relation.*

УДК: 342/4 (575.2)

Болотбек к. Ж., магистрант, ОшМУ

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин тарыхынан (легендарлуу парламенттин мисалында)

Макалада Кыргыз парламентинин түзүлүү тарыхы, мамлекет үчүн маанилүүлүгү жана коомдогу орду көрсөтүлгөн.

Ачкыч сөздөр: *Жогорку Кеңеш, парламентаризм, саясий партия, көп партиялуулук, легендарлуу парламент.*

Статье повествует историю формирования Кыргызского Парламента необходимости его создания для государства и роль в обществе.

Ключевые слова: *Жогорку Кенеш, парламентаризм, многопартийность, легендарный парламент.*

Басып өткөн жолго көз чаптыруу – биздин ата-бабаларыбыздын кылган ишине жалаң эле таазим этпестен, өзүбүзгө пайдалуу сабактарды алып чыгуу. Бул шарт биздин мамлекетибиздин мындан ары өнүгүүгө багытталган келечектеги маселелерди аныктоо үчүн сөзсүз керектүү. Адамзаттын тарыхы көрсөтүп жаткандай, ар бир өлкө демократияга өз жолу менен барат. Бул жолдо ар бир өлкөнүн өз өзгөчөлүктөрү болот, бул шарт Кыргызстанга да тиешелүү. Буга далил катары 1990-жылдын апрель айынан 1994-жылдын сентябрь айына чейин өз ишин жүргүзгөн Кыргыз Республикасынын XII чакырылыштагы Жогорку Кеңешинин ишмердүүлүгүн келтирсек болот.

Советтер Союзунда М.С. Горбачев тарабынан демократиялаштыруу жана ачык-айкындык процесси жарыяланган шарттарда 1990-жылы 25-февралда Кыргызстандын тарыхында алгачкы ирет Республиканын Жогорку Кеңешине альтернативдик шайлоо болуп өттү. Саясий бир топтун ордуна саясий плюрализмдин элементтери катары эркин ой билдирүү жана демократиялык желаргы пайда болуп, шайлоо алдындагы үгүттөө иштерине ачыктык жаралды.

Эгер мурун талапкерлердин саны депутаттык орундардын санына туура келсе, бул жолу депутаттык орунга талапкерлердин саны кыйла көбөйдү. Республика боюнча 350 депутаттык орунга 1049 киши көрсөтүлүп, алардын ичинен

878 адам депутаттыкка талапкер катары катталган [4. 38]. Депутаттыкка талапкерлерди көрсөтүүгө Коммунисттик партиядан тышкары, комсомол, профсоюз уюмдары жана эмгек коллективдери укуктуу болгон.

Шайлоолордо калктын жогорку активдүүлүгү байкалган. 1990-жылдын 25-февраль айындагы добуш берүүдө шайлоочулардын тизмесине киргендердин 91,1%и катышкан. 84 округда добуш берүү кайталанган, ал эми 16 округда шайлоо кайрадан өткөн. Мындай көрсөткүчтөр Республикада депутаттарды шайлоо тарыхында биринчи жолу катталган. Депутаттардын үчтөн бир бөлүгү Кыргызстан Компартиясынын XIX Съездинде бекилген партиялык тизме менен өтсө, дагы бир үчтөн бир бөлүгү комсомол жана профсоюздун тизмеси менен тандалган. Депутаттардын башка бөлүгү бир мандаттуу округдар боюнча шайланган.

Шайланган депутаттардын арасында 14 улуттун өкүлү болгон, жаңы парламенттин депутаттардын 81 %и биринчи жолу бийликтин жогорку органын атандалган, депутаттардын 89,5 %и (309 киши) КПССтин (Советтер Союзунун Коммунисттик партиясы) мүчөлөрү болгон. Депутаттык корпустун курамына 27 аялзаты тандалган [1]. Депутаттык курамга билим берүү жана илимий чөйрөдөн 22 киши, саламаттыкты сактоо чөйрөсүнөн 11 киши, маданий жана искусство чөйрөсүнөн 5 киши, басма сөз тармагынан 4 киши, аскерий чөйрөдөн 8 киши, күч түзүмдөрүнөн 9 киши, партиялык жана советтик кызматкерлерден 107 киши шайланышкан.

Салыштырып айтканда, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жаңы депутаттык корпусу сапаты жана саны боюнча мурунку чакырылыштардагы депутаттык курамдардан кыйла айырмаланып тургандыгы байкалат. Мисалы, Жогорку Кеңешке жогорку билими бар депутаттар бир топ көп келген (парламенттеги интеллигенцияга тиешелүү өкүлдөр саны жагынан жүз кишиге өскөн), тиешелүү түрдө жумушчу, дыйкан депутаттардын саны төмөндөгөн, тилекке каршы аялдардын саны да кыскарган. Бул көрүнүш альтернативдик шайлоолордо жана ар бир депутаттык орунга талапкерлердин көптүгү атаандаштыкта жеңип чыгуу кыйла оор болгонун билдирет. Мурунку чакырылыштарга караганда XII чакырылыштагы мыйзам чыгаруучу орган өзүнүн уюштуруу формасы боюнча такай иштеп турган өкүлчүлүк органга жакын жана профессионалдуу парламенттикиндей сапаттарга ээ болгон.

Жогорку Кеңештин ишинин уюштуруу-укуктук формасы катары сессиялар саналган. Жалпысынан 14 сессия өткөрүлгөн, алардын бешөө кезексиз өткөрүлгөн. 1990-жылы 10-апрелде өткөн Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин XII чакырылышынын биринчи сессиясы 100 орунду өзүнчө партиялык квота аркылуу тандалып алынган 350 депутаттын, бир мандаттуу альтернативдик округдар боюнча (250 орун) укугун бекиткен. Жогорку Кеңештин Президиумунун төрагасынын кызмат ордуна Кыргызстан Коммунисттик партиясынын биринчи катчысы А. Масалиев шайланган. Ал өлкөдө эки жогорку кызматты – партиялык жана мамлекеттик кызматты ээлеп калган. Республиканын Жогорку Кеңешинин төрагасы парламенттин сессияларын жүргүзүү, мыйзам чыгаруучу органдын ишин уюштуруу, Жогорку Кеңештин Президиумунун сессиясынын чечими менен түзүлгөн Президиумдун жана анын аппаратынын ишине жетекчилик кылган. Республиканын Жогорку Кеңешинин төрагасы кызматы боюнча мамлекет башчысы болгондуктан, Конституцияга ылайык ички жана тышкы саясатты жүргүзгөнгө кеңири укуктарга ээ болгон [3. 18].

Коомдук-саясий кырдаалдын, улут аралык мамилелердин татаалдашып кеткендигине байланыштуу 1990-жылдын 24-октябрында Жогорку Кеңештин кезексиз 2-сессиясында Кыргыз ССРинин Президенти постун киргизүү чечими кабыл алынган. Кыргыз ССРинин биринчи Президентин шайлоосуна алгач көрсөтүлгөн үч талапкерлердин бири да

депутаттардын көпчүлүк добушун ала алган жок. Булар Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Апсамат Масалиев, Республиканын Министрлер Кеңешинин төрагасы Апас Жумагулов жана партиянын Ысык-Көл облустук комитетинин биринчи катчысы Жумгалбек Аманбаевдер болушкан. Кийинки шайлоо 1990-жылдын 27-октябрында өткөрүлдү. Мында Президенттик кызматка жалпысынан 12 талапкер көрсөтүлүп, алардын ичинен салыштырма көбүрөөк добуш алган Аскар Акаев менен Насирдин Исанов 2-турга чыгышты. Жыйынтыгында Кыргыз ССРинин биринчи Президенти болуп А. Акаев тандалды. Аскар Акаев буга чейин Республикабыздын Илимдер Академиясынын жетекчиси болуп иштеп турган.

Президенттин шайланышы Республикада иш жүзүндө парламенттик башкаруу формасынын орногондугун жана Жогорку Кеңештин орун алгандыгын билдирген Кыргыз ССРине караштуу маселелерди карап, чечкенге укуктуу болгондугун билдирген. «Легендарлуу» парламенттин ичинде парламенттик фракциялык ишмердүүлүгү жаралган. Жогорку Кеңештин XII чакырылышынын 22-30-октябрда өткөн экинчи сессиясында эки депутаттык топ пайда болгон: 173 кишиден турган коммунисттердин депутаттык тобу жана 119 кишиден турган «Кыргызстандагы демократиялык жаңылануу, жарандык ынтымак тобу» [2. 35].

Өлкөнүн саясий жана коомдук турмушунда чоң ролду Республиканын Жогорку Кеңешинин үчүнчү сессиясынын чечимдери ойноду. Бул сессия өз ишин 1990-жылдын 10-декабрь күнү баштап, 1991-жылдын январь жана февраль айларында ортодо тыныгуулар менен коштолуп уланган, иш жүзүндө сессиянын иш күндөрүнүн толук убактысы 17 күнгө созулду. Анын жүрүшүндө Жогорку Кеңеш тарабынан 8 мыйзам жана 17 токтом кабыл алынган. Мисалы, 1990-жылдын 14-декабрында Жогорку Кеңеш тарабынан «Кыргыз ССРинин областык административдик түзүлүшүн өркүндөтүү жана жаңы областтарын түзүү» жөнүндө мыйзамы кабыл алынган. Бул мыйзамбоюнча Жалал-Абад, Нарын, Талас жана Чүй областтары ал кезде болгон Ош жана Ысык-Көл областтарына кошумча негизде түзүлгөн.

1990-жылдын 15-декабрында Кыргыз Республикасынын мамлекеттик эгемендүүлүгү тууралуу Декларациясы кабыл алынган, ал биздин мамлекетибиздин суверендүүлүгүнүн башталышын билдирген. Декларация Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамынын үстөмдүгүн өлкөбүздүн бүткүл чегинде толук кандуу иштөөсүн, мамлекеттик бийликтин ишке ашуусунун жаңы принциптерин, анын мыйзам чыгаруу, аткаруу жана соттук бийлик бутактарына бөлүнүүсүнүн негизи экенин аныктаган, ал эми коомдук-саясий жашоодо плюрализмге негизделген принцип орун алары белгиленген.

Мурунку режимде түзүлгөн Министрлердин Кеңеши өз күчүн жоготкон. 1991-жылы 22-январда Жогорку Кеңеш тарабынан «Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети» тууралуу Мыйзам кабыл алынган. Республиканын биринчи премьер-министри кызматына купуя добуш берүү менен Насирдин Исанов шайланган. Коомдук-саясий кыймылдардын өсүшүнө байланыштуу Жогорку Кеңеш 1991-жылы 1-февралда «Коомдук бирикмелер тууралуу» мыйзам кабыл алды. Ошентип, коомдук-саясий кыймылдардын ишмердүүлүгүн легалдаштырууга мүмкүнчүлүк берген укуктук база түзүлгөн.

Республиканын элин социалдык коргоону толук түрдө камсыз кылуу үчүн парламент «Кыргыз Республикасындагы майыптардын социалдык коргонуусу» Мыйзамын (1991-жылдын 7-апрелинде) ж.б. кабылалган. Бюджеттик ишмердүүлүктү турукташтыруу тармагындагы Республиканын саясаты 1991-жылдын 30-январында кабыл алынган «Бюджет жөнүндө» Мыйзамда бекитилген. Өзүнүн банк системасын түзүү жөнүндөгү чечим 1991-жылдын 27-июнунда кабыл алынган «Кыргыз

Республикасынын Мамлекеттик банкы тууралуу (Республиканын резервдик системасы)» жана 1991-жылдын 28-июнунда кабылалынган «Банктар жана банк ишмердүүлүгү жөнүндө» мыйзамдарда бекитилген [2. 38].

Республикада башталган менчиктештирүү жана менчикти мамлекеттен ажыратуу процессинин башталышына чейин 1991-жылдын 20-декабрында эки мыйзам кабыл алынган: «Кыргыз Республикасында турак жай фондун менчиктештирүү жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасында мүлктү мамлекеттен ажыратуу, менчиктештирүү жана ишкердүүлүктүн жалпы башталышы тууралуу». Республикада агрардык саясатты жүргүзүүдө төмөнкү мыйзамдардын кабыл алынышын олуттуу кадам катары эсептесе болот: «Кыргыз Республикасындагы дыйкан чарбасы тууралуу» (1991-жыл 15 январь); «Кыргыз Республикасынын Жер кодекси тууралуу» (1991-жыл 19-апрель); «Жер реформасы тууралуу» (1991-жыл 19-апрель) ж.б. Бул мыйзамдар агрардык тармакта реформаларды жүргүзгөнгө укуктук негиз түзгөн.

Республиканын Жогорку Кеңеши тарабынан 1991-жылдын 20-апрелинде «Суверендүү мамлекеттердин Союзу жөнүндө Келишимдин долбоору тууралуу» токтом кабыл алынган, анткени Кыргызстан Союздук мамлекетти сактап калуу идеясын колдоп, чын эле союздук келишимге кол коюуну көздөгөн. Бирок ушул жылдын 19-21-августунда Москвада болуп өткөн ГКЧП төңкөрүш аракети бул процессти токтотту. 1991-жылы 31-августта Жогорку Кеңештин XII чакырылышынын VI сессиясында “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы тууралуу” Декларацияны, “Кыргызстандын Компартиясынын ишмердүүлүгү жана анын мүлкү тууралуу” токтомду жана “Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо жөнүндө” мыйзамды кабыл алынган.

Дал ушул тарыхый күндөн баштап Кыргызстан күнкорсуз, демократиялык, эл аралык укук-милдеттерге толук ээ жана аларды сактоо принциптериндеги мамлекет болуп саналды. Көз карандысыздыкка жетишкен соң Кыргызстан өз өнүгүүсүнүн жаңы стратегиялык жолун тандай алды. Ал жолдун негизги багыттары: демократиялык баалуулуктарга жетишүү жана эркин рынокко негизделген экономикага өтүү, укуктук мамлекет куруу. Саясий-идеологиялык, социалдык жана экономикалык плюрализм принциптеринде туруктуу болуу, инсанга жана атуулдарга тиешелүү укуктар менен эркиндиктерди сактоо жарыяланган. Эгемендүү Кыргызстандын алгачкы Парламентинин алгачкы аракеттери менен Борбордук Азия регионундагы мамлекеттердин арасында өлкөбүздүн демократиялык өзгөрүүлөрдүн баштоочусу катары беделин калыптандырды. Бул контекстте демократиялык жараяндын калыптанышында, Республиканын мурунку советтик мүнөзгө ээ болгон парламентин жаңы демократиялык принциптердеги улуттук парламентке реформалана алышы маанилүү ролду ойногондугун белгилеп кетмекчибиз.

Адабияттар:

1. Адылов, Б. Роль «легендарного» Парламента в становлениисуверенной Кыргызской Республики [Электронный ресурс]. – Режим доступа:http://easttime.ru/
2. Баекова, Ч. Т. Роль «легендарного» парламента в становлениисуверенного Кыргызстана [Текст] / Ч. Т. Баекова // Материалы научно-практической конференции. – Иссык-Куль, 2009.
3. Мукамбаев, У. М. О деятельности Законодательного собрания ЖогоркуКенеша Кыргызской Республики первого созыва [Текст] / У. М. Мукамбаев. -Бишкек, 2000.
4. Ташкулова, К.И. Эгемендүү Кыргызстанда парламенттин калыптануусу жана өнүгүүсү: тарыхый-укуктук изилдөө[Текст]: дисс. ... кандидата юрид.наук: 12.00.02. / К.И.Ташкулова. -Ош, 2017. 158 б.

Bolotbek k. J., student of Master's degree, OshSU

From the history of the Jogorku Kenesh to the Kyrgyz Republic (by the example of the legendary parliament)

This article illustrates the history of Kyrgyz parliament's formation; it is significance for government and role of the society.

Key words: *Supreme Council, parliamentary, political party, multi-party, legendary parliament.*

УДК: 94/342.54(575.2)

Залова А.А., магистрант, ОшМУ

Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын XVIII кылымдын экинчи жарымы-XIX кылымдын 60 –жылдарындагы социалдык абалы

Макалада негизги максат XVIII кылымдын экинчи жарымы XIX кылымдын 60-жылдарындагы Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын социалдык-саясий абалын изилдөө болуп саналат

Ачкыч сөздөр: *Борбордук Теңир-Тоо, социалдык-саясий абал, уруулар аралык мамилелер, азаттык күрөшү, Цинь-манчжур үстөмдүгү, Кокон хандыгы, Орусия империясы, тарыхый инсандар.*

Основная цель статьи является исследование социально- политического положения кыргызов Центрального Тенир-Тоо во второй половине XVIII-60-х годах XIX века. Объектом исследования является история Кыргызстана во второй

Ключевые слова: *Центральный Тенир-Тоо, социально-политическое положение, межродовые отношения, освободительная борьба, господство Цинь-манчжуров, Кокандское ханство, Российская империя, исторические личности.*

Борбордук Теңир-Тоо кыргыздарынын XVIII кылымдын экинчи жарымындагы социалдык абалы бүгүнкү күндөгү актуалдуу изилдөөнү талап кылган тарыхый жараян болуп саналат. Мухаммед кыргыз жөнүндө маалыматтар жазма булактарда жокко эсе. Санжыраларда Тагай бий деп айтылат. Санжыра боюнча караганда аркадагы оң деп аталган кыргыздардын бары Адигине, Тагайдан таралган дешет. Бирок ал кыргыз урууларын биринчилерден болуп «оң» жана «сол» каганаттарын бириктирген.

Ал 1508 жылы ак кийизге салынып хан көтөрүлгөн. Ушундан улам ага Мухаммед кыргыз деген ысым ыйгарылган. Ал 1525-жылга дейре башкарып, кыргыздардын мамлекттик бирикмесин, өз алдынча хандык катарында «Кыргыз улусу» деп аталган. 1517-жылы кыргыздарды калмактар басып алган. Калмактар айрым булактарда ойроттор деп берилет.

XV-кылымда ойроттордун өз алдынча хандыгы түзүлгөн. Алар «Дөрбөн ойрот-Төрт ойрот» союзунун түзүшкөн да, коңшулаш кыргыз казактарга талоончул жортуулдарын жүргүзүп турушкан. 1627-жылы Ойроттордун ынтымагы ыдырап, бөлүнүп кеткишкен. 1635-жылы калмактардын чорос уруусу ойрот калмактардын кубаттуу мамлекеттиЖуңгар хандыгын түзүшкөн. Башында Эрдени Батур турган. Калмак феодалдарынын кыргыздарга биринчи жортуулу 1643-жылы жазында болгон. Экинчи жортуулу 1652-жылы болгон. 1653- жылы Эрдене Батур дүйнөдөн кайтат, анын ордуна жаңы ханы Галдан Бошок келген. Ал 1678- жылы Орто Азияга жана Чыгыш Түркестанга баскынчылык жортуулдардын жүргүзгөн. 1685-90жылдары Галдан Бошок бийликтен кетип анын ордуна Цеван Рабдан Жунгариядагы жогорку бийликти ээлеген. Кыргыздарга калмак феодалдары тынымсыз жортуулдарын жүргүзүп келген.

1727-жылы Кетмен-Төбөлүк кыргыздардын жайыттарын толугу менен өзүлөрүнө каратып алган. 1758-жылы калмактар кытайлар тарабынан Орто Азиядан сүрүлгөн. 1758-60-жылдары солто, саяк сарбагыш саруу кыргыздарынын көпчүлүгү Кетмен-Төбөгө чогулушуп кайрадан өз мекенине көчкөн. XVI кылымда кыргыз урууларынын ар бирине жакын оң канат, сол канат жана ичкилик болуп үч группага бөлүнгөн. Ар бир уруунун өзүнчө ээлеген жерлери, алардын башында турган бийлери, ар бир урулардын ураандары баатырлары болгон.

1758-жылы кытайлар жуңгарларды жеңгенден кийин 1759-жылы чыгыш Түркестанды алып, Орто Азиядагы хандыктары өзүнө карата баштаган. Кытай агрессиясы барган сайын күчөп Тянь-Шандын батыш тарабынан, Орто Азиядагы Бухара шаарына чейин өзүнө караткан. Кытай империясынын 1796-жылдан баштап аскер күчтөрү алсырай баштаган. Кытай империясына жана жергиликтүү феодалдарынын эзүүсүнө каршы көтөрүлүштөр тынымсыз жүрүп турган. 1814-1816-жылдары кыргыз бийи Турдумаматтын жана уйгур башкаруучусу Зия ад-Диндин жетекчилиги астында Кашкар эли көтөрүлүш чыгарышкан. Бул көтөрүлүштө уйгурлардан тышкары кыргыз кыргыз бийлери да зор роль ойногон. 1820- жылы өзбектердин айрым урулары кыргыздарга кошулуп, алар менен бирге кытайлардын үстөмдүгүнө каршы күрөш жүргүзгөн. XIX кылымдын ортосунда кытай империясы жана анын жергиликтүү бийлеринин бир кылымдан ашык өкүм сүргөн үстөмдүгү кулаган. Кыргыздар өз жерлеринин ээси болууга жетишкен.

Кокон хандыгынын пайда болушу да Борбордук Теңир Тоо кыргыздарынын социалдык жашоосуна олутту эле таасиирин тийгизген. Алардын баскынчылык саясаты Кокон хандыгына каршы көтөрүлүштөр кыргыз элинин биримдикке умтулткан. Мамлекеттик түзүлүш дайыма жылышта өзгөрүүдө жана өнүгүүдө болгон эмес. Эски система жоголуп, анын ордонуна жаңылары пайда болгон. Кыргыз мамлекетинин аймагы кээде айрым бөлүктөргө ажырап, кыргыздар жашаган бардык аймакты дээрлик камтый алган эмес. Ошондуктан кыргыз мамлекетинин тарыхын коңшу мамлекеттердин тарыхынан ажыратып кароо кыйын. XVII кылымдагы кыргыз элинин тарыхы Кокон хандыгынын тарыхы менен байланыштуу.

Кокон хандыгы Орто Азиядагы ири феодалдык мамлекеттердин бири болгон, ал негизинен XVIII экинчи жарымында түзүлгөн. Аталган кылымда Бухара эмиратынан Фергана бөлүнүп кетет да анын аймагында өз бетинче бийлик жүргүзгөн бектердин ээликтери калыптанат. Ал эми 1710- жылы миң уруусунан чыккан өзбек феодалы Шахрух бий кокон хандыгын негиздеп өзүн хан деп жарыялаган. Шахрух бийден тартып Кокондун кийинки бардык хандары каада салт, нарк катары ак кийизге отургузулуп хан көтөрүлүп турган. Кокондогу ордо кишилеринин, хандын жан жөөкөрлөрүнүн, кеңешчилеринин ичинде кыргыз бийлеринин бедели жогору болгон, себеби кокондун алгачкы башкаруучулары менен кыргыздардын мамилеси жакшы болгон. Бирок кокондук бийлик ээлери ар дайым кыргыз жерине көз артып, кыргыздардын үстүнөн өз үстөмдүгүн орнотууга умтулуп келишкен. Мындай максаттарын ишке ашыруу үчүн коконго жакын жашаган кыргыздарга удаа-удаа жортуулдарды уюштуруп турган. Бирок кыргыздарды багындыруу оңойго турган эмес. Түштүк кыргыздарды баш ийдирүү үчүн күрөш узакка созулган, дээрлик 60 жылга жакын убакытты камтыган. (1762-1821). Биринчи болуп кыргыздарга Ирдана бий 1762-жылы кол салган да, Ош шаарын басып алган. Кокондук төрөлөр кээде кыргыздарды тынчтык жолу менен өз тарабына тартуу үчүн аларга ар кандай чин берип, наам даражаларды ыйгарып турган. Бирок кыргыздар кокон баскынчыларына каршы көптөгөн көтөрүлүштөрдү чыгарып келишкен. 1821-жылы кокон ханы Омор хан Кетмен-Төбөнү багындырышы менен Түштүк Кыргыздарды толук караттым деген.

Түндүк Кыргызстанды каратууну Кокон хандыгы Чүй өрөөннүндөгү кыргыздардан баштаган. Түндүк кыргыз жерин Кокон хандыгы 21-жылда өзүнө күч менен караткан. (1810-1831). 1825-жылы Чүй өрөөнүнө 4000 аскер жиберип солто сарбагыш урууларын багындырып зекет-налог төлөөгө мажбур кылган.

Түштүк Кыргызстандын эли Кокон хандыгынын эзүүсүндө 1821- жылдан 1876-жылга чейин 55 жыл, Түндүк Кыргызстандын эли 1825-1863- жылга чейин 38 жыл болгон. Кокондук хандар кыргыз элин каратып алуу 15 менен өздөрүнүн административдик соода пунктары болгон бир катар согуштук чептерин курушкан. Колониялык бийликти чыңдоо максатында, XIX кылымдын ортосунда Бишкекке 1000 түтүн, Курткага 400 түтүн, Токмокко 200 түтүн, Тогуз-Торого, Жумгалга жана Кара-Балтага жүздөн түтүн өзбектерди көчүрүп келишкен. Кыргыздардын жерлерин өзбек феодалдарына берген. Кыргыздардын территориясы бир нече салык төлөөчү округдарга бөлүштүрүлүп, аларды кокондун бектери башкарып турган. Кокондуктардын налог саясаты жергиликтүү эл үчүн эң эле оор болгон. Налогдун 20дан ашык түрү болгон. Көчмөндөр үчүн эң оор налог зекет аталган. Зекет мусулман закону тарабынан мал төлдөгөн мезгилде апрелде чогултулган. Дан эгиндеринин хараж салыгы алынган. Хараждын көлөмү туруктуу болгон эмес, ар дайым өөдө-ылдый болуп турган. Ошону менен бирге эшен, калпалардын диний салыктары ушур, битир, садага, жаназа ж.б. өз пайдалары үчүн жергиликтүү калктан жыйнап турушкан. Андан сырткары Кокон горнизонун азык-түлүк менен да камсыз кылып туру керек болгон. Мындай кырдаал элдин бир тообунун жерин таштап алыс тоолорго көчүп кетүүлөрүнө аргасыз кылган. Кокон хандыгы кул феодалдардын толук менчигинде болгон. Кул менен күң буюм катарында колдон колго өтүп турган. Аларды аш-тойлордо аттын байгесине да коюшкан.

1821-жылы казактар менен кыргыздардын Кокон хандыгына каршы көтөрүлүшү болгон. Бирок ийгиликсиз аяктаган. 1830-жылы Борбордук Тянь-Шанда Тайлак баатырдын жетекчилиги астында саяк, моголдор, басыз, черик, кушчу урууларынын жигиттеринен куралган 300 аскери Кокондун жазалоочу отряддын жеңип, Куртка сепилин убактылуу ээлеп, кыргыздардын мамлекетин түзүүгө аракет кылышкан. Бирок Тайлак баатырдын бул аракети ишке ашпай калган. Андан кийин Бишкек сепилине жакын жерде кыргыздардын көтөрүлүшү чыккан. Кыргыз урууларынын ар бири Кокон бийлигиннен кутулууга аракеттенишкен. Кокон бийлиги болсо өз үстөмдүгүн сактап калуу үчүн бардык чараларды көргөн. Алар кыргыз уруу башчыларына датка деген наамдарды да беришкен. Мисалы Түштүктө Алай өрөөнүндө баргы уругунун башчысы Алымбек Кокон хандыгынан датка деген наамды алган. Түндүктө солто жана сарбагыш уруулары 1855-жылы зекет салыгын төлөөдөн баш тартышкан. Жыйынтыктап айтканда, кыргыз эли кокондуктардын эзүүсүндө жарым кылым убакыт болгон. Кийин кыргыздардын Россияга кошулушу менен Кокон ханы Россияга багынып берген.

XVII кылымдын башталышында Марко Поло атаган Cathay мене Кытайдын ортосунда кандай байланыш бар экени европалыктарга түшүнүксүз болгон. Португал иезуисти Бенто де Гоиш (Bento de Goes) Индиядан чыгып Афганистан жана Кашкар аркылуу саякатында башка иезуист Матея Ричиден (Matteo Ricci) Cathay жана Кытай бир мамлекеттин эки башка аталышы экенин билет.

Орто-Азия жөнүндө кененирээк маалымытты XVIII кылымдын I жарымында падыша Ыйык Петрдин жөнөтүүсү менен Иван Унковский Жунгарияга болгон саякатында алып келет. Өзүнүн 1722-жылдын аягында 1724 апрелдеги жазмаларында кеңири чыгыш Түркестан территориясын, Тарым дайрасын, Балхаш жана Ыссык-Көл көлдөрү тууралуу жазат.

Иван Унковский Тянь-шань тоолорунун жашоочуларын кыргыздар дебей буруттар (Буруттар Түскөл көлүнүн

айланасында көчүшөт. Картада Ыссык-Көл деп берилген) деп эскерет. Буруттар/кыргыздар 5000 түтүн эл болуп армияга 3000 адамды бере алышкан. Картада буруттар Ыссык-Көлдүн батыш тарабында жайгашкан, Унковский көлдүн чыгыш тарабы (Түп жана Жергалан) менен кана таанышкан бирок буруттар менен жолуккан эмес же алар тууралуу жазган эмес. Рената аталган картада166 (1733-жылдагы калмыктырдын картасы) буруттар/кыргыздар Сырдарыянын түштүгүндө, Ферганада гана көрсөтүлгөн. Башкача айтканда буруттар Тянь-Шандагы ойроттор менен аралашып кетишип, 1758-жылы ойроттор менен кытайлардын ортосундагы салгылашуудан кийин гана өзүнчө болуп кетишкен. XVIII кылымда (ойроттор менен аралашып кеткенге чейин) Кашкарда кыргыздардын саны жогорулаган, кыпчак уруусундагы кыргыздар Кучу аркылуу (Тянь-Шандан) Хотанга келишкен.

1774-82-жылдарга туура келген орус офицери Филипп Сергеевич Ефремовдун Орто-Азия тууралуу жазган докладынан тартуулайбыз. Пугачев көтөрүлүшүндөгү Илец чебин кайтарууда ал Пугачевдун армиясынан качып чыгат, көп өтпөй кыргыздардын (азыркы Казакстандын территориясынан, башкача айтканда кайсактардын) камагына алынып кулчулукка Бухарага сатылып кетет. Бул жерден ал аталыктын (хандын биринчи вазири) колуна кызматка орношот.

Аны ислам динине өтүш үчүн туздуу аралашманы ичишин сунушташат, бирок бул көрүнүш ага кыйын болгондуктан аны жеңилдетип аралашкан майды ичиришет. Кийин (ислам динине өтпөсө дагы) аскер башчысы болуп дайындалып паспорт алып Бухарадан Тибет, Кашмир, Индия жана Англия аркылуу качып кайра Россияга (тогуз жылдан кийин) келет. Өзүнүн эмгегинде ал Бухаранын жашоосун кеңири баяндап кетет (шаардын сүрөттөлүшүн, шаардык мончону жана жуунуунун ыкмаларын, тазалыктын жоктугунан пайда болгон ар кандай ооруларды, топурактан салынган үйлөрдүн ыкмасын, жибекти кантип алышаарын, пахта өстүрүүсүн, кийимдерин, кылган күнөөлөрү үчүн эркектерди дарга асышканын, аялдарды таш менен уруп өлтүргөндүгүн, эркектер күнөө кылган аялын жана анын ойношун сураксыз өлтүргөнгө толук укуктуу болгон). Кыргыздардын (кайсактардын) бүркүт кармагандарын жана тамак жасагандары тууралуу жазган.

Кыргыздар жол жүргөндө кургатылган курутту алышкан. Аны булгаарыдан, аттын арткы бутунун терисинен жазалган баштыкка салышып үстүнө суудан куюп алышат. Ал чайкалып кою сүткө айланып калганда ичишет. Тамакты колдору менен жешет. Кымыз, бээнин сүтүн ичишет.

Адабияттар:

1. 2016-жылды тарых жана маданият жылы деп жарыялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы [Текст] /А. Атамбаев // Эркин-Тоо. – 2016. №1. – 5 б.
2. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи [Текст] / С.М. Абрамзон. – Фрунзе: “Кыргызстан”. 1990. – С. 480.
3. Алымбаев Ж.Б. Общественно-политическая жизнь кыргызов в российской историографии второй половины XVIII-начала XX вв [Текст / Ж.Б. Алымбаев. – Бишкек: 2009. – С. 288.
4. Аттокуров С. Кыргыз санжырасы. – Бишкек: «Кыргызстан». 1995. – 216 б.
5. Бабабеков Х.Н. Народные движения в Кокандском ханстве и их социально-экономические, политические препосылки (XVIII-XIX вв.) [Текст] / Х.Н. Бабабеков. – Ташкент: “ФАН”. 1990. – С. 118.
6. Бернштам А.Н. Социально-экономический строй орхоно-енисейских тюрок VI-VIII вв. Восточно-тюркский каганат-кыргызы [Текст] / А.Н. Бернштам. – Москва. 1949.
7. Боотаева Б. Кыргызы между Кокандом, Китаем и Россией [Текст] / Б. Боотаева. – Бишкек: Илим. 1995. – С. 116.

Zalova A.A., student of Master's degree, OshSU

Social position of kyrgyz in Central Tenir-Too in the second half XVIII-60-th years of XIX centuries

The researching of social and political position, struggle for the release of Kyrgyz in Central Tenir-Too in the second half XVIII- 60-th years of XIX centuries.

Key words: *Central Tenir-Too, social political position, intergeneric relationship, liberation fight, domination Cin-manchjur, Kokon khanate, The Russian Empire, historical personality.*

УДК: 341.222 (575.2)

Камалидин к. Г., магистрант, ОшМУ

Баткен областынын чек ара көйгөйү

Макалада Баткен областынын бүгүнкү күндөгү чек арасындагы талаш тартыш маселелери каралды.

Ачкыч сөздөр: *Баткен, область, чек ара, талаш, өз ара карым катнаш, экономикалык, коом, баалуулук, мамиле.*

В статье рассмотрены нынешного пограничный спорные вопросы Баткенской области.

Ключевые слова: *Баткен, область граница споры, взаимоотношение, экономическая, общество, ценности, отношения.*

Чек ара мамлекеттин жүзү болгондуктан кайсы гана өлкө болбосун эгемендик алган күндөн баштап эң эле биринчи кезекте чек арасын тактап, аныктап андан кийин өнүүгүгө өрүш алат эмеспи. Кыргызстан СССРдин курамынан чыгып 27 жыл өмүр сүрсө да түштүк бөлүгүндөгү чек арасы такталбай элдин жашоосу кыйындап, жаш балдардын эле эмес, чоң адамдардын да жүрөк үшүн алып, делимитация жана деморкация иштерин тездетүүгө түрткү берет. Тактап айтканда, Кыргызстан менен Тажикстандын 970 км чек арасынын 470 километри тактала элек [1. 337].

Баткен облусу Өзбекстан жана Тажикстан менен чектешкен өзгөчө стратегиялык аймак экенине карабай өз учурунда бийлик тарабынан ойдогудай көңүл бурулган эмес. Натыйжада элдин бийликке болгон ишеними жоголуп, ички жана тышкы миграциялык агым күчөгөн. Чек арага байланышкан көйгөйлөр күн санап өсүп, ал турсун аягы кан төгүүлөр менен аяктоосу ар бир кыргыз жаранын чек ара жөнүндө ойлонтууга аргасыз кылат Кыргыз Республикасы Өзбекстандын Наманган, Фергана жана Анжиян облустары менен Тажикстандын Согди облусу жана Тоолуу Бадахшан автономиялуу облустары менен жанаша жашап турмуш кечирип келишет.

Эсил кайран СССРдин убагында кыргыз, өзбек, тажик элдери үчүн чек ара маселелери баш ооруткан маселе катары түйшүкко салбай бардык көйгөй талаш тартышсыз эле СССРдин күчтүү мыйзамдары, жол-жобосу менен аныкталып чечилип келген. Өз алдынча баш аламан болуп маселени чечүүдө мыйзам жол берген эмес.

Бүгүнкү күндө чек ара маселеси дегенде эле Баткен облусундагы чыр чатактар эске келет. Бул жакынкы төрт же беш жылдын аралыгындагы маселелер эмес, бул СССРдин курамында жашоо кечирип жатканда башталып ушул кезге чейин чечилбей келген маселе. Бул жылдардын аралыгында бир топ конфликттер болуп өттү. Кээ бир учурда ок атышуу да болгонун эч ким тана албас.

Чек арага байланышкан конфликттердин келип чыгуусуна саресеп салып көрсөк, эң орчундуу болгон тажик,

кыргыз улутундагы жарандардын ортосундагы жаңжал 1975-жылы башталган [4. 2]. Бул окуяга күбө болгон Сапаров Карим аксакалдын эскерүүсүнө таянсак, ошол кезде элдин баары токчулукта жашап (тажиктер да, кыргыздар да) өздөрүнө жетишерлик айлык маяна алып, дыйканчылык кылышчу экен. Ал эми тажик улутундагылар ошол кезде эле куулук кылып жерлерди өз карамагына өткөрө баштайт. Муну байкаган кыргыз эли да каршылык көрсөтүп, натыйжада жерди талашуудан жаңжал чыгат. Ошол мезгилде жергиликтүү бийлик күчтүү болгондуктан ошол замат басылган.

Кийинки окуя 1989-жылы кайра эле тажик-кыргыз жарандарынын ортосунда болуп өткөн. Эки тараптын ортосундагы кармаш катуу болуп бири-бирине ок чыгарышкан. Натыйжада кыргыздар тараптан көптөгөн жарандар жараат алып, үч адам көз жумган. Ал эми тажиктер тараптан канча адам көз жумганы жашыруун бойдон калган. Конфликттин келип чыгуу себеби тажик жарандары кыргыздар жашаган аймакка өтүп үйлөрдү кура баштаган. Ошондо мекенчил жаштар чыгып курулуштарды токтоткон. Бул окуянын катышуучусу Карим аксакалдын айтуусунда ошол мезгилде Баткен районуна К. Жунусов аким болуп турган. Ал чек арага келип, бир теректи жыктырып, «мындан сарт (тажик) эмес сарттын эшеги да отпосун», – деп кеткен. Бир жумадан кийин келип «теректи алып коюнуздар, бул жогортон чечилген маселе экен», – деп кете берген [3. 8]. Мындан биздин бийлик ар дайыма эле чек ара маселесин чечүүдө алсыз болуп жатат деп жыйынтык чыгарсак болот.

Тажик-кыргыз чек ара аймактары такталбагандыктан 1989-жылдан бери канчалаган көрсөк да көрмөксөнгө алып койгон окуялар болуп өттү. Мамур-жумур жашаган кошуналарыбыз убакыт өткөн сайын саны көбөйүп, өз аймактарына батпай Кыргызстандын аймагына жылма экспансиясы күчөп кайрадан чек ара аймактарында чыр чатактар көбөйүп, бүткүл кыргыз коомчулугунун көңүл борборуна айланды.

Белгилей кетсек, 2013-жылы 27-апрелде эки тараптын ортосунда конфликт болгон. Бул окуя алгач Ак-Сай-Тамдык жол курулушунда башталып, андан ары Орто-Бөз айлында уланган. Бул кагылышууда Орто-Бөз айлынынын Масиеттин жери участогундагы үйлөр машиналар талкаланып, элдер өз үйлөрүн таштап коопсуз жайларга чыгып кетүүгө аргасыз болушкан. Окуянын чыгуу себеби тажик жарандары Ак-Сай-Тамдык жол курулушуна каршы болушкан. Бул жол аркылуу кыргыз жарандары тажик айылдарын аралабай көз карандысыз Ак-Сай айылына кире алышмак. Азыркы мезгилде бул курулуш аяктап колдонууга берилген. Ал эми 2014-жылдын 11-январында Баткен районунун Ак-Сай айылына жакын жерде суу бөлүштүрүүчү жайда кыргыз чек арачылары күзөт учурунда тажик чек арачылары менен жаңжалдашып, натыйжада ок атышуу болгон [5. 20]. Чек ара кызматынын «Азаттыкка» билдиришинче, окту биринчи болуп тажик чек арачылары чыгарган. Өкмөттүн маалымат кызматынын билдиришинче ошол кездеги премьер-министр Жантөрө Сатыбалдыев Тышкы иштер министрлигине окуя боюнча тиешелүү документтерди Тажикистандын Тышкы иштер министирлигине жолдоону буюрган. Атышууда беш кыргыз чек арачы жана бир милиция кызматкери жарадар болуп, алар дароо облустук оорууканага жеткирилген. Баткен облустук оорууканасынын баш дарыгери Тургунбай Айжигитовдун айтымында жараат алгандар оор абалда келип түшкөн.

Ошол кездеги Баткен облусундагы өкүлчүлүгүнүн маалымат кызматынын жетекчиси Мамажан Бердишев жа радар болгондорго гранатометтун чачырандысы тийгенин билдирген. Чырдын төркүнү 2014-жылдын 17-декабрындан Ак-Сай айылынын тургундары менен Тажикстандын Ворух анклавынын жашоочуларынын ортосунда тиреш орун алып, Ак-Сайлыктар Ворукка кетчү жолду бууп, бийликтен Тажикстандын Чорку айылын айланып өтүүчү жол куруп берүүнү талап кылышкан. Чырдын чыгышына Тажикистанга жакын ээн

жердеги кыргыз жаранына тиешелүү чайкана өрттөлгөнү себеп болгону айтылган [6. 86]. Мунун алдында 500 чакты тажик жараны да Ак-Сай айылын облус борбору менен байланыштырган жолду тосуп алган эле.

Ак-сай айылынын эли чайкананы өрттөгөндөрдү таап, жазалоодон сырткары Ворух анклавын айланып өтчү Көк-Таш-Ак-Сай-Тамдык жолун куруу маселесин чечүүнү да талап кылышкан. Тажикистандыктар жолдун курулушуна каршылыгын аймакта эки өлкөнүн чек арасы аныктала электиги менен түшүндүрүшкөн. Кыргыз тарап жол чек арадан 500 метрдей бери, Кыргызстандын аймагы менен өтөөрүн жүйөө кылышкан. Канткен менен маселе өкмөттүк деңгээлдеги сүйлөшүүгө калтырылган. 2017-жылы 7-май күнү кечке жуук саат жетилер чамасында конфликттердин очогуна айланган Орто-Бөз айылынын Жака-Өрүк деген жеринде тажик-кыргыз жарандарынын ортосунда конфликт жаралган. Облустук милиция кызматкеринин маалыматтарына таянсак, эки өлкөнүн жарандарынын ортосундагы жаңжал ырбап олтуруп жүздөгөн адамдардын топтолушуна алып келген. Анын себеби тажик жарандарынын таш ыргытуусу болгон. Ошентип чек арага миңден ашык адамдар чогулган. Көк-Терек участкасында магазин, автоунаалар өрттөлүп, жалпысынан 7 миллион сомдук чыгаша болгон [2. 18].

Ошол жанжалда Кыргызстандан 9 адам ооруканага жаткырылган. Женил жараат алгандарды ооруканага алпарышкан эмес. Тажик жарандары кыргызстандык Абдижапар Таировду барымтага алып, аны сабап, милиция кызматкеринин аралашуусу менен араң калтырылган. Саламаттыкты сактоо министрлигинин маалыматы боюнча окуядан кыргыздар тараптан 14 адам жабыркап, 9 адам ооруканага жаткырылып, бир адамга ок тийген.

Бул аймактарда 2014-жылдан бери конфликтер кайталанып келгени менен жеринде эле чечилип элди дүрбөлөнгө салчу эмес. Бирок 2018-жылдын 3-апрелинде Ак-Сай айыл өкмөтүнө караштуу Үч-Дөбө айылында тажик-кыргыз жарандарынын ортосунда кагылышуу болуп элдин жүрөк үшүн алып, бийликтин чек ара жөнүндө ойлонуусуна мажбур кылды. Так эмес маалыматтарга караганда бул кагылышууда кыргыздар тараптан 60 миң сомдук чыгаша болгонун айтышууда. Мындай көрүнүштөр чек ара аймактарында көп кайталанып турат жана чек арачы эл мындай көрүнүштөргө көнүп да калгандай туюлат.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чекараларды делимитация жана деморкациялоо иштери боюнча ошол мезгилдеги атайын өкүлү Курбанбай Искандаровдун айтымында «Делимитация жана деморкация иши башталгандан бери 60 км жер такталып калды. Жалпы тажик-кыргыз чек арасы 970.8 км болсо, ошондо 60 пайызын тактоонун аракетинде жүрөбүз деп белгилейт. Шахмат тибиндеги жайгашкан турак үйлөрдү алмашуу жолу менен чечебиз», – деген.

Бирок эч кандай жыйынтык байкалган жок. Эгер алмашуу жолу менен чечиле турган болсо, Таш-Тумшук жана Масиеттин жери участокторун алмаштырбай койгонубуз биздин өлкө үчүн пайдалуу болооруна күмөнүм жок. Анткени бул аймактар Тажикстанга өтө турган болсо Орто-Бөз айылынын жер аянттарына суу барбай калуусу толук ыктымал. Анын негизинде мурда болуп откон конфликттер кайрадан кайталанып көйгөй жаратып, элдин тынчын алуусу мүмкүн.

Адабияттар:

1. Адилбаев Ж. История становления государственных границ между Кыргызской Республики и Республики Узбекистан // ОшМУнун жарчысы. Атайын чыгарылыш-2012. – 336-343 б.б.
2. Адилбаев Ж. Кыргызстандын мамлекеттик чегарасынын такталыш тарыхынан ОшМУнун жарчысы. 2012. №2. – 15-20 б.б.

3. Айбалаев М. «Губернатордун Хокимге ачык каты». // Баткен таны. 2001. 10-январь. №2 (50)
4. Айдаров Ж. «Чарбактагы кырдаал». // Азаттык. 08.01.2013.
5. Аламанов С. Краткая история и опыт решения пограничных проблем Кыргызстана. – Бишкек. 2005. – С. 90.
6. Аламанов С. «Кыргызстандын мамлекеттик чегарасынын калыптанышы». – Бишкек. 2005. – 75-80 б.б.

Kamaldin k. G., student of Master's degree, OshSU

The problem of the border in the Batken region

The article discusses the current border disputed issues in the Batken region.

Key words: *Batken, the border area of disputes, relationship, economic, society, values, relationships.*

УДК: 94/342.54(575.2)

Миталипова А., магистрант, ОшМУ

Кыргызстан менен Өзбекстандын тышкы саясий приоритеттери жана келечеги

Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын башкы приоритеттери КМШ өлкөлөрү, анын ичинен эң алгач Борбордук Азиянын өлкөлөрү менен ар тараптуу байланыштарды бекемдөө болуп саналат. Макалада кыргыз-өзбек мамилелеринин тышкы саясий приоритеттери каралды.

Ачкыч сөздөр: *Борбордук Азия, Кыргызстан, Өзбекстан, тышкы саясаты, приоритет.*

Главными приоритетами во внешней политике Кыргызской Республикиявляется укрепление всесторонних отношенийсо странами СНГ, в первую очередь со странами Центральной Азии. В статье рассматриваются внешнеполитические приоритеты кыргызско-узбекских отношений.

Ключевые слова: *Центральная Азия, Кыргызстан, Узбекистан, внешняя политика, приоритет.*

Бүгүнкү күндө Борбордук Азия региону, анын ичинде Кыргызстан да, Өзбекстан да саясатчылардын жана окумуштуулардын, эл аралык коомчулуктун кызыгуусун туудуруп, көңүлүн өзүнө буруп келүүдө. Борбордук Азия чөлкөмү геосаясий жактан алганда жалпылап алганда 4 млн. чарчы км. ден ашуун аймакка ээ жана жалпы саны 60 миллионго жакын калкы бар беш мамлекеттен турат. Алар нефть, газ, түстүү металлдардын жана башка баалуу минералдык ресурстарга өтө бай, көптөгөн айыл чарбага ылайыктуу жерлерге, жайыттарга ээ.

Мындан тышкары Борбордук Азия көптөгөн транзит-транспорттук потенциалга ээ. Ал Батыш менен Чыгышты, Түндүк менен Түштүктү байланыштырган өтө маанилүү автомобиль, дарыя аркылуу өтүүчү соода жолдорунун кесилишинде жайгашкан. Мындай географиялык жайгашуу кандайдыр бир денгээлде деңиз менен океандарга чыгуучу жолдордун жоктугун толуктап турат. Бул жерден өтүүчү карым катнаш жолдор дүйнө-жүзүнүн маанилүү өрөөндөрүнө багыт алган. Андан сырткары бул өлкөлөр бир кылка калк жашагандыгы менен дүйнөнүн башка мамлекеттеринен айрымаланып турат.

Борбордук Азиянын коомчулугун–да түрк-монгол, индоевропалык жана перс маданиятынын катмарлары бири бири менен тыгыз байланышкан. Ал жерде жашаган калктын салыштырмалуу турмуш

деңгээли орто жана элдин сабаттуулугу жогору болуп эсептелет. Бул фактор чет элдик инвесторлордун кызыгуусун туудурат.

Бул аймактагы этникалык топтор борбордук азиялык элдер менен тыгыз байланыштары бар. Ошону менен бул жерде мусулман өлкөлөрүнүн колдоосуна ээ болгон ар кандай саясий жана сепаратисттик диний топтордун аракеттери жүрүүдө.

Борбордук Азияда дүйнөлүк эң өнүккөн АКШ, Кытай, Россия ж.б. мамлекеттердин кызыкчылыктары дал келет. Мындай активдүүлүк уламдан-улам өсүп жаткан кызыкчылыктарды канааттандырууга багытталган. Ал өз кезегинде конкреттүү иш чараларды жүргүзүү, өздөрүнүн региондо таасирин күчөтүү иш аракеттери менен байланыштуу.

Советтер Союзу кыйраган соң Өзбекстан Москванын таасиринен бошонууга аракет жасаган. Анын эң ири кадамдарынан болуп антироссиялык саясаты эсептелинет. Бул болсо өз кезегинде Батыш өлкөлөрү, анын ичинде АКШ менен мамилени күчөтүүгө шарт түзгөн.

Борбордук Азия, анын ичинде Кыргызстан жана Өзбекстан АКШ, Россия, Кытай, Европа жана ислам дүйнөсүнүн мамлекеттеринин татаал түрмөккө туташкан кызыкчылыктардын борборунда жайгашып турат. Бул мамлекеттердин бардыгы региондо өз таасирин күчөтүүчүн күрөшүүдө. Алардын максаты Борбордук Азия өлкөлөрүнүн саясий-экономикалык багыттарын өзүнө карай буруу болуп эсептелинет.

Борбордук Азиянын геосаясий жактан жайгашуусу бир топ артыкчылыктары жана кемчиликтери менен айырмаланат. Борбордук Азиялык мамлекеттер деңиз, океандарга чектеш болбогондуктан алар тышкы дүйнө менен карым катнашуусу татаал болууда. Андан сырткары региондун мамлекеттеринин ресурстук потенциалдары бири биринен кескин айырмаланып турат. Алардын үчөө (Казакстан, Өзбекстан, Түркмөнстан) табигый ресурстарына бай болушса, ал эми Кыргызстан менен Таджикстандын байлыктары аларга салыштырмалуу аз келет.

Ошондуктан алардын өнүгүүсү бирдей эместиги көрүнүп турат. Ар бир өлкө өз өнүгүү жолун издөөдө. Экономикалык өнүгүү салыштырмалуу жай жүрүүдө. Мындай көрүнүштүн бир нече себептери бар. Эң башкысы – эркиндикке умтулуу, эгемендүүлүктү чыңдоо, интеграциялык процесстердин өнүгүшүнүн варианттарын издөө ж.б. көрүнүштөр менен коштолууда.

Регионду өлкөлөрүнүн тышкы саясатынын түзүлүшүнүн маанилүү фактору катары жалпы коркунучтарга каршы бирдиктүү жооп кайтаруунун муктаждыгы болуп калган. Алардын трансулуттуу жана трансчекаралуу болгондугуна байланыштуу ички регионалдуу жана региондон тышкары болгон кооперациянын керектигин талап кылган. Бул болсо, өз учурунда жаңы коопсуздук институттардын пайда болушуна алып келген [4. 79].

Борбордук Азия мамлекеттердин тышкы саясатында өз ара айырмачылыктары болгондугун да белгилей кетсек. Кыргыз Республикасы жеткиликтүү деңгээлде коргонуу, экономикалык, саясий потенциалга ээ болбогондугуна – региондогу өзүнүн ички улуттук кызыкчылыктарына толугу менен жооп берген принциптерди өзү орното албагандыгына байланыштуу, ири державалардын жана ири эл аралык уюмдардын кызыкчылыктарынын ортосунда буйтоо (эбин таап кетүүчү) саясатын жүргүзүүгө мажбур кылууда.

Бул дипломатиялык жол менен Кыргызстан дүйнөлүк саясий системага кирип, өз талаптарын ыңгайлуу түрдө канааттандыра алат [3. 89].

Кыргызстан эгемендүү мамлекет катары жүргүзгөн тышкы саясий концепциясынын өзгөчөлүгү менен мүнөздөлөт. Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты эгемендүүлүккө ээ болгон күнүнөн баштап өлкөнүн Конституциясына, мамлекеттик эгемендүүлүк Декларациясында, эл аралык укуктун нормаларында, БУУ менен ЕККУнун принциптерине жана

максаттарына дал келүүсүнө негизделген. Бул мөөнөттө Кыргызстан дүйнөнүн көпчүлүк мамлекеттери менен дипломатиялык жана башка мамилелерди активдүүөнүктүргөн. Кыргызстандын мамлекеттик кызыкчылыктарын ишке ашыруу жолу негизинен коңшу жана дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери менен достук, өз ара ыңгайлуу мамилелерди өнүктүрүү процесстери менен коштолгон.

Кыргызстан өзүнүн тышкы саясатын эки тараптуу жана көп тараптуу кызматташуу принциптеринин негизинде жүргүзүүдө. Глобалдуу денгээлде башкы өнөктөш болуп Бириккен Улуттар Уюму эсептелет. Ал универсалдуу орган болгондуктан өзүнүн астында бир канча атайын майда органдардын жардамы аркылуу дүйнөлүк аренада өзүнүн иш аракеттерин жүргүзүп турат.

Кыргызстан кызматташып жаткан уюмдарга төмөнкүлөр кирет: Коллективдүү коопсуздук келишим уюму (ОДКБ), Европалык экономикалык шериктештиги (ЕвраЗЭС), КМШ, Шанхай Кызматташуу Уюму, Европалык союз, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму, «Исламдык конференция уюму»жана башка уюмдар менен болгон кызматташуу системасы. Эгемендүүлүк жылдар аралыгында тышкы саясат чөйрөсүндө Кыргызстан олуттуу жетишкендиктерге ээ болду. Ал ири эл аралык уюмдарда мүчө катары кирип, дүйнө жүзүнүн көптөгөн мамлекеттери менен тең укуктуу жана пайдалуу саясий, экономикалык, маданий байланыштарды жүргүзүүдө. 2005-жылдын ичинде гана чет элдик мамлекеттер, эл аралык уюмдар менен кызматташунун келишим укуктук базасын кеңейтүү максатында 34 эки тараптуу жана 219 көп тараптуу эл аралык келишимдерге кол коюлган [1. 159].

XXI кылымдын башында Кыргыз Республикасы дүйнө жүзүнүн 100гө жакын мамлекеттери менен дипломатиялык мамилелерди түзгөн. 50 дөн ашуун универсалдуу институттар менен форумдардын катышуучусу болуп, чет өлкөлөрдө 19 дипломатиялык жана 3 консулдук өкүлчүлүк ачкан. Кыргызстанда 88 эл аралык дипломатиялык миссиясы жана өкүлчүлүктөрү аккредитациядан өткөн [2. 9].

Ошентип, Кыргызстан үчүн тышкы саясаттын төмөнкү башкы багыттары приоритетүү болууда:

- тышкы саясий ыкмалар аркылуу улуттук коопсуздукту чыңдоо;
- улуттук кызыкчылыктарды ишке ашырууда ыңгайлуу тышкы шарттарды түзүү;
- Кыргызстандын эл аралык имиджин чыңдоо;
- КР тышкы иштер министрлиги жана башка кызыктар болгон ведомстволор, жарандык коомдун институттары менен бирдикте тышкы саясий ишмердүүлүктүн эффективдүү системасын куруу.

Жалпысынан алганда, Кыргызстандын тышкы саясий ишмердүүлүгүөлкөнүн эгемендүүлүгүн сактоо, экономиканын өз алдынчалыгын бекемдөө, чек аралардын сактыгын камсыз кылуу – саясий дипломатиялык жол менен эл аралык кепилдиктердин максималдуу чыңдоо принцибине баш ийүү керек.

Ошентип, Кыргызстан көп вектордук, тең салмактуу, прагматикалуу тышкы саясатын жүргүзүүдө. Аны менен кошо, ал улуттук кызыкчылыктарын регионалдуу жана дүйнөлүк коомчулуктун кызыкчылыгынын бир бөлүгүнө айлантууга аракеттенүүдө.

Өзбекстан Республикасынын өз алдынча тышкы саясатынын калыптанышы оңой эле жүзөгө ашкан эмес. Ал өзүнүн мамлекеттик денгээлде чечилишин талап кылган. Дүйнө коомчулугунун толук укуктук мүчөсү болуу менен бирге өлкөдө тышкы саясатта терең ойлонуп чыккан стратегиялык курс иштелип чыккан. Азыркы учурда Өзбекстан Республикасынын суверендүүлүгүн 165 мамлекет тааныды, алардын ичинен 120дан ашыгы өлкө менен расмий дипломатиялык мамилелерди түзүшкөн. Республиканын борборунда 35 мамлекеттин элчиликтери орун алган. Өзбекстанда 88 чет элдик өкүлдүктөрү аккредитациядан өткөн, 24 өкмөт аралык уюмдар жана 13 өкмөттүк эмес уюмдар бар. Ал эми Өзбекстан болсо чет

өлкөлөрдөөзүнүн 39 элчилигин ачкан [4. 8].

Өзбек Республикасынын тышкы саясатынын маанилүү жетишкендиги, дүйнө коомчулугунун толук укуктуу субьекти катары таанылышы, анын бүгүнкү күндө олуттуу эл аралык уюмдардын мүчөсү болуп саналгандыгы эсептелинет. Алар: Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык эмгек уюму (МОТ), Дүйнөлүк ден соолукту сактоо уюму, Бириккен улуттар уюмунун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча уюму (ЮНЕСКО), Европадагы коопсуздук менен кызматташтык боюнча уюму (ОБСЕ), Бейтараптык кыймылы, Шанхай кызматташтык уюму ж.б. Мындан тышкары, Өзбекстан бир катар алдыңкы эл аралык экономикалык жана финансылык бирикмелеринин мүчөсү. Алар: Экономикалык Кызматташуу Уюму, Кара деңиз өлкөлөрдүн экономикалык ассоциациясы, Азия-Тынч океан региондогу өлкөлөрүүчүн БУУнун экономикалык жана социалдык комиссиясынын, Эл аралык өнүгүү жана реконструкция банкы (МБРР), Эл аралык валюттук фондунун (МВФ), Европалык өнүгүү жана реконструкция банкы (ЕБРР), Азиялык өнүгүү банкы (АБР) ж.б.

Өзбекстандын дүйнөлүк коомчулугунун чарба системасына кошулуусунун фактысы, соода-экономикалык көрсөткүчтөр күбө боло алат. Эгер 1992-жылы 60 мамлекет Өзбекстандын соода өнөктөштөрү болушса, 2000-жылга карай алардын саны 140 чейин өскөн.

Мындан тышкары, жогорку технологияларды жана өзүнүн илимий-интеллектуалдык, транспорттук кубаттуулугун өнүктүрүүдө, өлкөгө ири өлчөмдөгү чет элдик инвестициялардын кеңири тартууда эң алгылыктуу аракеттер жасалган. Европа Биримдигинин көмөгү менен Өзбекстанда олуттуу биргелешкен ишканалар түзүлгөн. Алар, өзбек-италия «Узпластитал», өзбек-британ «Узбат», өзбек-герман «Узсаламандр», өзбек-француз «Текнип» ж.б. Алар өлкөнүн маанилүү социалдык-экономикалык проблемаларын чечүүгө, экспортко багытталган продукциянын чыгарылы–шына шарт түзүүдө [4. 5].

Ошентип, эгемендүүлүк жылдары Кыргызстан менен Өзбекстандын эл аралык аренага активдүү чыгышы, өз алдынча тышкы саясатын динамикалык түрдө өнүктүрүү мезгили болуп калды. Кыргызстан жана Өзбекстан өздөрүнүн улуттук кызыкчылыктарына таянып, бүткүл адамзаттык баалуулуктарды эске алуу менен дүйнөлүк коомчулуктун толук укуктуу мүчөлөрү болуу менен бирге турмушунун ар кайсы чөйрөлөрүндө активдүү роль ойношууда жана келечекте мындан да жакшыруу жолуна түшөт деп эсептейбиз.

Адабияттар:

1. Джекшенкулов А. Выступление на общих дебатах 61-й сессии Генеральной ассамблеи ООН 22 сент. в Нью-Йорке // Слово Кыргызстана. 2006 г. 27 сентябрь.
2. Джекшенкулов А. Новые независимые государства Центральной Азии в мировом сообществе. – М. 2006. – С. 306.
3. Каана Айдаркул. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Бишкек. 2002. – С. 352.
4. Современные международные отношения и мировая интеграция. – М. 2009. – С. 186.

A. Mitalipova, student of Master's degree, OshSU

Foreign policy priorities and future of Kyrgyzstan and Uzbekistan

The main priorities in the foreign policy of the Kyrgyz Republic is to strengthen comprehensive relations with the CIS countries, primarily with the countries of Central Asia. The article examines foreign policy priorities of Kyrgyz-Uzbek relations.

Key words: *Central Asia, Kyrgyzstan, Uzbekistan, foreign policy, priority.*

УДК: 94/342.54(575.2)

Миталипова А., магистрант, ОшМУ

Коопсуздук чөйрөсүндөгү кыргыз-өзбек кызматташуусу: ШКУ жана КККУ алкагында

Кыргыз Республикасынын тышкы саясатынын башкы приоритеттери КМШ өлкөлөрү, анын ичинен эң алгач Борбордук Азиянын өлкөлөрү менен ар тараптуу байланыштарды бекемдөө болуп саналат. Макалада коопсуздук чөйрөсүндөгү кыргыз-өзбек кызматташуусу каралды.

Ачкыч сөздөр: *Борбордук Азия,Кыргызстан, Өзбекстан, тышкы саясаты, приоритет, кызматташуу.*

Главными приоритетами во внешней политике Кыргызской Республики является укрепление всесторонних отношений со странами СНГ, в первую очередь со странами Центральной Азии. В статье рассматриваются кыргызско-узбекское сотрудничество в сфере безопасности.

Ключевые слова: *Центральная Азия, Кыргызстан, Узбекистан, внешняя политика, приоритет, сотрудничество.*

“Бешилтиктин” 1998-жылы Алма-Ата шаарында өткөн үчүнчү саммитинде регионалдык жана азиялык коопсуздук маселелери боюнча терең кеңешмелерди жүргүзүүнүн мындан ары улана бериши керектиги жөнүндө билдирүүлөр жасалган. Алардын ичинде, соода, экономика, энергиялык ресурстар чөйрөсү, этносепаратизм, диний экстремизм, эл аралык терроризм жана трансулуттук кылмыштуулук маселелери да болгон.

Беш өлкөнүн 1999-жылы августта Бишкекте өткөн төртүнчү саммитинде жогоруда аталган маселелер боюнча кызматташууну ар тараптан өнүктүрүү идеялары каралган. ШКУнун башчылары Бишкек Декларациясына кол коюшкан. Ал жерде “Шанхай бешилтигине» кирген мамлекеттер жаңы коркунучтарга каршы күрөштө активдүү иш аракеттерди жүргүзөрү белгиленген.

Ал үчүн россиялык тараптын, беш өлкөнүн коргоо жана тышкы иштер министрликтеринин, укук коргоо уюмдарынын башчыларынын жолугушуу–ларын өткөрүү боюнча сунушу колдоого алынган. Шериктештик иштер боюнча программалар жана проекттер боюнча конкреттүү иш чараларды жүргүзүү максатында экономикалык эксперттердин биргелешкен жумушчу топторун түзүү сунушталган. “Бешилтиктин» аны менен кошо “алтылыктын» биргелешкен иш аракеттеринин негизги багыттарынын бири – эл аралык терроризмге, сепаратизмге, экстремизмге, баңгизаттын таралышына, курал жарак сатуу, мыйзамсыз миграция жана транс чек аралык башка кылмыш түрлөрүнө каршы иш аракеттерди көрүү ж.б. болгон.

2000-жылдын март айында жогоруда аталган проблемаларга байланыштуу Астана шаарында коргоо министрлеринин биринчи жолугушуусу өткөн. Бул мезгилден бери аскердик чөйрө боюнча жолугушуулар пландуу негизде өтүп жатат. ШКУнун мүчө-мамлекеттеринин атайын кызматтарынын жана укук коргоо органдарынын жетекчилеринин “Бишкек тобу” түзүлгөн [4. 86].

“Шанхай бешилтигинин” бешинчи саммити 2000-жылы июлда Душанбе шаарында өтүп, Борбордук Азиянын өлкөлөрүнүн өнүгүүсүндөгү негизги маселелери талкууланган. Ал коопсуздук, коргоо, укук коргоо иши, тышкы саясат, экономика, айлана-чөйрөнү сактоо, маданиятка караштуу суроолор. Жолугушуунун натыйжасында кабыл алынган декларацияда беш мамлекеттин башчылары “Шанхай бешилтигин” көп тараптуу кызматташуунун регионалдык структурасына айлантууга ниеттерин билдиришкен. Мындан тышкары,

саммиттерди өкмөт башчыларынын жолугушуулары, тышкы иштер министрлеринин жыл сайын өтүүчү кеңештери менен толукталышы жөнүндөгү идеялар жактырылган.

Бул саммитте байкоочу катары алгачкы ирет Өзбек Республикасынын президенти И. Каримовкатышкан. Өзбекстандын ШКУга катышууга болгон кызыгуусу эл аралык терроризм менен исламдык радикализмдин улам күчөп жаткан коркунучуна байланыштуу болгон. ШКУнун мүчө-мамлекеттери региондун эң ири мамлекеттердин бири регионалдуу коопсуздук системасын бекемдетүү процессине толук кандуу катышуусун көңүлгө албай кое алган жок.

2001-жылы июнда Шанхайда алты мамлекет башчыларынын жолугушуусу (Россия, Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Тажикстан, Өзбекстан) болупөткөн. Анын жүрүшүндө Шанхай кызматташуу уюмунун түзүлүшү тууралуу жарыяланган. Бул жаңы регионалдык бирикмеде негизги жарыяланган максаттар төмөнкүлөр болгон: мүчө-мамлекеттердин арасында ишеним, достукту бекемдөө, саясий, соода-экономикалык, илимий-техникалык, маданий, билим берүү, энергетикалык, транспорттук, экологиялыкж.б. чөйрөлөрдө эффективдүү кызматташууну колдоо, региондо стабилдүүлүктү, коопсуздукту жана тынчтыкты камсыз кылуу.

“Шанхай бешилтиги” убакыттын өтүшү менен таасирдүү уюмга айланган. Эми ага Өзбекстан кошулду. Өзбек Республикасынын Президенти И.Каримов айтып кеткендей: “Биз ШКУга түшүнүү менен кирип жатабыз. Жаңы уюмдун приоритеттери катары коопсуздук жана стабилдүүлүк маселелерин эсептейбиз» [1]. Өзбекстандын Шанхай кызматташуу уюмуна мүчө болуп кириши обьективдүү зарылдык болгон, анткени республика Борбордук Азиядагы региондун бир бөлүгүн ээлейт, ал жерде жүрүп жаткан процесстерден четте кала албайт. Ошентип, тынчтык принциби эми Тынч океандан Европага чейинки мейкиндикте ишке ашырылган.

ШКУ саммитинде кабыл алынган Декларацияда уюмдун түзүлүшүнүн приципиалдуу багыттары жарык көргөн. Терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө Конвенция кабыл алынган. Ал региондун мамлекеттеринин бардыгына карата коркунуч жана чакырууларга коллективдүү каршы туруунун укуктук негизин түздү. Конвенциянын негизинде ШКУнун ичинде регионалдуу терроризмге каршы структурасы түзүлгөн. Ал уюмга кирген өлкөлөрдөн атайын органдарынын терроризм, сепаратизм жана экстремизмге каршы күрөштү бирдиктүү иш аракеттерин координациялоо, колдоо үчүн түзүлгөн такай иштөөчү орган болуп эсептелинет.

Шанхай кызматташуу уюмунун түзүлүшү жөнүндөгү кол коюлган Декларация чоң тарыхый маанаге ээ болгон документ. Бул уюм тынчтык менен стабилдүүлүктү камсыз кылууда Евразиялык континенте чоң таасирге ээ. ШКУ жаңыдан пайда болгондон баштап ал дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн өзүнө тартты. Акыркы мезгилдерде Уюм үчүн приоритеттүү болуп калган терроризмге каршы багыт алуу 2001-жылдын 11-сентябрь окуяларынан кийин жаңы кошумча импульс алды. ШКУнун мүчө-өлкөлөрү АКШда болгон окуяга чейин эле Афганистанда отурукташып калышкан террористтик күчтөрүнүн коркунучуна дуушар болушкан.

ШКУ эл аралык коомчулукту БУУнун чегинде Афганистанда абалдын жаңы дестаблизациясын жолотпоо максатында, тынч жана бейтарап афган мамлекетин куруу боюнча иш аракеттерди көрүүгө чакырды. Афганистанга тигил же бул башкаруу формаларын таңуулоо, бул өлкөнү кимдир бирөө өз таасир чөйрөсүнө тартуу боюнча кандайдыр бир аракеттер жаңы кризиске алып келиши мүмкүн, ал эми келечектеги саясий түзүлүштү, структураны жана бийлик органдарынын мүнөзүн тандоо – афган элинин өз укугу болуп эсептеле тургандыгы айтылган. ШКУ мүчө-мамлекеттери Афганистанга гуманитардык жардам берүүдө өз салымын кошоорун билдирген. Ошол эле документте уюмга мүчө мамлекеттери

Интернет-маркетинг тармагынын эң маанилүү, терең изилдөөнү, талдоону жана маанилүү чечимдерди кабыл алууну талап кылган тармактарынын бири катары сайттын юзабилитиси тармагы эсептелинет. “Юзабилити” термини эң алгач 1977-жылы программалык жабдылышты анализдөө үчүн колдонула баштап, 1980-жылдардын башында программалык жабдылыштын колдонуучулары үчүн ыңгайлуулуктарды түзүү менен программалык продуктыга болгон талапты жогорулатуу аракетинин зарылчылыгынан улам (англисче usability – “колдонуудагы жөнөкөйлүүлүк жана ыңгайлуулук, колдонуунун ыңгайлуулук даражасы”, о.э. колдонуудагы ыңгайлуулук, эргономика) өнүгө баштаган. Аз убакыттын ичинде техникалык-дизайнердик дисциплинадан, көптөгөн эл аралык конференциялар менен коштолгон жаңы багыттагы изилдөө тармагы катары кеңири масштабда өнүгүүгө жол алган. Азыркы күндө сайт юзабилитисин жакшыртуу – бул сайттын ички структурасын кайра иштеп чыгуу сыяктуу сайтты ишке киргизүүнүн маанилүү аспектилеринин бири.

User Interface Engineering, Inc изилдөөлөрү көрсөткөндөй, адамдар интернеттен керектүү так маалыматты табууда 60% учуру ийгиликсиз т.а. жыйынтыгы жок натыйжаларга келип, колдонуучунун убактысынын корошу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшүнө, натыйжада ал сайтка кайра кайрылбашына алып келиши мүмкүн.

Forrester Research булагы сайттардын начар юзабилитисинен улам, компаниялардын чыгымдарынын кээ бир цифраларын корсөткөн: керектүү товарды табууда мүмкүнчүлүктүн жоктугунан улам, интернет-дүкөндөр 50% сатып алуучуларды жоготушу, ал эми 40% жакын колдонуучулар жогорудагы сыяктуу тоскоолдуктардан улам, сайтка кайра кайрылып кирүүдөн баш тартышы изилденген.

Якоб Нильсен: “колдонуучулар интернет тармагында жай ылдамдыктагы жана татаал дизайндагы сайттарды начар кабыл алышат. Адамдар күтүүнү же веб-баракта иштөөнү үйрөнүүнү каалашпайт жана веб-сайтты окутуп-үйрөтүүчү же веб-сайт боюнча инструкциялык нерселер жокко эсе. Адамдар сайтка бир катар көз жүгүртүүдөн кийин, дароо эле бир нече секундаларда сайттын функцияларын колдонуу, анда иштеп кетүүнү каалашат же дароо баш тартышат”.

Юзабилити – бул колдонуучулар–дын продукт же система (веб-сайт, программалык тиркеме ж.б.) менен өз ара иштешүү аракеттеринде калыптанган колдонуучулук тажырыйбалардын сапат ченеми.

Юзабилити түшүнүгү кеңири мааниде бул же тигил предметти колдонуунун ыңгайлуулук даражасын билдирет. Ал кандайдыр бир деңгээлде «эргономика» түшүнүнүгү, тагыраак айтканда бул же тигил шарттарды түзүүдө адамдын иш-аракетинин эффективдүүлүгүн үйрөтүүчү илимий дисциплиналар менен ундөшүп, тектешип кетет.

Сайттарга байланыштуу, тагыраак айтканда колдонуучулук интерфейстеги юзабилитиде төмөндөгүлөр каралат жана алардын биргеликте каралышы сайт юзабилитисин аныктайт:

- түрдүү графикалык элементтердин жайгашууларындагы жөнөкөйлүүлүк жана логикалуулук;
- навигациянын ыңгайлуулугу жана жөнөкөйлүүлүгү;
- башкаруу элементтеринин жайгашуусунун ойлонуштурулгандыгы;

- интернет-ресурстун дизайнын кабыл алуунун жалпы жеңилдиги.

Интернет-маркетологдор жана психологдордун көптөгөн изилдөөлөрү, жыл өткөн сайын, өтө тез иштөөнү каалаган, чыдамы жок, үстүрттөн гана караган заманбап колдонуучулардын көбөйгөндүгү, мисалы, «Nielsen Norman Group» компаниясынын акыркы изилдөөлөрүндө, колдонуучунун сайттын бир бетиндеги издөө иш аракеттеринин орточо узактыгы болгону 27 секундду көрсөткөндүгү айтылат. Мындан, беттин акырына чейин толугу менен, аз гана колдонуучу карап чыгышы мүмкүн. Бул болсо, сайт түзүүчүлөрдүн негизги максаты катары – колдонуучуларды кызыктыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу аракеттерин жаратат. Бул максаттарга жетишүү үчүн болгону бир нече секунд, орточо жарым мүнөт убакыт бөлүнүп, ал убакыт ичинде сайтка кокустан кирип калган колдонуучуга, ал кайсы жерде экендигин, бул ресурс башкалардан эмнеси менен айырмалана тургандыгы жана бул жерден кандай пайдалуу маалымат алууга боло тургандыгын түшүндүрө алышы керек. Эгерде адамдар жогорудагы 27 секунд аралыгында өзүнүн издеген маалыматын ала албаса, оюн озгөртүү же башка сайттарга өтүү аракетин жасайт. Ошондуктан, сайтка кирүүчүлөрдү чакыруу жана аларды сайтта кармоо маселелери сайттын юзабилитисинен көз каранды.

Юзабилитинин негизги эрежелери жана ыкмалары жөнүндө сөз кылуудан мурда адамдар Интернетте маалыматтарды кандай кабыл алуусу жөнүндө талкуулоо зарыл. Сайт ээлери жана аны түзүүчүлөр баарынан мурда, бир да колдонуучу сайттагы текстти журнал же китептегидей окубай тургандыгы, үстүрттөн гана көз жүгүртүү менен тез окууну, абзац же жасалгаланган айрым тексттерге, аудио, видео маалыматтарга көбүрөөк көңүл бура тургандыгын эске алуусу керек. Көпчүлүк колдонуучулар сайттарда ар дайым жылып жүрүшүп, бир эле мезгилде ондогон сайттардын мазмунун изилдеп кароо менен, ар биринин пайдалуу деңгээлине жараша баалашат. Заманбап колдонуучулардын абдан динамикалуулугун да сайтты проектирлөөдө эске алуу сунуш кылынат. Интернет-ресурстун юзабилитисин жакшыртуу боюнча жумушту алгач терең жана ар тараптуу аудиттен б.а. анализден баштоо максатка ылаыктуу. Юзабилити аудити, колдонуучулар үчүн ыңгайлуулук жана жеткиликтүүлүк жагынан алгандагы сайттын актуалдуу көйгөйлөрүн аныктоого мүмкүндүк берет. Ал ар түрдүү аспектилерди өзүнө камтыйт: навигация, ички издөө, дизайн, контент менен толтуруу ж.б. [3, 2].

Юзабилитинин эрежелери жана ыкмалары:

Навигация. Сайттын бардык беттеринде навигация бирдей болушу максатка ылайыктуу болуп, жалпы кабыл алууну жакшыртат жана колдонуучуга зарыл малыматтарды издөөсүн жөнөкөйлөтөт. О.э. сайт боюнча навигацияны жакшыртуу контекстинде төмөндөгүлөр сунуш кылынат:

- бардык беттерге веб-ресурстун логотибин же башкы бетке шилтеме менен берилген анын аталышын жайгаштыруу. Эреже боюнча, логотип беттин сол жаккы үстүнкү бурчуна жайгаштырылат;
- контакттык даректүү маалыматтарды “подвалга” – беттин эң төмөнкү бөлүгүнө гана эмес, сайттын “шапкасына” – беттин үстүнкү бөлүгүнө да жайгаштыруу;
- бардык беттерге биринчи деңгээлдеги менюну жасоо;
- веб-беттерде сайт бөлүмдөрүнүн аталышын көрсөтүү;

Андан сырткары, бардык беттерде шилтемелер жана башка маалыматтар колдонуучуга дароо түшүнүктүү болушу шарт. Мында шилтемелердин өзү бардык сайтта окшош, асты сызылган, бирдей түстө жана шрифтте берилет. Ыңгайлуу жана интуитивдүү навигация – сайттарды түзүүдө бирден-бир зарыл талап катары белгилеп кетүүгө болот.

Ички издөө. Юзабилити аудити сөзсүз түрдө ички издөөнүн эффективдүүлүгүн анализдөөнү карайт. Аларды, сайт ээлеринин пикири боюнча, колдонуучулар тез-тез колдонуп турушат. Сайтта издөө ыңгайлуу болсун үчүн:

- издөө талаасын бардык беттердин үстүнкү оң бурчуна жайгаштыруу керек;
- запросторду кийирүү үчүн издөө талаасынын узундугун оптималдуу маани катары эсептелинген 27-30 символго чектөө;
- издөөнү тек гана ички, ресурс беттери боюнча жасоо. Сайтка кирүүчүлөргө сырткы издөөнү, Интернеттеги башка сайттарга сунуш кылуу – аларды сиздин сайттан алаксытат;
- запростордун орфографиясын текшерүү функциясын колдонуу. Эгерде колдонуучу запросту ката берген болсо, анын туура вариантын сунуштоо маалымдамасы болушу керек. Издөө запростордогу каталарды "таанууну" аткара алышы, колдонуучуга сайтта ишин улантууга шарт түзөт [4].

Мындан сырткары, юзабилити адистери үлгү боюнча издөө жана белгилүү издөө системаларынын чыгарууларына окшош жыйынтыктар менен бетти жасоону сунуш кылышат. Анда запросту кийирүү талаасы, табылган беттерге, алардын дескрепшени (баядамасы) менен шилтемелери, о.э. сайт бөлүмдөрүнүн көрсөтүлгөн болушу талап кылынат. Юзабилити боюнча бегилүү эксперт Якоб Нильсен эффективдүү издөөнү, сөзсүз 1000 беттен ашкан көлөмдүү ресурстарга жасоону, 100 дөн 1000 ге чейинки беттерден турган сайттарда жонөкөйрөөк издөө механизмдери менен жөндөөгө, ал эми 100 бетке чейинки анча чоң эмес сайттарда издөө функциясын навигация аткара тургандыгын белгилейт.

Мүмкүнчүлүгү чектелген колдонуучулар. Сайттын юзабилитисин текшерүүдө, эксперттер мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн ыңгайлуулуктарды баалоону карашат. Ресурс ээси, анын сайтына ар түрдүү адамдардын киришин дайыма эске алуусу зарыл. Алардын арасында начар көрүүсү менен же улгайган адамдар да болушу мүмкүн. Бул озгөчө коомдук уюмдардын, аткаруучу бийлик органдарынын, түрдүү медициналык жабдуулардын интернет-дүкөндөрүнүн сайттарына тиешелүү. Мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарга жеткиликтүү болгон мындай сайттар, навигацияны иштеп чыгууда ресурсту башкаруу, чычканча менен эмес, клавиатура жардамында гана жүргүзүүнү да эске алышат [4].

Макаланы жыйынтыктап жатып, төмөнкүдөй суроолордун жана алардын жоопторунун чечмеленишин талкууга алалы.

Юзабилити аудитин ким жүргүзөт?

Веб-ресурстар юзабилитисин жакшыртуу маселелери менен, эреже боюнча, белгилүү веб-студияларда же чоң интернет-маркетингдик компанияларда эмгектенген сейрек адистер алектенет. Мындай адистер мурда веб-дизайнер, SEO-адис, психолог болуп иштеген болушу мүмкүн. КМШ өлкөлөрүндө азыркы мезгилдерде, сайттарды юзабилити-тестирлөөгө адистешкен кенен өзүнчө компаниялар пайда боло баштаган.

Юзабилитини иштеп чыгуу *(Usability Engineering)* **жана юзабилитини тестирлөө** *(Usability Testing)* **ортосундагы айырмачылык кандай?**

Юзабилитини иштеп чыгуу – бул сайтты же каалагандай башка колдонуучулук интерфейсти түзүүгө методологиялык иш жүргүзүү. Бул колдонуучу үчүн иштей турган продуктту алуунун практикалык жолу. Юзабилитини иштеп чыгуу өзүнө бир нече методдорду камтыйт: талаптарды чогултуу, прототиптерди иштеп чыгуу жана тестирлөө, дизайндын альтернативдүү варианттарын баалоо, колдонуучулардын көйгөйлөрүн анализ–дөө, чечимди сунуштоо жана сайтты же башка каралып жаткан интерфейсти тестирлөө.

Юзабилитини тестирлөө – бул юзабилитини иштеп чыгуунун бир бөлүгү. Типтүү тестирлөөдө колдонуучу прототиптин жардамында кандайдыр бир маселелерди аткарат жана бул мезгил ичинде байкоочу колдонуучунун жасаган аракеттерин, айткан сөздөрүн баарын жазып олтурат да, кетирген катачылыктарды, пайда болгон кыйынчылыктарды, о.э. ыңгайлуулуктар–ды жана тоскоолдуктарды анализдөө, байкоо жүргүзүлөт [1]. Негизги максат колдонуучуларда пайда болуучу ар кандай

көйгөйлөрдү аныктоо жана аларды чечүү, жоюу маселелери эсептелинет.

Адабияттар

1. Дженнифер Тидвелл. Разработка пользовательских интерфейсов. Питер. 2008. – С. 416.
2. Ланс Лавдей, Сандра Нихаус. Проектирование прибыльных веб-сайтов. Издательство «Манн, Иванов и Фербер». 2011. – С. 248.
3. Стив Круг. Как сделать сайт удобным. Юзабилити по методу Стива Круга. Питер. 2010. – С. 208.
4. Сьюзан Уейншейк Интуитивный веб-дизайн. Эксмо. 2011 – С. 160.

A.E. Satarov, docent,
E.T. Murzaev, student of Master's degree, OshSU
asatarov74@mail.ru

The concept of usability in the development of sites

Today almost all public and private and public organizations and businesses seeking to find their place in society, through development, the development of its own sites, improving site usability, which is considered one of the modern information technology.

The article tried to touch rusk the value of the concept of usability.

Key words: *internet marketing, audit, usability, navigation, content, usability engineering, usability testing.*

УДК: 51.316.422

Тагаева Д.А., п.и.к., доцент,
Мамасали к. Т., магистрант, ОшМУ

Жалпы билим берүүчү мектептерде окутуунун инновациялык ыкмаларын пайдалануу

Учурда билим берүүнүн сапатын жогорулатуу, окутуунун технологияларын заман талабына ылайык пайдалануу – билим берүү ситемасындагы башкы талаптардан болуп саналат. Макалада жалпы билим берүүчү мектептерде математиканы окутууда стандарттуу эмес теңдемелерди жана барабарсыздыктарды чыгаруунун айрым ыкмаларын үйрөтүү маселелери каралат.

Ачкыч сөздөр: *теңдеме, барабарсыздык, стандартту эмес, чыгарылыш, инновация, метод, окутуунун технологиялары.*

Повышения качества образования, применение современых технологий обучения – главная задача системы образования. В статье рассматриваются некоторые способы решения нестандартных уравнений и неравенств при обучении математики в средней школе.

Ключевые слова: *уравнение, неравенства, нестандартные задачи, решения, инновация, метод, технология обучения.*

Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулар бир өзгөрүлмөлүү теңдемелер, барабарсыздыктар, эки өзгөрүлмөлүү теңдемелердин сисетемасы жана эки өзгөрүлмөлүү барабарсыздыктардын системасы менен жетиштүү деңгээлде эле тааныш болуп келишет. Айрым тереңдетилген багыттагы мектептерде бул теңдеменин түрлөрүнөн башка дагы теңдемелердин жана барабарсыздыктардын стандарттуу эмес түрүнө кайрылып келишет [2].

Эгерде маселени чыгаруунун бир нече ыкмасы талап кылынса, анда окуучулар чыгаруунун эң жөнөкөй, кызыктуу, убакытты үнөмдөөчү жолун тандашмак. Ал эми чыгаруу үчүн

теориялык алган билимдерин, усулдарын жана ынгайлуу жолдорун тандоо менен бирге маселени анализдеп, турмуштук жагдайларда колдонуучу жактарын да эске алышат. Бул болсо окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн активдештирип, предметке болгон кызыгуусун калыптандырат. Маселелерди түрдүү ыкмалар менен чыгарууну акырындык менен төмөнкү класстан баштап үйрөтүүгө болот. Окуучуларды маселенин шартын толук окуп, түшүнүп, анализдеп, өз алдынча тандоо жүргүзө билүүгө тарбиялоо зарыл [4].

Көбүнчө бир сабакта маселе бир же эки жол менен чыгарылат. Калган учурларын табуу үйгө тапшырмага өз алдынча изденип, таап келүүгө берилет. Мындай изденүүчүлүк окуучуларды чыгармачылык менен иштөөгө алып келет. Өз алдынча үйдө изденүү менен аларда кээ бир чогуу талкуулай турган проблемалык суроолор пайда болот. Бул проблемалык суроолор сабакта, кружок сабактарында, же консультация мезгилинде талкууга алынып, чечилбеген маселелерди ортодо талкуу аркылуу чечүүгө туура келет [3].

Айрым учурда окуучулар өздөрү тапкан маселелерди чыгаруунун ыкмалары татаал болуп калат. Бирок алардын бул изденүүчүлүгү өздөрү окуп үйрөнүшкөн материалдын колдонушун билип алуусуна, билимдеринин теренделишине карата тарбиялык мааниси зор болуп эсептелет.

Окуу программасындагы кандайдыр бир бөлүктү жыйынтыктоочу сабакта материалды өз ичине камтыган маселелерди түрдүү ыкмалар менен чыгаруу максатка ылайыктуу. Мугалимдин системалуу, план ченемдүү жана туруктуу иш алып баруусу окуучулардын логикалык кабыл алуусун өстүрүп, изденүүчүлүк жөндөмүн өрчүтөт.

Математикалык маселелерди түрдүү ыкмалар менен чыгаруу аркылуу окуучулар теориялык алган билимдерин тереңдетүү менен гана чектелбестен математикалык ой жүгүртүүлөрү, билимдери кеңейип, маселе чыгаруунун түрдүү усулдарын үйрөнүшөт.

Алгач теңдеме түшүнүгүнө токтолуп кетели. Берилген эки функциянын маанилери барабар болгондой кылып, аргументтин маанилерин табуу маселелеринин аналитикалык жазылышы – теңдеме болуп эсептелет. Бул функциялар көз каранды болгон аргументтер белгисиздер делип, ал эми белгисиздердин ошол берилген функциялары барабар боло тургандай маанилери теңдеменин чыгарылыштары (тамырлары) деп аталат. Белгисиздердин мындай маанилери теңдемени канааттандырат. Мисалы, 2x - 8 = 0 - бир белгисиздүү сызыктуу теңдеме, анын чыгарылышы x = 4, эки белгисиздүү квадраттык $x^2 + y^2 = 41$ теңдемесинин чыгарылыштарынын бири x = 5, y = 4. Берилген теңдеменин чыгарылыштарынын жыйындысы белгисиз үчүн мүмкүн болгон маанилердин E көптүгүнө жараша болот. Кээде E көптүгүндө теңдеменин чыгарылышка ээ болбой калышы да ыктымал. Анда ошол көптүктө теңдеме чыгарылышка ээ эмес болуп, чыгарылбас деп аталат. Эгерде теңдеменин ошол көптүктө чыгарылышы болсо, анда ал бир же бир нече, айрым учурда чексиз көп чыгарылышка ээ. Мисалы, $x^2 - 5 = 0$ теңдемеси рационалдык сандардын көптүгүндө чыгарылбайт. Ал эми чыныгы сандардын көптүгүндө $x_1 = \sqrt{5}$, $x_2 = -\sqrt{5}$ эки чыгарылышына ээ болот. Чыныгы сандардын көптүгүндө $tg = 1$ теңдемесинин $x_1 = \frac{\pi}{4} + \pi\kappa, (\kappa = 0, \pm 1, \pm 2, ...)$ чексиз көп чыгарылыштары бар. Эгер E көптүгүнүн бардык элементтери теңдеменин чыгарылыштары болсо,анда ал ошол көптүктө теңдештик деп аталат. Мисалы, $x = \sqrt{x^2}$ теңдемеси терс эмес сандардын көптүгүндө теңдештик болт. Бирок чыныгы сандардын көптүгүндө теңдештик болбойт. Анткени $y = x$ жана $y = \sqrt{x^2}$ функциялары терс эмес сандар үчүн ган барабар маниге ээ. Бир эле мезгилде бардык теңдемени канааттандыра турган белгисиздери изделген бир нече теңдеменинжыйындыгы теңдемелер системасы деп аталат. Бардык теңдемени бир мезгилде канааттандырган белгисиздердин маанилери системанын

чыгарылышы делет. Мисалы, $\begin{cases} x - y = 1 \\ x + y = 7 \end{cases}$ теңдемелери эки белгисизи бар, эки теңдемелердин системасы болуп, анын чыгарылышы эсептелет. Эгерде бир теңдемелер системасынын (бир теңдеменин) ар бир чыгарылышы экинчи теңдемелер системасынын (экинчи теңдеменин) да чыгарылышы болсо, анда ал теңдемелер системасы тең күчтүү деп аталат. Эгерде $f(x) = x$ трансцеденттик функция болсо, анда $f(x) = 0$ трасцеденттик теңдеме деп аталат. $f(x)$ функциясына карата теңдеме тригонометриялык, логарифмдик, көрсөткүчтүү деп аталат да аталат [5].

Теңдемени чыгарууда түрдүү жакындатып чыгаруу методдору колдонулат. Теңдемелерди чыгарууда белгисиздерин жок кылууга келтирилет. Сандар теориясында чыгарылышы болуп Диофант теңдемесинин теориясы изилденүүчү аныкталбаган теңдемелер каралат. Жалпы учурда теңдемелер кандайдыр бир А көптүгүнүн a элементин табуу жөнүндөгү маселенин жазылышы болуп эсептелет. Мисалы, $F(a) = \Phi(a)$, мында F жана Ф функциялары А көптүгүнүн В көптүгүнө болгон берилген чагылдыруусу. Эгерде А жана В функциялардын көптүгү болсо, анда теңдеме жогоруда каралган түрүнө кирет. Эгерде А жана В көп өлчөмдүү мейкиндикте чекиттердин көптүгү болсо, анда теңдемелер системасы пайда болот. Эгерде А жана В функциялардын көптүгү болсо, анда чагылдыруунун мүнөзүнө карата кадимки дифференциалдык теңдеме, айрым туундулуу дифференциалдык теңдемелери, интегралдык теңдеме жана башка теңдемелердин түрү болушу мүмкүн

Мектеп программасында эки өзгөрүлмөлүү теңделердин системасын чыгаруунун ордуна коюу, алгебралык кошуу, графигин түзүү, аныктагычтар жолун пайдалануу менен окуучулардын теңдемелер жана алардын системасы боюнча көз караштарын андан ары да тереңдетүүгө боло тургандыгына ишенимдүү кароого болот. Мындай жолдорду билүү менен алар системаларды чыгаруунун бир нече ыңгайлуу жолдорун тандай биле алышат.

Математикада «стандарттуу маселе» термини өз ичине ар түрдүү талкуулоолорду камтыйт. Биз карай турган стандарттуу эмес маселелер бир өзгөрүлмөлүү теңдемелер жана барабарсыздыктар болмокчу. Бардык эле бир өзгөрүлмөлүү, эки өзгөрүлмөлүү теңдемелерди стандарттуу деп атоого болбойт. Мисалы, x + y = 5, суммасы 5 ке барабар болгон ар кандай түгөйлөрдүн көптүгү бул теңдеменин чыгарылышы болот. Мындай теңдеме жөнөкөй, аныкталган болуп эсептелет. Себеби, теңдеменин чексиз көп чыгарылыштарын табууга мүмкүн. Биз стандарттуу эмес, бир нече оригиналдуу талкуулоолордон кийинки анык жоопторго ээ болгон бир өзгөрүлмөлүү, эки өзгөрүлмөлүү теңдемелер жана барабарсыздыктарга токтолобуз.

1. *Барабарсыздыкты чыгаргыла:* $\sqrt{3+x} \geq 3 - x$. Чыгаруу: мындай барабарсыздыктарды чыгарууну окуучулар мурда карашкан. Барабарыздыктардын мындай түрлөрүн чыгаруу үчүн барабарсыздыктарды чыгаруунун эки стандарттуу түрүн: эгерде $3 - x > 0$ болсо, квадратка көтөрүү (эгерде $3 - x \leq 0$ болсо, барабарсыздык аткарылат) жана өзгөрүлмөнү алмаштыруу ($y = \sqrt{3+x}$) жолдорун пайдалануу болот.

Эми барабарсыздыктарды чыгаруунун дагы бир стандарттуу эмес түрүн карайлы. Барабарсыздыктын сол жагындагы функция монотондуу өсүүчү, оң жагындагы функция кемүүчү. $\sqrt{3-x} = 3 - x$ - теңдемеси бирден ашпаган тамырга ээ болот. $-3 \leq x < x_0$ аралыгында $\sqrt{3-x} < 3 - x$ барабарсыздыгынын чыгарылышы $x \geq x_0$ болот. Берилген аралыкта $x_0 = 1$ мааниси тандалат. Ал эми берилген барабарсыздыктын жообу: $x \geq 1$.

2. *Теңдемени чыгаргыла:* $3^x + 4^x = 7^x$. Чыгаруу: теңдеменин шартынан көрүнүп тургандай теңдеменин бир тамыры $x = 1$.

Мындан башка тамыры жок экендигин далилдейли. Теңдеменин эки жагын тең 7^x ке бөлүп, төмөнкү теңдемеге келебиз: $\left(\frac{3}{7}\right)^x + \left(\frac{4}{7}\right)^x = 1$. Барабардыктын сол жагы монотондуу кемүүчү функцияны мүнөздөйт. Мындан берилген теңдеме бир гана тамырга ээ боло тургандыгын көрүүгө болот, б.а. $x = 1$. Демек, берилген теңдеменин жообу: $x = 1$.

Ошентип, жогорудагы эки мисал аркылуу төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга болот: эгерде $f(x)$ функциясы монотондуу өсүүчү, ал эми $\varphi(x)$ монотондуу кемүүчү болсо, анда $f(x) = \varphi(x)$ теңдемеси бирден ашпаган тамырга ээ болот. Мында $x = x_0$ теңдеменин чыгарылышы. Эгерде $x > x_0$ болсо, $f(x) > \varphi(x)$, эгерде $x < x_0$ болсо, $f(x) < \varphi(x)$ болот.

Жогорудагы мисалдардан мындай идеяны айтууга болот: эгерде $f(x)$ функциясы монотондуу болсо, анда $f(x) = f(y)$ барабардыгынан, $x = y$ экендиги келип чыгат.

3. Теңдемени чыгаргыла. $\log_{6-x} \log_2 x = \log_{7-x} \log_2 (2x)$. Чыгаруу: Берилген теңдемени өзүнө тең күчтүү болгон төмөндөгүдөй теңдемелерге өзгөртүп түзөбүз: $\frac{\lg \log_2 x}{\lg(6-x)} = \frac{\lg(\log_2 x + 1)}{\lg(7-x)}$,

$$\frac{\lg(7-x)}{\lg(6-x)} = \frac{\lg(\log_2 x + 1)}{\lg \log_2 x},$$

$$\log_{6-x}(7-x) = \log_{\log_2 x}(\log_2 x + 1).$$

Теңдемени чыгаруу үчүн $f(t) = \log_t(t+1)$ функциясын карайбыз. t>1 болгон учурда бул функциянын монотондуу кемүүчү боло тургандыгын далилдейли. Муну стандарттуу түрдө: туундусун табуу аркылуу далилдөөгө болот. $f'(t) = \left(f(t) = \frac{\ln(t+1)}{\ln t},\ f(t) = \frac{t \ln t - (t + 1 \ln(t+1))}{t(t+1)\ln^2 t} \right)$.

t>1 болгондо , $f'(t)<0$ экендигин далилдөө жетиштүү. Башка түрүн көрсөтөбүз: $f(t) - 1 = \log_t(t+1) - 1 = \log_t\left(1 + \frac{1}{t}\right)$.

Акыркы алынган функция кемүүчү болуп эсептелет (негизи өсөт, логарифмдин белгисине карата функция кемүүчү).

Жогорудагы берилген теңдеме $f(6-x) = f(\log_2 x)$ түрүнө келет.

Демек, $\log_2 x = 6 - x$. Сол жактагы функция өсүүчү, оң жактагы функция кемүүчү, мындан чыгарылыш жалгыз гана экендиги келип чыгат. Б.а. тандоо жолу менен $x = 4$ жообун алабыз [1].

Мындай теңдеме жана барабарсыздыктардан бир нече мисалдарды көрсөтүүгө болот. Ал эми стандартуу эмес жол менен далилдөөнү чыгармачыл, өзгөчөлөн–гөн таланттуу балдарга көбүрөөк сунуштоого болот.

Адабияттар:

1. Шарыгин И.Ф. Голубев «Факультативный курс по математике». – М. Просвещение. 1991. – С. 236.
2. Литвиненко В.Н. Мордкович А.Г. «Практикум по элементарной математике». – М. Просвещение. 1991. – С. 324.
3. Мадраимов С. «Решение задач различными способами». Тезисты докладов. 1989. – С.138.
4. «Математика в школе». №6. 1997. – С. 26-32.

Tagaeva D.A., candidate of pedagogical sciences, docent,
Mamasali k. T., OshSU, student of Master's degree, OshSU

The use of innovative ways in teaching high school

Improving the quality of education, the use of modern learning technologies is the main task of the education system. The article discusses some ways to solve non-standard equations and inequalities in teaching mathematics in high school.

***Key words**: equation, inequalities, non-standard problems, solutions, innovation, method, technology of training.*

УДК: 659.158.25

Бурханова А., магистрант, ОшГУ

Кылымдарды карыткан кийимди моделдөө методу

Муляждоо – кызыктуу жана чыгармачыл иш, бүгүнкү күндөгү анын максаты кийимдерде стандарттуу эмес татаал формаларды алуу болуп эсептелет. Моделдердин жаңы формаларын жаратуу үчүн корсеттик буюмдарды, тарыхый жана сахналык костюмдарды даярдоодо бул метод кеңири колдонулат. Кесипкөйлөрдүн эркин жана кең чыгармачылыгы үчүн башка бир дагы ыкма мындай мүмкүнчүлүктү бербейт. Бул методду көпчүлүк белгилүү дизайнерлер өздөрүнүн коллекцияларында колдонушат. Муляждоо методунун пайда болгонуна көп убакыт өткөндүгүнө карабай кийимдердин жаңы формаларын жаратууда өзүнүн актуалдуулугун ушул күнгө чейин жоготкон жок.

***Ачкыч сөздөр:** муляждоо методу, техникасы, кийим, курулуш чиймелерди түзүү, кездеменин эришиндеги же аркагындагы, материалдар, тигилүүчү буюмдарды конструкциялоо.*

Муляжирование – это творческая и интересная деятельность, на сегодняшний день ее целью является получение нестандартных и сложных форм одежды. Этот метод широко используется при изготовлении сценических и исторических костюмов, корсетных изделий, для создания новых форм моделей. Ни один другой способ не дает такую свободу и возможностей для творчества профессионалов. Многие известные дизайнеры применяют данный метод в своих коллекциях. Муляжный макет, метод появился давно и до сих пор не утратил своей актуальности при создании новых видов форм одежды.

***Ключевые слова:** муляжный метод, методы, одежда, построение чертежей, ткань, текстиль, материалы, проектирование одежды, конструирование швейных изделий.*

«Чыныгы устат өзүнүн кежирлиги менен материяны кайчылап салбайт, кездеменин табигый кыймылын гана багыттайт» – Кристиан Диор. Илгери, кайсы бир мезгилдерде кийим татаал конструкцияны талап кылган эмес. Адамдын фигурасына эркин капталып турган. Коомдун өнүгүшү менен кийим акырындык менен өркүндөп жана бычым татаалдаша баштады. Кийимди конструкциялоонун эң байыркы ыкмасы – муляждоо, бул метод менен кийимдин тетиктеринин конструкциясын эч кандай эсеп-кысабы жок эле алышат жана көп кылымдардан бери ийгиликтүү колдонулууда. Бул метод наколка же макеттөө деген аталыш менен да кездешет. Муляждоо методу – бул кийимди моделдөө ыкмасы, анын негизинде манекенде же түздөн-түз адамдын фигурасында бычымды алуу көптөгөн кылымдардан бери кийимдин тетиктерин алуунун негизги ыкмасы болуп келди. Заманбап дизайнерлер жарашыктуу кийимдердин ар түрдүү формаларын жана креативдик чечимдерди жаратуу үчүн бул ыкманы билгичтик менен колдонушат. Тажырыйбалуу дизайнердин колу менен кездеме чыгармачылык процессте ойлонулган же табылган формага ээ болот. В. Зайцев: «Манекенби же тирүү адамбы – фигурадагы эндүү кездеме бул наколка методу – кайдигерлик эмес. Муляждык методдо тилке кездемеде иштөө менен сен өзүңдү скульптордой, жандуу форманы жаратууга жөндөмдүү адамдай сезесиң, денеге ташталган жансыз полотнайга кесипкөй колдун тийиши менен жандуу образды, кайталангыстыкты жараткан, тилке кездемеге жан бергендей болосуң. Бул кээ бир учурда күтүлбөгөн каражаттар менен сейрек ырахаттандыруучу жаралуунун суктануу процесси» деп айткан [1. 154].

Муляждоо методу – кийимди моделдөөнүн түрү, анын негизинде манекенде көлөмдүү форманы чыгармачылык менен изденүү жатат.

Наколка конкреттүү фигуранын бардык жеке өзгөчөлүктөрүн эсепке алат (стандарттуу эмес фигурага моделдөөдө). Бул метод уникалдуу, себеби жөнөкөй формаларды эле эмес, ошондой эле татаал кечки кийимдерге жарашыктуу түрдүү драпировкаларды колдонуп сайып чыгууга мүмкүнчүлүк берет.

Бычым үчүн чиймелерди XIX кылымдын башталышында гана түзө башташкан жана ошол мезгилдерде кийимдин тетиктерин түзүү методикасы биринчи пайда болду. Кийимди конструкциялоо кийимдин конструкциясын долбоорлоодо илимдин жетишкендиктерин жана кийимди конструкциялоонун көп жылдык практикалык тажрыйбаны колдонууну эсепке алат. Кийимди конструкциялоонун максаты адамдын дене боюнун өлчөмдөрүнө жана түзүлүшүнө туура келүүчү кийимдин формасына зарыл өлчөмдөрдү берүү, дизайндагы, тигүү өндүрүшүндөгү кийимди иштетүүнүн технологиясын, материалдардын сыпатын жана гигиеналык талаптарды эсепке алуу [1. 154].

Кийимди конструкциялоонун методикасынын көп түрдүүлүгү, аны жаратуунун бирдиктүү принциптеринин жок экендиги менен шартталган. Бул чындыгында кийимдердин конструкциясын түзүүнүн техникалык ыкмалары боюнча сунуш иретинде авторлордун айтуулары эле. Конструкциялоонун бардык методикасы өзүнө төмөнкү маалыматтарды камтыйт: геометриялык түзүүлөрдүн ыкмалары жана кийимдин конструкциясынын бөлүктөргө бөлүнүшү; адамдын фигурасы жөнүндө; техникалык эсеп жана формула түрүндө алынган маалыматтарды иштеп чыгуу методу, анын жардамында кийимдин тетиктеринин түйүндөрү жана конструктивдик кесиндилердин өлчөмдөрү белгиленет. Конструкциялоо–нун бардык методу фигураны өлчөөгө негизделген, себеби адамдын фигурасы жөнүндө маалымат канчалык көп болсо, конструктор үчүн кийимдин конструкциясын так түзүү мүмкүнчүлүгү ошончолук чоң болот.

Кийимди конструкциялоонун бардык методдорун жакындаштырылган жана инженердик деп бөлүүгө болот. Кийимди конструкциялоонун жакындаштырылган методу – типтүү фигураларды дискреттүү өлчөөнү колдонууга, кошумчалоону, тетиктерди типтүү бөлүктөргө бөлүү жөнүндөгү маалыматтарга жана алардан форма түзүү ыкмаларына негизделген. Аларга төмөнкүлөр кирет: муляждоо методу жана конструкциялоонун эсептик-графикалык ыкмасы (бычуу системасы). Кийимди конструкциялоонун инженердик методу – сырткы чектерди түз өлчөөгө, кийимдин эталону болгон – үлгүнүн бетинин жайылмасынын так болушуна негизделген. Аларга төмөнкүлөр кирет: конструктивдик тилке, тилкечелер, геодезиялык сызыктардын жана кесилүүчү тегиздиктердин триангуляция методу [3. 83].

Моделдин эскизин жетекчиликке алып манекенге кездемени же жука кагазды сайып чыгуу менен моделдин эскиздеги сызыктарын жана формасын жаратат. Андан кийин кийимдин дизайнынын өзгөчөлүгүн, адамдын дене боюнун түзүлүшүн эсепке алуу менен муляжда тетиктердин негизги сызыктарын сызып чыгат. Ошентип, негизинен моделдин так бычымы алынат, андан кийин бычууда жана кийип көрүүдө (примерка) такталат.

Наколканы кардардын, манекендин жандуу фигурасында же манекенде натуралдык чоңдукта жасалат; кээде масштабдуу манекен колдонулат (1/2, 1/3, 1/5 адамдын фигурасына), зарыл болгон учурда негизги пропорционалдык катыштарды карап чыгууга болот. Эгерде наколка жандуу фигурада жүргүзүлсө, анда ыңгайлуу жана так болушу үчүн атайын көкүрөк таккычтар колдонулат же болбосо наколканы денеге тыгыз кыналган трикотаж майкада же фудболкада жасайт. Манекенге, ошондой эле жандуу фигурага сөзсүз алдын ала эшилген жип же кездеменин кесиндисин жабуу моюн айланасы боюнча, көкүрөктүн чыгып турган чекиттери аркылуу айлана боюнча, бел айланасы, жамбаштын чыгып турган бөлүктөрү боюнча айлана, эгер жамбаш сылык формага ээ болсо, кыпча бел

сызыгынан 20 см төмөн, ошондой эле ийин сызыгы, алдынын ортосу, далынын ортосу, капталдын ортосу аркылуу конструктивдик денгээлдер белгиленет [2. 53].

Наколканы салттуу ыкма менен да жаратууга болот: кездемени алдынкы бетинен сайып чыгуу менен бирге арткы тарабындагы тигиштер, басып тигүүлөр ж.б. алынат; жана «кыры менен беттештирүү» («встык») салыштырмалуу жаңы метод, анда наколка жөнөкөйлөштүрүлөт, себеби тетиктерди түрүп чыгуунун кереги жок, бардык тигиштер, басып тигүүлөр бетинен жүргүзүлөт жана бири-бирине кыры менен бетештирилип сайылат. Заманбап саркечтикте бири-бири менен бетештирилген басып тигүүлөр жасалгалоочу ролду ойношу мүмкүн.

Бул методду айкын түшүнүү үчүн наколканын төмөнкүдөй ыкмаларын көрсөтүүгө болот:

– кийимдин жаңы татаал формасын жаратуу үчүн бүтүн кесилбеген макеттик кездеменин болотнайын сайып чыгуу (наколка); негизинен белгилүү Кутюрье жана дизайнерлер тарабынан колдонулат.

– өлчөмдөрү жакындаштырылып чыгарылган кездеменин кесиндисин сайып чыгуу, алды, арты, далы, жең үчүн квадрат же төрт бурч кездеменин өзүнчө кесиндилери алынат жана сайып чыгылат.

– аралаш наколка. Кийимди моделдөөнүн бул методу, эсептеп чыгуу жолу менен алынган кийимдин элементтеринин өзүнчө даяр негиздерин (жең, көкүрөк, жака ж.б.) манекенде же адамда катачылыктарын жоюу менен отургузуу.

Наколканын негизги эрежеси тигиштердин багытын, басып тигүүлөрдүн ачылуу чоңдугун, манекендеги тетиктердин жайгашуусун аныктоочу эриш аркактын жиптеринин өз ара туура жайгашуусу болуп эсептелет. Наколка ар тарапка жылып кетпөөсү үчүн кездеменин структурасы так жана жеткиликтүү жапырылган (аппретированной) болушу керек. Кездеме түздөн түз форманын мүнөзүн аныктайт: жеңилдиги, агымы, жумшактыгы, бекемдиги. Зарыл болгон учурларда ар кандай бурчтарда жайгашуу менен моделдин формасына жараша жиптердин багыттары өзгөрөт. Манекенде жаңы кийимди иштеп чыгууда кездемени дизайнердин ою боюнча кийимдин формасын түзүүгө иштөөгө мажбурлоо керек. Наколкада кездеменин ийкемдүү сыпатын ачуу менен кездеме моделдин конструктивдүү чечилишине канчалык туура келүүсүн табуу керек. Ошентип макеттөө методу фигурага буюмду идеалдуу отургузуу менен «жандуу эскизди» көрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Наколканы мүмкүн болушунча манекендин оң тарабы менен жүргүзүү керек. Наколканы жасап жатканда колдун жаракат албоосу үчүн ийнени бир багытта (горизонталдуу, вертикалдуу, диагоналдуу, оңдон солго же солдон онго карай) сайуу керек. Муляждоону кийимди долбоорлоодо жаңы моделдин көлөмдүү формасын жана анын тетиктерин чыгармачыл изденүүнүн каражаты катары колдонушат; ар түрдүү ийкемдүү сыпаттагы материалдарды колдонуу мүмкүнчүлүгүн текшерүү каражаты катары; табылган көлөм, форма жана бычымдарды даярдоо ыкмаларынын уникалдуу мүмкүнчүлүгү; конструкцияны алдын ала түзбөй эле кездемени бычуу методу катары колодонулушу.

Наколка методу эки максатты көздөйт. Биринчиси – кийимдин формасынын таасирдүлүгүн анын көлөмдүү сүрөттөлүшү аркылуу оптималдуулукту издөө, конструктивдүү элементердин (буюмдун пропорциясы) орун алышынын минималдуу катачылыктарын аныктоо. Экинчиси – тигил же бул көлөмдүү форманы алуу үчүн конкреттүү кездемени колдонуу, анын ийкемдүү сыпатын табуу [4. 351].

Наколка жана муляж – өтө жакын түшүнүктөр. Аларды кээ бир учурларда айырмалоо кыйын. Муляждоо методу – белгилүү буюмдун формасын корректировкалоо жана тактоо үчүн анын натуралдык чоңдугунда иштетилүүчү метод. Форма ар кандай методдор менен алынышы мүмкүн: наколка, эсептик конструкциясын түзүү, даяр бычым же базалык лекалонун жардамы менен. Муляждоо методунун ыкмалары кийимди

даярдоо процессиндеги ченеп көрүү (примерка) учурунда пайдаланылат. Наколка методу конкреттүү фигуранын бардык жеке өзгөчөлүктөрүн эсепке алат, эгерде наколка фигурада же жеке манекенде жүргүзүлсө, ченемдер адамдын фигурасына туура келет. Наколка методу форма жөнүндө так элестетүүлөрдү алууга мүмкүнчүлүк түзөт, кездемени көлөмдүү кабыл алууга көмөктөшөт, тетиктердин өз ара жана жалпы пропорционалдуу катышын сезүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ал эсептик метод менен иштелип чыккан конструкцияны фигурада (манекенде) туура корректировкалоого, анын табигый пропорцияларын жана фигурадагы сызыктарды эсепке алып көрсөтмөлүү каражаттар менен керектүү форманы жасоого мүмкүнчүлүк түзөт. Кийимдин конструкциясынын негизги мүнөздөмөсү болуп – силуэт, жабуу, тетиктердин өз ара жайгашуусу, алардын конструктивдүү түзүлүшү, бириктирүүчү тигүүлөрдүн жана материалдардын түрлөрү.

Муляждоо методунун пайда болгонуна көп убакыт өткөндүгүнө карабай кийимдердин жаңы формаларын жаратууда өзүнүн актуалдуулугун ушул күнгө чейин жоготкон жок. Кийимдин жаңы моделин түзүү, эскиздин негизинде тетиктеринин жайылмасын алуу аркылуу адамдын фигурасында буюмду макеттөө жолу менен ишке ашырылат. Моделдердин жаңы формаларын жаратуу үчүн корсеттик буюмдарды, тарыхый жана сахналык костюмдарды даярдоодо бул метод кеңири колдонулат. Муляждоо – кызыктуу жана чыгармачыл иш, бүгүнкү күндөгү анын максаты кийимдерде стандарттуу эмес татаал формаларды алуу болуп эсептелет. Муляждык метод менен бычууда өтө кызыктуу чечимдерди жаратууга болот, анын жыйынтыгы дайыма өзүнүн сулуулугу менен таң калтырат, татаал геометрия, кайталангыс архитектуралык конструкция. Кесипкөйлөрдүн эркин жана кең чыгармачылыгы үчүн башка бир дагы ыкма мындай мүмкүнчүлүктү бербейт. Көп белгилүү дизайнерлер бул методду өздөрүнүн коллекцияларында колдонушат.

Адабияттар:

1. Горина Г.С. Моделирование формы одежды. – М. Легкая индустрия. 1982. – С. 457.
2. Пармон Ф.М. Европейский костюм: стиль и мода. – М. МВС СССР. 1982. – С. 115.
3. Шершнева Л.П. Композиция в одежде швейной промышленности. – М. ВЭМИ. 1981. – С. 144.
4. Бердник Т.О. Дизайн костюма. – Ростов-на-Дону. Феникс. 2000. – С. 415.

A. Burhanova, Student of Master's degree, OshSU
aizadaburhanov@outlook.com

The method of modeling clothes that survived the century

Mock-uping is a creative and interesting activity, for today its purpose is to obtain non-standard and complex forms of clothing. This method is widely used in the manufacture of stage and historical costumes, corsetry, to create new forms of models. No other way gives such freedom and scope for creativity of professionals. Many famous designers use this method in their collections. A mockup or mock-up, method has appeared for a long time ago and has not lost its relevance to the creation of new forms of clothing.

Key words: *A mockup or mock-up, clothing, Drawing construction, tissue, textile, Fabric, Designing of garments.*

УДК:78.071.1(575.2)

Джумабаев Б., магистрант, ОшМУ

Кыргыз музыкалык фольклорун изилдеген алгачкы окумуштуулар

Макалада кыргыз фольклористтеринин алгачкы изилдөөлөрү, анда элдик музыканын табияты, жанрлары жана ладдык өзгөчөлүктөрү баяндалып кыргыз фольклорунун тарыхын изилдөөчү фольклористтердин баалуу эмгектеринин маани-маңызы чечмеленет.

Ачкыч сөздөр.*Фольклор, оозеки көркөм чыгарма, ыр, музыка, бий, драма, маданий резонанс, эпостук речитатив, ноталык талдоо эсептелинет.*

В данной статье речь идёт о работах первых исследователей киргизского фольклора, в которых отражаются природа народной музыки, её жанры и особенности.

Ключевые слова*. Фольклор, устное художественное произведение, песня, музыка, танец, драма, культурный резонанс, эпосный речитатив, рассматривается нотный анализ.*

Фольклор – эл чыгармачылыгы жөнүндөгү илим. Фольклористикада калайык жараткан (оозеки көркөм чыгарма, ыр, музыка, бий, драма жана башка) коллективдүү чыгармачылык изилденет. Кыргыз фольклористикасы–нын изилдениши, анын тарыхы совет доорунан башталат. Кыргыздын фольклордук музыкалык чыгармаларды жазып алуу ишинде А. Затаевич, В.С. Виноградов, А. Беляев,

Б. Алагушов жана башкалар алгылыктуу эмгек сиңиришти. Өткөн кылымдын эл аралык фольклордук коомдун негизгилери фольклордук шериктик, ЮНЕСКОго караштуу этнология жана фольклор боюнча эл аралык коом. Эл музыкасынын эл аралык совети, СССР композиторлору Союзуна караштуу Бүткүл союздук фольклордук комиссиясы жана башка уюмдар иш жүргүзүшкөн. 1960-жылдан Кыргызстан композиторлор союзунун алдына фольклордук кабинет уюштурулат. Аны Кыргыз Республикасынын Эл артисти, композитор Б.В. Феферман жетектейт. Ал элдик композитор Ы. Тумановдун күүлөрүн, обончу – ырчы Б. Эгинчиевдин ырларын, темир ооз комуз күүлөрүн нотага түшүрөт. Композитор М. Абдраев, С. Юсупов Түштүк кыргыздардын эл ырларын нотага түшүрүп, кол жазма укугунда жарыялайт. Кыргыз Республикасы эгемендүүлүккө жетиш–кенден тартып, фольклордук кабинет жоюлуп, эл казнасы жыйылбай, иликтенбей калды [1. 479].

Октябрь революциясынан кийин кыргыз музыкалык фольклорун изилдөөнүн жаңы этабы башталып, Кыргызстандын музыка таануучулук мектебинин жаралышы үчүн негиз пайда болгон.

Өлкөнүн мамлекеттүүлүгүн ар тараптан түптөндүрүү, калыптандыруу процессинде ишке ашыруучу социалдык маданий өзгөрүүлөрдүн таасири астында фольклористика боюнча изилдөөчүлөрдүн алдына бир нече милдеттер коюлган. Фольклордун үлгүлөрүн жыйноо, жазуу, элдик музыканын көркөм каражаттарын талдоо, аларды композиторлордун чыгармаларында колдонуу принциптерин аныктоо, ошондой эле фольклорду пропагандалоо иштери жүргүзүлгөн.

Кыргыздардын этностук тарыхын, турмуш-тиричилигин жана маданиятын комплекстүү изилдөөлөр орусиянын окумуштуулары В. Бартольд, А. Бернштам,

С. Абрамзон тарабынан жүргүзүлгөн [2. 317].

Алсак, 1919-жылы Жети-Суу облусунун Улуттук иштер боюнча комиссиясы 1920-жылдын январында Верный (азыркы Алматы) шаарында облустагы ырчы-акындарды чакыртып, алардын чыгармаларын жазуу жөнүндө токтом кабыл алган.

1920-жылы Оренбург шаарында Кыргыз (Казак) эл агартуу комиссариатынын Академиялык борбору түзүлүп, фольклорчу музыка таануучу композитор Александр Викторович

Затаевич (1869-1936) ишке тартылган. Ал жыл бою Борбордук Азия, Алтай, Сибирь элдеринин 2600 ырын жана аспаптык пьесаларын нотага жазып, аларга түшүндүрмө берген. 100гө жакын элдик обондорду фортепианого жана үнгө кайрадан иштеп чыккан. Фольклор менен байланышкан бир нече китептерди, музыкаларды жарыкка чыгарган.

Фольклорчу – Затаевичтин өз ишин терең берилгендиги, элдин акылмандыгын чын жүрөктөн сүйүп баалагандыгы, энтузиазмы, адамгерчилик сапаттары, кесиптик чеберчилиги, аткаруучулар менен болгон кылдат мамилелери, ал менен иштешкен музыканттар тарабынан жактырылып, жагымдуу пикирлерди пайда кылбай койгон эмес [3. 315].

А. Затаевич 1928-жылы Кыргыз АССР Эл агартуу комиссариатынын чакыруусу менен республиканын борбору Пишпекке келип, эки айдын ичинде элдик кесипкөй музыканттардан жана окуучулардан ыр күүлөрдү жазып, 1934-жылы Москвадан “Кыргыздын аспаптык 250 күүсү жана обондору“ аттуу китебин киргизген.

Фольклорчу – илимпоз жазып алган кыргыз музыканттарынын ичинде Муратаалы Күрөңкеев, Карамолдо Орозов, Жолой Боогачинов, Абдылас Малдыбаев жана башкалар болгон. Затаевич улуу демократ акын, комузчу Токтогул Сатылганов менен бетме-бет бир отуруп иштешкен жападан жалгыз фольклорчу-музыкант болгон. Токтогулдан он сегиз комуз күүсүн жазып, аларды өзүнүн жогоруда аталган китебине жарыялаган. Ал китепте болочок урпактарга фольклорчу элдик ырчы акындардын жандуу портреттин түзүп, алардын ар бирине квалификациялуу баа берген.

А. Затаевичтин жаңы жазууларынын арасында ошол кезде таланты табына келип, элге, журтка жаңыдан тааныла баштаган эл шайырлары Атай Огонбаевдин, Молдобасан Мусулманкуловдун, Ыбрай Тумановдун, Калык Акиевдин, Муса Баетовдун ыр, күүлөрү бар эле.

Ал эми окумуштуу В. Беляев биринчи болуп Советтик Чыгыш элдеринин салттуу маданиятын бүтүндөй жана салыштырып изилдөөгө кайрылган. Анын “Очерки по истории музыки народов СССР”. “СССР элдеринин музыкалык тарыхынын очерктери” аттуу окуу куралы катары жазылган эмгегинин “Кыргыздын музыкалык маданияты” деп аталган бөлүмүндө улуттун этногенезинин теориясына, маданий өнүгүшүнө, жанрлардын түзүлүш системасына (иерархиясына) болгон көз карашы берилген. Оозеки кесиптик салттын көрүнүктүү өкүлдөрү – Тоголок Молдонун, Токтогул Сатылгановдун, Мураталы Күрөңкөевдин, Муса Баетовдун, Атай Огонбаевдин чыгармачылыгы мүнөздөлгөн.

В. Беляевдин өзүнчө жазылган бир көлөмдүү макаласы М. Күрөңкеевдин чыгармачылыгына арналган. Макала элдик кесипкөй музыканттын чыгармачылыгы жөнүндө алгачкы жолу толук иштелген монографиялык изилдөө болчу. Андан соң

В. Виноградовдун китептери пайда болот. В. Беляев Мураталы жөнүндө. “Даана композитордук жекече өзгөчөлүгү бар, эң мыкты чыгармачыл инсан, композитордук жана аткаруучулук стилдердин жогорку баскычтарынын жетишкендиктерин эркин өздөштүргөн”, – деп жазган [4. 312].

В. Беляев жана башка кыргыз музыка илиминин татаал жолун изилдөөчү фольклорчулардын эмгектери Кыргызстандын музыкалык илиминин өнүгүшүнө олуттуу түрткү болду. Композиторлор П. Шубин, В. Власов, В. Фере, Н. Раков,

М. Раухвергер, С. Германов, С. Ряузов, Д. Шостакович, М. Бурштин, Б. Глухов, В. Гусев жана башка композиторлордун элдик музыкага болгон кызыгуусун арттырды.

А. Затаевич баштап кеткен элдик музыканын антологиясын олуттуу толуктаган Виктор Сергеевич Виноградов (1899-1993) болгон. Кең профилдеги чоң музыка таануучу катары ал изилденүүчү материалдардын жана илимий проблематикалардын алкагын, чегин көрүнөөрлүк кеңейтти. Ал КМШга кирген жана алыскы чет элдик музыканттар жөнүндө 300гө жакын эмгектерди жазган.

В. Виноградов – монографиялардын, популярдуу очерктердин, эсселердин, аңгемелердин автору, илимий жыйнактардын түзүүчүсү жана редактору, ири музыкалык коомдук ишмер.

Илимпоздун башкы темасы – Кыргызстандын музыкасы. 1939-жылы Москвадан “Музыка Советской Киргизии” (“Советтик Кыргызстандын музыкасы”) деген биринчи китеби чыккан, анда атактуу элдик ырчылардын, музыканттардын чыгармачылыгы, фолклордун стилистикасы жана элдик аспаптар жөнүндө Виноградовдун ондон ашык китеби жарык көргөн.

Анын “Кыргызская народная музыка“ (Фрунзе, 1958) аттуу китебинде музыкалык фольклордун тарыхый мезгилдештирилиши, анын стилдик, жанрдык өзгөчөлүктөрү теориялык жалпылоодон майда-бараттарына чейин толук жазылып, көрүнүктүү чеберлердин чыгармачылыктары талданган.

Чыгармачылык очерк жана портрет жанрында анын “Атай Огонбаев“ (М., 1960) китепчеси, “Муратаалы Күрөңкөев“ (Фрунзе, 1962), “Музыкальное наследие Токтогула“ (Токтогулдун музыкалык мурасы. М., 1961), “Киргизкие народные музыканты и певцы“ (Кыргыз эл музыканттары жана ырчылары. М., 1972), бул китеп кыргыз тилине которулган) деген китептери жарык көргөн.

В. Виноградов көп жылдар бою элдик эпостун речитативтердин, залкар манасчы Саякбай Каралаевдин жеке аткаруучулук манерасын изилдеген. Саякбай Каралаевдин жана Ыбрайым Абдракмановдун аткаруусунда “Манастын“ үзүндүлөрүн магнитафонго жазып алып эпостук речитативди ноталык талдоо менен гана эмес, кулак менен угуп, көз менен көрүп талдооонун негизинде төрт түргө, көптөгөн мотивдик варианттарга бөлүп классификациялаган [5. 313].

Кыргыз элдик музыканын теориялык жана тарыхый маселелерин фундаменталдуу түрдө жазып чыгуу иши музыка изилдөөчү В. Виноградовго таандык. Ондогон жылдар бою аларды изилдеп, өзүнөн мурунку окумуштуулардын эмгектериндеги маалыматтарды чогултуп, музыкалык салттарды улантуучулардын өз ооздорунан фольклордук үлгүлөрдү жазып алып, Виноградов кыргыздардын элдик музыкасынын ар кандай жактарын – образдуулугун, жанрдык табиятын, формаларын, ладдарын, ыргактарын, аткаруучулук стилин талдоодон өткөрүп принциптүү корутундуларды чыгарган.

Бул тармак боюнча илимпоздун энциклопедиялык деңгээлде кабардар болушу ири масштабда салыштырмалуу талдоо берүүгө мүкүнчүлүк ачты. Анын жыйынтыктары – “Музыка Советского Востока; от унисона к полифонии” (Советтик Чыгыштын музыкасы; унисондон полифонияга чейин. М., 1968) деген эмгектеринде жазылган.

Бул макалада кыргыз музыкалык фольклоруна алгачкылардан болуп көңүл буруп, изилдөө иштерин жүргүзгөн музыка изилдөөчүлөрү, окумуштуулар жана композиторлордун ишмердиктерине токтолуп, алар кандай изилдөөлөрдү жүргүзгөндүгү жөнүндө кыргыздын комузчу, ырчы-акындарынын чыгармаларын топтоп, алардын обон, күүлөрүн нотага түшүрүп,залкар-таланттардын аткаруусундагы элдик музыкалык чыгармаларды жазып алып, илимий эмгектерди жараткандыгы жөнүндө маалыматтарды берүүгө аракеттендик.

Биз кийинки макалаларда жаш фольклористтердин жүргүзгөн илимий эмгектерин окуп үйрөнүү менен, кыргыз музыкалык фольклору жөнүндөгү алардын илимий жетишкендиктерине жана баалуу жыйынтыктарына токтолобуз.

Адабияттар:

1. Алагушов Балбай. Кыргыз музыкасы: Энциклопедия. / Сүрөтчүсү М. Кадыров. – Б. “Бийиктик”. 2007. 479-532 б.б.
2. Бартольд В. Киргизы: Исторический очерк // Соч. Т. II, ч. 1. – М.

3. Виноградов В. “Манас” // Советская музыка. – 1946. - №7; Киргизский народный речитатив //Вопросы музыкознания. – М. 1955. Эпос “Манас”, его стих и напев // Музыка народов Азии и Африки. – М. 1981. Напевы “Манаса” // Манас. Кн. I. – М. 1984.
4. Затаевич А. 500 казахских песен и кюев. – Алма-Ата. 1931. – IV б.
5. Смирнов М. (Беляев В.) Творчество Муратаалы Куренкеева // Советская музыка. – 1949. – №2; Ошол эле башка кит.: Беляев В. О музыкальном фольклоре и древней писменности. – М. 1971.

B. Zhumabaev, student of Master’s degree, OshSU

The first scientists and researches on the Kyrgyz folk music

The given article discusses about the first researchers of Kyrgyz folk music who researched the nature of folk music, genres and specifics; the meaning of Kyrgyz folklorists’ works on the history of Kyrgyz folk music.

***Key word**: Folklore, oral work of art, song, music, dance, drama, cultural resonance, epic recitative, It deals with analysis.*

УДК: 233-535 (575,2)

Жамшитбеков Э.Ж., магистрант, ОшМУ

Азыркы коомдогу музыканын орду

Макалада музыканын коомдук жашоодогу орду жана өзгөчөлүктөрү чагылдырылды.
***Ачкыч сөздөр**: рок-музыка, дегуманизация, пессимизм, ритмика, агрессивдүү.*

В этой статье отражены роль музыки в общественной жизни и ее особенности.
***Ключевые слова**: рок-музыка, дегуманизация, пессимизм, ритмика, агрессивное.*

Азыркы музыкалаштыруу типтери ар кандай баалуулуктардын тиби менен түрдүү аудиторияларга карата эсептелген. Азыркы күндө радио толкундары аркылуу миңдеген адамдар бир нече музыканы уга алышат. Чындыгында адамга музыканын бардык түрү зарыл, бирок белгилүү пропорцияда гана болушу талап кылынат. Адамдын ички дүйнөсүн калыптандыруучу оң маанидеги музыкалар керек. Ошондой эле эс алдыруучу жеңил музыкалар нерв системасынын чарчоосун жана эмоционалдык стресстерди жок кылууга чоң жардам берет [1. 30-44].

Бирок Америкада ар бир музыка угуучунун жеке тандоолору бар. Азыркы учурдагы компьютерлер каалаган композиторлордун музыкаларын түзүп берүүдө. Чыныгы чыгарма – бул жалпы бытиени чагылдыруу. Л.В. Бетховен бул ой – жүгүртүүнү тактап төмөндөгүдөй ойду айткан: «Мен алдымда турган нерселерди көрүп, угуп жатам; «жалпылуулук дайыма менин көз алдымда турат». Ф. Шеллинг бул туурасында мындай деген: «Кайсыл жерде бөлүктү эмес, жалпылуулукту окуткан болсо, ошол жерде гениалдуулук жаралат». Адамга жаратуучу мүмкүнчүлүктөрдү берген. Бирок ал эмнени жаратуусу керектигин түшүнүүсү жана билүүсү керек. Азыркы шоу-бизнестеги индустрия тез аранын ичинде байлык топтоого аракет жасайт. Адамдын көптөгөн алсыз жактары бар, ошонун үстүнөн жакшы иштеп алууга болот. Ар кандай эс алуулардын негизги мазмуну – интеллектуалдык, руханий сарптоолорсуз эле эркиндикти уюштуруу. Бийди бул шарттар менен канааттандырууга эч качан болбойт. Ошондуктан эс алдыруучу музыка бий менен тыгыз байланышкан. Бул багыттагы өз алдынча феномен катары Майкл Джексондун «брейк» бийи эсептелген. Бул

бий сүйүү символикасынын эң негизги формаларына айланган.

XX кылымдагы көңүл ачуучулар массалык коомдо эс алуучулардын ядросун түзгөн. Мында шлягердин негизги категориясы болуп имидж негизги орунда турган. Эң биринчи имидж катары эстрада ырчыларынын сырткы көрүнүшү, кийими, жүрүм-турум манералары эсептелген. «Битлз» менен бирге териден жасалган галстук жалпы коомчулукта модага айланган [3. 139]. Башкача айтканда сырткы имидж чоң ийгиликке жеткирген.

Азыркы мезгилдеги ырлардын мазмуну өтө кыска, бири-бирине окшош, көлөмү боюнча да, ошондой эле бул ырларда кайталануулар өтө көп. Рок – музыканын идеалдуу модели кандай болгон? Рок – музыканын стилистикалык статусун аныктоо өтө татаал. Адабияттарда рок – музыкага төмөндөгүдөй аныктамалар берилген: рок – музыка XX кылымдын экинчи жарымындагы жарым жанрдагы стилдик музыкалык багыт, ал жаштардын маданий дүйнөгө болгон өз ара мамилелеринин негизинде жана африка – американын жана европанын өз ара байланыштарынан келип чыккан музыка. Рок – музыка жөн гана оюн-зоокко окшош эмес, ал үрп-адатка окшош. Рок – музыка стилистикасы боюнча метро – ритмикалык монотондуулукка бөлүнөт. И. Набок өзүнүн доктордук диссертациясында, монотондуулук урбанизациялык чөйрөнүн метро – ритмин туура эмес түшүндүрөт деп белгилеген.

Азыркы техно – багыттагы дискотекалык музыкалар рок – музыканын салтын примитивдүү түрдө өнүктүрүп келүүдө. Стилистикалык мазмунунда техно – хит-хоп ритмдерин колдонушат. Бул техникалашкан реп – музыканын формасынын негизинде фанк, негритяндардын рок – музыкалык стили, өнүккөн энд-блюз ритми ачык чагылдырылган. 80-жылдардын аягында 90-жылдардын башында АКШда рейв маданияты пайда болгон. Анын аудиториясында 12 жаштан 18 жашка чейинки курактагылар болгон. Рейв – музыканын угармандары наркотикалык ыкмалардагы музыканы угушат. Хиппи рок – музыкасынын доорундагы музыканттар өздөрүнүн композицияла–рында наркотикалык абалды чагылдырууга аракет жасашкан. Бул музыкада шлягерлер үчүн ыр саптары болгон эмес. Рок – музыкада ритмикалык каркас адамдын денесин ой-жүгүртүүсүз жана аң сезимсиз кыймыл аракеттерге чакырат. «Рок» деген сөз «чайкалуу» дегенди билдирген. Бул аталыш символикалык мүнөзгө ээ болгон. Эгерде рок – аң сезимди чайкаган болсо, rave – ой жүгүртүүнү «жалганга» чейин жеткирген (rave – деген «жалган» дегенди түшүндүргөн).

Биздин массалык маданиятыбызга поп музыка 1980-жылдардын экинчи жарымында пайда боло баштады, ал “бунтардык” жана “революциялык” рок деп аталган. Ал батышта вьетнам согушу болуп жаткан учурларга туура келет, бирок ал ага чейин эле постсоветтик мезгилде хулигандык мүнөздөгү музыкалар катары жашап келген [5. 82].

Рок музыкасынын негизги баалуулугу бул тынчтык үчүн күрөшүү, расизмге каршы, акыркы убактарда наркотика менен күрөшүү катары пайдаланылган жана вандализмге жана агрессияларга, наркотикалык ырларды ырдоого, өлүмгө үндөгөн жактары да бар.

Рок – музыканын примитивдүү, бурмалоо жактары бар экендиги так далилденген, анын негизги түзүүчүсү болуп Элвис Пресли жана Оззи Осборна эсептелет. Элис Купер өзүнүн альбомун “Өлтүргүч”, “Куш келипсиң менин коркунучтуу жаман түшүм” ж.б. деп атаган. Ал өзүнүн шоусунда асынып алуу, өзүн-өзү өлтүрүү, жаш наристени өлтүрүү ж.б. сыяктуу нерселерди туураган. Дэвид Боуи биринчилерден болуп сахнада эркектин – аялдын образын көрсөтүп турган масканы колдонгон. Кээ бир рок – музыканттар тыюу салынган вампиризм, сатанизм колдовство сыяктуу темаларды ачык эле жарыя кыла баштаган [6. 54].

Рок – тексттер бизди психопатологиялык феноменге өлүмдү сүйүүгө жакындатат. Бул боюча Э. Фромм мындай белгилеген, эгоизм, зордук зомбулук, радикалдуу гедонизм, бытиенин

маңызын жоготуу. Ошонун негизинде алар бир нече синдромдорго бөлүнгөн:

– наркотикалык гедонизм синдром (түш, жалгандык. Кайф, алкоголь, секс) изилдөөчүлөр айткандай азыркы жаштар үчүн гедонизм субкультураны мүнөздөп турат;

– агрессивдүү активдүү синдром, тоталдык карама – каршылыктард, зордук жана вандализм тууралуу ырдаганда ырдоонун күчү жана тездиги.

– пессимизм жана өлүм синдрому, өлүмдүн мотивдери, өзүн – өзү өлтүрүү, коркуусу, өзүн жат сезүүсү.

Рок жана поп музыка өтө эле дегуманизацияланып баратат, ал адамдын образын жокко чыгарып, аны шайтанга, роботко ж.б. персонаждарга алмаштырууда. Гуманисттик маанилерди жоготуп, адамдын табигый үнүн өзгөртүп, эркектин үнүн аялдын үнүнө алмаштырууда. Жалпысынан айтканда адам менен предметтин ортосундагы ченемдер жоголуп баратат.

Көптөгөн гениалдуу ойчулдардын арасында улуу француз ойчулу Гюйо искусствону социологиялык көз караштар менен изилдөөгө аракет жасаган. Башында мындай аракеттер пайдасыз деп айтылып келген. Искусствону социалдык эффектерде кароо – бул ишке ашпай турган идеялар болуп каралып, б.а. адамды анын көлөкөсү аркылуу изилдөө дегенди билдирген. Жаш музыкант өзүнө-өзү суроо бербей туруп, эстетикалык баалуулуктарды так өзүндөй кылып туроо менен үндү кайталоого аракет жасайт. Бул көркөм сезимдердин жалпылуулугу чыныгы каалоо менен чыкпагандыктан баарына бирдей социологиялык таасирлерди берип жатат.Чындыгында мындай баарына популярдуу болбогон музыка, башкаларга да популярдуу боло албайт. Бардык жаш искусство кокусунан эле популярдуу боло калбайт. Тагыраак айтканда жаңы искусствонун популярдуу эмес – кубулушу бул таптакыр башка табият.

Жаңы искусство адамдарды эки класска бөлүшү мүмкүн: аны түшүнүүгө мүмкүнчүлүгү жеткендер жана аны түшүнүүгө мүмкүнчүлүгү жетпегендер [2. 177-178]. Чындап эле адамдарды бөлүп койгондой, биринчи топтогулар ар кандай кабыл алуу жөндөмдүүлүктөргө ээ, экинчисин ошол жөндөмдүүлүктөрдөн ажыратып койгондой. Жаңы искусство дайыма эле баарына искусство болуп санала бербейт, мисалы романтикалык искусство. Бул жерде массада кыжырданууну пайда кылат. Кээ бирлерине искусство чыгармалары түшүнүктүү болгондугу үчүн жакпайт, бул жерде адам анын үстүнөн өзүн абдан жакшы сезсе, ал жерде кыжырдануу болбойт. Бирок нерсе жакпай калышы мүмкүн, эгерде ал түшүнүксүз болсо, бул жерде адам өзүн кемсинтип, өзүнүн толук эмес, туруксуздугуна күмөн саноолор пайда болот. Дайыма жаңы искусство боорукер адамды өзүн ушундай образда сезүүгө мажбурлайт: бул жерде адам искусствонун сырларын кабыл алууга мүмкүнчүлүгү жетпейт, ар кандай кооздукту көрө албайт жана уга албайт. Бул эч качан дайыма болуп келүүгө жол берилбеши керек, ошондуктан жүздөгөн жылдардан сөз болуп келүүдө. Жалпы масса баарынын үстүнөн бийлик жүргүзүп келген болсо бул жаңы искусствонун алдында өзүнүн адамдык укугун басмырланып жатканын сезет же бул привилегиялуу искусство, аристократиялык инстиктеги искусство деп аталат. Кайсыл жерде жаңы музыка пайда болсо жалпы масса анын артынан түшөт.

Искусство базарга коюлган товар катары эсептелип, ал базар муктаждыктарын жокко чыгара албайт. Ага биринчи кезекте чарчаган нервдерди эс алдырат жана терс дүүлүгүүлөрдү стимулдаштырат. Искусство абсалюттук баалуулуктардын падышачылыгынан өндүрүштүн буюм баалуулугуна чейин төмөндөп кеткен. Искусство кофени, бензинди, дарыларды рекламалоочу катары колдонула баштады. Баханын жана Бетховендин музыкалары автомашиналарды, майларды рекламалаганда күндө угууга болот. Барган сайын чыныгы искусство менен чыныгы көнүл ачуунун ортосундагы ченемдер жоголуп баратат. Эгерде антикалык

мезгилдерде жана орто кылымдарда нормативдүү персонаж катары улуу кудайлар, жакшы каармандар эсептелген болсо, азыркы искусствонун каармандарына – үй кызматкери, бизнесмен, саясатчы, талап тоногондор жана социалдык бузукулар эсептелинет [4. 131].

XIX кылымдын ортосунда Европада кризистик окуялар пайда боло баштаган. Көптөгөн ойчулдар кризистин мүнөзү импрессионализмде башталган деп эсептешет. Кризис искусствонун бардык тармактарына жайылган: адабиятта, живописте, музыкада.

Адабияттар

1. Гусейнов А.А. Великие моралисты [Текст]. – М. Республика. 1995. – С. 30-44.
2. Данилова Е.И. Эволюция руки в связи с вопросами антропогенеза [Текст]. – Киев. 1965. – С. 177-178.
3. Еремеев А.Ф. Происхождение искусства [Текст]. – М. 1970. – С. 139.
4. Зеленов Л. Процесс эстетического отражения [Текст]. – М. 1969. – С. 131.
5. Зись А. Искусство и эстетика. – М. 1975. – С. 82.
6. Иванов В.П. Человеческая деятельность – Познание – Искусство. [Текст]. – Киев. 1977.

Jamshitbekov E.J., student of Master's degree, OshSU

The role of music in modern society

This article reflects the role of music in public life and its features.
Key words: *rock music, dehumanization, pessimism, rhythm, aggressive.*

УДК: 371.671.11(575.2)

Молдокулова Э., магистрант, ОшМУ

Кийим коллекциясын иштеп чыгуунун этаптары

Макалада кийим коллекциясын иштеп чыгуунун этаптары каралат.
Ачкыч сөздөр: кийим коллекциясы, мода тенденциясы, силуэт, паралеллдик коллекция.

В статье рассматриваются этапы разработки коллекции одежды.
Ключевые слова: *коллекция одежды, тенденция моды, силуэт, параллельная коллекция.*

Дизайндын башка обьектиси сыяктуу эле кийимдин коллекциясы белгилүү ырааттуулукта түзүлөт.

Кийим коллекциясын иштеп чыгуунун биринчи этабы төмөнкү иш-чараларды өзүнө камтыйт:

1. Керектөөнүн жана суроо-талаптын обьективдүү факторлорун: калктын киреше табуу динамикасын, калктын жан башына тийген кирешесинин деңгээлин, чекене товар жүгүртүүнүн деңгээлин ж.у.с. изилдөө, билүү.

2. Кийим коллекциясы атайын арналып иштелип жаткан, даярдалып жаткан керектөөчүлөрдүн типологиялык өзгөчөлүктөрүн аныктоо, таап көрсөтүү.

3. Кийим коллекциясы атайын арналып иштелип жаткан керектөөчүлөрдүн топторунун жашоо образы менен керектөөчүлөрдүн айкын болгон, билинген муктаждыктарынын ортосундагы байланыштарды изилдөө [1. 34-35].

Экинчи этап – жаңы форма түзүүнүн типтерин аныктоодо изилдөөлөрдүн натыйжаларын жүзөгө ашыруу.

Үчүнчү этап – керектөөчүлөрдүн текшерүүдөн өтүүчү тобунда сыноодон өткөрүү.

Төртүнчү этап – жаңы коллекцияны реклама кылууну (рекламалык үлгүлөрдү иштеп чыгуу, плакаттарды,

видеоклиптерди, баннерлерди ж.б. жасоо, даярдоо), пресс-релиздерди долбоорлоо [6. 43].

Ошентип, коллекцияны долбоорлоого киришип жатып, дизайнер дал ошол коллекция кимдер үчүн арналып жатканын жана коллекция кандай муктаждыктарды канааттандырышы керек экенин так, даана билиши, элестетиши керек. Ошол эле кезде кийимди долбоорлоп жатканда керектөөчүлөрдүн типологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алышы абзел. Атап айтканда:

1) керектөөчүлөрдүн жыныстык-жаш курактык белгилери жана жаш курактык топтор боюнча классификациясын;

2) керектөөчүлөрдүн кийимдин өлчөмү жана боюнча жараша классификациясын.

Перспективалык коллекциялар өндүрүштүк коллекциялар сыяктуу эле көбүнчөсү манекенчи кыздардын жардамы менен элге көрсөтүлөт, бирок көптөгөн моделдерди механикалык түрдө дароо трансформация кылууга мүмкүн эмес. Мисалы, чоң өлчөмдөгү кийимдер үчүн же I-III рост үчүн (148см – 161см га чейин) өзгөчө чечимдер, башка пропорционалдык бөлүктөргө бөлүү, бөлөк көлөмдөр зарыл болот;

3) керектөөчүлөрдүн денесинин болуктугу, жөнүндөгү боюнча классификациясын. Өндүрүш коллекциясын долбоорлоп жатканда чоң адамдардын 19,5% ти азыраак болуктукка, 50,5%ти – орточо болуктукка, 26,5% – чоң болуктукка, 3,5% – өтө чоң болуктукка ээ экенин эске алуу зарыл [2. 87].

4) керектөөчүлөрдүн модага болгон ориентациясы боюнча классификациясын. Бардык керектөөчүлөр модага катышуу активдүүлүгүнө жараша топторго бөлүнүшөт:

Керектөөчүлөрдүн 2,5% “новаторлор”, б.а. жаңы моданы эксперимент кылууга жана түзүүгө даяр адамдар түзүшөт. Дал ушул керектөөчүлөргө жаңы формаларды жана стилдерди сунуш кылган авангарддык коллекциялар сунушталат, даярдалат;

Керектөөчүлөрдүн 13,5% “моданы эртелеп куугандар”, б.а. жаңы моданы эрте колдоого алып улантышкан жана өзүнүн чөйрөсүндө бул жаатта лидер болгон адамдар. Дал ушул керектөөчүлөргө формада болсун, түстө болсун, мейли материалдардын структурасында болсун, акыркы модалуу тенденциялар орун алган коллекциялар арналат;

Керектөөчүлөрдүн 34% “алгачкы көпчүлүк” – моданын артынан ээрчиген, бирок анын бардык чектен ашкан тараптарын четке каккан, модага этият мамиле жасаган керектөөчүлөр түзөт. Дал ушул топко актуалдуу мода тенденциялары бар, бирок бир аз “жымсалданган” түрдөгү коллекциялар арналат;

Керектөөчүлөрдүн 34% “кечиккен көпчүлүк” – жаңы мода коомдо кенен таралган соң гана жаңы моданы ээрчиген керектөөчүлөр түзөт. Алар эң акыркы формаларды жана стилдерди кабыл албастан, көбүнчөсү мурунку моданын артынан ээрчишет;

Керектөөчүлөрдүн 16% “артта калгандар” (традиционалисттер) – модалуу тенденцияларды четке каккан, коомдо мода болуудан калган кандайдыр-бир жаңылыктарды кабыл алган керектөөчүлөр түзөт. Дал ушул керектөөчүлөргө моданын белгиси жок классикалык багыттагы коллекциялар арналат [4. 29-30];

5) Баалардын классификациясын. Коллекциядагы моделдердин саны жана алардын өзгөчөлүгү алардын кайсыл категорияга таандык экенине жараша болот. Моделдердин 65% тегерегиндегиси арзан, болжолдуу түрдө 30%ти – орточо, 2...5% – кымбат моделдердин тобуна кирет. Кымбат баалуу моделдерге орточо жана арзан баадагы моделдерге караганда чекене жана дүң соодада бааны көтөрүү жогору болот.

Кымбат бааланган моделдер актуалдуу модалык тенденциялар, конструкциялардын уникалдуулугу, силуэттердин “курчтугу”, мыкты сапаттагы кездемелери жана жасалгасы менен айырмаланып турат. Кымбат моделдерде атактуу дизайнердин же белгилүү фирманын аты, аталышы көргөзүлөт. Ушул группага “прет-а-порте” коллекциялары таандык. Бул группанын моделдери өтө аз серия менен чыгарылат

жана 5...10 жолу кайта өндүрүлөт. Коллекция канчалык кымбат болсо, моделдердин саны да ошончолук көп болот.

Орточо группадагы моделдерди ыңгайлуу фасондор, жымсалданган модалуу силуэттер, модалуу кездемелер жана ишенимдүү маркалар (мисалы, “Клаус Штайль-манн” же “Ливайс”) башкалардан айырмалайт.

Арзан моделдер адамды өзүнө тарткан көрүнүшкө, жөнөкөй эмес (түшүнүгү кыйын) фасонго ээ болушу керек, ошол эле группанын мурунку коллекциясынын моделдерине салыштырмалуу жаңычылдыгы менен айырмаланып турушу абзел жана модалуу сүрөттөргө жана фактураларга ээ модалуу түстөрдөгү кездемелерден тигилиши зарыл. Арзан группасына кирген моделдер чоң сериялар менен чыгарылат. Демек, кийим канчалык арзан болсо, коллекцияга ошончолук аз сандагы моделдер кирет [6. 87].

7) Фирманын образы. Коллекциянын үстүндө иштеп жатып дизайнер ушул марканын кайсыл образы керектөөчүлөрдө калыптанганын же кайсыл образды түзүү зарылдыгын эске алышы зарыл. Ошондуктан коллекциянын моделдери, керектөөчүлөр тиешелүү фирманын атын укканда дароо көз алдыга келтирген кийимдин жалпы стилине шайкеш болушу керек.

Дал ушундай дифференциациянынзарылдыгы жана потенциалдуу кардарлардын санын көбөйтүүнү каалоо, 1980-жж. көптөгөн фирмалардын өздөрү чыгарып келген коллекциялардын санын көбөйтүшүнө алып келген. Алар өз коллекцияларын параллелдик коллекция деп аталган, эркектердин жана аялдардын кийимдеринин негизги коллекцияларын бир топ жаш керектөөчүгө эсептелген, о.э. бөлөк ассортименттеги жана башка милдеттерди аткарган коллекциялар менен толукташкан. Бул багытта биринчи болуп өзүнүн “мода империясын” италиялык модельер Дж. Армани кеңейте баштаган. “Giorgio Armani” маркасы менен чыгуучу эркектердин жана аялдардын кымбат баалуу кийимдеринин негизги коллекциясынан сырткары ал учурда “Mani”, “Emporio Armani”, “Armani Exchange”, “Borgonuovo/21”, “Armani jeans” (джинсы кийими) жана “Armani Golf” (кымбат баалуу спорт кийими) сыяктуу параллелдик коллекцияларды чыгарууда [6. 102]. Дал ушул жол менен дээрлик бардык белгилүү дизайнерлер иш алып барууда десек туура болот. Мына ушундай коллекциянын ар биринин конкреттүү адресаты бар. Алардын муктаждыгын жана психологиялык портретин коллекцияны түзүүчүлөр ачык-айкын, даана элестете билишет десек жаңылбайбыз.

Албетте, өзүбүздүн макалада кийим коллекциясын иштеп чыгуунун бардык этаптарын карап чыгууну максат кылган эмеспиз. Себеби, алардын ар бири өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Ошого карабастан, калган этаптар тууралуу учкай белгилеп өтөлү.

Коллекцияны иштеп чыгуунун экинчи этабында коллекциянын идеясы конкреттүү моделдерде жүзөгө ашат. Ал керектөөчүнүн жогоруда саналып өткөн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аткарылат.

Коллекциянын үстүнөн иштөөнүн ырааттуулугун француз кутюрьеси К. Диор өзүнүн “Кристиан Диор и я” деп аталган китебинде кенен баяндаган. Экинчи этап ич ара 3 этапка бөлүнгөн жана шарттуу түрдө “студия”, “чеберканалар”, “салон” деп бөлүштүрүлгөн. Алар тууралуу кийинки макалаларыбызда кенен сөз кылабыз.

Ошентип, биринчи этапта мектеп формасына болгон талапты изилдеп, иликтеп алуу керек. Ал үчүн анкета иштелип чыгышы зарыл. Экинчи этапта формалык кийимге болгон талаптарды иликтөө жана иштеп чыгуу жана мектеп формасынын расмий-ишкер стилдеги коллекциясынын моделдерин даярдоо керек. Ал эми үчүнчү этапта даяр болгон расмий-ишкер стилдеги мектеп формасынын коллекциясын фестивалдарда, конкурстарда, дегеле чоң масштабдагы маданий иш-чараларда көрүүчүлөрдүн сынына коюу зарыл.

Адабияттар:

1. Коблякова Е.Б. Маркетинговые исследования как основа для формирования структуры промышленной коллекции костюмов / Е.Б. Коблякова, И.А. Тузова, Е.К. Волкова // Швейная промышленность. 1997. №3 – С. 33-35.
2. Гусейнов Г.М, В.В. Ермилова, Д.Ю. Ермилова, Н.Б. Ляхова, Е.М. Финашина «Композиция костюма» - 2-е изд., – М. Издательский центр «Академия». 2004.
3. Миклашевская Н.Н., Соловьева В.С., Година Е.З. Ростовые процессы у детей и подростков / Н.Н. Миклашевская, В.С. Соловьева, Е.З. Година. М.: Изд-во Московского университета. 1988. – С. 84.
4. Моделирование и художественное оформление женской и детской одежды [Текст] – М. Легпромбытиздат. 1990.
5. Петушкова Г.Ц. Теория проектирования костюма [Текст] / Г.Ц. Петушкова. – М. Академия. 2003.
6. Прогнозирование и планирование в условиях рынка: Учеб. пособие для вузов / Морозова Т.Г., Пикулькин А.В., Тихонов В.Ф. и др; Под ред. Морозовой Т.Г. и Пикулькина А.В. – М. ЮНИТИ-ДАНА. 2000. – С. 318.
7. Конструирование одежды: Учеб. пособие для ВУЗов/ Куренова С.В., Савельева Н.Ю. – Ростов-на-Дону: Феникс. 2005.
8. Малая энциклопедия этикета / Малая энциклопедия этикета – М.: РИПОЛ КЛАССИК, 2007. – С. 640.

E. Moldokulova, student of Master degree, OshSU

The stages of developing a collection of clothes

The article examines the stages of developing a collection of clothes.
Key words: *clothing collection, fashion trends, silhouette, parallel collection.*

УДК 681.142.2

Аркабаев Н.К., ф.-м.и.к., доцент, ОшМУ
Курбанбекова Н.К., магистрант, ОшМУ

Валюта-алмашуу операцияларын программалаштыруу

Макалада валюта-алмашуу кассаларындагы алмашуу аракеттеринин анализи, жүргүзүлүүчү операциялар жана аларды программалаштыруу жолдору каралган.
Ачкыч сөздөр: *валюта, курс, котировка, резидент, резидент эмес, кассир, кардар, конверсия, реестр, маалымдама, түшүүлөр, чыгымдар.*

В данной статье рассмотрено выполняемые действия в валютно-обменных кассах, выполняемы операции и пути их программирования.
Ключевые слова: *валюта, курс, котировка, резидент, нерезидент, кассир, клиент, конверсия, реестр, справка, приходная, расходная.*

Бир валюта бирдигинен башка бир валюта бирдигине алмашуу операциялары акча алмашуу кассаларында эң жоопкерчиликтүү жана татаал иштердин бири болуп саналат.

Чет элдик валюталарды сомго сатуу жана сатып алуу, ошондой эле чет элдик валюта менен операцияларды аткаруу Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы тарабынан орнотулган расмий курстун негизинде ишке ашырылат. Мисалы, бүгүнкү 2018-жылдын 10-апрелиндеги туруктуу орнотулган валюталардын

расмий курсу төмөнкүдөй бекитилген (1-сүрөт) [1]:

ВАЛЮТА РАСМИЙ КУРСУ

10.04.2018

	09.04.2018	10.04.2018	
USD/KGS	68.5256	68.4544	-0.10% ↓
EUR/KGS	84.0466	83.7574	-0.34% ↓
RUB/KGS	1.1901	1.1837	-0.54% ↓
KZT/KGS	0.2144	0.2141	-0.14% ↓

1-сүрөт. КРУБа тарабынан орнотулган валюталардын расмий курсу

Валюта-алмашуу процессинде каалагандай эле валюталар менен операцияларды аткарууга болбойт. Кыргыз Республикасынын аймагында катталган жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы тарабынан Котировкаланган валюталардын үстүнөн гана валюта-алмашуу операцияларын аткарууга болот [1, 2]. Бул валюталар төмөнкүлөр:

1-таблица. Котировкаланган валюталардын тизмеси

Валюта коддору		**Валютанын аталышы**	**КРУБнын котировка тизмесине катталган күн**	**Эскертүү**
Тамга-луу	**Цифра-лык**			
AUD	036	Австралия доллары	19.05.93	
AZN	944	Азербайджан манаты	12.11.94	
GBP	826	Англия фунт стерлинги	10.05.93	
AMD	051	Армян драмы	11.08.94	
AFN	971	Афганафганы	16.01.10	
BYR	974	Белорус рубли	07.08.93	Деноминацияга байланыштуу 01.07.2016 ж. чейин котировкаланып келген
BYN	933	Белорус рубли	01.07.16	
BGN	975	Болгар леви	16.01.10	
BRL	986	Бразилия реалы	16.01.10	
HUF	348	Венгерфоринти	04.08.01	
KRW	410	Корея республикасынын вонасы/Түштүк Корея вонасы	13.01.01	
GEL	981	Грузин лари	16.01.10	
DKK	208	Дат кронасы	13.01.01	
AED	784	Дирхам ОАЭ	16.01.10	
USD	840	АКШ Доллары	10.05.93	
EUR	978	Евро	01.01.99	
INR	356	Индия рупиясы	13.01.01	
IRR	364	Иран риалы	16.01.10	
KZT	398	Казак тенгеси	07.08.93	
CAD	124	Канада доллары	10.05.93	
CNY	156	Кытай Жэньминь биюаны	13.01.01	
KWD	414	Кувейт динары	04.01.94	
LVL	428	Латвия латы	19.05.93	Евроаймагына өткөнгө чейин котировкаланып келген, жүгүртүүдөн 15.01.2014 ж. баштап алынып салынган
LTL	440	Литва лити	26.05.93	
MYR	458	Малайзия ринггити	16.01.10	
MDL	498	Молдавия лейи	07.08.93	
MNT	496	Монголия тугрики	16.01.10	
TRY	949	Жаны түрклирасы	10.05.93	

NZD	554	Жанызеландия доллары	13.04.02	
TWD	901	Тайванжаны доллары	16.01.10	
TMT	934	Түркменжаныманаты	16.01.10	
NOK	578	Норвегия кронасы	19.05.93	
PKR	586	Пакистан рупиясы	21.06.03	
PLN	985	Поляк злотыйы	16.01.10	
RUB	643	Россия рубли	10.05.93	
XDR	960	АКУ (СДР)	10.05.93	
SGD	702	Сингапур доллары	02.08.12	
TJS	972	Тажиксомониси	09.12.93	
UZS	860	Өзбек суму	07.08.93	
UAH	980	Украина гривнасы	19.05.93	
CZK	203	Чехия кронасы	04.08.01	
SEK	752	Швед кронасы	04.01.94	
CHF	756	Швейцария франкы	04.01.94	
EEK	233	Эстон кронасы	18.05.93	Евроаймагына өткөнгө чейин котировкаланып келген, жүгүртүүдөн 15.01.2011ж. баштап алынып салынган
JPY	392	Японйенасы	04.01.94	

Валюта-алмашуу операцияларын жүргүзүү үчүн юридикалык жактар резидент катары, ал эми физикалык жактар резидент эмес катары валюталык эсептерди тиешелүү ыйгарым укуктары бар банктардан ачуусу керек. Жеке тараптар дагы өз каражаттарын сактоо жана эсептөөлөрдү жүргүзүү үчүн банктардан чет элдик валютада эсептерин ача алышат.

Валюта алмашуу пункту – банктын валюта-алмашуу операцияларынын бөлүмү болуп эсептелет же кээ бир жеке жактар да валюта-алмашуу пункттарын ачып алышкан. Валюта операцияларын жүргүзүү жогоруда айтылгандай Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкы тарабынан иштелип чыгылган эрежелердин жана нормалардын негизинде ишке ашырылат. Пунктта иштеген кассирдин (кызматкердин) бир күндүк аткарган жумушу төмөнкүдөй операциялардан турушу мүмкүн:

- Клиентке чет элдик валютаны улуттук валютага сатуу;
- Клиенттен чет элдик валютаны улуттук валютага сатып алуу;
- Алмашуу (конверсия) бир чет элдик валютаны башка бир чет элдик валютага алмашуу [2-3].

Бул жогоруда саналган ар бир операцияны валюта алмашуу пунктунун кассири документтин жардамында каттап туруусу керек жана жүргүзүлгөн валюта-алмашуу операциясы тууралуу кардарга атайын блакада маалымдама (справка) берүүсү шарт. Жумуш күнүнүн аягында же кеземетчилик алмашкан учурда кассир ар бир валюта үчүн, ар бир каттоо (реестр) үчүн жыйынтыктарды эсептеп, жыйынтыктарды алынган аванс жана ар бир валютада кассада калган акча жыйынтыктары менен салыштырып түшүүлөр жана чыгымдар жөнүндө отчет (приходно-расходная ведомость – реестр сделок) түзүүсү керек. Отчеттун жыйынтыгы боюнча күнүмдүк валюталардын калдыктары тууралуу справка түзүлүүсү шарт. Мындай аракеттерди колдо калкулятордун жардамында аткаруу өтө чоң мээнетти жана убакытты талап кылат. Ошондой эле көп учурда ката кетирип коюу мүмкүнчүлүгү туулат.

Валюта-алмашуу пункттарынын ишин автоматташтыруу азыркы учурдагы зарыл болгон аракеттердин бири болуп саналат. Автоматташтырылган программа төмөнкүдөй негизги аракеттерди аткаруучу керек:

- Тандалган валютанын учурдакы сатуу (сатып алуу) курсу боюнча кардардык суммасын (клиентской суммы)эсептеп туруу жана каттоо.
- Кардарга автоматтык түрдө маалымдама (справка)даярдап берүү.

Учурдагы валюта-алмашуу операциясын каттап калуу жана маалымдама даярдап берүү үчүн төмөнкүдөй маалыматтардын болуусу талап кылынат:

- Фамилия, аты, ата теги
- Документтин түрү (паспорт, өздүгүн аныктоочу күбөлүктөр ж.б.)
- Документтин сериясы, номери
- Резидент/резидент эмес белги
- Кардардан алынган валютанын коду
- Кардардан алынган валютанын суммасы
- Кардарга берилүүчү валютанын коду
- Кардардан берилүүчү валютанын суммасы
- Маалымдаманын сериясы
- Маалымдаманын номери
- Валюта-алмашуу операциясы аткарылган дата ж.б.у.с.

Валюта-алмашуу пункттары үчүн эң негизги маселе – бул күндөлүк расмий курстарды так жана убагында алып туруу. Мындай аракетти Улуттук Банк атайын XML-файлдары аркылуу автоматтык түрдө жүктөп алуу мүмкүнчүлүгүн өзүнүн расмий сайтынан алууну уюштуруп койгон. Ал үчүн төмөнкүдөй XML-кодун колдонууга болот [1]:

```
<Currency Rates Name="Daily
Exchange Rates" Date="09.04.2018">
<Currency ISOCode="USD">
<Nominal>1</Nominal>
<Value>68,4544</Value>
</Currency>
<Currency ISOCode="EUR">
<Nominal>1</Nominal>
<Value>83,7574</Value>
</Currency>
<Currency ISOCode="KZT">
<Nominal>1</Nominal>
<Value>0,2141</Value>
</Currency>
<Currency ISOCode="RUB">
<Nominal>1</Nominal>
<Value>1,1837</Value>
</Currency>
</Currency Rates>
```

Ушул сыяктуу эле котировкаланган валюталардын тизмегин (http://www.nbkr.kg/XML/CurrenciesReferenceList.xml), бир апталык расмий курстардын тизмегин (http://www.nbkr.kg/XML/weekly.xml) атайын XML – коддорунун жардамында алып турууга болот. Бул файлдардагы XML – коддорунун талаалары (описание полей XML – файлов) төмөнкүдөй маанилерде аныкталат:

1. <Currency Rates Name="Weekly Exchange Rates" Date="DD.MM.YYYY"> – тег курсов еженедельных валют, "DD.MM.YYYY" – последняя дата обновления
<Currency ISOCode="ZZZ"> – ISO – код валюты
<Nominal> – номинал валюты
<ValidFor> – количество дней с даты обновления, в течение которых обменный курс действителен (обычно 7)
<Value> – курс валюты
2. <CurrencyRates Name="Daily Exchange Rates" Date="DD.MM.YYYY"> – тег курсов ежедневных валют, "DD.MM.YYYY" – последняя дата обновления
<Currency ISOCode="ZZZ"> – ISO – код валюты
<Nominal> – номинал валюты
<Value> – курс валюты
3. <ReferenceList Name="Currencies Reference List"> – тегсправочникаповалютам
<Currency ISOCode="ZZZ"> – ISO – кодвалюты
<Nominal> – номинал валюты

Адабияттар:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайты: http://www.nbkr.kg/
2. Эльяссон Л.С. Деньги, банки и банковые операции. – М. Экономическая жизнь, 1926. – С. 232.
3. Жуков Е.Ф. Банки и небанковские кредитные организации, и их операции. – М. Вузовский учебник. 2004. – С. 491.

N.K. Arkabaev, docent,
N.K. Kurbanbekova, Student of Master's degree, OshSU

Programming of currency-exchange operations

In this article, the performed actions in the currency exchange offices, the operations and the ways of their programming are performed.

Key words: *currency, rate, quotation, resident, non-resident, cashier, customer, conversion, register, certificate, income, expenditure.*

УДК: 004.422

Касымбеков А.К., Мукудин улуу Д., магистранты, ОшГУ

Преимущества 1С при автоматизации складского учета организации

Макалада уюмдун складдык иш чараларында пайда болгон көйгөйлөр каралып чыкты. Негизги маселелерди чечүү үчүн 1Сти колдонуунун анализи жүргүзүлгөн. Складты башкаруунун автоматташтырылган программалары каралган, ошондой эле Кыргызстанда 1С программасын колдонуу тажрыйбасы анализделди. 1Сти колдонуу артыкчылыктары келтирилген.

Ачкыч сөздөр: *кампа, 1С, кампалык система, информациялык система, кампа ишин автоматташтыруу, артыкчылыктары, кампаны башкаруунун автоматташтырылган системасы.*

В данной статье рассмотрены проблемы, возникающие при работе складаорганизации. Был проведен анализ использования 1С для основных задач. Выявлены проблемы, встающие при автоматизации складского хозяйства. Также были рассмотрены существующие автоматизированные системы управления складом, проанализирован опыт внедрения данных систем в складской деятельности в Кыргызстане. Перечислены преимущества использования 1С.

Ключевые слова: *склад, 1С, складская система, информационная система, автоматизация склада, преимущества, автоматизированная система управления складом.*

Казалось бы склады Кыргызстана – это простое хранилище, где нет особо сложной работы, кроме физического труда. Но на настоящее время – это огромная система, с большим количеством товара и наименований этих товаров. Кроме того весь этот ассортимент находится на разных местах склада и в свою очередь склады одной организации могут находится на разных местах региона. Исходя из спроса и предложения увеличиваются склады как в размерах, так и ассортиментом хранимого. Управлять такого рода большой системой является не очень легкой задачей. Самым оптимальным решением – подходящим и доступным программным обеспечением такого рода проблем, как в Кыргызстане, так и в странах СНГ является продукт 1С.

Перед автоматизацией складского учета, нужно определить степень важности автоматизированной системы и функции, которые она должна выполнять. Несмотря на возможности программы и опыт его использования автоматизация склада средствами 1С – это сложный и длительный процесс, требующий тщательной подготовки персонала склада и руководителей организации [3].

Перечислим некоторые из этих проблем [1]:

- организационные;
- технологические;
- информационные;
- технические.

Учитывая все эти трудности автоматизации, все же существует ряд причин автоматизировать складкой учет организации:

- Человеческий фактор
- Документооборот

- Оптимизация пространства
- Единая система учета
- Контроль

Программное обеспечение 1С.

Фирма «1С» – российская компания, специализирующаяся на дистрибуции, поддержке и разработке компьютерных программ и баз данных делового и домашнего назначения. Организационно-правовая форма: общество с ограниченной ответственностью. Основатель и директор компании – Борис Нуралиев.

1С – это целый ряд программных продуктов, используемый в странах СНГ и панацея для больших и не очень организаций Кыргызстана. Используя программное обеспечение 1С для автоматизации склада и складского учета можно решить ряд проблем: товар в складе можно найти и распознать за считанные минуты; автоматизированное оформление документации; занесение новой продукции легко и просто. Самое главное преимущество – это информированность сотрудников организации о наличии и количестве товара и его местонахождении. Существует перенос товара и переезд самого склада, и эти операции будут моментально отражаться на программе 1С.

Модули программы 1С для складского учета Автоматизация складского учета оказывает положительное влияние на следующие системы предприятия:

Управление запасами. Пожалуй, самое трудное в работе склада: знать количество ассортимента и его объем, и тем более дату его поступления. За счет внедрение 1С эта часть организационной работы становится прозрачной как для работников склада, так и руководителям. 1С программа автоматически показывает списки товаров, которые в наличии и которые нужно закупать. Процесс перемещение товаров остается в истории программы и появляется возможность намного быстрее отслеживать процессы внутри склада и за ним.

Документооборот. Что касается документации, это не лучшая часть любой трудовой деятельности, которое требует некоторых навыков и требований. Документ – это доказательство работы склада, что немаловажно при отчетности организации. 1С программа сокращает время, уходящее на оформление документации, это также связано с тем, что введена система штрих-кодирования.

Персонал. Человеческий фактор, иначе говоря ошибки персонала и зависимость организации от определенных информированных, количеством и ассортиментом товаров на складе, работники склада. За счет внедрения автоматизированной программы вся эта информация отражается на мониторах как руководителей организации и склада, так и нового работника. Не нужно тратить время на обучение новых сотрудников и зависеть от некоторого количества работников склада. У новых работников уменьшается шанс ошибки при работе с товарами. Это в свою очередь упрощает работу руководства при работе с подчиненными и их полноценным внедрением в работу.

Отчетность. История документо–оборота это уже готовый отчет за любой промежуток времени. За короткое время можно сформировать любого рода отчет, используя наглядные средства. Отчеты хранимого товара, их перемещений, места нахождения, откуда и в какое русло они поступают, время и сроки годности товаров. Управление денежными средствами: заклады и задолженности сотрудничающих фирм.

Клиентская база. Кыргызстан – это страна малого бизнеса, что при работе склада увеличивает количество клиентов. Без автоматизации базы данных клиентов, работа с ней превращается в очень трудный процесс. Автоматизированная клиентская база во многом облегчает работу сотрудников с фирмами-сотрудниками. К каждому клиенту может быть особенный подход, 1С позволяет работать с этими приоритетами. Учет срока отгрузок заказанных товаров.

Все эти полезные действия выполняет автоматизация складского учета (учета торговых операций) (1С: Предприятие 8. Управление торговлей) предназначен для работы с информационной базой программы «1С: Управление торговлей 8» и проведения различных торговых

операций. Но существует проблема обучения персонала работы с этим программным продуктом. В Кыргызстане существует множество учебных центров по обучению работы с 1С, также в учебные программы некоторых специальностей вузов включены ряд дисциплин по обучению работы и программированию в 1С. Обучение на занятиях ведется на конкретных примерах (Demo-версии).

Не все работники специализированы в этой части, но поставщики продукта 1С берут это в учет, и в свою очередь занимаются обучением сотрудников и при эксплуатации программы, оказывают техническое и программное обеспечение работы программы.

Увеличение предложения программного продукта приводит к конкуренции, что является хорошим показателем для качественной работы поставщиков программы. А быстрая работа склада ведет к быстрой работе организации, и в свою очередь это делает саму организацию конкурентоспособной в данном секторе.

Практика внедрения и эксплуатации в Кыргызстане показывает, что срок окупаемости подобных вложений не превышает 1,5-2 года. Использование 1С не ограничивается складами и организациями, потребителями продукта могут быть и маленькие и большие магазины, учет зарплаты сотрудников, бухгалтерский учет, предприятия. Даже Ошский государственный университет сделал свой выбор в пользу 1С, Юрченко Денис-ведущий специалист 1С в городе Ош, является выпускником ОшГУ. На этом и основывается оптимальность использования продукта 1С.

Если перед организациями Кыргызстана все еще стоит вопрос, нужно ли автоматизировать склад средствами 1С – нужно подумать, достаточно ли он освоен специалистами региона и каков его уровень контроля над складом, позволяет ли он обеспечить эффективность и свести к минимуму человеческий фактор?

Достоинств 1С в автоматизации складского учета много и он позволит:

- Вести точный учет и контролировать остатки товаров;
- Своевременно и точно осуществлять отгрузки заказанного;
- Быть в уведомлении о сроке годности каждого товара на складе;
- Свести к минимуму ошибки человеческого фактора;
- Оптимизировать использование складских площадей;
- Сократить время поиска и идентификации товара;
- Ускорить проведение инвентаризации путем, штрих-кодирования;
- Достаточное количество компетентных в области сервиса программы 1С.

Автоматизировать с помощью «1С» склад можно без особых проблем. Для этого подойдет недорогое торговое оборудование, работающее по технологии штрихкодирования, и программное обеспечение.

В программах на платформе «1С:Предприятие» складской учет ведется для всех видов торговых операций. Поставщики программы могут предложить проверенные и эффективные решения для автоматизации склада на базе «1С»:

«1С:Управления торговлей» + DataMobile

«1С-Логистика. Управление складом 3»

«1С:Предприятие 8. WMS Логистика. Управление складом 4.0»

Литература:

1. Автоматизация складского учета: современный подход к управлению бизнесом [Электронный ресурс]//Бизнес-библиотека – Режим доступа: http://www.bizeducation.ru/library/log/wrhs/6/auto.htm/.
2. Как автоматизировать склад [Электронный ресурс] / Сайт о логистике - Режим доступа: http://logistic-forum.lv/sklad/avtomatizacija-sklada/.

3. Л.С. Федоров Общий курс логистики: учеб.пособие / Л.С. Федоров, М.В. Кравченко. – М. Кнорус. 2010. – С. 224.
4. Обзор программ складского учета [Электронный ресурс] – Режим доступа: http://sklad-prog.ru/obzor/o_ind.htm/.
5. Programmist1s.ru: https://programmist1s.ru/avtomatizatsiya-skladskogo-ucheta/

A. Kasymbekov, Mukudin u. D., students of Master's Degree, OshSU

Advantages 1C at automation of warehouse accounting

In this article, we consider the problems that arise when the warehouse of an organization. An analysis was made of the use of 1C for the main tasks. The problems arising at automation of a warehouse economy are revealed. Also, the existing automated warehouse management systems were considered, the experience of introducing these systems in warehouse activities in Kyrgyzstan was analyzed. The advantages of using 1C.

Key words: *warehouse, the warehouse system, information system, automation of a warehouse, automated warehouse management system.*

УДК: 004.491

А.Ф. Мизамов, Н.А. Жолдошов, магистранттар, ОшМУ

«1С предприятие» платформасында иштөөнүн негиздери

Макалада «1С предприятие» платформасы менен иштөө, маалымат системасынын негизги элементтери, аларды настройкалоо, кээ бир конфигурацияларды түзүү аракеттери каралган.

Ачкыч сөздөр: *платформа, кампа, конфигурация, бухгалтердик эсеп, оперативдүү эсеп, расчет, клиент, субсчет, дебит, кредит, сырье, валюта.*

В данной статье рассмотрено основы работы в платформе «1С предприятие», его основыне элементы, настройка и создание некоторых конфигураций.

Ключевые слова: *платформа, склад, конфигурация, бухгалтерский учет, оперативный учет, расчёт, клиент, субсчет, дебит, кредит, сырье, валюта.*

Азыркы убакта ишкана-мекемелерде, магазин-базарларда, деги эле кандай гана экономикалык эсептөөлөр болбосун аларды компьютердин жардамында ишке ашыруу замандын эң негизги талаптары болуп эсептелинет. Мындай талаптардын басымдуу бөлүгүн чечүү үчүн бизге «1С предприятие» платформасы жардамга келет. Башкача айтканда бул платформаны колдонуу аркылуу көптөгөн экономикалык эсеп-кысаптарды автоматташтырууга, ишкана-мекеменин маалымат системасын иштеп чыгууга болот.

«1С предприятие» платформасы–нын документтери – мекемедеги маалыматтардын жүрүшүн чагылдырган, кадимки кагаз документтеринин электрондук аналогу болуп эсептелинет. Анда ар түрдүү маалыматтарды анализдөөнү, тартиптештирүүнү жана эсептөөлөрдү эффективдүү ишке ашырууга мүмкүндүк берет [1].

Жогорку окуу жайларында, мекемелерде, фирмаларда, банктарда «1С предприятие» платформасын пайдаланып, бухгалтердик документтерди түзүүгө, берилгендердин ар түрдүү отчеттук документтерин алууга, татаал операцияларды иштеп чыгууга болот ж.о.э. түрдүү отчеттордун диаграммаларын түзүүгөда мүмкүнчүлүк бар [1].

Компьютердик учетту уюштурууда «1С предприятие» платформасы төмөндөгүдөй мүмкүнчүлүктөрдү берет:

- ♦ Бир канча терезелердин байланышы.
- ♦ Бир канча терезелердин байланышында бир терезеден экинчи

терезени ачып, б.а. бир канча терезелер менен удаалаш иштөөгө болот. Ошондой эле терезелердин өлчөмүн өзгөртүүгө, жылдырууга, учурдагы терезени белгилеп алууга болот;

♦ Графикалык байланышы.

♦ «1С предприятие» платформасында пиктограммалар жана экрандык кнопкалар менен иштөөгө болот;

♦ Берилгендер боюнча маалыматтарды киргизүү.

♦ Мында компьютергекийриген берилгендер жөнүндө маалыматтарды алабыз. Мисалы, ишкананын аткарган иши, жүргүзүлгөн ар бир жумуштун кварталдык,s жылдык баланстарын көрүүгө болот;

♦ Маалыматтардын өз ара байланышы жана айландырылышы. Эгерде ишкана кандайдыр бир Windows программасын колдонуп фирмадагы жумушчулардын айлык акыларын, складдагы материалдардын калдыктарын киргизсе, анда булардын отчетун алуу үчүн «1С: Бухгалтерия» программасы менен байланышат [5, 4].

«1С предприятие» системасы мекеме-ишканалардын ишкердүүлүгүн автоматташтыруу чөйрөсүндөгү кеңири маселелерди чечүүгө багытталган башкаруу системасы болуп саналат. «1С предприятие» платформасын: Технологиялык платформа жана Конфигурация деп бөлүүгө болот [1].

Технологиялык платформа – конкреттүү законго же методго көз карандысыз, экономикалык ишкердүүлүктү автоматташтырууга багытталган, ар түрдүү механизмдердин топтому болуп саналат.

Конфигурация – экономикалык ишмердүүлүктүн белгилүү бөлүгүн автоматташтырууга багытталган, кабыл алган закондорго баш ийген чечим.

«1С предприятие» платформасынын компоненттик түзүлүшү,системаны автоматташтыруу маселелерин чечүүгө арналган базалык мүмкүнчүлүктөргө ээ. Технологиялык платформанын эң биринчи механизмдерин колдоочу, справочниктер жана документтер саналат. Калган мүмкүнчүлүктөр компоненттер системасы аркылуу ишке ашырылат. Мисалы, бухгалтердик эсептердин тизмесин алып баруу, компоненттин бөлүгү, ошол системанын функционалдык мүмкүнчүлүгүн түзөт.

Бардыгы болуп үч негизги компонент бар:



Ар бир компонент маалыматтарды иштеп чыгуу механизмдерин өз мүмкүнчүлүгүнө жараша кеңейтет. Механизмдерди бир жактуу конкреттүү тапшырмалар менен салыштырууга болбойт, бирок алардын багыттары так.

Бухгалтердикэсеп компоненти – мекемедеги чарбалык иштердин жүрүшүн чагылдырган бухгалтердик эсептөөлөргө багытталган. Бул төмөндөгүлөрдү камтыйт:



Бухгалтердик эсеп бир мезгилде, бир канча деңгээлдеги эсептөөлөрдү алып баруу мүмкүнчүлүгүнө ээ, ошондой эле өзүнүн эсептөөлөрүн белгилүү закондун негизинде жүргүзө алат.

Оперативдик эсептин компоненти – каражаттардын жылышын, иштелишин эсепке алуучу оперативдүү эсептин учеттун, материалдык, товардык, ж.б. каражаттарынын жылышын жана абалын билип турууга мүмкүнчүлүк берет. Каражаттардын жылышын, калдыктарды эсепке алуу механизмин, клиенттер менен эсептешүүнү өз убагында жүргүзүүнү, складдагы товарлардын эсебин алууну жана башка иштерди автоматтык түрдө жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берет. Эң негизги максаты – складдагы жана соодадагы материалдардын жана товарлардын эсебин алуу болуп саналат.

«Расчет» компоненти – мезгил-мезгили менен өтүүчү татаал автоматизацияга багытталган. Бул компонент ар түрдүү татаал эсептерди эсептөөгө, айрым жыйынтыктарды, өткөн мезгилдеги архивдик эсептөөлөрдү кайрадан карап чыгууга мүмкүнчүлүк берет. Эң негизгиси айлык акынын эсебин тактоо, баалуу кагаздар, дивиденттер менен иштегенде колдонулат.

Конфигурациялоонун жөндөмдүүлүгү – «1С предприятие» платформасынын өзгөчөлүгү конфигурациялоо жөндөмдүүлүгүндө. «1С предприятие» системасы – ар түрдүү типтеги объекттерди манипуляциялоочу механизмдердин топтому. Объекттерди, маалыматтарды берүүчү массивдерди, алгоритмдерди, маалыматтарды, кайра иштетүүлөрдү конкреттүү конфигурация аныктайт. «1С предприятие» платформасы даяр турган программалык продукт катарында, белгилүү типтеги мекемелерге таандык. Конфигурация негизинен «1С предприятие» платформасынын фирмасы түзгөн типтүү система катарында колдонулат жана өзгөрүшү, толукталышы, кайрадан түзүлүшү мүмкүн.

Маалыматтар базасы деген түшүнүгү: Конфигурация системасы штаттуу каражаттар аркылуу түзүлөт. Аны атайын файлда сактоо керек. Буга тиешелүү болгон бардык маалыматтар «MD» файл жана базанын файлы болуп, бир папкада сакталып, маалыматтардын базасын түзөт.

«1С предприятие» платформасынын иштеши эки режимге бөлүнөт:

- конфигурация режими;
- аны аткаруу же системаны пайдалануучунун режими.

Системаны ишке киргизгенде «Запуск 1С: Предприятия» диалогдук терезеси пайда болот. Бул терезенин «В режиме:» жолчосундагы төмөн караган кнопкасы басканда, маалыматтардын тизмеси чыгат: «1С предприятие», «Конфигуратор», «Отладчик», «Монитор».

«1С предприятие» системасы кадимки бухгалтердик эсепке дал келет, эсептердин топтомун жана планын түзөт. Мекемеде бир эле мезгилде бир канча план болушу мүмкүн, эсептин өзүнүн аты, коду

болот, ал эми анын түзүлүшү жана узактыгы конфигурацияда көрсөтүлөт. Конфигуратордун режиминде берилген эсеп, колдонуучунун режиминде редакциялоого мүмкүн эмес.

Субсчет. Бул эсептөөнүн өзүнүн субсчету болушу мүмкүн. Мисалы, 1600 «ТМЗ» эсебинин 1610 «Товарлар» жана 1640 «Даяр продукция» деген субсчеттору.

«1С предприятие» платформасын–да эсептөөнүн татаал субсчетторун киргизүүгө болот. Конфигурацияда эсептөөнүн коду төрт деңгээлдүү түзүлүштө болот: «хх.х.х.х.».

Эсептөөнүн тиби: активдүү, пассивдүү, активдүү – пассивдүү болот.

- Активдүү эсептөө үчүн – дебеттин сальдосун көбөйтүшөт.
- Пассивдүү эсептөөдө – кредиттин сальдосун азайтышат.
- Активдүү – пассивдүү – эсептөө үчүн сальдо жайылган же бекитилген болушу мүмкүн, жайылган сальдо – дебеттик жана кредиттик эсептөөлөрдүн калдыктарын бир мезгилде көрсөтөт.

